1 (12) / 2022

ISSN 1694 - 8572

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН ЖАРЧЫСЫ

ВЕСТНИК КОНСТИТУЦИОННОГО СУДА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН **ЖАРЧЫСЫ**

ISSN 1694-8572
№ 1 (12) / 2022

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысы № 1 (12) / 2022 (мамлекеттик жана расмий тилдерде). Б.: «V.R.S. Company», 2023. – 588 б.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысынын тематикасы: 2022-жылдагы чечимдер жана Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун маанилүү иш-чаралары боюнча маалыматтар.

Негиздөөчү: Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Редакциялык кеңеш:

Төрайымы: **Бобукеева Меергул Рыскулбековна** – Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьясы;

Мүчөлөрү: **Айдарбекова Чинара Аскарбековна** – Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьясы;

Шаршеналиев Жамил Асанбекович – Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьясы;

Джаманкулов Марат Тургунбаевич – Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун аппарат жетекчиси;

Джураев Эмилбек Таирович – көз карандысыз саясат таануучу;

Маралбаева Алия Шамсудиновна – Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын доценти, ю.и.к.;

Масалбеков Каныбек Толубаевич – Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун эл аралык байланыштар жана мыйзамдардын салыштырма талдоосу бөлүмүнүн башчысы;

Мырзалимов Руслан Муратбекович – Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультетинин конституциялык жана административдик укук кафедрасынын профессору, ю.и.д.;

Нурбекова Назгуль Садырбаевна – Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун эксперттик-аналитикалык башкармалыгынын аналитика бөлүмүнүн башчысы.

Редакциянын дареги: Кыргыз Республикасы
Бишкек шаары, Эркиндик бульвары, 39
почталык индекси 720040
тел.: + 996 312 62-15-17, + 996 312 66-21-52
факс: + 996 312 62-20-40
e-mail: mail@constsot.kg
расмий сайт: www.constsot.kg

ISSN 1694-8572

© Конституционный суд Кыргызской Республики

ISSN 1694-8572
9 771694 857003

МАЗМУНУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН ЧЕЧИМДЕРИ

2022-жылдын 20-апрелиндеги № 01Р Жалынбек Калкожоевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 2021-жылдын 13-августундагы чечими менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинде судьялардын жоопкерчилиги тууралуу маселелерди кароо тартиби жөнүндө Убактылуу Жобонун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча. **8**

2022-жылдын 27-апрелиндеги № 02Р Ахмат Киргизбаевич Алагушевдин жана Нурбек Кудайбердиевич Сыдыковдун кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча. **20**

2022-жылдын 8-июнундагы № 03Р Акмат Киргизбаевич Алагушевдин, Нурбек Кудайбердиевич Сыдыковдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 167-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү тууралуу иш жөнүндө. **33**

2022-жылдын 15-июнундагы № 04-Р Улан Омуркул уулунун, Марат Жумабаевич Турганбаевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 121-беренесинин 13-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча. **50**

2022-жылдын 29-июнундагы № 05Р Жалал-Абад шаардык сотунун судьялары Алтынбек Калмамат уулу жана Аида Айдаралиевна Апысованын суроо-талабына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 87-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча. **68**

2022-жылдын 21-сентябрындагы № 06Р Алымжан Султанович Турдубаевдин жана анын кызыкчылыгындагы Нурбек Тойболотович Эгетаевдин, Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 397-беренесинин 4-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча. **80**

2022-жылдын 26-октябрындагы № 07Р Айсулу Жолдошбековна Айтбаеванын, Улан Омуркул уулунун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 566-беренесинин биринчи абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча. **96**

2022-жылдын 30-ноябрындагы № 08Р «Жер участокторун берүү жана алып коюу менен байланышкан мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу тууралуу иштерди кароодо келип чыгуучу кээ бир маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 31-майындагы № 13 токтомунун 14-пунктунун «Жер участогуна укукту берүү боюнча комиссиянын чечими сотто талашуунун предмети болушу мүмкүн эмес» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча. **111**

2022-жылдын 21-декабрындагы № 09Р Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы №407 токтому менен бекитилген Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга карата менчик укуктарын мамлекеттик каттоо, кайра каттоо эрежелеринин 54^1-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча. **130**

2022-жылдын 28-декабрындагы №10Р Жалал-Абад облусунун Сузак райондук сотунун судьясы Жыпар Жумадиловна Сабырованын Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 178-беренесинин конституциялуулугун текшерүү жөнүндө суроо-талабы боюнча. **143**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН ТОКТОМДОРУ

2022-жылдын 8-февралындагы № 01-П Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 17-декабрындагы № 26 аныктамасына Омар Раимбердиевич Чонмуруновдун даттануусун кароо жөнүндө. **156**

2022-жылдын 18-февралы № 02-П Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентин бекитүү жөнүндө. **161**

2022-жылдын 9-мартындагы № 03-П Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 17-декабрындагы аныктамасына «Кыргыз Республикасынын транспорт каражаттарынын айдоочуларынын союзу» коомдук бирикмесинин даттануусун кароо жөнүндө. **162**

2022-жылдын 31-мартындагы № 04-П Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 7-февралындагы аныктамасына Анатолий Владимирович Заяцкийдин даттануусун кароо жөнүндө. **174**

2022-жылдын 6-апрелиндеги № 05-П Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун аппараты жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун аппаратынын түзүмүн жана штаттык санын бекитүү тууралуу. **179**

2022-жылдын 6-апрелиндеги № 06-П Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 28-декабрындагы аныктамасына Ксения Анатольевна Рапотинанын кызыкчылыгын көздөгөн Геннадий Григорьевич Краюшкиндин даттануусун кароо жөнүндө. **180**

2022-жылдын 6-апрелиндеги № 07-П Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 14-декабрындагы аныктамасына Ырысбек Ырысалиевич Атамбиевдин даттануусун кароо жөнүндө. **186**

2022-жылдын 21-апрелиндеги № 08-П Кыргыз Республиккасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 21-январындагы аныктамасына Асылбек Сагынбекович Максутовдун даттануусун кароо жөнүндө. **191**

2022-жылдын 21-апрелиндеги № 09-П Валерян Ахметович Вахитовдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 17-декабрындагы аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө. **197**

2022-жылдын 20-майындагы № 10-П Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 27-январындагы аныктамасына Тимур Иманкулович Иманкуловдун даттануусун кароо жөнүндө. **205**

2022-жылдын 20-сентябрындагы № 11-П Кыргыз Республикасынын Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 11-майындагы аныктамасына Бактыгул Макушовна Эсеналиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Бектен Мидинович Сабырбековдун даттануусун кароо жөнүндө. **216**

2022-жылдын 27-октябрындагы № 12-П Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 23-сентябрындагы аныктамасына Нурбек Аблазович Амдамовдун, Айбек Едмонович Сейтасимовдун, Үмүтбек Ахмадович Мусаевдин, Жолдошбек Азыкбаевич Асанбаевдин кызыкчылыгындагы Орозобек Капарбекович Мадиновдун даттануусун кароо жөнүндө. **223**

2022-жылдын 3-ноябрындагы № 13-П «Укук коргоо кыймылы: «Бир Дүйнө-Кыргызстан»» коомдук бирикмесинин директору Төлөкан Асаналиевна Исмаилованын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун соттук коллегиясынын 2022-жылдын 7-июлундагы аныктамасына даттануусу боюнча. **229**

2022-жылдын 3-ноябрындагы № 14-П Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 18-февралындагы № 02-П токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентине өзгөртүү киргизүү жөнүндө. **234**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН КАТЫШУУСУ МЕНЕН 2022-ЖЫЛДАГЫ МААНИЛҮҮ ИШ-ЧАРАЛАР

1. Кыргыз Республикасынын судьяларынын XII курултайы **235**

2. «Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мамлекеттик бийлик органдарынын тутумундагы орду жана мааниси жана анын конституциялык мыйзамдуулукту камсыз кылуудагы ролу» темасындагы улуттук конференция **237**

Н.В. Никитенконун баяндамасы **239**

Ч.А. Айдарбекованын баяндамасы **244**

Э.Ж. Осконбаевдин баяндамасы **248**

3. Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров 2022-жылдын 5-майында Конституциялык сотко келди **253**

4. «Конституциялык сот адилеттиги аркылуу конституциялык укукту өнүктүрүү: Конституциялык соттун чечимдери жана алардын конституциялык маданиятка тийгизген таасири» темасындагы конференция **258**

М.Р. Бобукееванын баяндамасы **261**

А.Ш. Маралбаеванын баяндамасы **267**

А.А. Курманалиеванын баяндамасы **271**

5. Тегерек стол: «Конституциялык сот адилеттигинин контекстинде сот бийлиги менен мыйзам чыгаруу бийлигинин өз ара мамилелери» **274**

М.К. Алиевдин баяндамасы **277**

М.Т. Джаманкуловдун баяндамасы **279**

Гутниченко Лариса Викторовна – «Некоторые вопросы судейского усмотрения (толкования) при применении норм права» **284**

2022-жылдын
20-апрели
Бишкек шаары

№ 01-Р

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Жалынбек Калкожоевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 2021-жылдын 13-августундагы чечими менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинде судьялардын жоопкерчилиги тууралуу маселелерди кароо тартиби жөнүндө Убактылуу Жобонун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

Ч Е Ч И М И

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаевдин, судьялар М.Р. Бобукееванын, К.А. Дуйшеевдин, Л.П. Жумабаевдин, М.Ш. Касымалиевдин, К.Дж. Кыдырбаевдин, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы Н.А. Кененсариеванын,

жоопкер-тарап – Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин ишеним кат боюнча өкүлү Болотбек Абдырахманович Абдуллаевдин катышуусу менен,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 2021-жылдын 13-августундагы чечими менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинде Судьялардын жоопкерчилиги тууралуу маселелерди кароо тартиби жөнүндө Убактылуу Жобонун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык соттук отурумда карап чыкты.

Кайрылуучу тарап – Жалынбек Калкожоев сот отурумунун убактысы жана өтүүчү жери тууралуу тийиштүү маалымат жеткирилгенине карабастан сот отурумуна келген жок. мында сотко келбей калуу себебин жөнү бардыгын күбөлөндүрүүчү документтер келтирилген эмес. Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Регламентинин 70-пунктунун 3-пунктчасына ылайык сот бул ишти Ж. Калкожоевдин катышуусуз кароону мүмкүн деп эсептеди.

Жалынбек Калкожоевдин өтүнүчү бул ишти кароого себеп болду.

Ишти кароого негиз болуп Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 2021-жылдын 13-августундагы чечими менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинде Судьялардын жоопкерчилиги тууралуу маселелерди кароо тартиби жөнүндө

2022-жылдын
20-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 01-Р

Убактылуу Жобонун Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү маселесинде пайда болгон аныксыздык саналат.

Ишти соттук отурумга даярдоону жүргүзгөн судья-баяндамачы Э.Ж. Осконбаевдин маалыматын угуп, келтирилген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2021-жылдын 23-августунда Жалынбек Калкожоевдин Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 2021-жылдын 13-августундагы чечими менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинде Судьялардын жоопкерчилиги тууралуу маселелерди кароо тартиби жөнүндө Убактылуу Жобонун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 95-беренесинин 4-бөлүгүнө, 96-беренесинин 1 жана 4-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арыз ээси Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинде Судьялардын жоопкерчилиги тууралуу маселелерди кароо тартиби жөнүндө Убактылуу Жобо (андан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 15-январындагы Чечиминде көрсөтүлгөн белгилердин күчүнөн улам ченемдик укуктук акт болуп саналат. Алсак, көрсөтүлгөн Чечимде ченемдик укуктук актыны мүнөздөөчү маанилүү белгилер: анын бекитилген тартип боюнча мамлекеттик бийликтин ыйгарымдуу органы тарабынан басып чыгарылуусу, андагы кандайдыр бир жактардын тобуна милдеттүү болгондугу, көп жолку колдонууга эсептелген, коомдук мамилелерди жөнгө салууга же колдонулуп жаткан укуктук мамилелерди өзгөртүүгө же токтотууга багытталган укуктук ченемдердин (жүрүм-турум эрежелеринин) бар болушу саналат деп белгиленген.

Ж. Калкожоевдин пикири боюнча Жобонун кабыл алынуусу Конституцияда каралган жарандардын соттук коргонуу укугун, анын укуктар менен эркиндиктерин сот адилеттигин адилеттүү жүзөгө ашыруу бөлүгүндө бузат, анткени аны менен судьяларды негизсиз (мыйзамсыз) юридикалык жоопкерчиликке тартуу караштырылат. Арыз ээси Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Конституция, мыйзамдар, Кыргыз Республикасы катышуучу болгон эл аралык келишимдер, жалпыга таанылган эл аралык укуктун принциптери жана ченемдери менен караштырылган ар бир адамдын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоо кепилденет деп

2022-жылдын
20-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 01-Р

белгилейт. Ж. Калкожоев Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2020-жылдын 21-октябрындагы Чечиминде баяндалган укуктук көз карашка шилтеме жасайт, ага ылайык укуктук табияты боюнча соттук коргоого укук пайдубал мүнөзгө ээ, ал Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденген адамдын жана жарандын бардык башка укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылууга, ал эми зарыл болгон учурда калыбына келтирүүгө жол берет. Ушуну менен Баш Мыйзамдын сот адилеттиги маселелерине туруктуу жана эң эле тыкан мамилеси түшүндүрүлөт. Анын үстүнө, судьялардын көз карандысыздык кепилдиктери Конституцияда жана Кыргыз Республикасы катышуучу болгон эл аралык келишимдерде каралгандай эч бир кандай жагдайларда жокко чыгарылышы же азайтылышы мүмкүн эмес.

Ж. Калкожоев Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын ушул көз карашынан келип чыгып, талашылып жаткан Жобо ар кимдин соттук коргонуу укугу тике байланыштуу, анткени сот адилеттигин жүзөгө ашыруу маселелери Конституцияда аныкталган судьялардын көз карандысыздыгынын кепилдиктери менен тутумдаш байланышта турат деп эсептейт.

Кайрылуу субъектиси Жобо судьялардын көз карандысыздык кепилдиктерин, демек анын статусун караган Конституциянын 95-беренесинин 4-бөлүгүнө да карама-каршы келет, ал эми судьянын конституциялык-укуктук статусу мыйзам чыгаруучуну судьянын статусун алууга, аны жүзөгө ашырууга жана токтотууга өзгөчө укуктук режимди орнотууну милдеттендирет деп эсептейт.

Андан ары, арыз ээси Конституциянын 96-беренесинин 1 жана 4-бөлүктөрү менен Кыргыз Республикасынын бардык сотторунун судьялары жүрүм-туруму кынтыксыз болуп турганда кызмат орундарын ээлеп турат жана өз ыйгарым укуктарын сактап калат деп белгилейт.

Судьянын кынтыксыздык жүрүм-турумунун талаптарын бузулуусу конституциялык мыйзам менен аныкталган тартипте судьяны жоопкерчиликке тартуу үчүн негиз болот. Судьяларды кызматынан убактылуу четтетүүгө, жазык жана башка жоопкерчиликке тартууга Судьялар кеңешинин макулдугу менен конституциялык мыйзамда аныкталган тартипте жол берилет. Конституциянын 86-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык конституциялык мыйзамдар Жогорку Кеңеш тарабынан үчтөн кем эмес окууда Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экиден кем эмес көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат.

2022-жылдын
20-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 01-Р

Ж. Калкожоев судьялардын укуктук статусун жөнгө салуучу колдонуудагы конституциялык Мыйзам болуп «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзам саналат, ага ылайык судьяларды жоопкерчиликке тартуучу орган болуп Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы саналат, анын курамы «Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө» Мыйзам менен белгиленген тартипте түзүлөт. Андан да, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 8-бөлүгү менен судьяларды жоопкерчиликке тартуу тартиби «Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө» Мыйзам менен аныкталат деп каралган.

Арыз ээси Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши судьяларды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселелердин каралышын жүзөгө ашыруучу орган болушун белгилеген Конституциянын 103-беренесинин 2-бөлүгүнө шилтеме жасайт, Судьялар кеңешинин курамы Кыргыз Республикасынын иштеп турган судьяларынан түзүлөт. Ошон үчүн, кайрылуу субъектиси болжогондой, «Кыргыз Республикасынын Судьяларынын кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө» Мыйзам Конституцияга карама-каршы келет, демек судьяларды жоопкерчиликке тартуу бөлүгүндө колдонулушу мүмкүн эмес. Арыз ээси, 2021-жылдын 5-майындагы Конституциянын күчүнө кирүүсүнө байланыштуу Кыргыз Республикасынын Судьялар кенешине караштуу Тартип комиссиясынын ишмердиги токтотулду, мында судьяларды жоопкерчиликке тартуу тартиби Конституциянын 96-беренесинин 1 жана 4-бөлүктөрүндө көрсөтүлгөндөй конституциялык мыйзам менен эмес, жөнөкөй мыйзам менен жөнгө салынууда.

Ж. Калкожоевдин пикири боюнча судьялардын көз карандысыздыгынын маселелерин конституциялык-укуктук жөнгө салынуусу өзгөрүлгөндө колдонуудагы мыйзамдарды Конституциянын ченемдерине ылайык келтирилгенге чейин Конституциянын үстөмдүк принцибин сакташ керек, ага ылайык ал жогорку юридикалык күчкө ээ жана Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулат. Конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституциянын негизинде кабыл алынат (6-бererенин 1 жана 2-бөлүктөрү).

Кайрылуу субъектиси Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине судьяларды жоопкерчиликке тартуу маселелерин өз алдынча

2022-жылдын
20-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 01-Р

кароо боюнча Конституция менен берилген ыйгарым укуктар судьяларды өзү билгендей жоопкерчиликке тартуу тартибин аныктоо укугун бербейт, анткени бул судьялардын көз карандысыздыгынын деңгээлинин төмөндөшүнө алып келет деген тыянакка келүүдө.

Ж. Калкожоев баяндалганды эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинде судьялардын жоопкерчилиги жөнүндө маселелерди кароо тартиби жөнүндө Убактылуу Жобону Конституцияга карама-каршы келет деп табууну суранган.

Судьялар коллегиясы 2021-жылдын 26-ноябрындагы аныктамасы менен бул өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алган.

Сот отурумунда жоопкер-тараптын өкүлү Б.А. Абдуллаев бул иш боюнча өндүрүштү токтотууну же арыз ээсинин өтүнүчүнүн кийинкидей негиздер боюнча канааттандыруусуз калтырууну суранган.

Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссия өзүнүн жумушун 2021-жылдын май айында токтоткон, ага байланыштуу милдеттүү кароого тийиштүү 400дөн ашуун кайрылуу Судьялар кеңешине өткөрүлүп берилген деп ал түшүндүрмө берген. Ошон үчүн бардык келип түшкөн кайрылууларды өз убагында жана тийиштүү кароосун камсыз кылуу максатында даттанууларды жана сунуштамаларды кароо боюнча Судьялар кеңешинин жумушун уюштуруу тартибин (процедуралык бөлүгүн) гана аныктаган Жобо кабыл алынган. Ошентип, көрсөтүлгөн Жобо карама-каршы келбестен, кайра Конституциянын ченемдеринин көрсөтмөлөрүнүн реалдуу аткарылышын камсыз кылат.

Жобону кабыл алуу судьялардын көз карандысыздыгына кол салуу эмес, себеби судьялардын көз карандысыздыгы алардын контролсуздугун жана жоопкерчиликсиздигин болжобойт. Судьяларды жоопкерчиликке тартуу мүмкүндүгү судьянын көз карандысыздыгы жана анын коом алдындагы милдеттери (жоопкерчилиги) ортосунда тең салмактуулугун камсыз кылат. Мында судьяларды тартип жоопкерчилигине тартуу жөнүндө маселени кароо механизминин маанилүү түзүүчүсү болуп кызыкдар жактын судьянын үстүнө даттануу менен компетенттүү органга кайрылуу мүмкүндүгү саналат.

Кыргыз Республикасынын Конституциянын 103-беренесине ылайык Судьялар кеңеши соттук өз алдынча башкаруунун судьялардын съезддери ортосунда иштеген жана судьялардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону, судьяларды тартип жоопкерчилигине тартуу жөнүндө маселени кароону жүзөгө ашыруучу шайланма органы болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2021-жылдын 5-майында күчүнө кирди. Ушундан

2022-жылдын
20-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 01-Р

улам, сот тартибинде судьяларды тартип, жазык жана башка жоопкерчиликке тартууга байланыштуу ыйгарым укуктар мурда судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын компетенциясына таандык болгон, ал эми 2021-жылдын 5-майынан тартып судьяларды тартип жоопкерчилигине тартуу жөнүндө маселени кароого милдеттүү Судьялар кеңешине өткөрүлүп берилген.

«Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын аймагында Конституция кабыл алынганга чейин колдонулган мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келбеген бөлүгүндө колдонулат. Судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу тартибин караган конституциялык мыйзам жок болгондо Судьялар кеңеши жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамдын 2-беренесинин негизинде судьяларга карата тартиптик материалдарды кароого киришкен, ал эми иш тартибин талашылып жаткан Жободо белгилеген.

А.Б. Абдуллаев Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келген ченемдерди камтыбайт деп эсептейт.

Андан тышкары, ал «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун негизинде бул иш боюнча өндүрүштү токтотууну суранат, анткени конституциялуулугу талашылып жаткан Убактылуу Жобо Судьялар кеңешинин 2021-жылдын 22-ноябрындагы Чечимине ылайык күчүн жоготкон. Ал эми кайрылууну маңызы боюнча кароо боло турган учурда Ж. Калкожоевдин өтүнүчү канааттандырусуз калтырылсын.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, иштин материалдарын изилдеп чыгып, кийинкидей тыянактарга келди.

1. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун бул иш боюнча кароо предмети болуп Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 2021-жылдын 13-августундагы чечими менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинде Судьялардын жоопкерчилиги тууралуу маселелерди кароо тартиби жөнүндө Убактылуу Жобосу саналат. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 2021-жылдын 22-ноябрындагы Чечимине ылайык «Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 15-ноябрындагы №139 Мыйзамы күчүнө киргендигине байланыштуу көрсөтүлгөн Жобо өзүнүн колдонулушун токтоткон.

2022-жылдын
20-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 01-Р

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 15-январындагы Чечими менен аныкталгандай бул Жобо ченемдик укуктук актынын бардык белгилерине ээ болгон.

Судьялардын көз карандысыздыгын маселелери, бир жагынан, алардын коом алдындагы жоопкерчилиги, экинчи жагынан, ар кимдин натыйжалуу жана калыс сот адилеттигине реалдуу жетишүүсүн камсыз кылуу боюнча мамлекеттин коом алдындагы өзүнүн милдеттенмелерин аткаруунун маанилүү түзүүчүсү болуп саналат. Ушуга байланыштуу, Конституциялык сот бул иш «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктунун натыйжасында токтотулушу мүмкүн эмес.

2. Сот адилеттигин Кыргыз Республикасында сот гана ишке ашырат. Судьялар көз карандысыз, Конституцияга жана мыйзамдарга гана баш ийет. Судья кол тийгис укугуна ээ жана кылмыш жасаган жеринен тутулган учурларды кошпогондо, кармалууга же камакка алынууга, тинтилүүгө же жеке текшерилүүгө жол берилбейт. Эч кимдин конкреттүү иш боюнча судьядан отчёт талап кылууга укугу жок. Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу ишине ар кандай кийлигишүүлөргө тыюу салынат. Судьяга таасир көрсөтүүгө күнөөлүү адамдар мыйзамда каралгандай жоопкерчилик тартышат. Судья өзүнүн статусуна ылайык көз карандысыздыгынын социалдык, материалдык жана башка кепилдиктери менен камсыз кылынат (Конституциянын 94 жана 95-беренелери). Алар көз карандысыз жана алмашылгыс.

Жогоруда айтылгандар сот адилеттигинин жана аны жүзөгө ашырууга чакырылган адамдардын мамлекет жана коом үчүн ушунчалык чоң маниге ээ экендиги априори эч кандай шек жаратууга болбой турган негиз салуучу принциптер Баш Мыйзамда көтөрүңкү жана буйруктуу көрсөтмөлөр менен баяндалганында ачык түрдө көрсөтүлүп турат.

Сот адилеттигинин жогорку социалдык функциясы чындыкты орнотууда жана адилеттүүлүктү калыбына келтирүүдө, мыйзамдуу жана мыйзамга каршы түшүнүктөрүн аныктоодо, ар бирин жасаган ишине жараша тиешелүү жазалоодо, күнөөлүүлөрдү башкаларга да, өзүнө да, бүтүндөй коом үчүн да сабак болгудай кылып өз убагында жазалоодо, башка ыкма менен чечилбеген кагылыштарды жана талаштарды чечүүдө турат. Аны менен, сот адилеттиги тикелей таасир этип, көп учурда адамдын тагдырын гана эмес, коомдун нрава-

2022-жылдын
20-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 01-Р

лык-рухий акыбалын, андан аркы өнүгүү санбагытын, атүгүл келечек муундун тагдырын өзгөртөөрү даана көрүнүп турат.

3. Арналышы, ички жана тышкы мазмундун, ошондой эле сот адилеттигинин кесепеттеринин тагдырга таасирин тийгизүүчү маанисинен улам, аны жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктарга ээ болгон адамдар кандай гана бийлик болбосун, андан ашкере бийликке ээ болгон тагдырды чечүүлөргө теңештирилет.

Ушулардын баарына кошумча болуп, аларга бир дагы кызмат адамы ээ болбогон конституциялык-укуктук кепилдиктердин баарын кучагына алган спектр берилет, бул аларга сот адилеттигин жүзөгө ашырууда толук көз карандысыздыкты жана күнүмдүк турмуш-тиричилигинде ар тараптуу корголушун камсыз кылуусу керек.

Ошон үчүн сот адилеттигин жүзөгө ашыруу сыяктуу өзүнүн табияты боюнча чексиз укуктуулукту токтотуп туруучу чаралар тутуму орнотулбаса, ал жалпы адамзаттык жана мамлекеттик негиздерден кайтпас четтөөлөргө, жол берүүчүлүккө, ар кандай кыянаттыктарга алып келмек, акырында ал мамлекеттүүлүктүн негиздерин бузууларга алып келмек.

Баш Мыйзам ушуларды болжоп, судьялардан өзүнүн жумушуна жана жүрүм-турумуна кынтыксыз мамилени талап кылат. Алсак, Конституциянын 96-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө ылайык Кыргыз Республикасынын бардык сотторунун судьялары жүрүш-турушу кынтыксыз болуп турганда кызмат орундарын ээлеп турат жана өз ыйгарым укуктарын сактап калат. Судьянын кынтыксыздык талаптарды бузуусу конституциялык мыйзам менен аныкталган тартипте судьяны жоопкерчиликке тартуу үчүн негиз болот. Жергиликтүү соттун судьясы кынтыксыздык талаптарын бузган учурда, Судьялар кеңешинин сунушу боюнча конституциялык мыйзамга ылайык кызмат ордунан бошотулат.

Судьяны жоопкерчиликке тартуу мүмкүндүгү анын өкүмчүл ыйгарым укуктарын жана жеке кол тийбестигин тең салмактоо үчүн маңызы боюнча жалгыз каражат болуп саналат жана сот адилеттигин жүзөгө ашыруу сыяктуу өзгөчө маанилүү мамлекеттик функцияны ишке ашырууда өз билемдикке жол бербөө максатын көздөйт. Анын үстүнө, тең салмактуулук касиетинин бузулушуна жол берилбестиктин күчүнөн улам судьялардын жоопкерчилик тутуму үзгүлтүксүз мүнөзгө ээ болушу керек жана кандай гана себептер болбосун токтото турулушу мүмкүн эмес.

4. Судьяларды жоопкерчиликке тартуунун тартиби жана негиздери «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө»

2022-жылдын
20-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 01-Р

конституциялык Мыйзамдын 2008-жылдын 9-июлундагы редакциясы менен белгиленген. Алсак, көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 1-бөлүгүно ылайык судья тартиптик жосунда жасаганы үчүн тартиптик жоопкерчиликке тартылчу. Мында ушул берененин 8-бөлүгүнө ылайык судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу тартиби «Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө» Мыйзам менен белгиленген.

Жогоруда келтирилген ченемдерден улам, судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын ыйгарым укуктарына таандык болгон. Судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу тартиби «Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө» Мыйзам менен белгиленген болуучу. Көрсөтүлгөн Мыйзам судьяларды жоопкерчиликке тартуу тартибинин процессуалдык маселелерин регламенттеген.

Бирок, Конституциянын 103-беренесине ылайык (2021-жылдын 5-майындагы редакцияда) судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселелерди кароо съезддер аралыгында иштеген жана судьялардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоону жүзөгө ашырган, тек гана судьялардан турган судьялык өз алдынча башкаруунун шайланма органы – Судьялар кеңешинин карамагына өткөрүлүп берилген.

«Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Мыйзамдын 2-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык колдонуудагы Конституция күчүнө киргенге чейин Кыргыз Республикасынын аймагында иштеген ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келбеген бөлүгүндө колдонулат. Демек, 2021-жылдын 5-майында Конституция күчүнө киргендигине байланыштуу Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясынын иши токтотулган, ал эми «Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине караштуу Тартип комиссиясы жөнүндө» Мыйзам кабыл алынган Конституцияга карама-каршы келгендигинен улам судьяларды жоопкерчиликке тартуу бөлүгүндө колдонулушу мүмкүн эмес.

Баш Мыйзамдын 6-беренесине ылайык Конституция жогорку юридикалык күчкө ээ жана Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулат. Ушул беренеде бекитилген постулат, Конституция мамлекеттин бүткүл укуктук тутумунун пайдубалын түзгөн юридикалык акт катары колдонуу процессинде түздөн-түз иштей турган саясий-укуктук документ болуп ишке ашырылат дегенди билдирет.

2022-жылдын
20-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 01-Р

5. Конституциянын түздөн-түз иштөөсү коомдук мамилелердин бардык түрүнө жана бардык субъектилерине кандайдыр бир конкреттештирүүчү актыларсыз эле түздөн-түз жөнгө салуучу таасирге ээ болгон конституциялык ченемдердин тубаса ички жөндөмүн көрсөтөт, ошондой эле ушул мүмкүндүккө байланыштуу конституциялык жоболорго гана шилтеме жасайт. Ушундан улам, бийликтин органына (кызмат адамына) карата конституциялык императив иштээри келип чыгат: бийлик органы ченемдик-укуктук актынын конкреттештирүүчү ушул ченемдин жоктугуна таянып Конституциянын ченемдерин колдонулушун шарттай албайт. Алардын жоктугу Конституцияны түздөн-түз колдонуу мүмкүн эмес дегенди билдирбейт, ал өзгөчө бир бөтөнчө укуктук каражаттарды пайдаланууга байланыштуу мындай колдонуунун башкалардан бөлөкчүлүгүн гана көрсөтөт.

Башка сөз менен айтканда, Конституциянын түздөн-түз колдонулушу тийиштүү коомдук-саясий, экономикалык, социалдык жана мамлекеттик-бийлик мамилелерди негиздөөдөн көрүнөт. Конституциялык укуктук колдонулушунун жогорку мааниси ушул. Белгилүү деңгээлде ал өлкөдө кайсы бир деңгээлде калыптанган нерселерди тариздейт, анткени Конституциянын ченемдери туруктуу, ага камтылган идеялар жана маани кандай таризделген болсо, алар ошондой иштейт жана колдонулат.

Конституциянын түздөн-түз колдонулушу мамлекеттик бийлик органдарынан өзүнүн укуктары менен эркиндиктерин Конституциянын ушул касиетин колдонуп, талап кылыш мүмкүн болгон адам менен жаран үчүн өзгөчө актуалдуу. Демек, укукту жүзөгө ашыруучу субъекттер үчүн конкреттүү талаштарды чечүү үчүн Конституциянын мыйзамдуу негизде колдонуу, негизделген башкаруучулук актыларды чыгаруу үчүн ушул ченемдерди колдонуу мүмкүндүгү белгиленген, анткени Конституциянын түздөн-түз колдонулушу – бул укукту колдонуунун маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири.

Ошон үчүн Конституциянын 6-беренесинен келип чыгып, тийиштүү конституциялык Мыйзам кабыл алынганга чейин Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңеши жөн гана ыйгарым укуктуу болбостон, судьялардын кынтыксыз жүрүм-турумуна түздөн-түз контролду ишке ашыруу жөнүндө конституциялык талаптын иштешин кармап турууга милдеттүү болуучу.

Мындай учурда, укуктук кенемтени болтурбоо максатында, анткени судьяларды жоопкерчиликке тартуу маселелеринде укуктук кенемтенин пайда болуусу коомдо зарыл болгон сот адилеттигинин

2022-жылдын
20-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 01-Р

жогорку деңгээлин кармап турууда коркунуч туудурат, ал эми жаңы ченемдик актыны кабыл алуу белгилүү убакытты талап кылса, Конституциянын түздөн-түз таасир этүү принциби иштей баштайт.

Укуктук тартиптин улантуучулук жана туруктуулук режимин белгилөө судьяларга да сөзсүз колдонулуучу жазанын кайтарылбастыгы сыяктуу маанилүү принципти камсыз кылуу жөнүндө конституциялык орнотмолордон келип чыккан зарыл чара болуп саналат.

Албетте, судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу маселелери так процедуралык регламентацияны талап кылат. Судьялар кеңеши ушундан келип чыгып, өзүнүн актысы менен тийиштүү конституциялык Мыйзам кабыл алынганга чейин Судьяларды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселелерди кароо тартиби тууралуу Убактылуу Жобону кабыл алган.

Талашылып жаткан Убактылуу Жобо даттанууларды жана сунуштамаларды кароо, судьяларды тартиптик жоопкерчиликке тартуу тууралуу чечимдерди кабыл алуу, судьяларга соттук тартипте салынуучу аларды жазык жана башка жоопкерчиликке тартууга макулдук берүү, тартиптик жаза чарасын алуу жана сот органдары менен өз ара иштешүү боюнча Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин жумушун уюштуруу тартибин регламенттеген.

Башка сөз менен айтканда, талашылып жаткан Жобонун укуктук жөнгө салуусу Судьялар кеңешинин жумушунун уюштуруу процедураларына тийиштүү жана жалпысынан судьялардын кынтыксыз жүрүм-турумун камсыз кылуу жөнүндө конституциялык талаптарды ишке ашырууга жана алар ушул талаптарды бузган учурда болбой койбос жоопкерчилигине багытталган. Демек, арыз ээсинин аталган Жобо судьяларды өзү билгендей (мыйзамсыз) юридикалык жоопкерчиликке тартууну карайт жана жарандардын соттук коргонууга укугун бузат деген жүйөлөрү жаңылыш болуп саналат.

Талашылып жаткан Жобону кабыл алуу формасында судьялардын тартиптик жоопкерчилик маселелерин убактылуу жөнгө салуу судьялардын жана бийликтин сот бутагынын көз карандысыздыгына кол салуу катары каралышы мүмкүн эмес, конституциялык жактан маанилүү баалуулуктар көз карашынан объективдүү акталган, демек Конституциянын ченемдерине карама-каршы келбейт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4-бөлүгүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө»

2022-жылдын
20-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 01-Р

конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Ч Е Ч Т И:

1. Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин 2021-жылдын 13-августундагы чечими менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинде Судьялардын жоопкерчилиги тууралуу маселелерди кароо тартиби жөнүндө күчүн жоготкон Убактылуу Жобонун колдонулушу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 95-беренесинин 4-бөлүгүнө, 96-беренесинин 1 жана 4-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

2. Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

3. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бардык аймактарында аткарылууга тийиш

4. Ушул чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Конституциялык соттун расмий сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында» жарыялансын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ

2022-жылдын
27-апрели
Бишкек шаары

№ 02-Р

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Ахмат Киргизбаевич Алагушевдин жана Нурбек Кудайбердиевич Сыдыковдун кайрылуусуна байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө

Ч Е Ч И М И

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаевдин, судьялар М.Р. Бобукееванын, Л.П. Жумабаевдин, М.Ш. Касымалиевдин, К.Дж. Кыдырбаевдин, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы К. Аблакимовдун,

кайрылуучу тарап – Ахмат Киргизбаевич Алагушевдин жана Нурбек Кудайбердиевич Сыдыковдун;

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишеним кат боюнча өкүлдөрү Мирлан Абылбекович Букашевдин, Руслан Марипович Ташиевдин;

үчүнчү жактар – Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Айсалкын Шеркуловна Шеркуловадан, Кыргыз Республикасынын шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук комиссиянын ишеним кат боюнча өкүлү Медина Мирлановна Кутбердиеванын катышуусу менен,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 17, 40 жана 45-беренелерин жетекчиликке алып, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 6-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык соттук отурумда карап чыкты.

Ахмат Киргизбаевич Алагушевдин жана Нурбек Кудайбердиевич Сыдыковдун өтүнүчү бул ишти кароого себеп болду.

Ишти кароого негиз болуп «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 6-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасы-

2022-жылдын
27-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 02-Р

нын Конституциясына ылайык келүүсү жөнүндө маселеде пайда болгон күмөндүүлүк саналат.

Ишти соттук отурумга даярдоону жүргүзгөн судья-баяндамачы М.Ш. Касымалиевдин маалыматын угуп, келтирилген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2021-жылдын 27-июлунда А.К. Алагушевдин жана Н.К. Сыдыковдун «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 6-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнө, 23-беренесинин 2, 4, 5-бөлүктөрүнө, 32-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Арыз ээлери, талашылып жаткан ченемде колдонулган туюндурмалар кандай болбосун терс сөзгө, анын ичинде талапкер тандаган программа туурасында конструктивдүү сынга, курч суроолорго жана пикирге, башка талапкердин программасын тандап алган учурда мүмкүн болуучу кесепеттерге талдоону, талапкерлер, коомдук кызыкчылыкты туудурган саясий партиялар тууралуу нагыз жагдайларды, маалыматтарды жайылтууга тыюу салууну орнотот деп эсептейт. Демек, талашылып жаткан ченем менен орнотулган тыюу салуу Конституциянын 23-беренесинин 2, 4 жана 5-бөлүктөрү менен аныкталган максаттарга ылайык келбейт жана ачыктык менен аныктыктын талаптарына жооп бербейт.

Алардын пикири боюнча Баш Мыйзамдын 32-беренесинин 1-3-бөлүктөрүнө ылайык ар бир адам эркин ой жүгүртүүгө жана пикирге ээ болууга, өз пикирин эркин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине укуктуу. Эч ким өз пикирин билдирүүгө же андан баш тартууга мажбурланышы мүмкүн эмес.

Сөз эркиндиги, маалымат алуу укугу ар бир адамга, анын ичинде саясий кызматка белсенген талапкерлерге да таандык. Кайрылуунун субъекттери жарандар, эреже катары, телеталкуунун жүрүшүндө мамлекеттик башкаруу маселелери боюнча талапкерлердин өз ара сын-пикирлерин жана мүмкүн болгон терс мүнөздөгү ачыктаган фактыларды уга алышы керек деп эсептешет.

Арыз ээлери белгилегендей, талашылып жаткан ченем Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 19-беренеси-

2022-жылдын
27-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 02-Р

нин 3-пунктуна да карама-каршы келет, ага ылайык сөз эркиндигин чектөө, анын ичинде маалыматка жетүү укугу мыйзам тарабынан гана белгилениши мүмкүн жана башка адамдардын укуктарын жана аброюн сыйлоо үчүн, ошондой эле улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын ден соолугун же адеп-ахлагын коргоо үчүн зарыл.

Кайрылуунун авторлору жогоруда аталган Пакттын 25-беренесине ылайык мамлекет жарандарга мамлекеттик кызматка, мамлекеттик иштерге катышууга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу менен, анын ичинде шайлоо процессинде да дискриминацияны болтурбоо максатында гана чектөөлөрдү белгилей алат деп эсептешет.

Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен, А.К. Алагушев жана Н.К. Сыдыков талашылып жаткан ченемди Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанууну сурانышат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 17-декабрындагы аныктамасы менен бул өтүнүч талашылып жаткан ченемди Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 2, 4 жана 5-бөлүктөрүнө, 32-беренесинин 1-3-бөлүктөрүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү бөлүгүндө гана өндүрүшкө кабыл алынган.

А.К. Алагушев жана Н.К. Сыдыков сот отурумунда талаптарын колдоп, аларды канааттандырууну сурانышты.

Жоопкер тараптын өкүлү М.А. Букашев арыз ээлеринин жүйөлөрү менен макул болбостон, талашылып жаткан ченемдик жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп эсептейт.

М.А. Букашев Конституциянын 29-беренесине ылайык адамдын ар-намысы жана кадыр-баркы эч кандай түрдө бузулушу же чектелиши мүмкүн эмес, антпесе ар кимге жашыруун маалыматтарды жана адамдын жеке турмушу жөнүндө маалыматтарды мыйзамсыз чогултуудан, сактоодон, таратуудан коргоо, анын ичинде соттук коргоо аркылуу кепилденет, ошондой эле укукка каршы аракеттер менен келтирилген материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтуруу укугу кепилденет.

Жоопкер тараптын өкүлү талапкерге, саясий партияга каршы алардын атаандаштарынын үгүт иштерин жүргүзүүсү каршылаш тараптарынын электоратынын ортосунда чыр-чатакка алып келип, натыйжада кырдаалды туруксуздаштырып же шайлоо процессин үзгүлтүккө учуратышы мүмкүн деп эсептейт.

2022-жылдын
27-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 02-Р

Ошондуктан, ал, талашылып жаткан ченем укуктук маданиятты калыптандырууга жана өнүктүрүүгө, башка талапкерлердин, саясий партиялардын укуктарын жана эркиндиктерин урматтоого өбөлгө түзөт деп эсептейт.

Жоопкер тараптын өкүлү адам укуктары чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдер (Адам укуктарынын жалпы декларациясы, Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт) сөз эркиндигин белгилөө менен бирге, ошол эле учурда анын башка адамдардын укуктарын жана аброюн сыйлоо жана мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын ден соолугун жана адеп-ахлагын коргоо зарылчылыгынан келип чыккан чектөөгө жол берет деп эсептейт.

Жоопкер тараптын экинчи өкүлү Р.М. Ташиев М.А. Букашевдин жүйөлөрүн колдоду.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин өкүлү А.Ш. Шеркулова «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 22-беренеси менен шайлоо процессинин катышуучуларына шайлоо алдындагы үгүт иштерин эркин жүргүзүүгө, ошондой эле аны жүргүзүүнүн предметине жана ыкмасына кепилдик берилерин белгилейт. Талашылып жаткан ченем менен талапкерлерге, саясий партияларга саясий партиянын кайсыл бир талапкери шайланган учурда мүмкүн болуучу терс кесепеттерди баяндоо менен ага каршы добуш берүүгө чакырыктарды таратууга тыюу салууну орнотуу жогоруда көрсөтүлгөн берененин жоболоруна карама-каршы келет.

Бул жобо Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 1-августундагы Мыйзамы менен ратификацияланган Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине мүчө мамлекеттерде Демократиялык шайлоолордун стандарттары, шайлоо укуктары жана эркиндиктери жөнүндө конвенцияларда аныкталган демократиялык шайлоонун стандарттарына жооп бербейт.

Ушуга байланыштуу Юстиция министрлиги киргизилген чектөөлөр жогоруда аталган Конвенцияда белгиленген эл аралык стандарттардын алкагынан чыкпагандай кылып конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 6-бөлүгүнүн жоболорун кайра карап чыгуу зарыл деп эсептейт.

Ошол эле учурда, ал шайлоо алдындагы үгүт эркиндигине мыйзамдар кепилдигин сөз эркиндигине, сөз жана басма сөз эркиндигине болгон конституциялык укуктар менен теңештирүү мүмкүн эмес деп эсептейт.

2022-жылдын
27-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 02-Р

Себеби, шайлоо алдындагы үгүт иштеринин маңызы шайлоочуларды конкреттүү талапкерлерди же саясий партияларды колдоп же ага каршы добуш берүүгө үндөөдө турат. Ал эми сөз эркиндигинин кепилдиги адамдын эркин жана өз алдынча ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүн чектөөдөн коргоодо, ал эми сөз эркиндиги адамдын өз оюн жана ишенимин жалпыга ачык билдирүү, ачык айтуу, эркин билдирүү, ар кандай жол менен таратуу жөндөмүнөн көрүнүп турат.

Баяндалгандын негизинде А.Ш. Шеркулов талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо алдындагы үгүт иштеринде шайлоочулардын талапкерге, саясий партияга карата терс мамилесин түзүүгө көмөктөшүүчү маалыматтарды жайылтууга тыюу салуу түрүндөгү чектөөлөрдү жарым-жартылай белгилөөнү мүмкүн деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын өкүлү М.М. Кутбердиева Конституциянын талаптарына ылайык Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүүнүн тартиби «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзам менен аныктала тургандыгын белгилейт. Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 3-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык жарандар шайлоо жана шайлануу укуктарын, аталган конституциялык Мыйзамда белгиленген талаптарды сактоо менен ишке ашырышат.

Алсак, көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 22-беренесинде шайлоону маалыматтык камсыздоого шайлоочуларды маалымдоо жана шайлоо алдындагы үгүт иштерин камтый тургандыгы белгиленген, башкача айтканда, бул түшүнүктөр так ажыратылган, ал эми кайрылуучу тарап өз сөзүндө муну жасабайт.

М.М. Кутбердиева толугу менен же жарым-жартылай республикалык же жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу, ошондой эле салык жана милдеттүү төлөмдөр боюнча жеңилдиктерге ээ болгон жалпыга маалымдоо каражаттары (мындан ары – ЖМК) талапкерлерге, саясий партияларга алдын ала шайлоо үгүт иштерин жүргүзүүгө бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүүгө милдеттүү экендигин белгилейт. Дал ушул жагдай «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамга талашылып жаткан ченемди киргизүүгө түрткү болгон. Айрым үгүт материалдарын, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу чыгаруу үчүн бардык талапкерлердин, саясий партиялардын финансылык ресурстары жетишсиз болгон шарттарда аларга акысыз

2022-жылдын
27-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 02-Р

обо убактысын берүү шайлоочулардын маалымат алуу тартибинде талапкерлердин жана саясий партиялардын программасы менен таанышуу мүмкүндүгүн болжойт.

М.М. Кутбердиева Конституциянын талашылып жаткан ченеминин карама-каршылыгы жөнүндө арыз ээлеринин жүйөлөрү жараксыз, анткени ЖМК редакцияларынан кызмат адамдарынын, мамлекеттик органдардын, уюмдардын, мекемелердин жана коомдук бирикмелердин билдирүүлөрдү жана материалдарды, ошондой эле билдирүүлөрдү жана материалдарды таратууга тыюу салуу катары, алардын айрым бөлүктөрүн алдын ала макулдашууну талап кылуусун цензура деп болжошууда. Башкача айтканда, бул талап ЖМКга тиешелүү, анткени ЖМК шайлоо алдындагы үгүттүн субъекти болуп саналбагандыктан, алар маалыматтын субъекти катары иш алып барышат жана акысыз обо убакыт коомчулукка кеңири маалымат берүү үчүн каралган.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тараптардын жүйөлөрүн, үчүнчү жактардын көз караштарын талкуулап, иштин материалдарын изилдеп чыгып, кийинкидей тыянактарга келди.

1. Конституциялык сот «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык кайрылууда көрсөтүлгөн маселе боюнча ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөндүүлүктү туудурган бөлүгүнө карата гана актыларды чыгарат.

Ошентип, бул иш боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун кароо предмети болуп «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 6-бөлүгүнүн төмөнкү мазмуну саналат:

«28-берене. Шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү укугунан кыянаттык менен пайдалануу жол берилбестиги

6. Талапкер, саясий партия үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн берилген телеберүүнү ишке ашыруучу уюмдардын каналдарында үгүт жүргүзүү үчүн акысыз берилген эфир убактысын, басылма продукцияны, аянтчаны төмөнкү максаттарга колдонууга укугу жок:

1) талапкерге (талапкерлерге), саясий партияга каршы добуш берүүгө чакырыктарды таратууга;

2) тигил же бул талапкер шайланган учурда мүмкүн болуучу терс натыйжаларды сыпаттоого;

2022-жылдын
27-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 02-Р

3) кайсы бир талапкер (кайсы бир талапкерлер), катталган талапкерди көрсөткөн саясий партия тууралуу маалыматтар көз көрүнөө басымдуулук кылган, терс пикирлер менен коштолгон маалыматтарды таратууга;

4) талапкерге, катталган талапкерди көрсөткөн саясий партияга карата шайлоочуларда терс мамилени жаратууга көмөктөшүүчү маалыматтарды таратууга.».

«Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзам мыйзамдарда белгиленген тартипте кабыл алынып, «Эркин-Тоо» гезитинин 2011-жылдын 5-июлундагы № 54 санында жарыяланган, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы акт болуп саналат.

2. Кыргыз Республикасында Конституцияга ылайык демократиялык жана укуктук мамлекеттегидей эле эл өз бийлигин түздөн-түз шайлоолордо жана референдумдарда, ошондой эле мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму аркылуу жүзөгө ашырат; жарандар мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайлануурга укуктуу (2-берененин 3-бөлүгү, 37-берененин 1-бөлүгү).

Конституциянын 2-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт.

Конституциянын жогоруда белгиленген жоболору Баш Мыйзамдын 6-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык анын укуктук тутумунун ажырагыс бөлүгү болуп саналган эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдери менен үндөшөт. Ошентип, Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт ар бир жарандын мамлекеттик иштерди жүргүзүүгө эч кандай дискриминациясыз жана негизсиз чектөөлөрсүз түздөн-түз же эркин тандалган өкүлдөрү аркылуу катышууга, жашыруун добуш берүү менен жалпы жана бирдей шайлоо укугунун негизинде жана шайлоочулардын эркин билдирүүсүн камсыз кылуучу чыныгы мезгилдүү шайлоолордо шайлоого жана шайлануурга укугун камсыздайт (25-берененин «а», «б» пункттары).

3. Демократияны ишке ашыруунун тике формасы катары шайлоонун маңызын түшүнүүнүн негизги фактору болуп, анын эркиндиги саналат, ал башка нерселер менен катар эч кандай мажбурлоо

2022-жылдын
27-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 02-Р

жана басым көрсөтүлбөстөн шайлоочулар тарабынан артыкчылыктарды калыптандырууда жана билдирүүдө көрүнөт.

Эркин шайлоону талаптагыдай камсыз кылуу зарылчылыгына таянып, Конституциянын 2-беренесинин 6-бөлүгү шайлоочулардын тандоо эркиндигине финансылык, административдик жана мыйзамда тыюу салынган башка ресурстарды колдонуу менен таасир этүүгө тыюу салат. Бул конституциялык талапты өнүктүрүп, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзам административдик ресурсту жана шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү укугун кыянаттык менен пайдалануга жол бербейт (211, 28-беренелер).

Ошону менен бирге, мамлекеттик бийликти мыйзамдаштыруунун бир жолу катары эркин шайлоонун конституциялык мааниси, ал добуш берүү учурунда элдин эркине айланган шайлоочулардын шайлоо жүрүм-турумуна реалдуу таасир тийгизе турган маалыматтарды таратуу үчүн бирдей шарттардын болушу менен аныкталат.

Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укугу мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо жана шайлануу укугун гана эмес, шайлоо алдындагы үгүт иштерине катышуу укугун да камтыйт.

Шайлоо процессинин өзөктүү иш-чараларынын бири болгон шайлоо алдындагы үгүт шайлоочуларды шайлоого катышып жаткан талапкерлер, саясий партиялар жана алардын шайлоо программалары жөнүндө максаттуу маалымат менен камсыз кылуу милдетин көздөйт, ал эми анын түпкү максаты болуп шайлоочулардын натыйжада шайлоо жүрүм-турумунун конкреттүү моделин тандоо менен чагылдырылып, маңызы шайлоонун жыйынтыгын аныктоочу алардын артыкчылыктарын, шайлоо эркин калыптандыруу саналат.

Мына ушундан улам, элге таандык болгон бийликти түздөн-түз чагылдыруу формаларына чыныгы демократиялык жана эркин мүнөз берүү үчүн жарандарды мазмундуу маалымат менен камсыз кылуу өзгөчө мааниге ээ. Шайлоочуларды маалымдоо жана шайлоо алдындагы үгүт шайлоону маалыматтык камсыздоонун эки компоненти катары, жарандардын эркин аң-сезимдүү билдирүүгө жана шайлоонун кудуретүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатууга көмөктөшөт.

Шайлоону маалыматтык камсыздоо түзүмүндө шайлоо алдындагы үгүт талапкерлер, саясий партиялар жөнүндө маалыматтын олуттуу булагы болуп, шайлоонун негизги маалымдоо мүнөздөмөлөрүн

2022-жылдын
27-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 02-Р

аныктап, шайлоочулардын түзүлүп жаткан мамлекеттик органдарга ишеним деңгээлин жогорулатуучу маанилүү саясий функцияны аткарат.

Шайлоо алдындагы үгүт иштеринин саясий максаты, бир жагынан, талапкерлер, саясий партиялар өздөрүнүн шайлоо алдындагы программаларын шайлоочуларга жеткирүү жана жаңы шайлоочуларды тартуу, экинчи жагынан, белгилүү бир шайлоо артыкчылыктары бар шайлоочуларга саясий көз караштарын жактырган талапкерлер жана партиялар жөнүндө маалыматты ЖМК, басылма үгүт материалдары жана коомдук иш-чаралар аркылуу мүмкүндүк берүү болуп саналат. Мындан тышкары, шайлоо өнөктүгү шайлоочуларга талапкерлердин кесиптик даярдыгынын жана адеп-ахлактык сапаттарынын деңгээлин билүүгө жана анын негизинде өз көз карашын аныктоого жана эркин ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет.

Мына ушундан мыйзам чыгаруучу шайлоону маалыматтык камсыз кылуунун, ал жарандардын шайлоо укуктарын, шайлоолордун демократиялык мүнөзүн жана аныктыгын, алардын натыйжасында түзүлгөн мамлекеттик бийлик органдарынын мыйзамдуулугун талаптагыдай кепилдеген тартибин белгилөөгө тийиш.

Шайлоонун жүрүшүндө шайлоочуларга талапкерлердин, саясый партиялардын шайлоо программалары жөнүндө маалыматтарга жетүү үчүн бардык зарыл шарттар түзүлүүгө, анын негизинде шайлоочулар өздөрүнүн аң-сезимдүү тандоосун жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болууга тийиш. Демек, эркин жана таза шайлоо жарандардын белгилүү бир тартипте добуш берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу аркылуу гана эмес, ошондой эле мамлекеттик бийликтин жогорку органдарына талапкер болгон бардык талапкерлер, саясий партиялар жөнүндө жетиштүү маалымат алуу укуктарын кепилдөө жолу менен өткөрүлөт.

4. Конституциянын 32, 33-беренелери менен кепилденген сөз эркиндиги жана маалымат эркиндиги ишенимдүү гана эмес, күмөндүү маалыматты да эркин таратууга, жүйөлүү ой-пикирин гана эмес, жаңылыш ойлорду да коргоого жана башкаларга таңуулоого, айтор ойго келбеген жана жаңылыштык идеялар, көпчүлүк үчүн кемсинткен жана үрөй учурарлык болуп көрүнүшү мүмкүн болгон пикирлерди айтуу укугун болжойт. Ушул себептен эбегейсиз сөз эркиндигин коомдун турмушунда жалаң оң маанайдагы көрүнүш катары кароого болбойт.

Сөзсүз, каралып жаткан аспектиде шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү укугу маалыматты эркин таратуунун бир түрү катары сөз эр-

2022-жылдын
27-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 02-Р

киндиги менен корголот. Ошол эле учурда мамлекеттик бийлик органдарын түзүү механизминин ажырагыс элементи катары шайлоо алдындагы үгүт иштерин мамлекет көз жаздымда калтыра албайт, анткени бүтүндөй коомдун кызыкчылыктары үчүн кайтарымсыз кесепеттерден чыгууда мамлекеттик институттарды мыйзамдаштыруу катуу тартипти, айкындуулукту жана иш-аракеттердин алдын ала белгиленген параметрлерде айкын болушун талап кылат. Бул үгүт иштерин өткөрүүдө сөз эркиндигин жана ЖМК эркиндигин кыянаттык менен пайдалануу жол берилбестикти белгилөөчү КМШга мүчө мамлекеттерде Демократиялык шайлоолордун стандарттары, шайлоо укуктары жана эркиндиктери жөнүндө конвенциянын (13-берененин 6-пункту) жана «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын (28-берененин 2-бөлүгү) жоболорунан дагы келип чыгат.

Демек, шайлоонун алдында жана шайлоо учурунда демейдеги шарттарда колго алынгыс сөз эркиндигине айрым чектөөлөр коюлушу мүмкүн.

Шайлоо өнөктүгүнүн ар тараптуулугун эске алуу менен, мыйзам чыгаруучу өз карамагында кыйла эркиндикке ээ болот, бирок ал шайлоонун жыйынтыктарынын коомдук мааниси менен эркин шайлоо укугу жана сөз жана маалымат эркиндигине укук сыяктуу конституциялык маанилүү баалуулуктардын ортосундагы тең салмактуулукту камсыз кылуу зарылдыгынан чыгышы керек.

Ошентип, мыйзам чыгаруучу өзүнө Баш Мыйзам тарабынан берилген дискрециялык ыйгарым укуктардын чегинде шайлоочулардын эркин билдирүүсү үчүн шарттарды түзүү менен бирге үгүт иштерин өткөрүүнүн тартибине жана мазмунуна талаптарды киргизүүгө укуктуу.

5. Таза шайлоо принциби, биринчи кезекте, шайлоо процессинин бардык катышуучулары үчүн ушундай шарттардын түзүлүшүн, мунун аркасында аларга маалымат булактарына бирдей жетишүү мүмкүнчүлүгү жана шайлоочулар үчүн өздөрү жана шайлоо алдындагы программаларынын мазмуну жөнүндө маалыматтарды жеткирүү үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөр түзүлмөк, акыры жогоруда белгиленгендер шайлоочулардын чыныгы эркин билдирүүсүнө көмөк болушу керек деп болжойт.

Бирок, мамлекет тарабынан берилген кепилдиктерге карабастан, шайлоо процессинин бардык катышуучулары шайлоочулардын колдоосуна ишенип, финансылык, техникалык жана кадрдык ре-

2022-жылдын
27-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 02-Р

сурстардын чектелүүлүгүнөн улам шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү үчүн мыйзам тарабынан берилген ыйгарым укуктардын толук көлөмүн пайдалана алышпайт. Ошондуктан, шайлоо процессинин катышуучуларынын дараметин тең салмактоо жана зарыл ресурстарга ээ болбогон, бирок шайлоочулардын кандайдыр бир колдоосуна ээ болгон социалдык топтордун коомдун саясий турмушуна катышуусуна тоскоолдук кылуучу факторлордун пайда болушуна жол бербөө максатында, мамлекет шайлоонун негизги жөнгө салуучусу катары өз каражаттарынын эсебинен жалпыга маалымдоо каражаттарынын катышуусу менен алардын мүмкүнчүлүктөрүнүн тең салмаксыздыгы критикалык мааниден чыгып кетпей жана шайлоочулардын адашуусуна алып келбеши үчүн зарыл маалыматтык талааны түзөт.

Мамлекет элдин эркин жана анын бийлигин чыныгы билдирүүгө көмөктөшүп, шайлоочулардын зарыл активдүүлүгүн, шайлоолордун туруктуулугун жана мезгилдүүлүгүн камсыз кылуу максатында калкты шайлоо маселелери боюнча маалымдоо үчүн бардык чараларды көрүүгө милдеттүү. Ал эми шайлоо процессинин катышуучуларына маалымат талаасын акысыз пайдалануу мүмкүнчүлүгү берилгендиктен, мамлекет алар үчүн бирдиктүү жүрүм-турум эрежелерин белгилөөгө укуктуу. Мында мамлекет эл аралык стандарттарга таянат, алардын маңызы шайлоо өнөктүгү жоопкерчиликтүү мүнөзгө ээ болууга тийиш; эч бир талапкер мамлекет тарабынан акысыз берилген маалымат булактары аркылуу жалган, жалаа жапкан билдирүүлөрдү жасабай, ошондой эле жапырт бурмалоого алып келе турган аткарылбас убадаларды бербеши керек.

Колдонуудагы мыйзамдарда талапкерлер үчүн шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнүн мазмунун, формаларын жана ыкмаларын аныктоодо өз алдынчалык түрүндөгү артыкчылыктардын кеңири шаймандары каралган, өз кезегинде, алар талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуучу таасирине дуушар болбойт. Мындан тышкары, талашылып жаткан ченемдин таасири шайлоо алдындагы үгүт иштерин мамлекеттик бюджеттен каржылануучу, бирок акы төлөнүүчү негизде кызмат көрсөтүүчү ЖМКда, ошондой эле менчигинин формасына карабастан башка ЖМКда жана интернет басылмаларда жүргүзүүгө жол берилген учурда да тийбейт.

Ошентип, жогоруда аталган максаттар үчүн мамлекет тарабынан белгиленген талаптар шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоочуларды башка талапкерлерге, шайлоого катышып жаткан саясий партияларга карата алардын позициясы жана көз карашы ме-

2022-жылдын
27-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 02-Р

нен тааныштыруу мүмкүнчүлүгүн чектебейт, антпесе бул сөз жана пикир билдирүү эркиндигин өлчөмсүз чектөөгө алып келмек, демек, аларды Конституцияга карама-каршы келет деп таанууга болбойт.

Ошол эле учурда мындай талаптарды белгилөөдө мыйзам чыгаруучу укуктук аныктык принцибин жетекчиликке алышы керек, башкача айтканда, алар укуктук ченемдердин тактыгынын, айкындуулугунун жана кош маанилүү эместик талаптарына жана алардын учурдагы укуктук жөнгө салуу тутумундагы шайкештикке жооп бериши керек. Укуктук ченемди бирдей түшүнүү жана чечмелөө болгондо гана укуктук аныктык камсыз кылынат. Башкасы карама-каршы келген укук колдонуучулук тажрыйбаны пайда кылат, аларды түшүнүксүз жана өзүм билемдик менен колдонуу мүмкүнчүлүгүн түзөт, бул конституциялык орнотмолордун жол берилгис бузулушуна алып келиши мүмкүн.

Эркин, адилеттүү жана таза шайлоону камсыз кылуу максатында ой, пикир жана сөз эркиндиги менен корголгон пикирлерди (баалоо ой-пикирлер) билдирүү мүмкүнчүлүгү жалган маалыматты шылтоо кылып, жабылбашы керек. Мыйзам чыгаруучу тарабынан шайлоонун коомдук-укуктук маанисине, ошондой эле маалымат булактарына жетүү бюджеттик каражаттардын эсебинен берилгендиктен улам кайрылуусу мыйзам чегинде болгон сын пикирлерди билдирүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгара турган жүрүм-турум эрежелерин киргизүүнү актай албайт.

Талашылып жаткан ченемдерге келсек, мыйзам чыгаруучу тарабынан аларда «...мүмкүн болуучу терс натыйжаларды...», «...көз көрүнөө басымдуулук кылган...» сыяктуу туюндурмалардын колдонулушу жогоруда баяндалган принциптин талаптарына жооп бербей, ар кандай чечмелөө жана өзүм билемдик менен укук колдонуу мүмкүнчүлүгүнө жол бергенин моюнга алуу керек, демек ал мыйзамдар тарабынан түзөтүлүүгө жатат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 4-бөлүгүнүн 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

ЧЕЧТИ:

1. «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо

2022-жылдын
27-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 02-Р

жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 6-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 2, 4, 5-бөлүктөрүнө, 32-беренесинин 1-3-бөлүктөрүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүндө баяндалган укуктук көз карашты ишке ашырууга багытталган тиешелүү ченемдик укуктук актынын долбоорун иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин.

3. Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, ал жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

4. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бардык аймагында аткарылууга тийиш.

5. Бул чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында» жарыялансын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

№ 03-Р

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Акмат Киргизбаевич Алагушевдин, Нурбек Кудайбердиевич Сыдыковдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 167-беренесенин 1, 2-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү тууралуу иш жөнүндө

Ч Е Ч И М И

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаевдин, судьялар М.Р. Бобукееванын, К.А. Дуйшеевдин, Л.П. Жумабаевдин, М.Ш. Касымалиевдин, К.Дж. Кыдырбаевдин, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы Г.А. Оморкановановын,

кайрылуучу тарап – Акмат Киргизбаевич Алагушевдин, Нурбек Кудайбердиевич Сыдыковдун;

жоопкер-тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишеним кат боюнча өкүлдөрү Мирбек Уранович Жусубакуновдун, Талантбек Ырысбекович Ырысбековдун;

үчүнчү жактар – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ишеним кат боюнча өкүлү Маргарита Насаркановна Сапиянованын, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын ишеним кат боюнча өкүлү Умуткан Ургазиевна Конкубаеванын, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин ишеним кат боюнча өкүлү Кубанычбек Сабырович Сабыровдун, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Махабат Сагынбековна Бегимбаеванын, Кыргыз Республикасынын Ички миштер министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Байтик Мусаевич Мусаевдин катышуусу менен,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 167-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык соттук отурумда карап чыкты.

А.К. Алагушевдин, Н.К. Сыдыковдун өтүнүчү бул ишти кароого себеп болду.

Ишти кароого негиз болуп Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 167-беренесинин 1, 2-бөлүк-

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

төрүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү маселесинде пайда болгон аныксыздык саналат.

Ишти соттук отурумга даярдоону жүргүзгөн судья-баяндамачы М.Р. Бобукееванын маалыматын угуп, келтирилген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т А П Т Ы:

А.К. Алагушевдин, Н.К. Сыдыковдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 167-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн (андан ары – КПК) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 2-бөлүгүнө, 32-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүч Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2022-жылдын 21-январында келип түшкөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 14-февралындагы аныктамасы менен өтүнүч өндүрүшкө кабыл алынган.

Кайрылуучу тарап сот отурумунда өзүнүн талаптарын колдогон жана төмөнкүлөрдү белгилеген.

Арыз ээлери талашылып жаткан ченемдердин маанисинен тергөөчү бардык катышуучуларды кайсы гана иш болбосун тергөөнүн маалыматын ачыкка чыгарууга жол берилбестик жөнүндө эскертүү укугу келип чыгат деп эсептешет. Укуктарды көрсөтүлгөн чектөө негизсиз жана өлчөмсүз, Конституцияга жана мамлекеттин өзүнө алган эл аралык милдеттенмелерине карама-каршы келет.

Кайрылуусубъекттери азыркы учурда укук коргоо органдары талашылып жаткан ченемдерди кыянаттык менен пайдалануунда жана тергөөнүн маалыматтын ачыкка чыгарбоо жөнүндө колкат алуунун процесстик зарылдыгы болбогон иштер боюнча дагы кылмыш-жаза жоопкерчилиги жөнүндө эскертүү беришет деп белгилейт.

А.К. Алагушев жана Н.К. Сыдыков өзүнүн жүйөлөрүн негиздөөдө алардын пикири боюнча пикир билдирүү эркиндигине жана соттук коргоонууга болгон конституциялык укуктардын өлчөмсүз чектелишин даана көрсөткөн бир катар конкреттүү фактыларды мисал катары келтиришет.

Арыз ээлери өзүнүн кайрылуусунда Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 19-беренесинин 3-пунктуна шилтеме кылат, ага ылайык пикирди билдирүү эркиндигин, анын ичинде маалыматка жетишүү укугун чектөө мыйзам менен гана чектелиши мүмкүн жана башка адамдардын (жактардын) укуктары менен ка-

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

дыр-баркын урматтоо; мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын же адеп-ахлагын сактоо үчүн зарыл болуп саналат.

Андан тышкары, кайрылуу субъекттери БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин № 34 Жалпы тартиптин эскертүүлөрүнөн жоболорду келтиришет, ага ылайык чектөөлөр Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 19-беренесинин 3-пунктунун жогоруда көрсөтүлгөн шарттарын сактоодо, ошондой эле зарылдык жана өлчөмдөштүк талаптарын кыйшаюсуз сактоодо гана белгилениши мүмкүн.

А.К. Алагушев жана Н.К. Сыдыков КПКнын 167-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн колдонуудагы редакциясы жогоруда белгиленген Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын жоболоруна жооп бербейт, анткени талашылып жаткан ченемдер пикир билдирүү эркиндигине болгон укукту бардык учурларда чектөөгө улуксат берет деп эсептешет.

Ушуга байланыштуу, арыз ээлери укукту чектөө колкат алуу максаты кандайдыр бир шарттарды эсепке алуу зарылдыгысыз, колдонулуу мөөнөтү көрсөтүлбөстөн ыйгарым укуктуу адамдын карамагында кала берет деп болжошот. Ошол үчүн кайрылуу субъекттери талашылып жаткан ченемдер менен пикир билдирүү эркиндигине болгон укук негизсиз чектелет, анткени тергөөнүн маалыматын ачыкка чыгарбоо жөнүндө колкаттын күчүндө болуу мөөнөтү регламенттелген эмес.

Арыз ээлери талашылып жаткан ченемдер тергөөчү тарабынан улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти коргоо, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын кайтаруу, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо сыяктуу мыйзамдуу максатты көрсөтпөстөн бардык кылмыш иштер боюнча эскертүү чыгарууга жол берилгендиктен улам Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгүнүн жоболорунун талаптарына жооп бербейт деп көрсөтүшөт.

Ошондой эле арыз ээлери колкат берилген учурда коргоочу предметтерди, документтерди жана башка маалыматтарды, адамдардын макулдугу менен аларга сурак жүргүзүү, маалымкаттарды, мүнөздөмөлөрдү, суратылган документтерди же алардын көчүрмөлөрүн берүүгө милдеттүү мамлекеттик бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, коомдук бирикмелерден жана уюмдардан, адистердин корутундуларын алуу жолу менен далилдерди чогултууга өзүнүн укугун толук көлөмдө жүзөгө ашыра албайт деп далилдешет.

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

Кайрылуусубъекттери жогоруда көрсөтүлгөн жагдайлар ар кимге укуктар менен эркиндиктерди соттук коргоо Конституция, мыйзамдар, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдер менен караштырылган жана аны кепилдеген Баш Мыйзамдын 61-беренесинин жоболорунун бузулушу жөнүндө ырастайт деген тыянакка келишүүдө.

Баяндалганды эске алуу менен, А.К. Алагушев, Н.К. Сыдыков КПКнын 167-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүн Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну суранышат.

Жоопкер-тараптын өкүлү М.У. Жусубакунов арыз ээлеринин жүйөлөрүн негизсиз, ал эми талаптары кийинкидей негиздер боюнча канааттандырылууга жатпайт деп эсептейт.

Кайрылуучу тарап талашылып жаткан ченемдер Конституция менен таанылган адамдын, жарандын н укуктары менен эркиндиктери кандай түрдө бузулуп жатканын негиздеп берген жок, болгону кылмыш-жаза процесстик мыйзамдарынын жана Конституциянын ченемдеринин талаптарын бузуу, ошондой эле укук коргоо органдары тарабынан сотко чейинки өндүрүш фактыларын ачыкка чыгарбоо жөнүндө кол катты алуунун процесстик зарылдыгы болбогон иштер боюнча кылмыш-жаза жоопкерчилиги жөнүндө эскертүүнү караган кыяматтыктарды гана атап берген деп белгишет.

Жоопкер-тараптын өкүлү КПКнын 167-беренесинин 1-бөлүгү тергөөчүгө да, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларына да тийиштүү, тактап айтканда тергөөнүн маалыматтын ачыкка чыгарбоо деген иш боюнча чындыкты аныктоого багытталган деп далилдейт. Өз кезегинде, КПКнын 167-беренесинин 2-бөлүгү ушул эле берененин 1-бөлүгүнүн аткарылуу формасын аныктайт жана тергөөчүнүн Кылмыш-жаза кодексине (андан ары – КЖК) ылайык жоопкерчилик жөнүндө эскертүү менен колкат алуу укугун көрсөтөт. Тергөөчүнүн бул амалдары тергелип жаткан иштин конкреттүү жагдайларынан келип чыгуусу керек.

Жогорку Кеңештин өкүлү мамлекеттик сырга, жарандардын, жашы жете электердин жана башкалардын жеке турмушуна тийиштүү маалыматтары бар иштер жана алар кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларына зыян келтириши мүмкүн болгон иштер жашыруундоого жатат деп эсептейт.

М.У. Жусубакунов КПК ченемдерин тергөөчү туура эмес колдонуп, зарылдыгы жок жерден иш боюнча маалыматтарды артыкбаш жашыруун кылган учурлары бар деп болжойт.

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

Жоопкер-тараптын өкүлү Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгүнүн жобосуна шилтеме жасап, укук коргоо органдары тарабынан кылмыш-жаза процессинин катышуучуларынын укуктарын оюна келгендей жана негизсиз кандай гана чектөө болбосун ал прокурордук көзөмөл аркылуу адамдын, жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин коргоону камсыздоого чакырылган прокуратура органдары менен тыйылыш керек деп көрсөтөт.

Каралып жаткан маселе жашыруун болууга тийиш кылмыш иштердин тизмесин белгилөө жөнүндө ведомство аралык буйрукту кабыл алуу аркылуу жөнгө салынышы мүмкүн деп ал эсептейт. Ушул маселени изилдөөдө укук колдонуучулук тажрыйбада буга чейин ал боюнча талаш-тартыштар болбогондугу аныкталды. Ушундан улам, жоопкер-тараптын өкүлү көрсөтүлгөн көйгөй КПКнын талашылып жаткан ченемдеринен эмес, тергөө тажрыйбасынын кемчиликтеринен келип чыккан деген тыянаккка келүүдө.

Жогорку Кеңештин экинчи өкүлү Т.Ы. Ырысбеков, М.У. Жусубакуновдун жүйөлөрүн колдогон.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун өкүлү М.Н. Сапиянова маселенин маңызы боюнча КПКнын VII бөлүмүндө каралтырылган аракеттер купуялуу жасалат, себеби өзүнүн милдеттерине жана максатына жетишүүнүн каражаттарына гана таандык дээрлик өз алдынча жана милдеттүү сотко чейинки өндүрүштүн өзү тергөөгө чейинки текшерүүнүн жана тергөөнүн ушундай жабык мүнөзүн бүтүндөй алдын ала аныктаган деп белгилейт.

М.Н. Сапиянова мыйзам чыгаруучу Конституциянын 10-беренесинин 5-бөлүгүнө, 29-беренесинин 3, 4-бөлүктөрүнө ылайык КПКнын 167-беренесинин 1-бөлүгүндөгүдөй императивдүү мүнөздөгү ченемдерди орнотууга укуктуу деп эсептейт.

Жогорку соттун өкүлүнүн пикири боюнча КПКнын 167-беренесинин 2-бөлүгүндө талаптардын бекитилиши тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгаруу жарандардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарынын бузулушуна гана эмес, кылмыш иши боюнча өндүрүштү татаалдаштыруу, иш боюнча чогулган далилдердин жоголушуна алып келүү, шектүү же айыпталуучу тарабынан далилдерди жок кылуу үчүн шарттарды түзүү, алардын тергөөдөн жана соттон качып кетүүгө жол берүү сыяктуу бүтүндөй кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн максаттарына жетишүүгө тоскоолдук келтирүү менен шартталган.

Ошону менен бирге, М.Н. Сапиянова көрсөтүлгөн ченемдерде тергөөнүн жүрүшүндө алынган так кайсы маалыматтар ачыкка чы-

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

гарылбай тургандыгы көрсөтүлгөн эмес. Мыйзам чыгаруучу тергөө органдарына өз ыктыяры боюнча аракетеннүү укугун берүү менен өлчөмсүз чектөөлөрдү киргизүү мүмкүндүгүнө жол берет.

М.Н. Сапиянова баяндалгандын негизинде ачыкталышын чектөөгө мүмкүн болбогон маалыматтар мыйзамдуу түрдө бекитилиши керек деп болжойт.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын өкүлү У.У. Конкубаева КПКнын 36-беренесине ылайык тергөөчү өзүнүн компетенциясынын чектеринде кылмыш иши боюнча тергөөнү жүзөгө ашырууга, тергөө жана башка процесстик аракеттерди жүргүзүү жөнүндө чечимдерди кабыл алууга ыйгарым укуктуу кызмат адамы катары кылмыш ишин тергөөдө адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктерин кайтарылышын, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучулары өзүнүн укуктарын жүзөгө ашырылуусун камсыздоого, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын кадырын жана баркын басмырлоо үчүн өбөлгөлөрдү, алардын өмүрү жана саламаттыгы үчүн коркунучту жокко чыгаруучу аракеттерди ишке ашырууга жана чечимдерди кабыл алууга милдеттүү деп көрсөтөт. Мында сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө алынган маалыматтан кабары бар тергөөчүгө тергөөнүн жашырындуулугун сактоо милдетин жүктөлүшүнүн өзү кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктерин кайтаруу боюнча чараларды кылмыш-жаза процесстик мыйзам менен караштырылган бардык комплексин пайдалануу зарылдыгын жокко чыгарбайт жана айыпталуучу менен корголуучу тарапка өзүнүн укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылбайт.

Ошону менен бирге, У.У. Конкубаеванын пикири боюнча кылмыш иштин материалдарында жеке маалыматтар, салык, банк, коммерциялык, медициналык сыр, асырап алуу сыры жана башка ушул сыяктуу мыйзам менен кайтарылуучу сырларга тике же кыйыр таандыгы бар маалыматтар камтылышы мүмкүн, ошол үчүн аларды ачыкка чыгаруу инсандын укугуна кол салуу менен коомдук коркунуч туудурган катары каралууга тийиш. Тергөө маалыматтарын негизсиз ачыкка чыгаруу жарандардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарынын бузулушуна, кылмыш иш боюнча өндүрүштү татаалдаштырууга алып келиши мүмкүн.

Башкы прокуратуранын өкүлү КПКнын 167-беренеси жактоочуга тергөөстадиясында берилген укуктарды жүзөгө ашырууда тоскоол кылуучу, ошондой эле ал стадия аяктагандан кийинки укугун, анын

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

ичинде кылмыш иштин бардык материалдары менен таанышуу укугун чектөөчү жоболорду камтыбайт деп эсептейт.

Баяндалганды эске алуу менен, У.У. Конкубаева КПКнын 167-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгүнө, 32-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1,2-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деген тыянакка келүүдө.

Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин өкүлү К.С. Сабыров жоопкер-тараптын өкүлүнүкүндөй эле позицияны карманат.

Мында ал «Изин суутпай издөө иши жөнүндө» Мыйзамга ылайык алгачкы текшерүү органдары кылмышты ачуу үчүн усулдарды жана жыйынтыктары мамлекеттик сырды түзгөн көмүскө ыкчам-издөө иш-чараларын жүргүзөт деп белгилейт. Демек, ушул максаттарда тергөө маалыматтарын ачыкка чыгарууга жол берилбестик жолун камсыздоо аркылуу тергөө сырын сактоо зарыл.

Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин өкүлү көрсөткөндөй, криминалистика – прикладдык юридикалык илиминин усулдарына жараша тергөөчү тергөө жагдайларынын жыйындысынан келип чыгып, кылмыш окуясын жана курамын аныктоо, далилдерди топтоо жана аларга баа берүү, тиешеси бар адамдарды жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн тергөө тактикасын тандайт. Ошон үчүн мыйзам чыгаруучу кылмышты толук ачуу максатында тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгарбоо жөнүндө колкатты алуу карамагын процесстик көз карандысыз кызмат адам катары тергөөчүгө ыйгарым укук берген. Демек, тергөөчүнүн бул аракети импертивдүү ченем эмес, а анын укугу болуп саналат.

Андан тышкары, К.С. Сабыров коргоочу тарап өзүнүн аракеттеринде чектелбейт жана кайсыл бир тергөө амалдардын өткөрүлүшү жөнүндө тийиштүү өтүнүч киргизүүгө, ошондой эле аларга катышууга укуктуу деп белгилейт.

Баяндалганды эске алуу менен, Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин өкүлү А.К. Алагушевдин жана Н.К. Сыдыковдун жүйөлөрүн негизсиз жана канааттандырылууга жатпайт деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин өкүлү М.С. Бегимбаева тергөө сыры эки максатты көздөйт, алар: бир жагынан, коомдук тартиптин бузулушун алдын алууга багытталган тергөө амалдарын ойдогудай өткөрүлүшүнө жана кылмышты, укук бузууну жасаган адамдарды аныкталышына кепилдик берүү, экинчи жагынан, тергөөгө кызыкдар адамдарды коргоо, жеке турмуштун

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

кол тийбестигин жана күнөөсүздүк презумпциясын кепилдөөчү укук берүү деп белгилейт.

Андан тышкары, М.С. Бегимбаева тергөө сыры, баарыдан мурда, жалпы кызыкчылыктар болуп саналган далилдер менен күбөлөрдүн, ошондой эле тергөө усулдарынын корголушуна багытталган логиканын бир бөлүгү, алар ачыкка чыгарылган учурда тергөөчүнүн белгилүү тыянактарды жасоосуна жолтоо кылышы мүмкүн.

Юстиция министрлигинин өкүлүнүн пикири боюнча мамлекет Конституцияда бекитилген укуктарды башка конституциялык укуктарды камсыздоо максатында кайсы бир даражада чектөөгө мажбур болушу мүмкүн, ушуга байланыштуу, тергөө маалыматтарынан кабардар болгон адамдарга аларды ачыкка чыгарууга коюлган чектөө мыйзамдарда акталуу чара болуп саналат жана Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгүнүн, 32-беренесинин 2-бөлүгүнө түздөн-түз карама-каршы келбейт.

Ошону менен бирге, М.С. Бегимбаева толук максаттуу жүзөгө ашырылууга жана сакталууга жата турган Конституция менен кепилденген укуктардын көлөмүн (33-беренесинин 1-бөлүгү, 35-берене, 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү) эске алуу менен КПКнын 167-беренесинин 1-бөлүгүнүн талашылып жаткан ченеми абсолюттук мүнөзгө ээ болбош керек деп ырастайт. Ушуга байланыштуу, ал укуктарды негизсиз чектелишин болтурбоо, ошондой эле тергөөчүгө дискрециялык ыйгарым укуктардын берилүү мүмкүндүгүн алып салуу максатында тергөө маалыматтарынын ачыкка чыгарууга жатпай турган учурларды ченемдер менен аныктоо максатка ылайыктуу деп болжойт.

Баяндалганды эске алуу менен, Юстиция министрлигинин өкүлү талашылып жаткан ченемдер Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт. Ошону менен бирге, жогоруда көрсөтүлгөн жагдайларды эске алуу менен КПКнын 167-беренесинин 1-бөлүгүнө кошумча анализ жүргүзүү зарылдыгын белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин өкүлү Б.М. Мусаев тергөөнүн маалыматын санкциялаштырбай ачыкка чыгаруунун коомдук коркунучу – ал сот адилеттигинин кызыкчылыктарына олуттуу таасир тийгизиши мүмкүн, анын ичинде: кылмыш жасаган адамдарды аныктоо жана издөө зарылдыгына; кылмыш иштин натыйжасына кызыкдар катышуучулар же башка адамдар тарабынан далилдердин жок кылып салуу мүмкүнчүлүгүн болтурбоого; айыпталуучунун тергөөдөн жана соттон качып кетүү мүмкүндүгүн алып салууга; кылмыш жолу менен табылган буюмзаттык

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

далилдерди жашырууга; иш боюнча шериктештерин эскертүүгө же акыйкаттыкты табууга башка ыкма менен жолтоо болууга. Ошондой эле маалыматтарды ачыкка чыгаруу кылмышты жасоого айыпталуучу адам, кылмыштын курмандыгы жөнүндө туура эмес пикир жаратышы мүмкүн жана кылмыш-жаза процессинин катышуучуларынын туугандарына жана жакындарына терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Б.М. Мусаев тергөө жана сот өндүрүшүнүн сыры кесиптик сырдын түрү катары өзгөчө белгилерге ээ болгон жеткиликтүүлүгү чектелген маалыматтын бирдиктүү тутумунун элементи катары каралыш керек деп ырастайт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, Ички иштер министрлигинин өкүлү талашылып жаткан ченемдер Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, үчүнчү жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп, иштин материалдарын изилдеп чыгып, кийинкидей тыянактарга келди.

1. «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык Конституциялык сот ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн жараткан бөлүгүнө гана тийиштүү болгон предмет боюнча актыларды чыгарат.Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун бул иш боюнча кароо предмети болуп төмөнкүдөй мазмундагы КПКнын 167-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү саналат:

«167-берене. Тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгарууга жол берилбестик

1. Кылмыш иштери боюнча тергөөнүн жүрүшүндө алынган маалыматтар ачыкка чыгарылбоого тийиш.

2. Тергөөчү, прокурор күбөнү, жабырлануучуну, адвокатты, экспертти, адисти, котормочуну жана тергөө аракеттерин жүргүзүүгө катышып жаткан башка адамдарды тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгарууга жол берилбей тургандыгы жөнүндө эскертет жана Кылмыш-жаза кодексине ылайык жоопкерчилик жөнүндө эскертүү менен алардан колкат алууга укуктуу.».

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси 2021-жылдын 28-октябрында №129 номур менен мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык кабыл алынган, «Эркин-Тоо» гезитинин 2021-жылдын 16-ноябрында № 122-123 сандарында жарыяланган, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы болуп саналат.

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

2. Конституцияга ылайык Кыргыз Республикасында укуктук, демократиялык мамлекет катары адамдын укуктары жана эркиндиктери жогорку баалуулуктарга таандык, алар түздөн-түз иштейт, бардык мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишинин маанисин жана мазмунун аныктайт (Конституциянын 1, 23-беренеси).

Конституция жогоруда көрсөтүлгөн баалуу багыттамаларды жар салып, ар кимге ой жүгүртүүгө, пикирин эркин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине укукту кепилдейт (32-берененин 1 жана 2-бөлүктөрү). Бул укук коомдун эркин өнүгүүсүнүн жана ар бир инсандын оюндагысынын ашырылуусунун сөзсүз шарттарынын бири болуп саналат.

Жогоруда белгиленген конституциялык орнотмолор адам укуктар чөйрөсүндөгү бардык универсалдык эл аралык келишимдерде пайдубал укуктарга таандык жана алардын жүзөгө ашырылуусу мыйзамдарда колдонулгудай механизмдер аркылуу камсыздалышын талап кылат (Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 19-беренеси, Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 19-беренеси).

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы өзүнүн 2015-жылдын 24-июнундагы Чечиминде пикир билдирүү эркиндиги, сөз жана басма сөз эркиндиги адамдын өзүн көрсөтүүнүн, анын жигердүү жашоо көз карашын калыптандыруунун, өзүнүн маанилүүлүгүн жана баалуулугун түшүнө билүүнүн, аны башкалар уга билгендей жана башкалар аны уга билүү муктаждыгын канааттандырууда зарыл шарттар болуп саналат деп белгиленген. Пикир билдирүү эркиндигине кепилдик адамды эркин жана көз карандысыз ойлонууга мүмкүндүгүн чектөөдөн коргоодо турат. Демек, эгерде пикирди эркин айтууга мүмкүн болбосо, ал эркин боло албайт.

Ошентип, өз пикирин эркин билдирүү адам укугунун укуктук мазмуну – бул анын ойлорун, пикирлерин жана ынанымдарын ар кандай ыкма менен коомдо айта билүү, ачыкка чыгаруу, тоскоолдуксуз айтуу, жайылтуу мүмкүндүгү.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 29-декабрындагы Чечиминде көрсөтүлгөндөй өз пикирин билдирүү эркиндигине укук Конституция жана мыйзамдар менен белгиленгендей башка адамдын укуктары менен эркиндиктерин бузбагандай даражада жоопкерчиликтүү ишке ашырылуусу керек деп көрсөтүлгөн. Бул укуктук көз

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

караш инсандын укуктары менен эркиндиги жана анын коомдогу жоопкерчиликтүү жүрүм-туруму сыяктуу мындай конституциялык баалуулуктар ортосунда тең салмактуулукту кармап туруу ишинде өзөктүү маанигее ээ.

Демек, сөз жана пикир билдирүү эркиндигинин баалуулугу демократиялык коомдо коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө реалдуу көрүнүшүндө экендигине жана анын презумпциясына алып келе тургандыгына карабастан, бул эркиндик эбегейсиз болушу мүмкүн эмес, анткени социумдун табияты коомдук дагы, жеке мүнөздөгү дагы боло турган ар кандай кызыкчылыктардын чектешүүсүн болжойт.

Ошон үчүн каралып жаткан эркиндикти чектөөгө жол берилет, бирок алар башка адамдардын ушул сыяктуу эле укуктары менен эркиндиктерин урматтоо зарылдыгынан келип чыгышы керек, Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгүндө караштырылган конституциялык орнотмолорго ылайык жана өлчөмдөш болуш керек. Бул эл аралык укуктун ченемдерине да шайкеш келет. Алсак, Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 19-беренесинин 3-пунктунда өз пикирин эркин билдирүү укугун пайдалануу өзгөчө милдеттерди жана өзгөчө жоопкерчиликти жүктөйт деп көрсөтүлгөн. Ал башка адамдардын укуктарын жана аброюн урматтоо үчүн, ошондой эле мамлекеттик коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгын жана адеп-ахлагын кайтаруу үчүн мыйзам менен орнотула турган айрым чектөөлөр менен зарыл байланышта болушу мүмкүн.

3. Ар бир инсандын жана коомдун коопсуздугу камыздоо жалпысынан мамлекеттин омоктуу өнүгүүсүнө максатталган стратегиялык иш-милдети болуп саналат. Көрсөтүлгөн иш-милдетти жүзөгө ашыруу мамлекеттен толук кайтарымдыкты, укуктук жөнгө салуунун колдонулгудай механизмдерин кошкондо бардыгын ичине алуучу чаралардын комплексин кабыл алууну талап кылат.

Мыйзам чыгаруучу коомдун жалпы бакубаттуулугу укуктук тартиптин абалына жана мыйзамдуулуктун деңгээлине түздөн-түз көз каранды экенин моюнга алып, адамдын, жарандын өмүрүнө, саламаттыгына, мүлкүнө, экономикалык ишмердикти жүзөгө ашыруу тартибине, коомдук коопсуздукка жана коомдук тартипке, мамлекеттик бийликке, аскердик кызматка жана эл аралык укуктук тартипке кол салгандыгы үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилик институтун киргизген.

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

Бул институт коомдук коопсуздукту камсыздоо менен бирге жалпы превентивдүү (жалпысынан кылмыштуулуктун алдын алуу) жана атайын превентивдүү (тарбиялык) функцияны аткарат. Атайын превенция конкреттүү укук бузуучулар тарабынан жаңы кылмыштарды жасалышын кыйла денгээлде болтурбайт, алар үчүн жагымсыз кесепеттер кайталанбас үчүн келечекте укук ченемсиз жүрүм-турумдан алыс болушуна мажбурлайт. Күнөөлүүлөрдү өз убагында жана сөзсүз жазалоо жарандарда колдонуудагы укуктук тартиптин козголбостугу жөнүндо түшүнүктү калыптандырат, мамлекеттик бийликтин калыстыгында жана кубатында ишенимди, алардын саламаттыгы, мүлкү, укуктары жана кызыкчылыктары мыкты корголуп турат деген ишенимди бекемдейт. Бул өз кезегинде кылмыштуулукка каршы күрөшкө зарыл натыйжалуулук берет, жарандардын укуктук аң-сезиминин жана укуктук маданиятынын, жоопкерчилигинин жана тартиптүүлүгүнүн жогорулашына, алардын коомдук турмушта жигердүү болушуна, акыр аягы – өлкөдө мыйзамдуулук менен укуктук тартиптин бекемеделишине көмөк болот.

Ушул себептен кылмыш-жаза процесстик мыйзамдардын өзөктүү принциптеринин бири ар бир кылмыш ачылыш керек, тергелиш керек, ал эми күнөөлүү калыс сот адилеттигине тартылыш керек дегенди билдирген жоопкерчиликтин болбой койбостугу болуп саналат.

Коомдун динамикалуу өзгөрүшүнүн заманбап шарттарында, адам жашоосунун бардык чөйрөлөрүнүн кеңейиши жана татаалдашы менен кылмыштар дагы барган сайын эптүү жана кылдат мүнөзгө ээ болупбара жатат. Демек, тергөө ыкмалары дайыма өркүндөтүлүп, бүгүнкү күндүн реалдуулуктарына жооп берген жаңы каражаттардын киргизилишине гана эмес, ошондой эле КПКнын 167-беренеси менен бекитилген тергөө маалыматтарын ачыкка чыгарбоо талабы сыяктуу өзгөчө коргоо чараларына да муктаж.

4. Тергөө маалыматтарын ачыкка чыгарууга тыюу салуу маанилүү коомдук кызыкчылыктарды дагы, жеке кызыкчылыктарды дагы коргоо максатын көздөйт.

Коомдук кызыкчылыктарга баарынан мурда, тергөө усулдарынын корголушу (тергөө версиялары тууралуу маалымат, тергөө аракеттеринин тактикасы, тергөө катышуучуларына карата колдонулуучу коопсуздук чаралары), айрым тергөө аракеттеринин жыйынтыктары ачыкка чыккканда кылмышты тергөөнүн жыйынтыктарына терс таасирин тийгизиши мүмкүн болгон маалыматтарга таандык, ошондой эле иш боюнча топтолгон далилдер жоголушуна, шектүү же айыпталуучу тарабынан аларды жоготуу үчүн шарттарга алып

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

келүүчү ачыкка чыгаруудан коргонууга таандык, анткени алар тергөөдөн жана соттон качып кетиши мүмкүн, тергөөгө башка жол менен жолтоо кылышы мүмкүн.

Жеке кызыкчылыктарга болсо, мыйзам менен кайтарууга алынган шектелүүчүнүн, айыпталуучунун, жабырлануучунун, күбөлөрдүн сырлары, ар-намысы, аброю жана ишчил репутациясы, ошондой эле кылмыш-жазык процессинин башка катышуучуларынын коопсуздугу кирет. Адатта кылмыш ишинин материалдарында адамдын биологиялык, экономикалык, маданий, жарандык же социалдык жактан таныткан (биографиялык жана таанытуучулур маалыматтар, үй-бүлөлүк, финансылык абал, ден-соолуктун өзгөчө абалы жана башкасы жөнүндө маалымат) жеке маалыматтары сыяктуу мыйзам менен коргоодогу сырларга кыйыр же түздөн-түз тийиштүү маалыматтар камтылат. Санкциялаштырбастан аларды ачыкка чыгаруу инсандын мыйзамдуу кызыкчылыктарына олуттуу коркунуч туудуруучу анын укугуна кол салуу катары каралышы керек.

Тергөө сырын камсыздоо бир дагы шектелүүчү, айыпталуучу мөөнөтүнөн мурда коомдук айыптоонун курмандыгы болуп калбасы үчүн күнөөсүздүк презумпциясы принцибин сактоо зарылдыгын дагы билдирет. Андан тышкары, ал кылмыштын курмандыгы же күбөлөрү болгон жагдайларын сыр бойдон сактоого жабырлануучулардын, күбөлөрдүн укуктарынын бузулушун болтурбоого багытталган, анткени андай маалымат ачыкка чыкса, аларга физикалык же психологиялык зыян келтириши мүмкүн.

Мыйзам чыгаруучу тыюу салууну бузгандык үчүн жоопкерчилик тутумун белгилөө учурунда гана колдонгудай боло алат дегенден келип чыгып, КЖКнын 356-беренесинде сотко чейинки өндүрүштүн же жабык соттук териштирүүнүн маалыматтарын мыйзамда белгиленген тартипте ачыкка чыгаруунун жол берилбестиги жөнүндө эскертилген адам тарабынан ачыкка чыгаруу үчүн, эгерде сотко чейинки териштирүүнүн маалыматтарын прокурордун же тергөөчүнүн макулдугусуз ачыкка чыгаруу үчүн жазык жоопкерчилигин караштырган.

Ошентип, тергөөнүн маалыматын ачыкка чыгарууга тыюу маанилүү коомдук жана жеке кызыкчылыктарды көздөп, коомдук тартипти, башка адамдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо максатында конституциялык укуктарды жана эркиндиктерди чектөө мүмкүндүгү жөнүндө конституциялык орнотмо менен туура келет (Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгү).

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

Ошол эле учурда тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгарууга тыюу абсолюттук болушу мүмкүн эмес, анткени тергөөнүн карамагындагы бардык маалыматтар ачыкка чыкканда тергөөнүн кызыкчылыктарына жана кылмыш-жаза процессинин катышуучуларына зыян келтириши мүмкүн болгон сырды же маалыматтарды априори милдеттүү түрдө камтышы мүмкүн эмес.

5. Баарынан мурда, тергөө сырынын предмети маалымат анын мазмуну, мүнөзү жана жеткиликтүүлүгү көз карашынан чектелүү болуу керек деп болжойт. Бирок, ар бир иштин мазмуну өзүнө башка дагы маалыматты камтышы мүмкүн, ал айыпталуучу тараптан дагы, жактоочу тараптан дагы жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын кызыкчылыктарын коргоо максатында пайдаланылышы мүмкүн.

Алсак, кылмыш жасалган факты тууралуу; кылмыш ишин козгоо тууралуу; кармоо жана бөгөт коюу чарасын колдонуу тууралуу; айыпты коюу тууралуу; тергөөнүн аяктаганы жана айыптоочу корутундуну түзүү, ишти кыскартуу, же аны токтото туруу тууралуу, адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушу тууралуу; мамлекеттик бийлик органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан мыйзамды бузуу фактылары тууралуу маалыматтар; көпчүлүккө маалымдоо каражаттарында тергөөчү же прокурор жайылткан маалыматтар; “Интернет” же башка коомдук ыкма менен таратылган маалыматтар; эчак ачыкка чыгарылган маалыматтар тергөө сырын түзө албайт.

Андан тышкары, тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгарбоо жөнүндө эрежелерден алып салуу катары кылмыш иштин материалдарындагы өтүнүчтөрдө, арыздарда, даттанууларда жана башка процесстик документтерде, анын ичинде адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча мамлекеттик жана эл аралык органдарга тапшырылып жаткан арыздарда жана башка документтерде камтылган маалыматтар болушу мүмкүн.

Атүгүл тергөөнүн жүрүшүндө сотко чейинки өндүрүштүн катышуучуларынын, анын ичинде айыпталуучунун жеке турмушу тууралуу маалыматтар өзгөчө учурларда үчүнчү жактарга же көпчүлүккө маалымдоо каражаттарында берилиши мүмкүн, бул жерден ал маалымат ошол адамга таандык болсо жана анын кызыкчылыктарына жооп берсе, ал анын макулдугу менен ачыкка чыгарылат.

Ушуга байланыштуу, ар ким өзүнүн пикирин билдирүү эркиндигине болгон конституциялык укукту жүзөгө ашыруу алкагында мындай маалыматтар мыйзамда тыюу салынбаган бардык жеткиликтүү

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

ыкмалар менен өзүнүн укуктары менен эркиндиктерин коргоо укугу менен тутумдаш байланышта коомдук мейкиндикте, анын ичинде көпчүлүккө маалымдоо каражаттарында жана социалдык тармактарда пайдаланылышы мүмкүн жана шектелүүчүнүн, айыпталуучунун же жабырлануучунун укуктарын коргоонун каражаттарынын же ыкмаларынын бири болушу мүмкүн. Бул маалыматтар укук коргоо органдарына жарандык контролду жүргүзүү чарасы катары коомчулукту маалымдоо үчүн пайдаланылышы мүмкүн.

Тергөөнүн маалыматын ачыкка чыгарууну чектөөгө багытталган кандай гана чаралар болбосун, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучулары маалыматты ачыкка чыгарууга укуктуу болбогон маалыматты ачыкка чыгаруу тергөөнүн кызыкчылыктарына карама-каршы келбеши жана алардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарынын бузулушуна алып келбеши үчүн, алар тергөөчүдөн же прокурордон ачыкка чыгарууга укуктуу болгон маалыматты тактоону талап кылуу укугу эч кандай кемсинтилбей тургандыгы өзгөчө белгиленүүгө тийиш.

Ошентип, тергөөнүн сырын түзгөн маалыматтарды ачыкка чыгарбоого байланыштуу маселелердин регламентациялоо ал маалыматтардын мазмундук бөлүгүн, тергөөнүн жана (же) кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары менен байланышын, адилеттүүлүк, теңдик жана өлчөмдөштүк принциптеринин сакталышын талап кылган конституциялык жактан корголуучу баалуулуктар, коомдук жана жеке кызыкчылыктар, адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери тең салмактуулугун камсыз кылуу үчүн так белгиленген мыйзамдуу критерийлердин негизинде аларды ачыкка чыгаруу мүмкүндүгүн эске алуу менен жүргүзүлүшү керек.

Андан тышкары, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн маселелерин ченемдик регламентациялоодо укуктук аныктык принцибин кыйшаюсуз сактоо жана ыйгарым укуктуу процесстик адамдардын чексиз карамагына алуучу мүмкүндүктү болтурбоо зарылдыгынан келип чыксак, талашылып жаткан ченемдерде тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгарууга тийиштүү эмес деп таануу үчүн негиздер, ошондой эле алардын колдонулушунун мүмкүн болуучу мезгили сыяктуу аспектилер кыйла так ченемдик жөнгө салынууга жатат.

Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучу КПКнын 167-беренесинде укуктук жөнгө салуунун жогоруда белгиленген маселелерин чечилиши менен бирге, эгер ачыкка чыгаруу тергөөнүн кызыкчылыктарына карама-каршы келбесе жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

катышуучуларынын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарынын бузулушу менен байланыштуу болбосо, ошондой эле тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгарууга тыюу жайылтылбаган маалыматтар жана тергөөнүн маалыматтарын ачыкка чыгарылды деп таанылбай турган маалыматтар болсо, ал тергөөчүнүн же прокурордун макулдугу менен ачыкка чыгарыла турган маалыматтардын тизмесин аныктоого тийиш.

6. Кылмыш-жаза процесстик мыйзамдарына ылайык алгачкы текшерүү органынын, тергөөчүнүн, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин, прокурордун аракеттери (аракетсиздиги) жана чечими, эгерде жүргүзүлүп жаткан процесстик аракеттер (аракетсиздик) же чечим кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын кызыкчылыктарын козгосо, жазык сот өндүрүшүнүн катышуучулары, ошондой эле башка адамдар тарабынан сотто даттанылышы мүмкүн (КПК-нын 125, 130-беренелери) экенин эске алуу менен, ушул Чечимдин 3-5-пункттарында каралып жаткан маселе боюнча Конституциялык соттун баяндалган тыянактарын эсепке алуу менен, Конституциялык сот талашылып жаткан ченемди укуктук колдонуу Конституция, мыйзамдар, Кыргыз Республикасы катышуучу болгон эл аралык келишимдер, жалпыга таанылган принциптер жана эл аралык келишимдеринин ченемдери менен караштырылган укуктар менен эркиндиктерди соттук коргонууга болгон укукту бузуу үчүн юридикалык өбөлгөлөрдү түзбөйт. Конституциялык сот өзүнүн укуктары менен эркиндиктерин коргоодо, ошондой эле мыйзамда тыюу салынбаган бардык жеткиликтүү ыкмалар менен бузулган укуктарды калыбына келтирүүдө конституциялык укук бузулду деп күмөн санабайт (61-берененин 1, 2-бөлүктөрү).

Баяндалгандын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4-бөлүгүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

ЧЕЧТИ:

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 167-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү укуктук аныктык принцибине ылайык келбеген жана эгерде ачыкка чыгаруу тергөөнүн кызыкчылыктарына карама-каршы келбесе жана кылмыш-жаза процессинин катышуучуларынын укуктарын жана мыйзамдуу кы-

2022-жылдын
8-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 03-Р

зыкчылыктарын бузбаса, ачык жарыяланышы мүмкүн болгон маалыматтардын тизмесин камтыбаган даражада Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 2-бөлүгүнө, 32-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети мыйзамдарга ушул Чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүнүн 5-пунктунан келип чыккан өзгөртүүлөрдү демилге кылсын.

3. Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

4. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бардык аймактарында аткарылууга тийиш.

5. Ушул чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Конституциялык соттун расмий сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун жарчысында» жарыялансын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ

2022-жылдын
15-июну
Бишкек шаары

№ 04-Р

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Улан Омуркул уулунун, Марат Жумабаевич Турганбаевдин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 121-беренесинин 13-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө

Ч Е Ч И М И

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаевдин, судьялар М.Р. Бобукееванын, К.А. Дуйшеевдин, Л.П. Жумабаевдин, М.Ш. Касымалиевдин, К.Дж. Кыдырбаевдин, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы Н.А. Кенесариеванын,

кайрылуучу тарап – Улан Омуркул уулунун, Мурат Жумабаевич Турганбаевдин

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишеним кат боюнча өкүлдөрү Максат Орозобек уулунун, Кадыр Талипович Токтогазиевдин;

үчүнчү жактар – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ишеним кат боюнча өкүлү Маргарита Насыркановна Сапиянованын, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын ишеним кат боюнча өкүлү Умуткан Ургазиевна Конкунбаеванын, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин ишеним кат боюнча өкүлдөрү Кубанычбек Сабырович Сабыровдун, З.О. Суваналиевдин, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Байтик Мусаевич Мусаевдин, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Махабат Сагынбековна Бегимбаеванын катышуусу менен,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 121-беренесинин 13-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык соттук отурумда карап чыкты.

У. Омуркул уулунун, М.Ж. Турганбаевдин өтүнүчү бул ишти кароого себеп болду.

Ишти кароого негиз болуп Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 121-беренесинин 13-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү маселесинде пайда болгон күмөндүүлүк саналат.

2022-жылдын
15-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 04-Р

Ишти соттук отурумга даярдоону жүргүзгөн судья-баяндамачы М.Р. Бобукееванын маалыматын угуп, келтирилген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2022-жылдын 22-февралында У. Омуркул уулунун, М.Ж. Турганбаевдин Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 121-беренесинин 13-бөлүгүнүн (андан ары – КПК) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 100-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 16-мартындагы аныктамасы менен У. Омуркул уулунун, М.Ж. Турганбевдин кайрылуусу өндүрүшко кабыл алынган.

Кайрылуучу тарап сот отурумунда өзүнүн талаптарын колдоп, кийиниклерди белгилеген.

КПКнын 1221-беренесине ылайык мүлккө камак салууда, кылмыш иши өндүрүшүндө турган адам прокурордун макулдугу менен тергөө судьясынын алдында шектүүнүн, айыпталуучунун, материалдык залалдын жана (же) моралдык зыяндын ордун толтуруу үчүн жооптуу адамдын мүлкүнө камак салуу жөнүндө токтом чыгарат.

Жабырлануучу дагы мүлккө камак салуу жөнүндө өтүнүчтү тергөө судьясына өз алдынча берүүгө укуктуу. Алсак, арыз ээлери сотко чейинки өндүрүш стадиясында тергөөчүнүн, прокурордун, жабырлануучунун өтүнүчү боюнча тергөө судьясы мүлккө камак салат деп белгилешет. Эгер айыпталуучунун мүлкүнө камак салуу жөнүндө маселе сотто пайда болсо, судья тараптардын өтүнүчү боюнча ал тууралуу чечим кабыл алат. Башкача айтканда жазык сот өндүрүшүндө тергөөчү судья же сот отурумунда сот актысын чыгаруу менен судья мүлккө камак салат.

Арыз ээлери Конституция жана мыйзамдар менен судьяларга жогорку статус берилген, алар сот адилеттигин жүзөгө ашырууга жана этикалык жүрүм-турумдун жогорку стандарттарын карманып, тиешелүү кесиптик деңгээлде өзүнүн милдеттерин аткаруу ыйгарым укуктарына ээ. Алсак, жабырлануучу сот отурумунда сотко өзүнүн жүйөлөрүн айтууга жана тергөөчү менен прокурор тиешелүү юридикалык баасы берилбеген иштин олуттуу жагдайларына жана маанилүү фактыларына көңүлүн бурдурууга укуктуу.

2022-жылдын
15-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 04-Р

Кайрылуучу субъектилердин пикири боюнча КПКта мүлккө камак салууну жокко чыгаруу так регламенттелген эмес, сотко чейинки стадияда ушул маселе талашылып жаткан ченем менен жөнгө салынат, ушул жерде мындай укук тергөөчүгө дагы берилет. Бирок тергөөчүнүн КПКнын 37-беренесинде көрсөтүлгөн ыйгарым укуктарында мүлккө камак салууну жокко чыгаруу боюнча ыйгарым укуктар көрсөтүлгөн эмес.

Жогоруда баяндалгандын негизинде У. Омуркул уулу жана М.Ж. Турганбаев талашылып жаткан ченем Конституциянын 23-беренесинин 5-бөлүгүнүн жана 61-беренесинин 1-бөлүгүнүн ченемдерин бузат деп эсептейт.

Ошондой эле, арыз ээлери өзүнүн көз карашын негиздөө катары соттук коргоого укукту караштырган Адам укуктар жөнүндө жалпы декларациянын, Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын ченемдерин келтиришүүдө.

Арыз ээлеринин пикири боюнча талашылып жаткан ченем тергөөчүгө Конституциянын 100-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуп, сот актынын мыйзамдуу күчүн жокко чыгаруу укугун берет. Конституциянын бул ченеми сот гана сот актысын жокко чыгарат, өзгөртөт же токтото турат деп болжойт. Бирок талашылып жаткан ченемге ылайык тергөөчү өзү билип, өзүнүн токтому менен мүлккө камак салууну жокко чыгара алат. Ушуну менен жабырлануучулардын мыйзамдуу кызыкчылыгында сот тарабынан салган камакка карата жабырлануучулардын укугу бузулууда.

Арыз ээлери Конституцияга ылайык сотко чейинки стадияда тергөө судьясы салган камак тергөөчүнүн, айыпталуучунун, жабырлануучунун, ошондой эле башка жактардын өтүнүчү боюнча тергөө судьтясы гана жокко чыгарыш керек.

Кайрылуу субъектилери Конституциянын 94-беренесине ылайык Кыргыз Республикасында сот адилеттигин сот гана жүзөгө ашырат деп белгилешет. Сот бийлиги сот өндүрүшүнүн конституциялык, жарандык, жазыктык, административдик жана мыйзамда каралган башка түрлөрү аркылуу жүзөгө ашырылат. Кыргыз Республикасынын сот системасы Конституциялык соттон, Жогорку соттон жана жергиликтүү соттордон турат. Ошентип, сот бийлигинин органдары жана сот адилеттиги формалары, сот актыларына даттануу жана аларды жокко чыгаруу укугу менен процедурасы бекитилген.

Мисал катары арыз ээлери жарандык сот өндүрүштө камсыздоочу чаралар максатында ишке катышкан жактардын арызы

боюнча сот мүлкко камак салышы мүмкүн. Камакты ишке катышкан жактардын арызы боюнча ошол эле сот жокко чыгарышы мүмкүн.

Жогоруда баяндалганды эске алуу менен, арыз ээлери талашылып жаткан ченемди КОнституцияга карама-каршы келет деп кабыл алууну суранышат.

Жоопкер тараптын өкүлү М. Орозобек уулу кайрылуучу тараптын жүйөлөрү менен макул болбостон, талашылып жаткан ченем кийинки негиздер боюнча Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Талашылып жаткан ченемде караштырылган чектөөлөр башка жактардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо максатын көздөйт, алар Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгүндө түптөлгөн адилеттүүлүк, акылга сыярлык жана өлчөмдөштү талаптарына жооп берет. Мында ушул чектөөлөр убактылуу мүнөзгө ээ, анткени анын узактыгы жазык өндүрүшү аяктап, процесстик чечим кабыл алынышы менен чектелет.

Камакка салуу тергелип жаткан жазык иши менен гана байланыштуу, ал КПКнын 27-беренесинин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздер боюнча барып токтотулат. Жазык өндүрүшү токтотулаары менен камакты сактоонун негиздери жоюлат, ошондой эле зыяндын ордун толтуруу боюнча кабыл алынган чаралардын жазык-процесстик мүнөзү да жокко чыгат, анткени жазык ишини токтотулушу менен камакты жокко чыгаруу мындай укуктук чаранынын колдонулушуна баа берүү менен байланыштуу эмес, анткени бул чараларды жокко чыгаруу мыйзамдын сөзсүз талабы болуп саналат. Мыйзам чыгаруучу жазык сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларынын зыяндын ордун тургузуу боюнча кабыл алынган мүлккө карата чаралар туурасындагы укуктарын калыбына келтирүү жана коргоо максатында иштин өндүрүшүн алып барган тергөөчүгө жазыктык куугунтуктоону токтотуу үчүн негиздер болгондо зыяндын ордун тургузуу боюнча кабыл алынган чараларды жокко чыгаруу боюнча укук берилет.

Жоопкер тараптын өкүлү тергөөчүнүн же башка органдын токтому КПКнын 125-беренесине ылайык даттанылышы мүмкүн, бул мыйзам менен соттук коргоого болгон укуктун ишке ашырылуусуна мүмкүндүктү камсыз кылат деп белгилейт.

Баяндалганга таянып, кайрылуучу тараптын өтүнүчүн канааттандыруусуз калтырылсын деп суранат.

Жоопкер тараптын башка өкүлү К.Т. Токтогазиев М. Орозобек уулунун жүйлөрүн колдогон.

2022-жылдын
15-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 04-Р

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун өкүлү М.Н. Сапиянова дагы кайрылуучу тараптын жүйөлөрү менен макул болгон жок жана аларды кийинкидей негиздер боюнча негизсиз деп эсептейт.

Укук үстөмдүгүнүн жана юридикалык теңдиктин пайдубал принциптеринен келип чыксак, мамлекеттин менчик мамилелерине кийилигишүүсү өзүм билемдик болбош керек жана коомдун кызыкчылыктарынын талаптары жанеа негизги укуктарды коргоонун зары шарттары ортосунда тең салмактуулукту бузбаш керек, бул конституциялык жактан корголуучу баалуулуктардын балансын камсыз кылуу үчүн жана адам артыкбаш түйшүккө дуушар кылбаш үчүн пайдаланылуучу каражаттар жана көздөгөн максат ортосунда акылга сыяр өлчөмдөштүктү болжойт.

Менчик укугун чектөө, эгер ал башка конституциялык маанилүү баалуулуктарды, анын ичинде башка адамдарды укуктары менен мыйзамдуу кызыкучылыктарын коргоо үчүн зарыл болсо, ошондой эле адилеттүүлү, акылга сыярлык жана өлчөмдөштү талаптарына жооп берсе, жалпы жана абстрактык мүнөзгө ээ болуп, артка кара колдонулуу күчү болбо жана ушул конституциялык укуктардын маңызына тийишпесе, анда ал мыйзам аркылуу ишке ашат.

Мында, М.Н. Сапиянова белгилендей, мүлккө камак салуу убактылуу мүнөзгө ээ, анын узактыгы жазык өндүрүшү аяктай турган процесстик чечим менен чектелет. Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучу КПКнын 121-беренесинин 13-бөлүгүндө иштин өндүрүшүн жүргүзгөн жактын же органдын токтомунун негизинде жазык сот өндүрүшү мүлккө камак салуу чараны колдонуу зарылдыгы болбой калганда ал ар кайсы стадиясында жокко чыгарылат деп белгилейт.

КПКнын 258-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнөн келип чыккандай, кылмыш (жазык) иши тергөөчүнүн токтому боюнча кыскартылат, анда шектүүнүн, айыпталуучунун инсандыгы жөнүндө маалымат келтирилет, иштин жагдайлары жана аны кыскартуунун негиздери баяндалат, ошондой эле бөгөт коюу чарасын жокко чыгаруу жөнүндө, ага тете материалдык зыяндын жана (же) моралдык зыяндын ордун толтурууну камсыз кылуу жана мүлктү конфискациялоо чаралары жөнүндө чечим көрсөтүлөт.

Жогорку соттун өкүлүнүн пикири боюнча жазык иши жабылган учурдан тартып жактын мүлккө ээлик кылуу, аны тескөө жана пайдалануу укугуна кийлигишүүнү актаган камактын мыйзамдуу максаты жоюлат. Ушул учурдан тартып мындай кийлигишүү өзүм билемдикке жатат жана кызыктар тарап анын токтотулушун күтүүгө укуктуу.

Жазык иши токтотулганда мүлккө салынган камак менчик укугу коомдук түйшүккө айланып, анын андан ары күчүндө болуунун негиздери жоюлган болот. Анын үстүнө жазык процесстик мамилелер менен шартталган атайын жокко чыгаруу тартибин колдонуу мүмкүндүгү да жокко чыгат. Ошентип, жазык өндүрүшү жабылганга чейин кайсы бир себептер менен аяктабай калган ар кандай коомдук-укуктук процедуралар жазык өндүрүшү жабылгандан тартып жазык процесстик мүнөзүн жоготот.

Ошол эле учурда, М.Н. Сапиянова белгилегендей, жазык иши боюнча мүлккө салынган камакты ишти жапкандан кийин жокко чыгаруу сотко чейинки тергөө органы тарабынан мындай чаранын колдонулушунун баасы менен байланыштуу эмес, ал эми тийиштүү чечимди кабыл алуу зарылдыгы талашсыз жана жазык процесстик укуктук мамилелердин токтотулушуна байланыштуу альтернативасыз болуп саналат.

Мында, КПКнын 125-беренесине ылайык алгачкы тергөө органынын, тергөөчүнүн, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин, прокурордун аракеттери (аракетсиздиги) жана чечимдери, эгер жүргүзүлүп жаткан аракеттер (аракетсиздиктер) жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын, ошондой эле башка жактардын кызыкчылыктарын козгосо, алар КПКда белгиленген тартипте даттанышы мүмкүн. Демек, тергөөчүнүн же прокурордун мүлккө камак салуу жөнүндө токтому сот тартибинде даттанылышы мүмкүн, бул укуктарды жана эркиндиктердин соттук коргоонун, анын ичинде даттануу укугунун кепилдиги болуп саналат.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, Жогорку соттун өкүлү КПКнын 121-беренесинин 13-бөлүгү Конституциянын 23-беренесинин 5-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 100-беренесинин 4-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын өкүлү У.У. Конкубаева кайрылуучу тараптын жүйөлөрү кийникдей негиздер боюнча негизсиз деп эсептейт.

Ал белгилегендей, укукка каршы жосундардын көрүнүштөрүнүн эң эле терс формаларынын бири материалдык зыян жана моралдык залакка келтирүү менен коштолгон кылмыштар болуп саналат. Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучу инсандын, коомдун жана мамлекеттин корголушун, аларды тез жана толук тергелишин гана эмес, материалдык зыяндын жана моралдык залаканын ордун тургузууну камсыздоо жазык сот өндүрүшүнүн милдеттерине киргизгени толугу менен логикалуу жана адилеттүү.

Тергөө органдары аталган милдеттерди жүзөгө ашыруунун укуктук механизмдери катары жазык-процесстик, анын ичинде мүлккө камак салуу түрү болуп өзгөчө орунду ээлеген мажбурлоо чараларын мыйзамда белгиленген тартипте колдонот. Эгерде жазык ишин тергөөнү ишке ашырып жаткан тергөөчүдө, прокурордо мүлк шектүүнүн, айыпталуучунун кылмыш аракеттеринин натыйжасында тартып алынган деген жетиштүү негиздери болсо, ал шектүүнүн, айыпталуучунун, материалдык зыяндын жана моралдык залаканын ордун тургузууга жооптуу жактын же башка жактын мүлкүнө камак салууну болжойт.

Материалдык зыяндын жана моралдык залаканын, башка мүлктүк дооматтардын ордун тургузуу же мүмкүн болуучу мүлктү конфискациялоо бөлүгүндө тергөө жана соттук териштирүү мезгилинде өкүмдүн аткарылышын камсыздоо үчүн мүлккө камак салуу соттун чечими боюнча ишке ашат. Демек, КПКнын 121-беренесинин 13-бөлүгүнүн күчүнөн улам камак жазык өндүрүшүн жүргүзгөн жана иштин нагыз жагдайларын аныктоо жана баалоо ыйгарым укуктуу жактын же органдын токтому, аныктамасы боюнча мүлккө мурда салынган камак жогорудагылардан улам жокко чыгарылат. Мында, талаш-тартыш учурунда мүлккө салынган камакты жокко чыгарууга ыйгарым укуктуу жактын же органдын аракеттерин (аракетсиздигин) КПКнын 125, 129, 130-беренелерине ылайык жогору турган орган же сот тарабынан текшерүү мүмкүндүгү жокко чыгарылбайт.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, У.У. Конкубаева талашылып жаткан ченем Конституцияга карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттин комитетинин өкүлү К.С. Сабыров дагы талашылып жаткан ченем Конституциянын жоболоруна карама-каршы келбейт деп эсептейт жана кийинкидей көз карашты келтирет.

Мүлккө камак салуу түрдөгү жазык-процесстик чара мажбурлоочу мүнөзгө ээ жана менчик ээсинин мүлккө ээлик кылуу, аны пайдалануу жана тескөө ыйгарым укуктарына, анын эркин эске албастан киришет, ошон үчүн ал прокурордун макулдугу менен тергөөчү берген өтүнүчтүн негизинде сот тарабынан гана колдонулат, ал дагы сотко ушул мажбурлоо чарасын колдонулушунун негиздүүлүгүн ырастаган иштин материалдарынын көчүрмөлөрүн, ошондой эле кылмыштын кыскача фабуласы менен маалымат, квалификациянын, кылмыш менен келтирилген зыян үчүн жооптуу шектелүүчү, айыпталуучу же жак, кылмыш менен келтирилген материалдык зыяндын

жана (же) моралдык залаканын мүнөзү жана өлчөмү, камакка салына турган мүлктүн наркы, анын жайгашкан орду тууралуу маалыматтар жана мүлккө камак салуунун зарылдыгы тууралуу тыянактар сотко тапшыруу менен ишке ашырылат.

Ушуга байланыштуу Конституциянын 15-беренеси менен караштырылган менчик ээсинин укуктарын коргоо, ошондой эле адилеттик принцибин сактоо максатында, ушул мажбурлоо чарасы колдонулган учурда мыйзам чыгаруучу КПКнын 121-беренесинин 13-бөлүгү менен иштин өндүрүшүн жүргүзгөн жак же орган мажбурлоо чарасын колдонуу зарылдыгын жоготкондо, аларга камак салууну жокко чыгаруу укугун берген.

К.С. Сабыров мыйзам чыгаруучу ушул эле логика менен КПКнын 258-беренесинин 2-бөлүгү менен жазык ишин кыскартуу жөнүндө токтомдо көрсөтүү жолу менен жазык ишини кыскартылышы жөнүндө чечимди кабыл алууда материалдык зыяндын жана (же) моралдык залаканын ордун тургузууну камсыздоо жана мүлктү конфискациялоо чарасын жокко чыгаруу жөнүндө буйрукчул ченемдик караштырган.

Аны менен, Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин өкүлүнүн пикири боюнча КПКнын 121-беренесинин 13-бөлүгү, 258-беренесинин 2-бөлүгү жарандардын соттук тартипте чечилишин талап кылган конституциялык укуктарын чектөөгө эмес, иштин өндүрүшүн жүргүзгөн жак же орган тарабынан ушул мажбурлоо чарасын колдонуу үчүн негиздердин жоктугун көрсөткөн жагдайлар белгиленген учурда менчик ээсинин мүлккө ээлик кылуучу, аны пайдалануучу жана тескөөчү конституциялык укуктарынын убактылуу чектелгенин токтоосуз калыбына келтирүүгө багытталган.

Баяндалгандын негизинде, К.С. Сабыров кайрылуучу тараптын өтүнүчүнүн негиздиги тууралуу көз карашын айтат.

Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин экинчи өкүлү З.О. Суваналиев К.С. Сабыровдун жүйөлөрүн колдогон.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин өкүлү Б.М. Мусаев талашылып жаткан ченем Конституциянын жоболоруна кийинкидей негиздер боюнча карама-каршы келбейт деп эсептейт.

КПКнын 258-беренесине ылайык Кылмыш иши тергөөчүнүн токтому боюнча кыскартылат, анда шектүүнүн, айыпталуучунун инсандыгы жөнүндө маалымат келтирилет, иштин жагдайлары жана аны кыскартуунун негиздери баяндалат. Токтомдо КПКнын 86-беренесинин эрежелерине ылайык буюм далилдери жөнүндө, бөгөт коюу

чарасын жокко чыгаруу жөнүндө, ага тете материалдык зыяндын жана (же) моралдык зыяндын ордун толтурууну камсыз кылуу жана мүлктү конфискациялоо чаралары жөнүндө чечим көрсөтүлөт. Ишти кыскартуу жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн тергөөчү прокурорго жөнөтөт, бир эле учурда кыскартуунун негиздерин көрсөтүү менен ал боюнча иш кыскартылып жаткан адамга, жабырлануучуга, анын арызы боюнча тергөө башталган адамга жана (же) уюмга билдирет жана аларга даттануу укугун түшүндүрөт. Алардын арызы боюнча сотко чейинки өндүрүшү башталган жабырлануучунун, адамдын жана (же) уюмдун же алардын өкүлдөрүнүн өтүнүчү боюнча тергөөчү, прокурор кыскартылган иштин материалдары менен аларды тааныштырат. Кылмыш иши кыскартылгандан кийин тергөөчү 5 сутканын ичинде кабыл алынган чечимдин мыйзамдуулугун иликтөө үчүн ишти прокурорго жөнөтөт. Кылмыш ишин алган күндөн тартып 10 сутканын ичинде прокурор аны кыскартуу жөнүндө чечимдин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн таануу тууралуу корутунду чыгарат же болбосо ал кабыл алган чечимдин негиздемесин көрсөтүү менен кылмыш-жаза ишин кыскартуу жөнүндө токтомду жокко чыгаруу тууралуу токтом чыгарат.

Б.М. Мусаев баяндалгандын негизинде арыз ээлеринин өтүнүчүн канааттандыруусуз калтыруунун суранат.

М.С. Бегимбаева Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин өкүлү дагы арыз ээсинин жүйөлөрү менен макул болгон жок жана кийнкидей пикир билдирген.

КПКнын 117-беренесине ылайык кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жүргүзүүнүн тартибин, өкүмдүн талаптагыдай аткарылышын камсыз кылуу максатында кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жүргүзгөн орган шектүүгө, айыпталуучуга карата мүлккө камак салуу кылмыш-жаза сот өндүрүшүн камсыз кылуу чараларынын бири. Мүлккө камак салуу -кылмыш-жаза чарасын камсыздоо чарасы ушул мааниде мыйзамда акталган чара болуп саналат жана Конституцияга туздөн-түз карама-каршы келбейт.

КПКнын 121-беренеси менен мүлкко камак салуу жөнундө жоболор аныкталган, ага ылайык тергөөчү, прокурор мүлкко камак салуу чараларды кабыл алаары белгиленген. Жабырлануучу тергөөчү судьяга мүлккө камак салуу жөнүндө өтүнүчтү берүүгө укуктуу.

Мүлккө камак салууда, кылмыш иши өндүрүшүндө турган адам прокурордун макулдугу менен тергөө судьясынын алдында шектүүнүн, айыпталуучунун, материалдык залалдын жана (же) моралдык зыяндын ордун толтуруу үчүн жооптуу адамдын мүлкүнө камак

салуу жөнүндө токтом чыгарат. Токтомго өтүнүчтүн негиздүүлүгүн ырастоочу иштин материалдарынын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү тиркелет.

М.С. Бегимбаева белгилегендей, камакка салуу жөнүндө өтүнүчтү кароо тартиби КПКнын 268-беренесинде блгиленген. Аны менен, мыйзам чыгаруучу камакка салуу жөнүндө маселени чечүү боюнча тийиштүү субъектилеринин аракеттеринин тартибин аныктаган.

Ошентип, белгиленген тартипке ылайык мүлккө камак салуу жөнүндө өтүнүчтү козгоо тууралу тергөөнү жүргүзүп жаткан адамдын токтому материалдар сотко келип түшкөн учурдан тартып сотко чейинки өндүрүш өткөрүлгөн жери боюнча прокурордун катышуусу менен 24 саат ичинде сот отурумунда тергөө судьясы кароо тийиш. Тергөө судьясы мүлккө камак салуу жөнүндө өтүнүчтү карап чыгып, мүлккө камак салууну канааттандыруу же андан баш тартуу жөнүндө токтом чыгарат.

Юстиция министрлигинин өкүлү белгилегендей, КПКнын 264-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык тергөө судьясынын токтому мыйзамдуу күчүнө токтоосуз кирет жана милдеттүү аткарылууга жатат. КПК караган учурларда тергөө судьясынын токтому аппеляциялык жана кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн жана анын аткарылышын токтото турбайт.

Мүлккө камак салууну жана аны алууну судья тергөөчүнүн, прокурордун, анын ичинде жабырлануучунун өтүнүчүнүн негизинде ишке ашырыла тургандыгы келип чыгат.

Өкүл арыз ээлеринин өтүнүчүндөгү КПКнын 121-беренесинин 13-бөлүгүнө жасалган шилтемеси менен соттун мүлккө салган камакты тергөөчүнүн жокко чыгаруусу тууралуу учурду тергөөчүнүн укук ченемине жатпаган процесстик аракети катары бааланы керек деп белгилейт. Анткени, мүлккө салынган камакты жокко чыгаруу боюнча ыйгарым укук тергөөчүнүн КПКнын 37-беренеси менен белгиленген ыйгарым укуктар алкагына кирбейт.

М.С.Бегимбаева, баяндалгандын негизинде, КПКнын талашылып жаткан ченеми Конституциянын ченемдерине карама-каршы келбейт деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, үчүнчү жактардын пикирин угуп, иштин материалдарын изилдеп чыгып, кийинкидей тыянактарга келди.

1. «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык Конституциялык сот ченемдик укуктук актынын конституциялуулу-

гу күмөн жараткан бөлүгүнө гана тийиштүү болгон предмет боюнча актыларды чыгарат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун бул иш боюнча кароо предмети болуп төмөнкүдөй мазмундагы КПКнын 121-беренесинин 13-бөлүгү саналат:

«121-берене. Мүлккө камак салуу

13. Мүлккө камак салуу чарасын колдонуунун зарылдыгы жок болгондо, бул иш анын өндүрүшүндө турган адамдын же органдын токтомунун негизинде кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн кандай гана болбосун баскычында мүлккө камак салуу жокко чыгарылат.».

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси 2021-жылдын 28-октябрында №129 номур менен мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык кабыл алынган, «Эркин-Тоо» гезитинин 2021-жылдын 16-ноябрында № 122-123 сандарында жарыяланган, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы болуп саналат.

2. Конституцияга ылайык ар бир адамга өзүнүн Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берилет. (61-берененин 1-бөлүгү).

Эл аралык укуктун ченемдери, асыресе, Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 8, 10-беренелери, ошондой эле Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 2 (2-пункту жана 3-пунктунун «а» пунктчасы) жана 14-беренелери (1-пункт) менен үндөшкөн каралып жаткан конституциялык ченемден мамлекет укуктун акыйкат, компетенттүү, толук кандуу жана натыйжалуу соттук коргоо аркылуу ишке ашырылуусун камсыздоого милдеттүүлүгү келип чыгат.

Кыргыз Республикасынын Жогоорку сотунун Конституциялык палатасы соттук коргоо аркылуу укуктун ишке ашырылуусу боюнча өзүнүн көз карашын бир нече жолу билдирген (2015-жылдын 9-декабрындагы, 2018-жылдын 1-ноябрындагы, 2018-жылдын 24-январындагы, 2019-жылдын 16-январындагы, 2020-жылдын 16-сентябрындагы Чечимдери), ага ылайык соттук коргоо бардык башка укуктары менен эркиндиктердин маанилүү конституциялык кепилдиги, аны камсыздоо сот бийлигинин бийликтерди бөлүштүрүү тутумундагы өзгөчө орду менен шартталган жана сот адилеттигин жүзөгө ашыруу тек гана анын компетенциясы болуп саналат.

2022-жылдын
15-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 04-Р

Кыргыз Республикасы укуктук мамлекет катары адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктерин натыйжалуу корголушун акыйкаттыктын талаптарына жооп берген сот адилеттиги аркылуу камсыздоого милдеттүү, анткени алар гана иштер кайсы сотто жана кандай кандай тартипте каралышын алдын ала аныктайт, бул сот үчүн да, сот процессинини башка катышуучулары үчүн да алар жасап жаткан аракеттеринин акыйкат жана мыйзам алкагында болушуна ишенүүгө жол берет.

Кыргыз Республикасында сот адилеттиги сотто гана ишке ашырылат (Конституциянын 94-беренесинин 1-бөлүгү). Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу сот бийлигинин гана компетенциясы дегенди билдирет. Сот өзүнүн улук озуйпасынын күчүнөн улам бийликтин өзгөчө эгеси жана бир дагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз ылданча башкаруу бийлиги ээ болбогон бийлик-тескөөчүл ыйгарым укуктарына ээ. Сот бийликтин атынан жана анын жүзү болуп сот адилеттигин ишке ашырып, өз эркине баш ийдирүү, белгилүү бир аракеттерди жасоого же тийиштүү жүрүм-турумду карманууга мажбурлоо мүмкүндүгүнө ээ. Мызамдуу күчүнө кирген соттук чечимдер, ошондой эле мыйзамдуу тескемелер, талаптар, тапшырмалар бирин калтырбастан бардык мамлекетик бийлик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдар, коомдук бирикмелер, кызмат адамдары, башка юридикалык жактар жана жеке жактар үчүн жалпыга милдеттүү болуп саналат жана кыйшаюсуз аткарылууга жатат. Сот чечимин аткарбагандар үчүн жоопкерчиликтин ар кандай түрлөрүнө алып келет.

Ошентип, мамлекеттин институттарынын функцияларынын арасында сот адилеттигин жүзөгө ашыруу борбордук орунду ээлейт, жана ал болгон үчүн мамлекеттик бийликтин табияты укуктук жана түшүнүктүү мүнөзгө ээ болот.

3. Укукка каршы жосундардын көрүнүштөрүнүн эң эле терс формаларынын бири болуп материалдык зыянды жана моралдык залаканы келтирүү менен болгон кылмыштар (жоруктар) саналат.

Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучу жазык сот өндүрүшүнүн милдеттерине инсандын, коомдун жана мамлекеттин кылмыштардан жана жоруктардан коргоону, алардын тез жана толук тергелишин гана эмес, материалдык зыяндын жана моралдык залаканын ордун толтурууну камсыздоону да камтыганы логикага да, акыйкатттыка да жатат (КПКнын 6-беренеси).

Мыйзам чыгаруучунун мындай мамилеси кылмыштардан (жоруктардан) жабыр тарткандарга келтирилген материалдык зыяндын

милдеттүү ордун толтурулушун болжогон, алардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын соттук коргоо жөнүндө конституциялык кепилдикти камсыздоо зарылдыгы менен шартталган.

Ушуга байланыштуу, сот өкүм чыгарууда материалдык зыян келтирилген кылмыш жөнүндө ар бир иш боюнча жарандык доону чечиш керек, ал эми доо келтирилбесе, өзүнүн демилгеси боюнча зыяндын ордун толтуруу боюнча чечимди кабыл алуу маселесин талкууга салыш керек.

Белгиленген милдеттерди ишке ашыруунун укуктук механизми катары сотко чейинки өндүрүш органдары жазык-процесстик мажбурлоо чараларын, анын ичинде мүлккө камак салуу сыяктуу түрү өзгөчө орунду ээлеген мажбурлоо чараларын мыйзамда белгиленген тартипте колдонушат. Эгерде сотко чейинки өндүрүштү жүргүзгөн органда мүлк шектүүнүн, айыпталуучунун кылмыштуу иш-аракеттеринин натыйжасында алынган же болбосо кылмыштын куралы же каражаты катарында колдонуу үчүн пайдаланылган же арналган деп болжолдоого жетиштүү негиздер болсо, шектүүдө, айыпталуучу, материалдык зыяндын жана моралдык залаканын ордун тургузуу үчүн жооптуу адамда турган мүлктөргө камак салууну болжойт.

Мүлккө камак салуу, баарыдан мурда, кылмыштан жабыр тарткан адамдардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо аркылуу кызмат кылат жана кылмыш менен келтирилген зыяндын ордун толтурулушун камсыздайт. Бирок ушул гана көрсөтмө үчүн гана эмес, ал өкүмдү аткарууга байланыштуу, мындан да кеңири алкактарда, башка коомдук укуктук кызыкчылыктарда чагылдырылып, мүлктү мүмкүн болуучу конфискациялоону, жазык жазалоо чарасы катары процесстик чыгымдар же айып түрүндөгү мүлктүк төлөмдөрдү, ошондой эле жазык иш боюнча буюмзаттык далилдерге тийиштүү мүлктүн сакталышы боюнча чараларды камсыздоо менен колдонулат.

Мында, мүлккө камак салуу жазык иши кыскартылганда же конкреттүү адамды жазык куугунтугу токтотулганда; актоочу өкүм чыкканда; доогердин жарандык доодон баш тартканда; сот жарандык доону канааттандыруудан баштартканда; доо кароосуз калганда; мүлк кылмыш жолу менен табылгандыгы далилденбегенде; мүлк жарандык жоопкерге таандык эместиги далилденгенде жокко чыгарылат.

Ошол эле учурда тийиштүү чектөөчү чараларды жокко чыгаруу мүлккө камак салуу мажбурлоо чарасынан маанилүүлүгү кем эмес, анткени мүлккө камак салууну негизсиз жокко чыгаруу кылмыштан

жабыр тарткандардын мүлктүк укуктарынын бузулуу, моралдык залалдын ордун компенсациялоону, соттук чыгымдардын ордун толтуруунун, айыптарды төлөтүүнүн жана мурда камактагы мүлктү мүмкүн болуу жашыруу же жоготуу күчүнө байланыштуу мүлктү конфискациялоону мүмкүн эместик коркунучу бар.

Ушундан улам, дал ушул аспектиде мулкк камак салууну жокко чыгаруучу укуктук ченемдердин ишке ашырылуусуна соттук контролдоонун натыйжалуу иштөө маселеси орчундуу мааниге ээ болууда.

4. БУУнун Адам укутарынын жалпы декларациясы 1948-жылдын 10-ноябрында адамдын негизги укуктары менен эркиндиктерин жарыялаган, анын жүзөгө ашырылуусуна бардык эл жана мамлекеттер, анын ичинде жазык сот өндүрүшүн жүзөгө ашырууда да умтулуш керек.

Кыргыз Республикасы эгемендикке ээ болгондон тарта мамлекеттик түзүлүштүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн үлгүсү гана эмес, формасы да түп тамырынан бери өзгөргөн. Социалдык баалуулуктардын приницпиалдуу жаңы иерархиясы да пайда болду. Адам укуктары менен эркиндиктери артыкчылык мааниге ээ болду. Кыргыз Республикасы укуктук мамлекет катары адам укуктары менен эркиндиктерин сактоого, аларды коргоого жана эркин өнүгүшүн камсыз кылууга кадыресе умтулат.

Жазык куугунтуктоонун функцияларын жүзөгө ашыруу, кылмышты ачуу жана айыпталуучунун бетин ачуу адамдын жана жарандын Конституцияда каралган укуктары менен эркиндиктерин чектөө менен байланышпай койбойт. Мында алгачкы тергөөчү, алгачкы тергөө органы, тергөөчү, прокурор тарабынан кетирилген укук бузуулар жана каталар жазык сот өндүрүш чөйрөсүнө кайсы бир сапатта аралашкан жеке жана юридикалык жактардын укуктары менен кызыкчылыктарын козгойт. Ошон үчүн сотко чейинки өндүрүштуишке ашырган органдардын процесстик ишине соттук контроль жазык сот өндүрүшүнүн ушул этабында мыйзамдуулукту камсыз кылуунун маанилүү каражаты катары кызмат кылат.

Ушуга байланыштуу, Конституция менен сотко чейинки өндүрүш этабында кепилденген соттук коргоо укугу жазык-процесстик мыйзамдарда соттук контролду жүзөгө ашыруучу тергөө судьясынын институтун бекитүү жолу менен ишке ашырылган (КПКнын 29-беренесинин 8-бөлүгү).

Тергөө судьясы – айыпталуучунун укуктарын жана эркиндиктерин чектөөчү чараларды колдонуучу, алгачкы текшерүү органынын

кызмат адамынын, тергөөчүнүн, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин, прокурордун аракеттеринин (аракетсиздигинин) жана чечимдеринин мыйзамдуулугуна соттук контролду жүзөгө ашыруучу судья (5-берененин 58-пункту, 31-беренесинин 2-бөлүгү).

Көрсөтүлгөн институттун иштеши ар кимдин мыйзамсыз аракеттерден жана укук коргоо органдарынын өзүм билемдигинен соттук коргоо аркылуу укуктарын ишке ашыруунун маанилүү кепилдиги болуп саналат. Ошол эле учурда тергөө судьясы айыпталуучунун күнөөлүү же күнөөлүү эместиги тууралуу маселени карап чечпейт. Демек, ал ишке ашыруучу соттук контроль сот бийлигинин, баарыдан мурда, сот өндүрүшүнө чейинки стадияда инсандын бузулган укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын токтоосуз калыбына келтирүүгө багытталган өз алдынча функция болуп саналат.

Соттун бейтарап макамы тараптардын атаандаштык жана тең укуктуулук конституциялык принцибин ишке ашырып, айыптоочу тараптын жана коргоочу тараптын жүйөлөрү жана ой-жүгүртүүлөрү байланышпайт жана жазык куугунтуктоо органы тарабынан процесстик аракеттерди жүргүзүү зарылдыгына калыс баа берүүгө жол ачат.

Соттун соттук контролдоону ишке ашыруу боюнча иши тараптардын укуктук талашын (чырын) кайсы бир деңгээлде чечүүгө байланышкан, ал эми тараптардын процесстеги кызыкчылыктары объективдүү түрдө ар кандай болгондугуна байланыштуу ал ачык же жабык формада жашап келет. Ага кошумча болуп, дал кызыкчылыктар кагылышы соттук текшерүү зарылдыгын чакырып, чечилүүнү талап кылат. Соттук контроль сотко чейинки өндүрүштө кийинкидей формаларды караштырат: сот үй камагы жана камакка алуу, мүлккө камак салуу, инсандын кат алышуу, почто, телеграф жана башка кабар алуу сырына, ошондой эле турак жайдын жана башканын кол тийбестигине конституциялык укуктарды чектөөчү тергөө аракеттеринин өндүрүшү тууралу бөгөт коюу чаралары сыяктуу чечимдерди кабыл алат. Мындай соттук окнтроль ишти маңызы боюнча кароо болуп саналбайт, анткени ал жазык жоопкерчилиги жөнүндө маселени чечүүгө багытталбастан, ишти соттук териштирүүгө даярдоодо шарттарды түзүүгө жана жазык процессиндеги катышуучулардын укуктары менен кызыкчылыктарын коргоого багытталган.

5. Мыйзам чыгаруучу камакка салынган мүлк ээсинин ээлик кылууга, пайдалануга жана тескөөгө убактылуу чектелген конституциялык укуктарын ыкчам калыбына келтирүү максаттарында

мүлккө камак салуу чарасын колдонуунун зарылдыгы жок болгондо, бул иш анын өндүрүшүндө турган адамга же органга мүлккө камак салууну жокко чыгаруу укугун берген (КПКнын 121-беренесинин 13-бөлүгү).

Маселен, жазык иши кыскартылган учурда КПкнын 258-беренесинин 2-бөлүгү менен тергөөчү жазык ишти кыскартуу тууралуу чечим кабыл алганда матарилдык зыяндын жана (же) моралдык залаканын ордун толтуруу жана мүлктү конфискациялоо чарасын жокко чыгаруу жөнүндө буйрукчул мүнөздөгү ченем караштырылган, ал тууралуу жазык ишти кыскартуу жөнундө токтомдо көрсөтүлөт. Тергөөчү жазык ишти кыскарткандан кийин 5 сутканын ичинде прокурорго ишти кабыл алынган чечимдин мыйзамдуулугун текшертүү жөнөтөт.

Өз кезегинде прокурор жазык ишин алган күндөн тартып 10 сутканын ичинде аны кыскартуу жөнүндө чечимдин мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн таануу тууралуу корутунду чыгарат же болбосо ал кабыл алган чечимдин негиздемесин көрсөтүү менен кылмыш-жаза ишин кыскартуу жөнүндө токтомду жокко чыгаруу тууралуу токтом чыгарат.

Ошентип, КПКнын 260-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык жазык ишин кыскартуу жөнүндө тергөөчүнүн токтому жокко чыгарылганда кыскартылган иш боюнча өндүрүш кайра башталат.

Ошону менен бирге, сот тарабынан мүлккө салынган камакты жокко чыгаруу боюнча аракеттерди КПКнын 130-беренесинин 1-бөлүгү менен кепилденген соттук контролдоонун мүмкүндүгүнө карабастан сот гана караган бийликке кол салуу мүмкүндүгү байкалууда, бул Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик органдарынын жана бийликтин сот бутагынын конституциялык-укуктук тутумун куруу тартиби жөнүндө конституциялык принциптердин көз карашынан алганда такыр жол берилгис болуп саналат.

Конституциянын 100-беренесинин 4-бөлүгүнүн күчүнөн улам «Сот чечимин жокко чыгаруу, өзгөртүү же токтото туруу сот тарабынан мыйзамда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.». Мындан соттон башка бир дагы орган өзүнө соттун функцияларын ала албайт, соттун бир да чечими мазмунуна карабастан, анын ичинде мүлккок амак салуу жөнүндө маселелерди жокко чыгарууга кошкондо жокко чыгарылышы, өзгөртүлүшү же токтото турулуш мүмкүн эмес деген келип чыгат.

Андан тышкары, колдонуудагы уккутук жөнгө салуу жабыр тартканга келтирилген материалдык зыяндын жана (же) моралдык

залаканын ордун толтуруу, айыптарды төлөтүү жана мүлктү мүмкүн конфискациялоону камсыздоо маселелси олуттуу тобокелге туш болууда. Алсак, тергөөчү жазык ишин кыскартуу жана прокурор тарабынан мындай чечимдин мыйзамсыздыгын жана негизсидигин белгилөө мезгилинде жазык сот өндүрүшүнүн жогоруда көрсөтүлгөн маселелерин чечилиши болжонгон камакка алынган мүлктү ажыратуу, жоготуу же жашырып кетүү мүмкүндүгү пайда болот. Жазык иши кыскартылган учурда мүлктү камактан «автоматтык түрдө» алып чыгуунун мындай тартиби жазык-процесстик мажбурлоонун көрсөтулгөн чарасынын натыйжалуулугун жоготууга алып келет, бул сот өкүмүнүн толук кандуу аткарылышын мүмкүн эместигине алып келиши мүмкүн, ал өз кезегинде жабырлануучунун жана жазык процессинин башка катышуучуларынын укуктарын кемсинтүүгө алып келиши мүмкүн.

Баяндалганы эске алуу менен, шектүүнүн, айыпталуучунун жана жасалган кылмыштын кесепеттерине жооптуу адамдын мүлуно камак салуу маселесин соттун карамагында калтыруу максаттарын келип чыгып, мүлккө камак салуу чечимин чыгарган сот гана аны жокко чыгаруусу мамлекеттик бийлик органдарынын тутумунда бийликтин сот бутагынын орду жана макамы тууралуу конституциялык орнотмого, ошондой эле бийликтин башка органдары тарабынан сот актысын жокко чыгаруунун, өзгөртүүнүн же токтото туруунун мүмкүн эместиги принциптерине жооп берет. Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучу мүлкко камак салууну жокко чыгаруу тартибине тийиштүү колдонуудагы укуктук жөнгө салууга тиешелүү түзөтүү киргизүүгө зарыл.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4 жана 5-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Ч Е Ч Т И:

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 121-беренесинин 13-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 5-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 100-беренесинин 4-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанылсын.

2. Кыргыз Рсепубликасынын Министрлер Кабинети ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн келип чыккан тиешелүү өзгөртүүлөрдү колдонуудлагы укуктук жөнгө салууга демилге кылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 121-беренесинин 13-бөлүгү ушул Чечимге ылайык келтирилгенге чейин кызыкдар тараптардын кайрылуусу боюнча камакка салынган мүлк сотко чейинки өндүрүштүн кайсы гана стадиясында болбосун мүлккө камак салган соттун гана токтому менен чыгарылышы мүмкүн деп белгиленсин.

4. Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

5. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бардык аймактарында аткарылууга тийиш.

6. Ушул чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Конституциялык соттун расмий сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун жарчысында» жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

2022-жылдын
29-июну
Бишкек шаары

№ 05-Р

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Жалал-Абад шаардык сотунун судьялары Алтынбек Калмамат уулу жана Аида Айдаралиевна Апысованын суроо-талабына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 87-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

Ч Е Ч И М И

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаевдин, судьялар М.Р. Бобукееванын, К.А. Дуйшеевдин, Л.П. Жумабаевдин, М.Ш. Касымалиевдин, К.Дж. Кыдырбаевдин, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы Н.А. Кененсариеванын,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4, 17, 38, 45-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 87-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти жазуу жузүндөгү процедура боюнча карап чыкты.

Жалал-Абад шаардык сотунун судьялары Алтынбек Калмамат уулу жана Аида Айдаралиевна Апысованын суроо-талабы бул ишти кароого себеп болду.

Бул ишти кароого негиз болуп Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 87-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү маселесинде пайда болгон күмөндүүлүк саналат.

Ишти соттук отурумга даярдоону жүргүзгөн судья-баяндамачы Л.П. Жумабаевдин маалыматын угуп, келтирилген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2022-жылдын 1-апрелинде Жалал-Абад шаардык сотунун судьялары А. Калмамат уулу жана А.А. Апысованын Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин (мындан ары – Салык кодекси) 87-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 3, 4, 5-бөлүктөрүнө, 31-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө суроо-талабы келип түшкөн.

2022-жылдын
29-июну
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 05-Р

Талашылып жаткан ченемдердин талаптарына ылайык Жалал-Абад шаары боюнча Мамлекеттик салык кызматы тарабынан Жалал-Абад шаардык сотуна жеке жактардын жана уюмдардын жетекчилеринин өлкөдөн чыгуусун чектөө тууралуу 25 арыз берилген.

Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин (мындан ары – ЖПК) 142-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык ишке катышуучу жактардын арызы боюнча сот доону камсыз кылуу чараларын көрүшү мүмкүн. Эгерде мындай чараларды көрбөө соттун чечимин аткарууну кыйындатса же мүмкүн эмес кылса, доону камсыз кылууга сот доону өндүрүшкө кабыл алгандан кийин гана, ишти кароонун кайсы болбосун стадиясында жол берилет.

Мында, кайрылуу субъектилеринин пикири боюнча ЖПКнын 144-беренеси доону камсыз кылуу чарасы катары жоопкердин өлкөдөн чыгуусун чектөөнү караштырбайт, бирок ошол эле мезгилде, зарыл учурларда сот (судья) доону камсыз кылуу боюнча аталган Кодекстин 142-беренесинде көрсөтүлгөн максаттарга жооп берген башка чараларды көрө алат деп бекитет.

Ушуга байланыштуу Жалал-Абад шаардык сотунун судьялары, соттор ЖПКнын 142-беренесинин 2-бөлүгүнө негизденип, жарандардын өлкөдөн чыгуусун чектөө жөнүндө соттук актыларды чыгарууга укуктуубу деген суроо коюшууда, анткени Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2018-жылдын 30-майындагы чечими менен, эгер арыз ээсине карата сотко жарандык доомат коюлса, иш боюнча териштирүү аяктамайынча анын өлкөдөн чыгуусуна убактылуу баш тартылышы мүмкүн деп караштырган «Тышкы миграция жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 46-беренесинин 1-бөлүгүнүн 8-пункту конституциялуу эмес деп таанылган.

Баяндалганды эске алуу менен, Жалал-Абад шаардык сотунун судьялары А. Калмамат уулу жана А.А. Апысова талашылып жаткан ченемдердин Конституцияга ылайык келүүсүн тешкерүүнү сурانышууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 30-апрелиндеги аныктамасы менен көрсөтүлгөн судьялардын суроо-талабы өндүрүшкө кабыл алынган.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 38-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык судьянын (судьялардын) суроо-талабы боюнча ишти кароо жазуу жүзүндөгү процедура боюнча жүзөгө ашырылат. Жогоруда аталган конституциялык Мыйзамдын 34-беренесинин 3-бөлүгүнө

ылайык суроо-талабы Конституциялык соттун өндүрүшүнө кабыл алынган судья (судьялар) тарап катары таанылбайт, отурумга чакырылбайт.

Судья-баяндамачынын 2022-жылдын 30-апрелиндеги аныктамалары менен каралып жаткан иш боюнча жоопкер тарап болуп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, үчүнчү жактар болуп Кыргыз Республикасынын Жогорку соту (мындан ары – Жогорку сот) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы (мындан ары – Мамлекеттик салык кызматы) таанылган.

Жоопкер тарап келтирген каршы пикирде, өлкөдөгү салыктарды башкарууну жакшыртууга багытталган механизмдердин бири болуп Салык кодексинин 87-беренеси менен орнотулган салык төлөөчү мойнуна алган 1000 эсептик көрсөткүчтөн ашкан өлчөмдө салык карызы бар жеке жактын же уюмдун жетекчисинин тышка чыгуусун чектөө саналат деп белгиленген. Бул механизм адамдын өлкөнүн аймагынан чыгуусуна чектөөнү орнотот, бирок анын Кыргыз Республикасынын аймагындагы орун которуу эркиндигине, убактылуу туруу жана жашоо ордун тандоого болгон укуктарын эч чектебейт.

Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, калктын саламаттыгы менен адеп-ахлагын сактоо, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн. Мында көрсөтүлгөн максаттардын ишке ашырылуусу өлкөнүн экономикалык бакубаттуулугуна толук көз каранды жана тийиштүү каржылоосуз ишке ашырылышы мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджет негизин салыктар түзөт, алардын маанилүүлүгү Конституциянын 50-беренеси менен ар кимдин салык жана мыйзамдарда белгиленген учурларда жана тартипте жыйымдарды төлөө милдети түрүндө белгиленген.

Каршы пикирде Президенттин 2021-жылдын 20-декабрындагы ПЖ № 570 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук Концепциясы менен салыктарды жана жыйымдарды төлөөнүн милдеттүүлүгү улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун артыкчылыктуу принциптеринин бири катары орнотулганы да белгиленген.

Конституциянын 19-беренесинин жоболоруна ылайык мамлекет элдин бакубат жашоосуна жана аларды социалдык коргоого камкордук көрөт. Мында, мамлекет тарабынан жарандарга убайын

тартуу толугу менен мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүргүзүлөт. Демек, бир салык төлөөчү тарабынан салыктардын төлөнүлбөшү, социалдык жардам алууга муктаж болгон башка адамдардын укуктарын бузушу мүмкүн, бул акырында бүтүндөй коомдун бакубаттуулугуна терс таасирин тийгизет.

Жогорку соттун көз карашына ылайык талашылып жаткан ченемдердин Конституциянын 23-беренесинин 3, 4 жана 5-бөлүктөрүнө, 31-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнө ылайык келбөөсү байкалбайт.

Ошону менен бирге, Жогорку сот ЖПКнын 142-беренесинин 1-бөлүгүнө көңүл бурат, анда сот, ишке катышуучу жактардын арызы боюнча, эгер ал соттун өндүрүшүнө кабыл алынган болсо, доону камсыз кылуу чараларын көрүшү мүмкүн деп бекитилген. Демек, доо (арыз) жок болсо, сот жарандын чыгуусуна чектөө коюу жолу менен аны камсыз кылуу чараларын көрө албайт.

Мамлекеттик салык кызматынын көз карашы өзүнүн мазмуну боюнча жоопкер тараптын каршы пикирлерине окшош. Ошону менен бирге, өлкөдөн чыгууга чектөөнү киргизүү республикада салык тартибинин денгээлинин кескин түшүп кетүүсү жана өзүнүн салык милдеттенмелерин аткарбаган, ак ниет эмес салык төлөөчүлөрдүн санынын өсүп кетүүсү менен шартталган.

Алсак, 2022-жылдын 1-майындагы абалга карата салык карызы бар субъектилердин саны 181384 болуп, алардын карызынын жалпы суммасы 24895,6 млн. сомду түзгөн, ал эми камсыздоо төлөмдөрү боюнча карызы бар субъектилердин саны 14459 болуп, анын жалпы суммасы 2030,6 млн. сомду түзгөн.

Салык кодексинин 85-беренесине ылайык салык төлөөчү моюнуна алган салык карыздарынын суммасы төлөнбөгөн же толук түрдө төлөнбөгөн учурда салык органы ал карызды талашсыз тартипте өндүрүп алуу укугуна ээ. Демек, Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары чыгууну чектөө боюнча чаралар салык органынын тийиштүү чечимдерине жана аракеттерине даттануу укугу жокко чыккан салык төлөөчүлөргө карата гана колдонулат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жазуу жүзүндө келтирилген судьялардын суроо-талабын, жоопкер тараптын каршы пикирлерин, үчүнчү жактардын түшүндүрмөлөрүн карап, талкуулап жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, кийинкидей тыянактарга келүүдө.

1. «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык Конституциялык сот кайрылууда козголгон предмет боюнча анын

ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн жараткан бөлүгүнө карата гана актыларды чыгарат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун бул иш боюнча кароо предмети болуп Салык кодексинин кийинкидей мазмундагы 87-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү саналат:

«87-берене. Салык карызы бар салык төлөөчүлөрдүн Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары чыгуусун чектөө

1. Салык кызматынын органдары салык төлөөчү мойнуна алган 1000 эсептик көрсөткүчтөн ашкан өлчөмдө жана салык карызынын аткарылышын камсыз кылуу жөнүндө кабарлама сотко берилген күндөн кийинки 15 жумушчу күндүн ичинде аткарылбаган салык карызы бар жеке жактын же уюмдун жетекчисинин тышка чыгуусун чектөө жөнүндө арыз менен кайрылууга укуктуу.

2. Тышка чыгууну чектөө жөнүндө арыз доону камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын жарандык процесстик мыйзамдарында каралган тартипте райондук (шаардык) сот тарабынан каралат.».

Салык кодекси мыйзамдарда белгиленген тартипке ылайык кабыл алынган, «Эркин-Тоо» гезитинин 2022-жылдын 19-январында № 4-9 сандарында жарыяланган, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы акты болуп саналат.

2. Мамлекет коомду башкаруучу башкы тутум болуп саналат, ал укуктук жөнгө салуу аркылуу анын тиричилигин иреттөөгө, анын орундуу иштешин жана өнүгүшүн камсыз кылууга багытталган. Көрсөтүлгөн милдеттерди аткарууну тийиштүү финансылык база – мамлекеттин бюджети болмоюн ишке ашыруу мүмкүн эмес.

Мамлекеттик бюджет коомдук ишмердиктин бардык чөйрөлөрүндө жалпы мамлекеттик милдеттерди жүзөгө ашыруунун ажырагыс белгиси жана негизги куралы болуп саналат. Ошондуктан мамлекет өзүнүн ишин камсыз кылуу жана коомдук функцияларын (мамлекеттик бюджеттин чыгымдарын) аткаруу зарылдыгына байланышкан мамлекеттин өтө маанилүү чыгымдарынын ордун толтуруу максатында бөлүштүрүп туруу үчүн акча каражаттардын белгилүү суммасын (мамлекеттик бюджеттин кирешелерин) чогултуп кармап турат.

Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн калыптандырууда алдыңкы ролду салыктар ойнойт. Алсак, Кыргыз Республикасында мамлекеттик бюджеттин 82%га жакыны салык төлөмдөрүнүн эсебинен, ал эми салык эмес кирешелерди кошкондо 94%га жакыны түзүлөт («Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык

бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжол жөнүндө» 2022-жылдын 17-январындагы № 1 Мыйзам).

Салыктар фискалдык функциянын алкагында салык төлөөчүлөрдүн кирешелеринин бир бөлүгүнүн алынышын камсыз кылат, акыры алар коомдук маанидеги мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө, коргонууга, коомдук тартипке жана коопсуздукка, экономикалык маселелерге, айлана-чөйрөнү коргоого, турак-жай жана коммуналдык кызматтарга, саламаттыкты сактоого, эс алууга, маданиятка, билим берүүгө жана социалдык коргоого жумшалат (Бюджеттик кодекстин 50-беренесинин 1-бөлүгү).

Мында финансылык ресурстарды калкты социалдык камсыздандыруу үчүн пайдалануу маселелери дагы өзгөчө мааниге ээ болот.

Конституция Кыргыз Республикасы социалдык мамлекет деп жар салуу менен, элдин бакубат жашоосуна жана аны социалдык коргоого камкордук көрүүнү; жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларын колдоону, эмгекти жана саламаттыкты коргоону камсыз кылууну; социалдык кызматтардын, медициналык тейлөөнүн тутумун өнүктүрүүнү, мамлекеттик пенсияларды, жөлөкпулдарды жана башка социалдык коргоонун кепилдиктерин камсыз кылууну бекиткен (1-бererенин 1-бөлүгү, 19-берене).

Ошентип, салык социалдык функцияны кошо аткаруу менен калктын ар кандай категорияларынын ортосунда коомдук кирешелердин кайра бөлүштүрүлүшүн, б.а. калктын көбүрөөк камсыздалган категорияларына салык түйшүгүн жүктөөнүн эсебинен жарандардын корголбогон категорияларынын пайдасына каражаттарды өткөрүп берүүнү камсыз кылат.

Конституциянын 44-беренесине ылайык Кыргыз Республикасында улгайган, ооруган, майып болгон жана эмгекке жөндөмдүүлүгүн жоготкон, багар-көрөрүнөн ажыраган учурларда мыйзамда каралган тартипте жана учурларда мамлекеттин эсебинен социалдык камсыз кылуу кепилденет.

Көрсөтүлгөн кепилдиктерди жүзөгө ашыруунун эң маанилүү каражаттарынын бири болуп мамлекетик социалдык камсыздандыруу эсептелет. Мамлекетик социалдык камсыздандыруу жумуш берүүчүлөрдүн жана жарандардын милдеттүү социалдык салымдарынын эсебинен ишке ашырылат («Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу жөнүндө» Мыйзамдын 1-беренеси).

Аларды төлөөнүн милдеттүүлүгүнөн улам Салык кодексинин 47-беренесинин 4-бөлүгү ушул эле Кодекстин 1-беренесинин 5-бөлүгү менен өз ара байланышта камсыздандыруу салымдары-

нын төлөөчүлөрүн салык төлөөчүлөргө теңейт, ал эми мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу салымдарын топтоо, контролдоону жүзөгө ашыруу менен байланышкан мамилелерди салыкты башкарууга киргизет.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2015-жылдын 5-октябрындагы өзүнүн Чечиминде салык төлөмдөрүнүн принциптеринин маңызын ачып берүүдө, салык төлөмдөрүнүн адилеттүүлүк принцибинин экономикалык аспекти салык түйшүгүнүн бирдей бөлүштүрүлүшүн болжойт, анда ар бир салык төлөөчү мамлекеттин жактоосунда жана анын колдоосу менен алып жаткан кирешелерине өлчөмдөш мамлекеттин муктаждыктарын каржылоодо материалдык жактан катышат деп белгилеген.

Демек, мамлекет анын аймагында жайгашкан жактардын жана алардын ишмердигине байланыштуу табылган кирешелери менен мүлкүнө гана өзүнүн салык эгемендүүлүгүн жайылтат.

3. Салык салык төлөөчүлөр менен мамлекеттин мамилелерин тартипке келтирүүнүн маанилүү каражаты болуп саналат, анда ал салык төлөөчүгө анын милдеттер чегин, ал эми мамлекеттин атынан иштеген ыйгарым укуктуу органга жол берилген аракет чегин көрсөтөт.

Баш Мыйзамдын 50-беренесинен келип чыккан салыктарды жана жыйымдарды төлөө конституциялык милдети, ар ким Конституцияны жана мыйзамдарды сактоого милдетүү деп орноткон 53-беренесинин 3-бөлүгү менен өз ара байланышта түздөн-түз жана сөзсүз талап катары бардык салык төлөөчүлөргө жайылтылат. Салык төлөө милдети аткарылбаган же талаптагыдай аткарылбаган учурда өндүрүп алуу милдетин ишке ашыруу сөзсүз болуп саналат: салык төлөөчүгө салыкты төлөө милдети кандай деңгээлде жүктөлсө, мамлекетке салыкты өндүрүп алуу милдети да ошондой деңгээлде жүктөлөт. Салыкты өндүрүп алуунун сөзсүз боло тургандыгынан жана шексиздигинен улам салык төлөөчү салыкты төлөө же төлөбөй коюу тууралуу маселени өз алдынча чечүүгө акысы жок: ал конституциялык орнотмонун күчүнөн улам аны төлөөгө милдеттүү.

Салык кодексинин 65-беренесине ылайык салык төлөө боюнча милдеттенмени аткарбоо же талаптагыдай эмес аткаруу салык төлөө боюнча милдеттенмени мажбурлап аткартуу чараларын колдонууга негиз болуп саналат.

Салыктык мажбурлоо чаралары укукту калыбына келтирүүчүлүк мүнөзгө ээ, ал салык калдыгын толуктоо жана убагында төлөнбөгөн салыктан келтирилген зыяндын ордун толтуруу аркылуу са-

лык төлөөчү тарабынан анын конституциялык милдетин аткарууну камсыз кылат. Салыктын убагында төлөнбөгөнү салык милдеттенмеси боюнча карызды жабуу жана убагында төлөнбөгөн салыктын кесепетинен казына тарткан зыяндын ордун толук толтуруу менен камсыздалат, бул мамлекетке салыктын калдык суммасына кошумча төлөм – салыктын суммасын төлөөнү кармаган үчүн туум коштуруп төлөтүү укугун берет.

Салык милдеттенмеси аткарылбаган же аткарылышы кечиктирилген учурда салык калдыгынын пайда болушу, биринчиден, салык төлөөчүнүн талаптагыдай эмес жүрүм-туруму менен шартталган, бул аны мажбурлап өндүрүп алууну жокко чыгарбайт, анткени салык калдыгы мамлекетке олуттуу зыян келтирет.

Салык калдыгын болтурбоо маселеси мамлекеттин чыгымдар көлөмү бюджеттин кирешелер көлөмүнө түздөн-түз көз каранды болгондугу менен байланыштуу, алардын ортосундагы чаржайыттык терс кесепеттерге алып келет (бюджеттин дефицити, улуттук валютанын инфляциясы, чоң көлөмдө ички жана тышкы займдардын пайдаланылышы ж.б.), алар терең финансылык кризиске айланышы мүмкүн.

Демек, убагында алынбаган салык кирешелери ушул суммага мамлекеттик чыгымдарды каржылоодо кыйынчылыктарга түздөн-түз алып келет, ал эми алардан ар бир жарандын жашоосунун сапаты гана эмес, мамлекеттин экономикалык өнүгүүсү да көз каранды.

Дал ошон үчүн, салыктарды төлөөнүн милдеттүүлүк принциби салыктарды төлөөдөн качуунун жолдорун бууп салууга багытталган жигердүү аракеттер мамлекеттен талап кылынат, анткени өндүрүү коркунучу реалдуу түрдө таасир этүүчү аракет катары кабыл алынбагандыктан салык төлөмүнөн качуу кеңейүүдө, бул салык төлөөчүлөрдүн өзүнүн салыктык милдетин ак ниеттик менен аткаруудан качууга алып келет.

Эгер салык төлөөчүлөрдүн салык карызынын суммасы олуттуу болсо жана Салык кодекси менен белгиленген чектен аша чаап кетсе, Салык кодексинин 81-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык салык милдеттенмесин аткаруу жана салык карыздарын жоюу ар кандай ыкмалар менен, анын ичинде салык төлөөчүлөрдүн Кыргыз Республикасынын аймагынан чыгуусун чектөө аркылуу камсыз кылынышы мүмкүн.

Ошентип, мыйзам чыгаруучу салыктарды төлөөнүн милдеттүүлүк принцибин иштешин камсыз кылуу менен салык төлөөчүнү

салыктын төлөнүүчү суммасын мажбурлап төктүрүүгө багытталган превентивдүү мүнөздөгү мажбурлоо чараларын белгилеген.

4. Салыктык милдеттенмелер экономикалык ишмердик менен шартталган, ал эми алардын пайда болушу жактардын жарандык укуктук мамилелеринен келип чыгат. Мында бюджетке төлөнүүгө тийиш болгон салыктардын суммасын эсептөө жана төлөө боюнча, салыктык карыздын суммасын өндүрүү боюнча мамилелер жарандык укук мамилелеринен келип чыккан деп таанылат (Салык кодексинин 1-беренесинин 7-бөлүгүнүн 2-пункту).

«Кыргыз Республикасынын Салык кодексин ишке киргизүү жөнүндө» 2022-жылдын 18-январындагы № 4 Мыйзамдын 23-беренесине ылайык Салык кодексинин 1-беренесинин 7-бөлүгүнүн 2-пункту 2023-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

Маселен, салык калдыгынын көлөмү 1000 эсептик көрсөткүчтөн ашуун болгонунан улам Салык төлөөчүнүн чыгуусуна чектөө тартибин аныктаган Салык кодексинин жоболору жарандык процесстик мыйзамдар менен өз ара байланышта турат.

Судьялардын суроо-талабынын мазмунунан келип чыккандай, кайрылуу субъектилери талашылып жаткан ченемдердин күмөндүүлүгү эмес, 1000 эсептик көрсөткүчтөн ашуун көлөмдөгү салык карызы бар салык төлөөчүнүн чыгуусун чектөө тартибинин процесстик регламентациясынын жоктугу күмөндүүлүк туудурат.

Конституциялык сот кайрылуу субъектилеринин ушул келтирген сөзү менен макул болуу зарыл деп эсептейт, анткени жарандык процесстик мыйзамдар 1000 эсептик көрсөткүчтөн ашкан көлөмдөгү салыктын төлөнбөгөнүнө байланыштуу адамдын өлкөдөн чыгуусуна чектөө коюунун укуктук механизмдерин караштырган эмес, бул бир катар так эместиктерди жаратат.

Алсак, доону камсыз кылуу үчүн чыгууну чектөө жөнүндө арыздар Кыргыз Республикасынын жарандык процесстик мыйзамдар караган тартипте райондук (шаардык) сотто каралат деп белгилеген Салык кодексинин 87-беренесинин 2-бөлүгү ЖПКда каралган тартип менен макулдашылган эмес, анткени сот доону камсыз кылуу жөнүндө маселени чечүүдө ишке катышкан жактардын арызы боюнча гана доону камсыз кылууга карата чараларды колдонууга укуктуу (143, 145, 153-беренелер), бул акыры укуктук аныктык принцибине жооп бербейт.

Алсак, эгер ЖПКда белгиленгендей салык карызынын суммасы доо өндүрүшү, буйрук өндүрүшү тартибинде да ишке ашырылышы мүмкүн, ал эми өлкөдөн чыгууну чектөө аракети салык милдеттен-

месинин аткарылышын камсыздоо ыкмаларынын бири катары жүзөгө ашыруунун өзүнүн процесстик формасы жок, бул укук колдонуу процессинде так эместикти жаратат.

Конституциялык палата 2017-жылдын 7-июундагы жана 2019-жылдын 6-мартындагы өзүнүн чечимдеринде мыйзам жоболору укуктук ченемдердин формалдуу аныктык, тактык, айкындуулук, кош маанилүү эместик жана алардын колдонуудагы укуктук жөнгө салуу тутумунда шайкештик талаптарына жооп берүүсү керек, себеби алардын укуктук аныктыгы укуктук ченемди бирдей түшүнүү жана түшүндүрмө берүү шартында гана камсыз болушу мүмкүн деп белгилеген. Укуктук аныктык принцибинин талаптарын сактабоо – бири-бирине карама-каршы келген укук колдонуучулук тажрыйбаны жаратат да, алардын бир маанилүү эмес түшүндүрүлүшүнө жана өз билемдик менен колдонулушуна мүмкүнчүлүк түзүп, ошону менен адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна алып келиши мүмкүн.

Ошентип, салыктык укук мамилелерин иретке келтирүү максатында, маселен, салык милдеттенмесинин аткарылышын камсыздоо чөйрөсүндө Салык кодексинин жана ЖПКнын ченемдик жоболорун шайкештикке келтирүү жана салыктык укук мамилелериин колдонуудагы укуктук жөнгө салуу тутумунда алардын макулдашылбагандыгын жокко чыгаруу зарылдыгы келип чыгат.

Укуктар менен эркиндиктерди кандай гана чектөө болбосун, ал мыйзамдуулук принциптерине ылайык келиш керек, ошондой эле мындай чектөөнү алдын ала көрө билүү мүмкүндүгүн камсыз кылуу максатында мыйзам чыгаруучу мыйзам чыгаруу техникасына ылайык укуктук чектөөнүн так ченемдик регламентациясын белгилеп, тактап айтканда, доону камсыз кылуу боюнча Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары чыгууну чектөө чарасы катары салыктык милдеттенменин аткарылышын камсыз кылуунун мындай ыкмасын ишке ашыруунун процесстик формасын камсыз кылуу зарыл.

5. Конституциялык сот арыз ээлеринин Конституциялык палатанын 2018-жылдын 30-майындагы чыгууга чектөөнүн негиздеринин бирин конституциялуу эмес деп тааныган чечимине өзүнүн жүйөлөрүн негиздөө катары шилтеме жасоосу каралып жаткан маселеге карата колдонулбайт, анткени көрсөтүлгөн чечимде талашылып жаткан ченемдин максаты жарандык иштердин туура жана өз убагында каралышын жана чечилишин, соттук процесстин катышуучуларынын бирдей укуктарын жана мүмкүндүктөрүн камсыз кылууда турат деп белгиленген. Ушул максаттарга жетишүү үчүн жарандык

процесстик мыйзамдар менен доону камсыз кылууга багытталган башка дагы укуктук механизмдер жана ар кимдин соттук коргонууга укугу каралган. Маселен, мыйзам чыгаруучу өкүлчүлүк институтун; доонун жана соттук чыгымдар суммасынын чегинде жоопкерге таандык мүлктү, акча каражаттарын камакка алуу мүмкүндүгүн; талаптагыдай кабардар кылынган жактардын катышуусуз иштерди кароону; сырттан жүргүзүлгөн сот өндүрүшүнө жол берүүнү караштырган (ЖПКнын 57, 144, 169, 234-беренелери).

Мындай шарттарда ушул чектөөнү киргизүү негиздүү жана зарыл болуп саналбайт, атүгүл адамдын, жарандын субъективдүү укуктарын чектөө себеби катары кызмат кыла албайт.

Инсандын конституциялык-укуктук макамы конституциялык укуктар, эркиндиктер жана конституциялык милдеттер деген эки ажырагыс болуп байланышкан бөлүктөрдөн турат. Конституция укуктар менен эркиндиктердин бирдейлик принцибинен гана эмес, милдеттерден да тургандыгы келип чыгат, демек, эч ким өзү билип кайсыл бир конституциялык милдеттерден баш тарта албайт (салыктарды жана жыйымдарды төлөө, айлана-чөйрөнү, өсүмдүктөрдү жана жаныбарлар дүйнөсүн коргоо жана ага аяр мамиле жасоо, Конституцияны жана мыйзамдарды сактоо, укуктарды, эркиндиктерди, ар-намыстарды жана башка жактардын кадыр-баркын урматтоо).

Конституциялык сот Кыргыз Республикасынын аймагынын чегинде жүрүү эркиндиги, жашап туруу жана жашоо ордун тандоо туурасында инсандын эркиндигинин негизги элементи, адамдын кесиптик жана рухий өнүгүүсүнүн шарты болуп саналат жана жаранга туулгандан тартып таандык деп белгилейт.

Каралып жаткан контекстте жүрүү эркиндигине, жашап туруу жана жашоо ордун тандоого конституциялык укукту жүзөгө ашыруу кандайдыр бир салыктардын төлөнгөнүнө же төлөнбөгөнүнө көз каранды болбойт, себеби адамдын, жарандын негизги укуктары менен эркиндиктери кандайдыр бир фискалдык мүнөздөгү шарттарсыз эле Баш Мыйзам менен кепилденет.

Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары эркин чыгууга жана кайра тоскоолдуксуз кайтып келүүгө Кыргыз Республикасынын жаранынын укугу туурасында Конституциянын 31-беренесинин 1-бөлүгү жана анын 23-беренесинин 2-бөлүгү менен өз ара байланышта мыйзамдын негизинде чыгуу укугун чектөөгө жол бере тургандыгы жөнүндө белгилеп кетүү керек.

Ошон үчүн ар кимдин салыктарды жана жыйымдарды төлөө боюнча конституциялык милдетин аткартууну камсыз кылуу зарыл-

дыгынан келип чыгуучу Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары чыгуу укугун чектөө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жоболоруна карама-каршы келбейт, бул дагы мамлекеттин улуттук коопсуздугунун ажырагыс бөлүгү болгон экономикалык коопсуздуктун зарыл негизи катары салыктардын укуктук табияты менен шартталган.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4-бөлүгүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Ч Е Ч Т И:

1. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 87-беренесинин 1, 2-бөлүктөрү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 3, 4, 5-бөлүктөрүнө, 31-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнүн 4-пунктунда баяндалган укуктук көз карашты жүзөгө ашырууга багытталган ченемдик укуктук актынын тийиштүү долбоорун белгиленген тартипте иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин.

3. Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бардык аймагында аткарылууга тийиш.

5. Ушул чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Конституциялык соттун расмий сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун жарчысында» жарыялансын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

№ 06-Р

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Алымжан Султанович Турдубаевдин жана анын кызыкчылыгындагы Нурбек Тойболотович Эгетаевдин, Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 397-беренесинин 4-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

Ч Е Ч И М И

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы Н.А. Кененсариеванын,

кайрылуучу тарап – Максатбек Мергенбаевич Жорокулов, Алымжан Султанович Турдубаевдин ишеним кат боюнча өкүлүнүн;

жоопкер тарап – Мирбек Исамаматович Арзиев жана Таалайбек Жумагулович Мамбетаитов, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишеним кат боюнча өкүлдөрүнүн;

үчүнчү жактар – Гульзаада Назаркуловна Ишекеева, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин ишеним кат боюнча өкүлүнүн, Эркин Бакбурович Искаков, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ишеним кат боюнча өкүлүнүн, Үмүткан Ургазиевна Конкубаева, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын ишеним кат боюнча өкүлүнүн, Шеримкул Замирбекович Мамытканов, Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигинин ишеним кат боюнча өкүлүнүн катышуулары менен,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 397-беренесинин 4-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык соттук отурумда карап чыкты.

А.С. Турдубаевдин жана анын кызыкчылыгындагы Н.Т. Эгетаевдин, М.М. Жорокуловдун кайрылуусу бул ишти кароого себеп болду.

Бул ишти кароого негиз болуп Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 397-беренесинин 4-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү маселесинде пайда болгон күмөндүүлүк саналат.

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 06-Р

Ишти соттук отурумда кароого даярдаган судья-баяндамачы Л.П. Жумабаевдин маалыматын угуп, жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2022-жылдын 5-апрелинде А.С. Турдубаевдин, анын ишеним кат боюнча өкүлдөрү Н.Т. Эгетаевдин, М.М. Жорокуловдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин (мындан ары – КЖПК) 397-беренесинин 4-бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 100-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 30-апрелиндеги аныктамасы менен бул кайрылуу өндүрүшкө кабыл алынган.

Сот отурумунда кайрылуучу тарап өз талаптарын колдоп, төмөнкүлөрдү белгиледи.

2022-жылдын 9-январында Ош-Исфана жолунун 15-чакырымында И.И. Маматкадиров «ВАЗ 2106» үлгүсүндөгү автоунааны башкарып бара жатып, К.Н. Нажимидиновдун башкаруусундагы «Мерседес Бенц 914» үлгүсүндөгү автоунаанын айынан жол кырсыгына учураган. Натыйжада И.И. Маматкадиров жана ошол эле автоунаада бара жаткан жүргүнчү Алымжан кызы Азиза кырсык болгон жерден каза болушкан.

Бул боюнча Кылмыш-жаза кодексинин 312-беренесинин 3-бөлүгүндөгү кылмыштын белгилери менен Ноокат райондук Ички иштер бөлүмү кылмыштын бирдиктүү реестрине материалдарды каттаган жана каза болгон маркум Алымжан кызы Азизанын мыйзамдуу өкүлү деп атасы А.С. Турдубаевди тааныган.

Аталган иш боюнча 2022-жылдын 22-февралында Ноокат райондук соту Кылмыш-жаза кодекстин 312-беренесинин 3-бөлүгүндө каралган кылмыш боюнча айыпталып жаткан К.Н. Нажимидиновго карата камакка алуу түрүндөгү бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө өтүнүчтү карап чыгып, аны канааттандыруудан баш тарткан.

Жабырлануучунун мыйзамдуу өкүлү муну менен макул болбостон, Ноокат райондук сотуна кайрылган, сот КЖПКнын 397-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык тергөө судьясынын токтомуна даттануу укугу шектүүгө, айыпталуучуга, алардын адвокаттарына, про-

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 06-Р

курорго, ошондой эле мүлкүнө камак салынган жактарга таандык, ал эми жабырлануучунун даттанууга укугу жок деп, арызды четке каккан.

Арызданууучунун пикири боюнча, КЖПКнын талашылып жаткан ченеми Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей, ар бир адамга өзүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясында, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берилет, сот өндүрүшү тараптардын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын негизинде жүзөгө ашырылат деп караштырган Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 100-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет.

Арызданууучу белгилегендей, КЖПКнын талашылып жаткан ченеми жабырлануучунун тергөө судьясынын токтомуна апелляциялык тартипте даттануу укугун чектөө менен сот өндүрүшүндөгү тараптардын тең укуктуулугун жана атаандаштыгын жокко чыгарууда. Жазык процессинде тараптын укугун калыбына келтирүү үчүн Кыргыз Республикасынын атынан иш алып барып жаткан тергөөчү, кайсы бир жүйөлөр аныкталгандан кийин, анын макамын «жабырлануучу» деп аныктайт. Мында, жабырлануучунун укугунун көлөмү айыпталуучунукунан кем болбошу керек, ошондо гана жазык сот өндүрүшүндөгү тараптардын тең укуктуулугу жүзөгө ашат.

Андан тышкары, кайрылуу субъекти белгилегендей, бул укук Атуулдук жана саясий укуктар боюнча эл аралык пакттын 14-беренесинде «баардык адамдар соттун жана трибуналдын алдында тең» деп көрсөтүлгөн. Ушул ченемдин жүзөгө ашырылуусун камсыз кылууну аталган Пактка катышуучу мамлекеттер, анын ичинде Кыргыз Республикасы милдеттенген.

А.С. Турдубаевдин айтымында, адамдын эң негизги укуктарынын бири болуп соттук коргонуу конституциялык укугу саналат. Ал эми талашылып жаткан ченем жабырлануучунун тергөө судьясынын токтомуна жогору турган сот инстанциясына даттануу укугун чектөө менен, аны соттук коргонуу укугунан ажыратууда.

Өз талаптарына жүйө келтирүүнү улантып жатып, арызданууучу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын бир катар чечимдеринде камтылган укуктук көз караштарды келтирген.

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 06-Р

2014-жылдын 31-октябрындагы чечимге ылайык «соттук коргонуу укугунун натыйжалуу кепилдиги болуп жогору турган сот тарабынан ишти кайра каратуу мүмкүндүгү саналат», 2014-жылдын 31-октябрындагы, 2015-жылдын 9-декабрындагы чечимдерге ылайык «жогору турган сот тарабынан ишти кайра каратуу укугу соттук коргонуу укугунун туундусу болуп эсептелет», 2018-жылдын 4-апрелиндеги чечимге ылайык «сот чечимдерине даттануу укугу сот өндүрүшүнүн чөйрөсүндө инсандын укуктарынын кепилдиктерин бекиткен эл аралык-укуктук актылардын маңызынан жана ар кимге жогору турган сот тарабынан ишти кайра каратуу укугун берген Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 5-бөлүгүнүн 3-пунктунан келип чыгат. Бул укук соттук коргонуу укугунун курамдык бир бөлүгү болуп саналат жана абсолюттук мүнөзгө ээ, колдонулуу чөйрөсү же болбосо башка жагдайлар боюнча чектелиши мүмкүн эмес, анткени мыйзамсыз, негизделбеген же адилетсиз сот актысы соттук коргоонун каражаты катары кызмат кыла албайт». 2019-жылдын 11-сентябрындагы чечимге ылайык «соттук коргонуу укугу жарандын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигинин өз билемдигинен гана эмес, соттун ката чечимдеринен да коргоону болжойт. Ошону менен бирге, мындай коргоонун натыйжалуу кепилдиги болуп, жогору турган сот тарабынан ишти кайра каратуу мүмкүндүгүнүн өзү да саналат, ал ар бир сот өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кайсы бир формаларда мамлекет тарабынан камсыз кылынышы керек».

М.М.Жорокуловдун ою боюнча каралып жаткан маселе бөгөт кою чарасынын мөөнөтүн узартуу, өзгөртүү жана жокко чыгаруу учурларына дагы түздөн-түз тиешеси бар.

Жогоруда баяндалган жүйөлөрдүн негизинде, кайрылуучу талашылып жаткан ченемди конституциялуу эмес деп таанууну суранган.

Жоопкер тараптын өкүлү М.И. Арзиев арызданууучунун жүйөлөрү менен макул эмес жана талашылып жаткан ченем кийинкидей негиздер боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келбейт деп эсептейт.

КЖПКнын 397-беренесинин 2-бөлүгүндө соттун чечимине даттануу укугу бар субъекттер көрсөтүлгөн, анын ичинде жабырлануучу жана анын адвокаты да бар. Ал эми аталган берененин 4-бөлүгүндө тергөө судьясынын токтомуна даттануу укугу жабырлануучу жана анын адвокатына берилген эмес.

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 06-Р

Тергөө судьясы – бул инсандын бузулган укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын токтоосуз калыбына келтирүүгө багытталган сот бийлигинин өз алдынча функциясын аткаруучу болуп саналат.

Ал эми баш коргоо чарасын кароодо талашылып жаткан ченем жабырлануучуга жана анын өкүлүнө тикеден-тике терс таасирин тийгизбейт. Ошондуктан КЖПКнын 397-беренесинин 4-бөлүгүндө, укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары түздөн-түз бузулушу мүмкүн болгон субъекттерге гана даттануу укугу каралган.

М.И. Арзиевдин пикири боюнча, соттук процесстин баардык катышуучуларына тергөө аракеттеринин же соттун чечимдеринин баардыгына даттануу укугун берүү, тергөөнүн жана сот процессинин жүрүшүнө терс таасирин тийгизет жана мамлекеттин укуктук саясатына карама-каршы келет.

М.И. Арзиев баяндалгандын негизинде кайрылуучунун өтүнүчүн канааттандыруусуз калтырууну суранды.

Жоопкер тараптын экинчи өкүлү Т.Ж. Мамбетаитов, М.И. Арзиевдин жүйөлөрүн колдоп, өтүнүчтү канааттандыруусуз калтырууну суранды.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин өкүлү Г.Н. Ишекеева талашылып жаткан ченем боюнча кийинкидей пикирин билдирди.

КЖПКнын 40-беренесинин 4-бөлүгүнүн 17-пунктуна ылайык жабырлануучунун башка укуктар менен катар соттун чечимдерине даттанууга укугу да бар. Аталган Кодекстин 268-беренесинин 5-бөлүгүндө сотко чейинки өндүрүштөгү соттук контролдун процессуалдык тартибине ылайык мүлккө камак салуу жөнүндө тергөө судьясынын токтомуна жабырлануучунун, анын өкүлүнүн апелляциялык тартипте даттануу мүмкүнчүлүгү каралган.

Мындан тышкары, КЖПКнын 5-беренесинин 11-пунктуна ылайык бөгөт коюу чарасы – айыпталуучуга карата тергөөчү, прокурор, тергөө судьясы, сот тарабынан колдонулуучу адамдын укуктарын жана эркиндиктерин убактылуу чектөөчү чара деп белгиленген. Талашылып жаткан ченемге ылайык тергөө судьясынын токтомуна даттануу укугу башкалар менен катар прокурорго да берилген.

Ал эми, Г.Н.Ишекеева белгилегендей, КЖПКнын 34-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык прокурорго жабырлануучунун да кызыкчылыктарын коргоого укук берилген.

Ошону менен бирге, тергөө судьясы айыпталуучунун күнөөлүү же күнөөсүз экени тууралуу маселени чечпейт. Демек, тергөө судья-

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 06-Р

сы тарабынан жүзөгө ашырылуучу соттук контроль сотко чейинки өндүрүш стадиясында инсандын бузулган укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын токтоосуз калыбына келтирүүгө багытталган сот бийлигинин өз алдынча функциясы болуп саналат.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, Г.Н.Ишекеева КЖПКнын 397-беренесинин 4-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 3-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө жана 100-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деген пикирин билдирди.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун өкүлү Э.Б. Искаков кайрылуучу тараптын жүйөлөрүн жөндүү деп эсептеп, төмөнкүдөй өз пикирин билдирди.

Ал белгилегендей, 2017-жылдын 2-февралындагы №20 өз күчүн жоготкон Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин 390-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык тергөө судьясынын токтомуна апелляциялык тартипте даттануу укугуна жабырлануучу жана анын өкүлү ээ болгон.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 100-беренесинин 5-бөлүгүндө сот процессинин катышуучуларынын процесстик укуктары, ошондой эле соттордун чечимдери менен укуктарына жана кызыкчылыктарына тиешеси бар жактардын укуктары, анын ичинде чечимдерге, өкүмдөргө даттануу укугу, ошондой эле аларды жүзөгө ашыруунун тартиби мыйзам менен аныкталат деп белгиленген.

Мыйзам чыгаруучу, колдонуудагы КЖПКдан жабырлануучу жана анын өкүлүнүн тергөө судьясынын токтомуна апелляциялык тартипте даттануу укугун алып салууда, кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө адамдын жана жазык сот өндүрүшүндө жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону ыкчам жана толук камсыз кылуу максатын көздөгөн, ошондой эле ашыкча создуктурууну алып салууну жетекчиликке алган.

Себеби кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн милдеттери инсанды, коомду жана мамлекетти кылмыштардан коргоо, инсанды мыйзамсыз жана негизсиз айыптоодон, соттоодон, анын укуктарын жана эркиндиктерин чектөөдөн коргоо, кылмыштарды тез жана толук териштирүү, кылмыш жасаган жактарды ашкерелеп жана кылмыш жоопкерчилигине тартуу, адилеттүү соттук териштирүү жана кылмыш-жаза мыйзамын туура колдонуу, мыйзамсыз айыпталган же соттолгон учурларда күнөөсүздү токтоосуз жана толук реабилитациялоо, материалдык залалдын, моралдык зыяндын ордун толтурууну камсыз кылуу болуп саналат.

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 06-Р

КЖПКнын 5-беренесинин 6-пунктуна ылайык, айыптоочу тарап болуп прокурор, тергөөчү, тергөө бөлүмүнүн жетекчиси, алгачкы текшерүү органы, жабырлануучу, анын өкүлү, мыйзамдуу өкүлү, жеке айыптоочу эсептелинишет. Андыктан жабырлануучунун укуктары, эркиндиктери жана мыйзамдуу кызыкчылыктары прокурор, тергөөчү жана башка бийликтик ыйгарым укуктарга ээ болгон мамлекеттик органдар, алардын кызмат адамдары тарабынан корголот жана кепилденет.

Бирок, ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир адамга өзүнүн Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берет жана сот өндүрүшү тараптардын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын негизинде жүзөгө ашырылат.

Ар кимдин соттук коргонуу укугунун конституциялык кепилдиги Адам укуктарынын жалпы декларациясынын жоболоруна, Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактка шайкеш келет, ага ылайык мамлекет адилеттүү, компетенттүү, толук жана натыйжалуу соттук коргонуу укугун камсыз кылууга милдеттүү.

Баяндалгандын негизинде, Э.Б.Искаков талашылып жаткан ченемдин Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү күмөндүүлүктү жаратат деген пикирди билдирди.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын ишеним кат боюнча өкүлү Ү.У. Конкубаева кайрылуучунун жүйөлөрү менен макул эместигин билдирип, талашылып жаткан ченем боюнча кийинкидей пикирин билдирди.

Тергөө судьясы жүргүзүүчү соттук контроль сот бийлигинин, баарынан мурда, сотко чейинки өндүрүш стадиясында инсандын бузулган укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын токтоосуз калыбына келтирүүгө багытталган өз алдынча функция болуп саналат.

Бөгөт коюу чарасын колдонуу үчүн негиздер болуп, айыпталуучу тергөөдөн же соттон жашырынып кетүүсү же болбосо күбөгө же кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн башка катышуучуларына коркунуч келтирүүсү, далилдерди жок кылуусу, башка жол менен тергөөнү жана ишти сотто териштирүүнү объективдүү жүргүзүүгө тоскоолдук кылуусу, же болбосо кылмыштуу иш менен алектенүүнү улантуусу жөнүндө болжоого жетиштүү негиздер болсо, ошондой эле өкүмдүн аткарылышын камсыз кылуу үчүн тергөөчү, прокурор, тергөө судьясы жана сот өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 06-Р

бул адамга карата КЖПКнын 104-беренесинде каралган бөгөт коюу чараларынын бирин колдонушат.

Ү.У. Конкубаеванын пикири боюнча, шектүүнүн же айыпкердин күнөөсү далилденип айыбы угузулганга чейин, аларга карата баш коргоо чарасы канчалык деңгээлде туура тандалгандыгын текшертүү укугун жабырлануучуга берүү менен көйгөйдүн өзөгү чечилбейт, тескерисинче көптөгөн суроолордун жаралышына алып келет.

Ал эми айыпкердин айыбы угузулуп, айыптоо актысы кабыл алынып, кылмыш иш соттук кароого жөнөтүлгөндөн баштап, Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарга ылайык жазык сот өндүрүшү тараптардын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын негизинде жүзөгө ашырылат.

Ошондой эле, КЖПКнын 40-беренесинин 4-бөлүгүнүн 17-пунктунда жабырлануучунун соттун чечимдерине даттанууга укугу бар экендиги так көрсөтүлгөн.

КЖПКда көрсөтүлгөн процессуалдык аракеттердин алкагында тергөө судьясы сот бийлигин жүзөгө ашыруунун формасы жана функциясы болгон соттук контролду жүзөгө ашырат жана адамдын укуктарын коргоонун бузулушун болтурбоого да, камсыз кылууга да багытталган. Ушуга байланыштуу, тергөө судьясы чечимди эмненин негизинде кабыл алгандыгынын конкреттүү жагдайларын көрсөтүп, бөгөт коюу чарасын тандоонун негиздерин өзүнүн токтомунда чагылдырышы керек. Бөгөт коюу чарасын тандоодо тергөө судьясына шектүүгө карата туура баа берүү милдети жүктөлөт.

Демек, Ү.У. Конкубаева белгилегендей, талашылып жаткан ченем ар бир адам анын күнөөсү мыйзамда каралган тартипте далилденмейинче жана мыйзамдуу күчүнө кирген соттун өкүмү менен аныкталмайынча, кылмыш жасаганга күнөөлүү деп эсептелбейт деген адам укугунун принцибин алыстаткан, соттук контролдоонун максатын бурмалап, натыйжада ал адам укуктарынын бузулушуна алып келет деген тыянакка келсе болот.

Жогорудагыларды эске алуу менен, Ү.У. Конкубаева талашылып жаткан ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама каршы келбейт деген көз карашын билдирди.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигинин өкүлү Ш.З. Мамытканов, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун өкүлү Э.Б. Искаковдун келтирген жүйөлөрү менен макулдугун билдирип, каралып жаткан маселе боюнча чечимди Кыргыз Республи-

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 06-Р

касынын Конституциалык сотунун кароосуна калтыраарын белгилеп кетти.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, башка жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп жана иштин материалдарын изилдеп чыгып, кийинкидей тыянактарга келди.

1. «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык Конституциялык сот кайрылууда козголгон предмет боюнча анын ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн жараткан бөлүгүнө карата гана актыларды чыгарат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун бул иш боюнча кароо предмети болуп КЖПКнын 397-беренесинин 4-бөлүгүнүн төмөнкүдөй редакциядагы ченемдик жобосу саналат:

«397-берене. Апелляциялык даттануу укугу

4. Тергөө судьясынын токтому апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн. Тергөө судьясынын токтомуна даттануу укугу шектүүгө, айыпталуучуга, алардын адвокаттарына, прокурорго, ошондой эле мүлкүнө камак салынган жактарга таандык.».

КЖПК Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипке ылайык кабыл алынган жана «Эркин Тоо» гезитинин 2021-жылдын 16-ноябрындагы №122-123 сандарында жарыяланган, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы акт болуп эсептелет.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык, ар бир адамга өзүнүн Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоого кепилдик берилет (61-берененин 1-бөлүгү).

Эл аралык-укуктук актылардын жоболору менен, атап айтканда, Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 8, 29-беренелери, ошондой эле Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 2-беренеси (2-пункту жана 3-пункттун «а» пунктчасы), 14-беренеси (1-пункту) менен үндөшкөн, каралып жаткан конституциялык ченемден мамлекет адилеттүү, компетенттүү, толук кандуу жана натыйжалуу соттук коргоого болгон укукту ишке ашырууну камсыз кылууга милдеттүү экени келип чыгат.

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 06-Р

Ар бир адамдын соттук коргоого болгон укугу мыйзамдык чаралар аркылуу ар кандай кызыкдар адамга бузулган же талашылып жаткан укугун, же мыйзам менен корголгон кызыкчылыгын коргоо максатында сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгүн берүүнү билдирет.

Соттук коргоого жана ишти жогору турган сот тарабынан кайра каратууга болгон укуктарды чектөөгө жол берилбестик, адам өзү бул укуктардан баш тартпаса, адамдар каалаган маселе боюнча сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгүнө, ошондой эле күчүнө кирген сот актысына жогору турган сотко даттануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек экендигин болжойт.

Процесстик аракеттерге/аракетсиздиктерге жана чечимдерге даттанууга тийиштүү укук үстөмдүгүнүн негизги принциптери, анын ичинде кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн принциптери кылмыш иштер боюнча сотко чейинки өндүрүш стадиясына да бирдей тарайт.

Өз кезегинде, процесстик аракеттерге/аракетсиздиктерге жана чечимдерге даттануу укугуна ээ болуу жарандарга жана башка адамдарга өз укуктарын жана кызыкчылыктарын ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү эң маанилүү кепилдик болуп саналат. Ал кылмыш иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштө өзгөчө маниге ээ, анткени бул этаптагы ыйгарым укуктуу кызмат адамдарынын иши көбүнесе адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин чектеген жазык-процесстик мажбурлоо чараларын колдонуу менен шартталган.

3. Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгү менен кепилденген сотко чейинки өндүрүш этабындагы соттук коргоого болгон укукту ишке ашыруу кылмыш-жаза процесстик мыйзамдарда соттук контролду, анын ичинде ыйгарым укуктуу кызмат адамдардын процессуалдык аракеттеринин/аракетсиздиктеринин жана чечимдеринин мыйзамдуулугуна да соттук көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу тергөө судьясынын институтун бекитүү жолу менен камсыз кылынган (КЖПКнын 5-беренесинин 58-пункту, 29-беренесинин 8-бөлүгү, 31-беренесинин 2-бөлүгү).

Соттук коргоого болгон жана жогору турган сотторго тергөө судьясынын токтомдоруна даттануу укугунун конституциялык негиздеринин мазмунун ачып берип жатып, Кыргыз Республикасынын конституциялык сот адилеттүүлүгүнүн органы төмөнкүдөй укуктук көз карашты билдирген. Ошентип, 2021-жылдын 17-февралындагы Чечимде, аталган институттун иштеши ар бир адамдын укук коргоо органдарынын мыйзамсыз аракеттеринен жана өзүм билемдигинен коргоо укугун ишке ашыруунун маанилүү кепилдиги болуп

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 06-Р

саналаары белгиленген. Тергөө судьясы айыпталуучунун күнөөлүү же күнөөсүздүгүн чечпейт. Демек, ал тарабынан ишке ашырылып жаткан соттук контрол, биринчи кезекте, сотко чейинки өндүрүш стадиясында адамдын бузулган укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын токтоосуз калыбына келтирүүгө багытталган сот бийлигинин өз алдынча функциясы болуп саналат.

Даттанууну кароонун натыйжалары боюнча тергөө судьясы тиешелүү ыйгарым укуктуу кызмат адамынын аракеттерин/аракетсиздигин же чечимдерин мыйзамсыз же негизсиз деп табат, аларды жокко чыгарат же жол берилген бузууну четтетүүгө милдеттендирет, же болбосо даттанууну канааттандыруусуз калтырат.

Ошол эле учурда, бул, сотко чейинки өндүрүштү соттук контролдоонун максаттуу орнотмолорунан четтөө мүмкүн эмес дегенди билдирбейт, анткени тергөө судьясы башка адамдар сыяктуу эле ката кетирүүдөн корголгон эмес. Соттук каталардын мүнөзү иштин чыныгы жагдайларынын реалдуулугун тактоодогу кыйынчылыктар менен гана эмес, ошондой эле укук колдонуунун татаалдыгы менен шартталган. Мына ушундан улам, Баш Мыйзам аларды оңдоонун жана ишти жогору турган соттун кайра кароосу аркылуу жоюунун туура иштеген механизмин укук тутумуна киргизүүнү талап кылат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы 2020-жылдын 21-октябрындагы өз Чечиминде соттук катанын болуусун аныктоо, соттук актыны жогору турган сот органы тарабынан кайра карап чыгуу жана баалоо жолу менен гана мүмкүн экенин белгилеген. Дал ушул жагдай ишти жогору турган сот тарабынан кайра кароо институттарынын иштешине негизги себеп болуп саналат.

Мыйзам чыгаруучу, сотко чейинки өндүрүш этабынын айыптоо тарабындагы жазык процесстин катышуучусу катары, жабырлануучу тарап үчүн өзгөчө маанилүүлүгүн таануу менен кылмыш-жаза процесстик мыйзамдарда анын процесстик укуктарынын кеңири тизмесин караштырган.

Ошентип, КЖПКнын эски редакциясына (эскертүү: 2017-жылдын 2-февралындагы №20 редакциясы) ылайык, тергөө судьясы чыгарган токтомго шектүү, айыпкер, алардын жактоочулары, жабырлануучу, анын өкүлү, ошондой эле прокурор апелляциялык тартипте даттана алышчу.

Ошентип, мыйзам чыгаруучу тергөө судьясы институтун киргизүү жана ага сотко чейинки өндүрүштүн бүткүл көлөмүн камтыган алдын ала жана кийинки соттук контролду жүзөгө ашыруу ыйгарым

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 06-Р

укуктарды берүү менен ар бир адамдын соттук коргоого болгон укугун камсыз кылуу жөнүндөгү конституциялык жобону ишке ашырды. Тергөө судьясынын токтомуна апелляциялык тартипте даттануу мүмкүнчүлүгүн караштырып, ал соттук коргоого болгон укуктун курамдык бөлүгү болуп саналган, ар бир адамдын ишти жогору турган сот тарабынан кайра каратууга болгон укугуна конституциялык кепилдикти жүзөгө ашырды.

Конституциялык сот, мыйзам чыгаруучу кылмыш-жаза процесстик мыйзамдарды реформалоо процессинде жабырлануучуну жана анын адвокатын тергөө судьясынын токтомуна апелляциялык тартипте даттануу укугуна ээ болгон субъекттердин катарынан чыгарып салганын белгилейт. Мунун натыйжасында, КЖПКнын талашылып жаткан ченеминин колдонуудагы редакциясында (2021-жылдын 28-октябрындагы №129 редакциясы) жабырлануучунун тергөө судьясынын токтомуна даттануу укугун караган жоболорду камтыбайт. КЖПКнын 397-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, мындай укук шектүүгө, айыпталуучуга, алардын адвокаттарына, прокурорго, ошондой эле мүлкүнө камак салынган жактарга таандык, муну менен, жабырлануучу тарапта тергөө судьясынын токтомуна даттануунун жалгыз гана мүмкүнчүлүгү, прокурор аркылуу даттануу мүмкүнчүлүгү калат.

Ошону менен бирге, прокурор – бул өз компетенциясынын чегинде мыйзамдардын сакталышын көзөмөлдөөгө ыйгарым укуктуу кызмат адамы, анын жүрүшүндө көз карашы жабырлануучунун көз карашынан айырмаланышы мүмкүн. Айыптоочу тарапта мамлекеттик жана коомдук кызыкчылыкты көздөгөн катышуучулар да, жеке кызыкчылыктарды коргогон да катышуучулар бар. Бул өзгөчө жагдайдын болушу, кээде аталган жактардын кызыкчылыктарынын ортосунда олуттуу карама-каршылыктардын пайда болушуна алып келет.

Өз көз карашын коргоо карама-каршы тарап менен болгон мамиледе гана эмес, айыптоо боюнча бирдиктүү позицияны иштеп чыгуу процессинде пайда болгон мамилелерде да болушу мүмкүн. Бул учурда жабырлануучу менен айыптоочу тарапта болгон прокурордун ортосунда коюлган айыптын маңызы боюнча талаш-тартыш келип чыгат. Мындай учурда, жабырлануучу тергөө судьясынын токтомуна апелляциялык тартипте даттануу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калышы мүмкүн.

Мындан тышкары, КЖПКнын 40-беренесинин 4-бөлүгүнүн 17-пунктунда жабырлануучунун соттун чечимдерине даттануу уку-

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 06-Р

гу каралган. Ошону менен, КЖПКнын талашылып жаткан ченеми жогоруда аталган жобо менен карама-каршылыкта болуп, жабырлануучу тарапты жазык процессинин башка катышуучуларына карата бирдей эмес шарттарга коёт.

Ушуну менен бирге, мыйзам чыгаруучу, мурда берилген укуктардын көлөмүн азайтууга, эгерде ал чектөөчү мүнөзгө ээ болбосо да, жөн гана маанилүү эмес, конституциялык маанилүү негиздердин болуусунда барышы мүмкүн экенин өзгөчө белгилей кетүү керек. Мында, мыйзам чыгаруучунун чечими терең жана кылдаттык менен негизделип, акылга сыярлык, адилеттүүлүк жана өлчөмдөштүк принциптерине жооп бериши керек.

Укуктук жөнгө салуунун бир формасынан экинчисине өтүүдө Баш Мыйзамдын негиз салуучу талабы болуп, жаңы мыйзам күчүнө киргенге чейинки абалына салыштырмалуу, укук субъекттеринин абалынын начарлашына жол бербөө болуп саналат. Бул постулат тынымсыз өзгөрүп туруучу мыйзамдардын шартында укук тутумунун өнүгүшүнө позитивдүү мүнөз берип, өз билемдик ченем жаратуу процессине бөгөт коёт. Бул принциптин жардамы менен укуктук мамилелер негизинен стабилдүүлүккө, ал эми адамдын жана жарандын укуктук абалы – туруктуулукка ээ болуп, мамлекеттин мыйзам чыгаруу ишмердигинин адилеттүүлүгүнө жана гумандуулугуна ишеним жаратат.

Мамлекеттик бийлик органдары тарабынан укуктардын көлөмүнүн өз билемдик менен азайтылышы – мамлекеттин элге карата надстройкалык абалынын далили болуп саналат, бул Конституциянын негизги принциби – Элдик бийлик принциби, Эл менен Мамлекеттин бийлигинин ортосундагы өз ара катышты түздөн-түз белгилеген, Кыргыз Республикасынын эли мамлекеттик бийликтин жападан жалгыз булагы болуп саналат деген конституциялык орнотмо жагынан караганда ылайыксыз (Конституциянын 1-беренесинин 4-бөлүгү).

4. Мыйзамдын жана соттун алдында бардыгынын теңдигинин конституциялык принциби (Конституциянын 24-беренесинин 2-бөлүгү) процесстик укук мамилелеринин бардык субъекттерине бирдей колдонулуучу жана жалпы мааниде сотко бирдей жеткиликтүүлүк укугу менен тең атаандаштык мүмкүнчүлүктөрүн кепилдөөчү укуктун бирдиктүүлүгүнөн көрүнөт, ошондой эле мындай териштирүүлөрдө тараптарга болгон мамиле ар кандай дискриминациядан эркин болуусу үчүн шарттарды түзөт. Мындай кепилдик ошондой эле сотторго болгон жеткиликтүүлүккө карата мыйзамга

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 06-Р

негизделбеген, объективдүү жана жүйөлүү негиздер менен акталбаган ар кандай айырмачылыктарга тыюу салат.

Укук субъекттеринин укуктарынын жана милдеттеринин айырмачылыгына алып келүүчү укуктук жөнгө салуунун ар кандай дифференциациясы мыйзам чыгаруучу тарабынан Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарын, анын ичинде тең укуктуулук принцибинен келип чыккан талаптарды сактоо менен жүзөгө ашырылууга тийиш, аларга ылайык, эгерде айырмачылыктар объективдүү акталган жана негизделген болсо, конституциялык маанилүү максаттарды көздөсө, ал эми бул максаттарга жетүү үчүн колдонулган укуктук каражаттар аларга өлчөмдөш болсо, аларга жол берилет (Конституциялык палатанын 2016-жылдын 11-майындагы Чечими).

Укуктун субъекттери тең шарттарда бирдей абалда болууга тийиш, эгерде шарттар бирдей болбосо, мыйзам чыгаруучу алар үчүн башка укуктук статусту белгилөөгө укуктуу.

Сот адилеттигин жүзөгө ашырууда сот тарабынан колдонулуучу кодулоого жол бербөө жана теңчиликтин жогоруда белгиленген конституциялык принциптери, жарандардын адилеттүү сотко жетүүсүнө жана соттордун адилеттүү чечимди кабыл алуусуна кепилдикти камсыз кылуу үчүн, ошондой эле жарандардын мамлекетке жана мыйзамга ишенүү принцибин сактоо үчүн маанилүү болуп саналат.

Мыйзамдын жана соттун алдында бардыгынын теңдиги тууралуу негизги конституциялык принципке ылайык, Конституция ар кимге сот өндүрүшү тараптардын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын негизинде жүзөгө ашырылат деп кепилдик берет (24-берененин 2-бөлүгү, 100-берененин 3-бөлүгү).

Тараптардын тең укуктуулугу жана атаандаштыгы жөнүндө конституциялык жобо процесстин тараптары болуп саналган, карама-каршы процесстик позицияларда турган соттук териштирүүнүн катышуучуларына бирдей укуктарды берүү катары каралат, аларга талаш-тартышты тең жүргүзүүгө мүмкүндүк берет, бирдей укуктук мүмкүнчүлүктөрдү түзөт, демек, өзүлөрүнүн мыйзамдуу кызыкчылыктарын жигердүү коргоо үчүн соттук териштирүүдө чыныгы атаандаштыкты пайда кылат (Конституциялык палатанын 2014-жылдын 21-февралындагы Чечими).

Жогоруда белгиленген конституциялык жобо кылмыш-жаза процесстик мыйзамдардын тиешелүү ченемдеринде өзүнүн өнүгүшүн табат. Ошентип, КЖПКнын 18-беренесинин 1, 3 жана 4-бөлүктөрүнө ылайык кылмыш-жаза сот өндүрүшү айыптоо жана коргоо тараптарынын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын негизинде

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 06-Р

жүзөгө ашырылат. Сот объективдүүлүктү жана калыстыкты сактоо менен тараптардын процессуалдык укуктарын жана милдеттерин жүзөгө ашыруусу үчүн зарыл шарттарды түзөт. Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө катышуучу тараптар тең укуктуу. Соттун процессуалдык чечими, ар бир тараптын бирдей негизде катышуусун камсыз кылуу менен изилденген далилдерге гана негизденет.

Ошону менен бирге, сот өндүрүшүн тараптардын тең укуктуулугунун жана атаандаштыгынын негизинде жүзөгө ашыруу жөнүндө конституциялык жобо, карама-каршы тараптарга – бир соттук процесстин катышуучуларына процесстик мүмкүнчүлүктөрдүн теңдигин камсыз кылуу зарылдыгын билдирет. Мындай мааниде ал, эки тарапка тең процесстик мүмкүнчүлүктөрдү жана каражаттарды берүүгө багытталган, алардын жардамы менен ар бири өз көз карашын коргоп жана карама-каршы тараптын дооматтарын талаша алат, жыйынтыгында бул объективдүү жана адилеттүү сот актысына жетишүүгө мүмкүндүк берет.

Жогоруда баяндалгандан, тергөө судьясынын токтомуна даттануу маселесин жөнгө салуудагы, мындай укукту жабырлануучу жана анын адвокатын кошпостон, шектүүгө, айыпталуучуга, алардын адвокаттарына, прокурорго, ошондой эле мүлкүнө камак салынган жактарга гана берген, талашылып жаткан ченем менен орнотулган дифференциацияланган мамиле, конституциялык маанилүү негиздергее ээ эместиги, демек, Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келүүсү келип чыгат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, соттук коргоого болгон укук жана тараптардын тең укуктуулугу менен атаандаштык принциби тууралуу конституциялык кепилдиктерди жүзөгө ашыруу, тергөө судьясынын актысы менен түздөн-түз укуктары жана эркиндиктери козголгон жабырлануучу тарап жана анын мыйзамдуу өкүлдөрү анын токтомуна даттануу укугуна ээ болгон учурда гана толук кандуу болуп эсептелиши мүмкүн деп белгилейт.

Жабырлануучунун сотко чейинки өндүрүш стадиясындагы укуктарын толтуруу маселесин кийинкиге калтырып коюу болбой турганын эске алуу менен, Конституциялык сот талашылып жаткан ченемди Конституцияга ылайык келтиргенге чейин, укук колдонуучу органдар жабырлануучу тарапка Конституциянын жана Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Чечиминин негизинде тергөө судьясынын токтомуна апелляциялык тартипте даттануу укугун берүүгө милдеттүү деп эсептейт.

2022-жылдын
21-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 06-Р

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4 жана 5-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Ч Е Ч Т И:

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 397-беренесинин 4-бөлүгү жабырлануучунун тергөө судьясынын токтомуна апелляциялык тартипте даттануу укугун камтыбаган даражада Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө, 100-беренесинин 3-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таанылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүнөн келип чыккан укуктук көз караштын негизинде колдонуудагы укуктук жөнгө салууга тийиштүү өзгөртүүлөрдү демилгелесин.

3. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 397-беренесинин 4-бөлүгү ушул Чечимге шайкеш келтирилгенге чейин түздөн-түз Конституция жана Конституциялык соттун Чечими колдонулсун.

4. Чечим акыркы жана даттанууга жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

5. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга тийиш.

6. Ушул чечим мамлекеттик бийликтин расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында» жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

2022-жылдын
26-октябры
Бишкек шаары

№ 07-Р

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Айсулу Жолдошбековна Айтбаеванын, Улан Омуркул уулунун кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 566-беренесинин биринчи абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

Ч Е Ч И М И

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаевдин, судьялар М.Р. Бобукееванын, К.А. Дуйшеевдин, Л.П. Жумабаевдин, М.Ш. Касымалиевдин, К.Дж. Кыдырбаевдин, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы Н.А. Кененсариеванын,

кайрылуучу тарап – Айсулу Жолдошбековна Айтбаеванын, Улан Омуркул уулунун;

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишеним кат боюнча өкүлдөрү Максат Орозобек уулунун, Мунарбек Эрмаматович Сыдыковдун;

үчүнчү жактар – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ишеним кат боюнча Эркин Бакбурович Искаковдун, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Руслан Арстанович Кулназаровдун, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Соттук өкүлчүлүк борборунун ишеним кат боюнча өкүлү Динмухамет Кенешбаевич Кенешбаевдин катышуусу менен,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 566-беренесинин биринчи абзацынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык отурумда карап чыкты.

Айсулуу Жолдошбековна Айтбаеванын, Улан Омуркул уулунун өтүнүчү бул ишти кароого себеп болду.

Ишти кароого негиз болуп Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 566-беренесинин биринчи абзацынын Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келүүсү маселесинде пайда болгон аныксыздык саналат.

Ишти соттук отурумга даярдоону жүргүзгөн судья-баяндамачы Ж.А. Шаршеналиевдин маалыматын угуп, келтирилген материал-

2022-жылдын
26-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 07-Р

дарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т А П Т Ы:

2022-жылдын 30-мартында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна А.Ж. Айтбаеванын, У. Омуркул уулунун Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 566-беренесинин биринчи абзацын (андан ары – УБжК) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 5-бөлүгүнө, 55-беренесине, 56-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 58-беренесинин 4-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө кайрылуусу келип түшкөн.

Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 28-апрелиндеги аныктамасы менен өтүнүч өндүрүшкө кабыл алынган. Кайрылуучу тарап сот отурумунда өзүнүн талаптарын колдоп, кийинкилерди белгилеген.

2022-жылы 24-мартта Бишкек шаарынын Биринчи май районунун судьясы адвокат Н.А. Токтакуновду УБжКнын 126-беренеси боюнча майда бейбаштык жасоодо күнөөлүү деп тапкан жана аны беш суткага камакка алууга токтом кылган.

Н.А. Токтакунов жана коргоочусу ушуга байланыштуу Бишкек шаардык сотуна апелляциялык даттануу менен кайрылышкан.

Бирок 2022-жылы 25-мартта укук коргоо кызматкерлери Бишкек шаарынын Биринчи май райондук сотунун токтомунун негизинде Н.А. Токтакуновду камакка алышкан.

Арыз ээлери УБжКнын 1-беренесине ылайык укук бузуулар жөнүндө мыйзамдар Конституцияга негизделет жана ушул Кодекстен, мыйзамдардан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипке ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерден турат деп эсептешет.

Алардын пикири боюнча мыйзам чыгаруучу укук бузууну жасаган жак УБжКда аныкталган негизде жана тартипте жоопкерчиликке тартылууга жатат деп белгилеген.

Кайрылуу субъекттери УБжКнын 56-главасында укук бузуулар жөнүндө иштерди кароо тартиби каралган деп көрсөтүшүүдө.

УБжКнын 535-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык жаза чарасы катары камакка алуу түрүндө каралган укук бузуулар жөнүндө иш укук бузуулар жөнүндө протокол жана башка иштин материалдары келип түшкөн күнү, бирок адам кармалган учурдан тартып

2022-жылдын
26-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 07-Р

48 сааттан кечиктирилбей каралат. Мында УБжКнын 539-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык сот же ыйгарым укуктуу орган (анын кызмат адамдары) укук бузуу жөнүндө иш боюнча кагаз түрүндө же болбосо электрондук кол тамга менен күбөлөндүрүлгөн электрондук документ формасында токтом чыгарат, бул маалыматтар Укук бузуулардын бирдиктүү реестринин автоматташтырылган маалымат тутумуна (АМТ) киргизилет.

УБжКнын 539-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык укук бузуу жөнүндө иш боюнча токтом, эгер ал даттанылбаса, даттануу мөөнөтү аяктагандан кийин күчүнө кирет.

Арыз ээлери көрсөткөндөй, мыйзам чыгаруучу сот актысын ага даттануу мөөнөтү аяктагандан кийин ал күчүнө кирген учурун белгилеген жана УБжКнын 547-беренесинде укук бузуу жөнүндө иш боюнча токтомду даттануу тартибин жана мөөнөтүн караштырган, ага ылайык сот УБжКнын 454-беренесинде каралган укук бузуулар боюнча сотко ведомстволук караштуулук боюнча кабыл алынган соттун токтому областтык жана ага теңештирилген соттордо токтомдун көчүрмөсү тапшырылган күндөн тартып он күн ичинде апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

Сотко ведомстволугу караштуу укук бузуулар боюнча кабыл алынган укук бузуу жөнүндө иш боюнча соттун токтомун даттануу укугу жаза тартибине тартылган адамда бар, ал бул укуктан пайдаланса же пайдаланбаса да, ал бул укуктан ажыратылбайт. Демек, кайрылуу субъекттери эсептегендей, мыйзам чыгаруучу токтомдун күчүнө кирүү учурун анын көчүрмөсү тапшырылган күндөн тартып он күн ичинде деп аныктаган. Бирок, мыйзам чыгаруучу ушуга карама-каршы талашылып жаткан ченемде соттун камакка алуу жөнүндө токтому жарыялангандан тартып дароо аткарылат деп белгилеген.

Арыз ээлери болжогондой, талашылып жаткан ченем УБжКнын жогоруда көрсөтүлгөн ченемдери менен карама-каршылыка гана келбестен, Конституцияда кепилденген даттануу укугун жана ишти жогору турган сотто кайра каратуу укугун дагы жокко чыгарууда. Алсак, бул ченем Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 5-бөлүгүнө, 55-беренесине, 56-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 58-беренесинин 4-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келет.

Жогоруда көрсөтүлгөн конституциялык ченемдердин мааниси боюнча ар кимге соттук коргоо укугу кепилденген, ал кандай кызыкдар адам болбосун өзүнүн бузулган укуктарын жана мыйзамдуу

2022-жылдын
26-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 07-Р

кызыкчылыктарын коргоо максатында сотко кайрылуудан, ошондой эле чыгарылган сот актысын жогору турган сотко даттануу мүмкүндүгүнөн турат.

Мында Конституция менен адамдын укуктары менен эркиндиктерин чектөөгө тыюу салынган, жалпыга таанылган принциптер жана эл аралык укуктун ченемдери менен, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болгон мыйзамдарда белгинген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер менен анын кепилдиктери каралган.

Кайрылуунун авторлору 2020-жылдын 21-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын Чечиминде баяндалган укуктук позицияга шилтеме кылат, ага ылайык соттук катанын белгилениши сот актысын жогору турган сотто кайра кароо жана ага баа берүү аркылуу гана болушу мүмкүн. Дал ушул жагдай ишти жогору турган сотто (апелляция) кайра кароо жана сот актыларын кассация тартибинде кайра кароо институттарынын иштешинин негизги себеби болуп саналат.

Ошентип, мыйзам чыгаруучу УБжКнын 566-беренесинде камакка алуу жөнүндө токтом жарыялангандан тартып токтоосуз аткарылат деген ченемди орнотуп, жарандарды ишти жогору турган сотто кайра каратуу укугуна болгон конституциялык кепилдиктен ажыраткан.

Кайрылуу субъекттери, укук колдонуу практикасы «соттук актынын мыйзамдуу күчүнө кирүүсү» жана «сот актысын токтоосуз аткаруу» деген түшүнүктөр ортосунда айырма жок экендигин көрсөтүп жатат деп белгилешет. Анын менен, мыйзам чыгаруучу мыйзамдуу күчүнө кире элек сот актысын токтоосуз аткарылышын өзүнчө берене менен көрсөткөн, бул мыйзамдуулук, мыйзам алдында бирдейлик, күнөөсүздүк презумпциясы жана акыйкаттуулук сыяктуу негиз салуучу принциптердин бузулушу болуп саналат.

А.Ж. Айтбаева жана У. Омуркул уулу эл аралык укуктун, анын ичинде Адам укуктарынын бүткүл жалпы декларациясы жана Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө пактынын катышуучусу болгон мамлекеттердин ар кимдин компетенттүү улуттук сотторунда укуктарын эффективдүү калыбына келтирүү кепилдиктерин камсыз кылуу милдеттерин орноткон жана ал үчүн чакырылган ченемдерине да шилтеме жасашууда.

Баяндалганды эске алуу менен, арыз ээлери талашылып жаткан ченемди Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанууну суранышууда.

2022-жылдын
26-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 07-Р

Жоопкер тараптын өкүлдөрү М. Орозобек уулу, М.Э. Сыдыков арыз ээлеринин жүйөлөрү негизсиз, ал эми талаптары кийинкидей негиздер боюнча канааттандырылууга жатпайт деп эсептешет.

УБжК сот токтомунун мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн текшерүү үчүн жогору турган сот инстанциясына кайрылуу мүмкүндүгүн караштырат.

Алсак, белгиленген укук УБжКнын 547-беренесинин 3-бөлүгүндө регламенттелген. Өз кезегинде, М.Э. Сыдыков көрсөткөндөй, апелляциялык даттанууну кароо аныктама түрүндө чыгарылат, мыйзамдуу күчүнө токтоосуз кирет жана даттанууга жатпайт (УБжКнын 552-беренеси).

Камакка алуу жөнүндө соттун токтому чыгарылгандан кийин, башкача айтканда соттун токтому күчүнө киргенге чейин, аны токтоосуз аткаруу жөнүндө ченем талаптарынын конституциялуу эместиги туурасында, жоопкер тараптын өкүлү терс кесепеттерди ыкчам болтурбоону эсепке алуу менен, сот токтому мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин аткарылуусу, УБжКда көрсөтүлгөн фактылар боюнча кол салуу объектиси үчүн дагы, укук бузуунун субъектиси үчүн дагы токтотулбай аткарылышын болжогон аракеттерди жүзөгө ашыруу мүмкүн эместигине алып келиши мүмкүн деп болжойт.

М.Э. Сыдыков жаза чарасынын эң эле катуу түрү катары адамды камакка алууну судья укук бузуулардын белгиленген түрлөрү үчүн гана берет, ал эми камакка алынгандар ички иштер органдары аныктоочу жерлерде камакта болушуп, аларды кармоо мөөнөтү камакка алуу мөөнөтүнө кошулуп эсептелинет деп белгилейт.

Жоопкер тараптын өкүлү укук бузуу жөнүндө токтом чыгарылган учурдан тартып, же чечим чыгаруу учурунда аткарылууга тийиш деп болжойт. Мындай учурда, Конституциянын 59-беренесинин 6-бөлүгүндө ушул берененин жоболору бузуу менен кармалган же камакка алынган ар бир адам мыйзамда белгиленген тартипте жана өлчөмдөрдө мамлекеттин эсебинен зыяндын ордун толтуруп, компенсация алууга укуктуу. Алдын ала мыйзамсыз же негизсиз кармоо же камакка алуу аныкталган учурда тийиштүү кызмат адамдары жазык жоопкерчиликтүү болушат.

Жогорку Кеңештин экинчи өкүлү М. Орозобек уулу М.Э. Сыдыковдун жүйөлөрүн колдоду.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун өкүлү Э.Б. Искаков УБжКда ушул Кодекстин 566-беренесинин биринчи абзацынын конституциялуулугунда аныксыздык бар деп эсептейт.

2022-жылдын
26-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 07-Р

Алсак, УБжКда укук бузуу жөнүндө иш боюнча токтом, эгерде ал даттанылбаса, даттануунун мөөнөтү бүткөндөн кийин мыйзамдуу күчүнө кирет деп белгиленген (539-берененин 6-бөлүгү).

УБжКнын 547-беренесинин 3-бөлүгүндө сотко түздөн-түз караштуу укук бузуулар боюнча кабыл алынган сот токтомдорун апелляциялык тартипте даттануу укугу каралган.

Бирок УБжКнын 566-беренесинин биринчи абзацы менен камакка алуу жөнүндө соттун токтому чыгарылгандан кийин аткарууга келтирүүнүн тартиби регламенттелген.

Ушуну менен бирге Жогорку соттун өкүлү УБжКнын 49-беренесин көрсөтөт, ага ылайык жаза чарасын колдонуу жөнүндө соттун же болбосо тиешелүү ыйгарым укуктуу органдын чечими күчүнө кирген учурдан тартып адам укук бузуу жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылды деп эсептелет.

УБжКнын 555-беренесинин 2-бөлүгүндө жаза чарасын колдонуу жөнүндө токтом мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып аткарылууга тийиш.

Ушуну менен байланышта, УБжКнын 28-беренеси менен камакка алуу жаза чараларынын бири болгондуктан, жогоруда көрсөтүлгөн жоболор камакка алуу жөнүндө сот чыгарган токтомго карата дагы колдонулат.

Ошентип, Э.Б. Искаковдун пикири боюнча УБжКда соттун камакка алуу жөнүндө токтомунун мыйзамдуу күчүнө кирүүсү жөнүндө өз алдынча ченем каралган эмес, ушуга байланыштуу УБжКнын 539-беренесинин 6-бөлүгүндө белгиленген жалпы ченем колдонулат, башкача айтканда, укук бузуу жөнүндө иш боюнча токтом, эгерде ал даттанылбаса, даттануунун мөөнөтү бүткөндөн кийин мыйзамдуу күчүнө кирет.

Укук бузуулар жөнүндө мыйзамдардын өзүндөгү карама-каршылыктар, маселен, соттун камакка алуу жөнүндө токтомунун күчүнө кирүүсү тууралуу жоболорду камтыбастан токтоосуз аткарылышы, кылмыш жана/же жорук жасоодо күнөөсү мыйзамда белгиленген тартипте далилденмейин жана мыйзамдуу күчүнө кирген сот актысы менен белгиленмейин адамды күнөөлүү эмес деп табуу жөнүндө конституциялык ченемге ылайык келбейт.

Андан тышкары, белгиленген принциптин бузулушу материалдык чыгымдын жана моралдык зыяндын ордун сот тартибинде толтуруп берүү үчүн негиз болот (Конституциянын 57-беренесинин 1-бөлүгү).

2022-жылдын
26-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 07-Р

Баяндалганды эске алуу менен, Э.Б. Искаков адам укуктарынын бузулушунун мүмкүн болуучу шарт-жагдайларды жокко чыгаруу үчүн УБжКдагы карама-каршылыктарды четтетүүнү жана соттун камакка алуу жөнүндө токтомдорунун мыйзамдуу күчүнө кирүүсүн мыйзамдар менен өзгөчө тартибин орнотууну сунуштайт.

Юстиция министрлигинин өкүлү Р.А. Кулназаров жоопкердин укуктук көз карашын колдоп, талашылып жаткан ченемди Конституциянын 58-беренесинин 4-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп табууну суранды.

Юстиция министрлигине караштуу Соттук өкүлчүлүк борборунун өкүлү Д.К. Кенешбаев анык укуктук көз карашын билдирген жок.

Конституциялык сот тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, үчүнчү жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп, иштин материалдарын изилдеп чыгып, кийинкидей тыянактарга келди.

1. Конституциялык сот «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык кайрылууда көрсөтүлгөн маселе боюнча ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөндүүлүктү туудурган бөлүгүнө карата гана актыларды чыгарат.

Ошентип, бул иш боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун кароо предмети болуп Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 566-беренесинин биринчи абзацы саналат:

«**566-берене. Камакка алуу жөнүндө токтомду аткаруунун мөөнөттөрү**

Камакка алуу жөнүндө соттун токтому чыгарылгандан кийин токтоосуз аткарылат.».

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодекси мыйзамдарда белгиленген тартипте кабыл алынып, «Эркин-Тоо» гезитинин 2021-жылдын 16-ноябрындагы № 122-123 сандарында жарыяланган, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана колдонуудагы акт болуп саналат.

2. Конституциянын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасы демократиялык жана укуктук мамлекет.

Коомдун ар бир мүчөсү бардыгы үчүн жүрүм-турумдун жол берилүүчү жалпы эрежелерди сөзсүз сактап келгенде, демократиялык жана укуктук мамлекеттин шарттарында гана адамдын татыктуу жашоосу жана эркин өнүгүүсү болушу мүмкүн. Ушуга байланыштуу,

2022-жылдын
26-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 07-Р

ушундай мамлекеттик механизмди курууда мыйзамдуулук, коопсуздукту камсыздоо жана коомдо туруктуу укуктук тартипти орнотуу маселелери өзгөчө маниге ээ болот.

Укуктук тартип, коомдук мамилелердин жөнгө салынуусунун сапаттуу абалы катары мыйзамдуулуктун талаптарын жүзөгө ашыруунун натыйжасында түзүлөт жана укук субъектилеринин укук ченемдүү жүрүм-турумунан билинет.

Мыйзамдуулукту жана укуктук тартипти бекемдөөдө негизги багыт болуп укук бузууларга каршы натыйжалуу күрөшүү жана жасалган кылмыштар үчүн жоопкерчиликтин сөзсүз болушун камсыз кылуу талабы саналат. Азыркы шарттарда жоопкерчиликтин сөзсүз болушу кылмыштарга жана башка укук бузууларга каршы натыйжалуу күрөшүүнүн, өлкөдөгү мыйзамдуулуктун жалпы абалынын маанилүү көрсөткүчү болуп саналат.

Укук бузууларды жасагандыгы үчүн жоопкерчиликтин сөзсүз болуу принцибинен ар кандай кетүү укукка каршы жана жол берилгендик жөнүндө нагыз маалыматты объективдүү кабыл алууну бурмалайт, укук бузуучуларда алар жасаган укук бузууларга байланыштуу контролсуздук жана жазаланбастык маанайды жаратат. Ошол эле учурда, укук бузуучуларды тийиштүү жана сөзсүз жаза тартуу жарандарда колдонуудагы укук тартиптин бышыктыгы тууралуу ишенимди арттырат, мамлекеттик бийликтин калыстыгына, алардын өмүрү, ден соолугу, мүлкү, укуктары жана кызыкчылыктары бекем корголо тургандыгына ишенимди бекемдейт. Бул, өз кезегинде, жарандарда укуктук аң-сезимдин жана укуктук маданияттын, жоопкерчиликтин жана тартиптүүлүгүн, андан дагы алардын коомдук-пайдалуу ишмердигинин жигердүүлүгүн көтөрүүгө көмөк болот.

Адамдын укукка каршы жүрүм-турумунун негизги себеби адамдын социалдык чөйрөсүн туруктуу тиричилигин майтарууга багытталган ар түрдүү диссонанстарга байланыштуу.

Мындай карама-каршылыктардын өрчүшү укук бузуулардын өсүшүнө алып келет.

Жоруктун коомдук зыяндуулук даражасы ар кандай болушу мүмкүн, бирок анын бар болушу аны укук бузууларга киргизүү үчүн милдеттүү. Укук бузуулар коомдук турмуштун ар кандай тараптарына кол салат, жалпысынан коомго мыйзамдуулуктун режимин орнотуунун жолунда анын кыймылын басаңдатып, олуттуу зыян келтирет. Укук бузуулардын социалдык табияты алардын натыйжаларынан, коомдун саясий, коомдук, экономикалык кызыкчылыкта-

2022-жылдын
26-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 07-Р

рына, жарандардын жеке укуктары менен эркиндиктерине, мүлктүк кызыкчылыктарына зыян келтирген деңгээлинен көрүнөт.

Укуктук жөнгө салууга дуушар болуучу мамилелер аябай ар түрдүү, демек, укук бузуулар менен келтирилген зыян дагы ошончолук ар түрдүү. Зыян материалдык жана моралдык, өлчөмдүү жана өлчөмсүз, физикалык жана рухий, маанилүү жана маанилүү эмес, калыбына келтирилгендей жана калыбына келбес болушу мүмкүн. Зыяндын көрүнүш формалары, анын өнүгүү стадиялары ар түрдүү жана жекече болот.

Динамикалык өзгөрүлүп жаткан коомдун бүгүнкү күнүндө адамзаттын турмуш-тиричилигинин бардык чөйрөлөрүнүн кеңейүүсү жана татаалдашуусу шартында, укук бузуулар дагы ар кандай түрдүү мүнөзгө ээ болууда.

Ошентип, коомдун жалпы бакубаттуулугу укук тартибинин абалы менен мыйзамдуулуктун деңгээлине түздөн-түз көз каранды болгондуктан, мыйзам чыгаруучу укук бузууларга каршы күрөштө эки негизги багытты аныктаган – укук бузуулардын жасалышын алдын алуу (превентивдүү функция) жана жасалган укук бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчиликти ырааттуу жүзөгө ашыруу (тарбия функциясы). Ушуга байланыштуу кабыл алынган УБжК укук бузууларды жасаган үчүн жоопкерчиликтин принциптерин жана чараларын караштырат, кайсыл жоруктар укук бузуу болуп саналаарын, алар тууралуу иштерди кароо тартибин, аларды жасагандыгы үчүн жаза чараларын жана башка укуктук кесепеттерди аныктайт.

3. УБжКга ылайык жеке же юридикалык жак жасаган, ал үчүн аталган Кодекс менен жоопкерчилик каралганукукка каршы, күнөөлүү жорук (аракет же аракетсиздик) укук бузуу болуп табылат.

Жасалган укук бузуу үчүн мамлекет колдонуп жаткан таасир этүүчү чаралар болуп төмөнкүлөр саналат: эскертүү, коомдук жумуштар, айыптар, чет өлкө жарандарын чыгаруу, камакка алуу.

Жаза чараларын колдонууда жасалган укук бузуунун мүнөзү, келтирилген зыяндын өлчөмү, жаза чарасын оорлотуучу же жеңилдетүүчү жагдайлар, ал эми жеке жак болсо, укук бузуучунун ким экендиги дагы эсепке алынат.

Укук бузуучу карата камакка алууну белгилөө превентивдүү функцияны аткарат, анын ориентири укук бузуучунун өзүн дагы, башка жакты дагы жаңы укук бузууларды жасоодон кармануу багытталган (УБжКнын 28-беренеси).

Ошентип, камак алуунун максаты укук тартибин калыбына келтирүү жана адамды тарбиялоо, ошондой эле бул адамдын өзү да,

2022-жылдын
26-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 07-Р

башка адамдар дагы жаңы укук бузууларды жасоону болтурбоо (УБжКнын 33-беренесинин 2-бөлүгү) болуп саналат.

УБжК үй-бүлөлүк зомбулук көрсөтүү; берилген убактылуу коргоо ордеринин шарттары аткарылбаган; майда бейбаштык; комендантык сааттын талаптарын (шарттарын) сактабаган; мас абалындагы айдоочунун транспорт каражатын башкаруусу, мас абалындагы адамдын, же болбосо бул каражатты башкарууга укугу жок адамдын автомототранспорт каражатын башкаруусу; аскер кызматын өтөө тартибин, кароол кызматын өтөө эрежелерин, коомдук тартипти кайтаруу жана коомдук коопсуздукту камсыз кылуу боюнча кызматты бузуу; ооруну симуляциялоо же өзүнө кандайдыр бир жаракат келтирүү (денесине зыян келтирүү) жолу менен аскер кызматынын милдеттерин аткаруудан качуусу учурларында камакка алууну караштырат (УБжКнын 70, 71, 126, 129, 193, 423-426-беренелери).

Алкоголдук мас же болбосо баңгизаттарын, психотроптук же башка мас кылуучу каражаттарды колдонуудан улам мас абалында адамдын укукка каршы жүрүм-турумду улантуусу, согуштук же өзгөчө абал шарттарында, же болбосо коомдук кырсыктардын шарттарында укук бузууларды жасоо оордотуучу жагдайлар болуп таанылат (УБжКнын 46-б.).

Мыйзам чыгаруучу УБжКнын 33-беренесинде сот салган камак укук бузуучуну ички иштер органдары аныктаган жайларда коомдон обочолонтуу шарттарында кармоодо турат жана жети суткага чейинки мөөнөткө колдонулат деп аныктаган.

Өз кезегинде, камакка алуу жөнүндө соттун токтому чыгарылгандан кийин дароо аткарылат (УБжКнын 566-беренеси).

Маселен, коомдук тартип менен коомдук коопсуздукка кол салган жогоруда белгиленген укук бузуулар боюнча камакка алуунун алдында көбүнчө кармоо жүргүзүлөт. Кармоо укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү камсыздоо чарасы катары, анын ичинде укук бузуу жөнүндө иш боюнча токтомду аткарууга багытталган.

Укук бузуу жөнүндө иш боюнча токтомду аткаруу укук бузуу жөнүндө мыйзамдарды жүзөгө ашыруу жаатындагы укук колдонуучулук процесстин жыйынтыктоочу этабы болуп саналат.

Конституциялык сот укуктук жөнгө салуунун кабыл алынган үлгүсүнүн социалдык-укуктук максаты камакка алуу жөнүндө токтомдун процесстик-укуктук мааниси кийинкидей болуп камтылган өзгөчөлүгүн алдын ала аныктайт деп эсептейт.

Камакка алууну токтоосуз аткаруу зарылдыгы жазанын сөзсүз болуу принцибин жүзөгө ашыруу менен, ошондой эле укук кор-

2022-жылдын
26-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 07-Р

гоочулук механизмдин иштеп турушун жана натыйжалуулугун камсыз кылууга багытталган жана өзгөчө тартипте аткарылышын талап кылган жазанын бул түрүнүн спецификасы менен шартталган, анткени башка кандай гана учурда болбосун, УБжКда каралган максаттар менен милдеттер тиешелүү даражага жеткирилбей, камакка алуунун аткарылышын кийинкиге калтыруунун ар кандай формасында, анын ичинде сот актысы даттанылганда да укук бузуучу жазадан качууга же жаңы укук бузууларды жасоого мүмкүндүк алган шарттарга алып келиши мүмкүн.

Андан тышкары, камакка алуунун токтоосуз аткарылышы укук бузуулар чөйрөсүндөгү мамлекеттин юрисдикциялык органдарынын эмгекти көп талап кылуучу жумушту этибарга албоого, алардын социалдык маанилүүлүгүн жана коомдук баркын жокко чыгарууга, мыйзамдын күчүнө жана кадыр-баркына ишенимге шек келтирүүгө, маселен, укук коргоочулук функцияларды аткарган укук коргоо органдарында укук коргоочулук ишинин натыйжалуулугун жалпысынан төмөндөтүүгө, ошондой эле укук коргоо органдарынын бардык аракетин жокко чыгарууга жол берилбегендик менен шартталган. Ошон үчүн, камакка алуу жөнүндө соттун токтомунун токтоосуз аткарылышы жөнүндө мыйзам чыгаруучунун логикасы жаза чарасынын ушул түрүнүн аткарылышынын актуалдуулугун сактап калуу зарылдыгына негизделген.

УБжК коомдук тартипти одоно бузгандык, коомдук коопсуздукка, башкаруу тартибине кара ниеттик менен кол салуу үчүн камакка алууну колдонууну караштырып (УБжКнын 70, 71, 126, 129, 193-беренелери), конкреттүү берененин санкциясына ылайык альтернативдүү жазаны тандап алуу мүмкүндүгүнө жол берет (423-426-беренелерден тышкары), бул сотко укук бузууну жасаган үчүн жоопкерчиликке тартуу максатына жетишүү үчүн гана камакка алуу колдонулганда, укук тартибин камсыз кылуунун өз максаттары боюнча башка жаза чарасын колдонуу натыйжалуу болбогон өзгөчө учурларда гана камакка алууга жол берет.

Ошентип, камакка алуу сыяктуу жаза чарасынын мындай түрүн колдонуу, баарыдан мурда, коомдук кызыкчылыктарды жана коомдук коопсуздукту кайтарууга багытталгандыктан, ал өзүнүн иштеп турушун актайт.

Ошол эле учурда, административдик камакка алуу административдик жазанын кыйла катуу түрү болуп, ал адамдын эркиндик жана жеке кол тийбестик сыяктуу адамдын негизги жана ажырагыс укуктарын чектөө менен байланыштуу болоорун эске алуу зарыл. Ушуга

2022-жылдын
26-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 07-Р

байланыштуу, административдик камакка алууну дайындоо, аткаруу жөнүндө мыйзамдардын ченемдери, ошондой эле даттануу тартиби коомдук жана жеке кызыкчылыктар ортосунда тең салмактуулукту издештирүүдө соттук коргонууга болгон негизги конституциялык укук бузулбагандай жана сот адилеттигине натыйжалуу жетишүү камсыздалгандай болуш үчүн абдан ойлонуштурулгандай болуш керек.

4. Адамды жана жаранды соттук коргоо сот адилеттигин жөнөтүү процессин мыйзамдар менен жөнгө салууну болжойт, ал аны жүзөгө ашыруунун конкреттүү кепилдиктерин караштырат жана укуктарды натыйжалуу калыбына келтирүүнү камсыз кылат.

Соттук коргонууга болгон укук адамдын, жарандын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын гана эмес, мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигинин өзүм билемдигинен да, соттун ката чечимдеринен дагы кайтарууну болжойт. Бул учурда адамдын, жарандын бузулган укуктары менен эркиндиктерин коргоонун жана калыбына келтирүүнүн жалгыз натыйжалуу ыкмасы – мыйзамдуу күчүнө кирген жана кирбеген сот актыларын жогору турган сот тарабынан кайра кароону мамлекет тарабынан кайсыл бир формаларда (ар бир сот өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен) камсыздала турган мүмкүндүк болуп саналат (Конституциянын 58-беренесинин 4-бөлүгү, 61-берененин 1-бөлүгү). Белгиленген ыкмалар ар бир инсандын конституциялык дөөлөттөрү жана коомдогу укуктук мамилелердин стабилдүүлүгү ортосунда тең салмактуулукту кармап туруунун зарыл шарты катары сот актыларынын калыстыгын жана мыйзамдуулугун кепилдөөгө чакырылган.

Мамлекет ката сот актыларынан жабыр тарткан адамдардын укуктарынын бузулушун четтетүүгө көмөк көрсөтүүгө, аларга мыйзамда тыюу салынбаган ар кандай ыкмалар менен өзүнүн укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо мүмкүндүгүн камсыз кылууга милдеттүү. Укуктарды калыбына келтирүү мүмкүн эмес болгон шарттарды жаратуу мамлекет жана анын органдары өзүнүн конституциялдык милдеттенмесин аткарбай жатат деп бааланыш керек.

Укук бузуулар жөнүндө мыйзамдар менен укук бузуу жөнүндө иш боюнча токтомго даттануу токтомдун көчүрмөсүн алган күндөн тартып, он күн ичинде даттануу мүмкүндүгү каралган (УбжКнын 547-беренесинин 3-бөлүгү). Бул мүмкүндүк юрисдиктик процессте юридикалык кепилдиктерди, колдонулуп жатанка жазалардын мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн камсыз кылууну жана сактоону,

2022-жылдын
26-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 07-Р

соттук катадан коргонуу укугун өзүнө камтыган эбегейсиз укук катары соттук коргоо укугун бекиткен Конституциянын 58-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарына аткарууну жүзөгө ашыруунун маанилүү формасы болуп саналат.

Сот адилеттигин ишке ашыруунун жалпы принциптеринен келип чыксак, мыйзамдуу күчүно кирген сот актылары гана аткарылууга жатат, демек, камакка алуу жөнүндө токтомду токтоосуз аткаруу жөнүндө талаптын талашылып жаткан ченемде камтылышы, бул актылар кабыл алынган учурдан тартып, башкача айтканда, УБжКнын 539-беренесинин 6-бөлүгү менен белгиленген жалпы тартиптен айырмаланган өзгөчө тартипте күчүнө кирет дегенди билдирет. Мыйзам чыгаруучу каралып жаткан учурда өз эркин билдирүүнүн мындай ыкмасын укуктук ченемдердин куралуу жана жуурулуу эрежелерин эсепке албастан кыйла оптималдуу логикалык жана техникалык-юридикалык ыкманын колдонулушу укуктук аныктык принцибине жооп бербейт жана укук колдонууда олуттуу кыйынчылыктарды жаратат. Мында, мыйзамдуу күчүнө кирбеген сот актысына даттануу мүмкүндүгүн болжогон сотук каттаны четтетүү ыкмаларынын бирин жокко чыгарат.

Ошону менен бирге текшерүү ыкмаларынын биринин болбогондугу ката сот актысынан соттун коргоо укугунунан толук ажыратылат дегенди билдирбейт. Конституциялык принциптердин көз карашынан мындай укуктук жөнгө салууга жол берилгендик, биринчиден, кабыл алынган укуктук ченем максаттын маанисине көз каранды, экинчиден, мындай мамиленин натыйжасында инсандын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарына келтирилген зыянга салыштырмалуу коом алып жаткан пайдасы артыкчылык кылабы деген маселеге көз каранды.

Индивиддин камакта болуу мөөнөтү жети суткадан ашуун болбостугун, ал эми ишеничтүү жана туруктуу укуктук тартиптен коомдун бүтүндөй бакубаттуулугу көз каранды экендигин эсепке алып, Конституциялык сот ар кимдин, анын ичинде ката сот актысы менен келдитирилген материалдык жана моралдык зыяндын орду толуктала турган укугу тууралуу конституциялык кепилдикти эске алып, талашылып жаткан ченемде камтылган чектөө конституциялык маанилүү максаттарга өлчөмдөш жана Конституциянын 23-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына жооп берет. Демек, камакка алуу жөнүндө соттун токтомунун токтоосуз аткарылышы тууралуу буйрукчул талап Конституцияга карама-каршы келүүчү катары баалانышы мүмкүн эмес.

2022-жылдын
26-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 07-Р

Ошол эле учурда камак адамдын эркиндик сыяктуу жеке багына олуттуу кол салуу болуп саналат. Өмүргө, эркиндикке жана жеке кол тийбестикке болгон укук – бул биринчи субстантивдик укук, аны Адам укуктарынын жалпы декларациясы коргойт (3-берене), бул жеке адамдар үчүн дагы, бүтүндөй коом үчүн дагы ушул укутун чоң мааниси жөнүндө кабар берет. Эркиндик менен жеке кол тийбестик өзүнөн-өзү эле дөөлөт эмеспи, ал эми эркиндиктен ажыратуу адамдын башка укуктарынын жүзөгө ашырылуусуна негизги жолтоо болуп саналат.

Ушуну эсепке алуу менен, Конституциялык сот камакка алуунун болушунча кыска мөөнөтү дагы адамдын укуктары менен эркиндиктерине олуттуу таасирин тийгизет деп белгилейт. Ушуга байланыштуу, мыйзам чыгаруучу камакка дуушар болгон адамдын укуктарын соттук коргоо аркылуу, сот даттануу түшкөн учурдан тартып 48-сааттан кечиктирбестен жогору турган сотто аны каратуу мүмкүндүгү сыяктуу кошумча кепилдиктерди караштырууга милдеттүү. Мында кармоонун мөөнөтү административдик камактын мөөнөтүнө кошуп эсептелиш керек. Аны менен, камакк алуу жөнүндө соттун токтомунун токтоосуз аткарылышы жөнүндө эреже мүмкүн болуучу соттук катаны тезинен оңдотуу кепилдиги тең салмактанган.

Ченемдик жөнгө салуунун мындай чарасы субъективдүү укуктардын нагыз көлөмүн олуттуу өзгөртпөйт, бирок индивидге катасы бар сот актысы келтирилиши мүмкүн болгон зыянды кескин азайтат.

Мыйзам чыгаруучу орнотулуп жаткан укуктук жөнгө салууну ар кыл чечмелөөнү жана укуктук колдонууну жокко чыгаруу үчүн анын формасына тийиштүү кам көрүүгө милдеттүү. Ошон үчүн УБжКга укук бузуу жөнүндө ар кандай сот актыларынын күчүнө кирүү тартибин жөнгө салуучу укуктук ченемдердин коллизиясын четтетүүгө жана толук макулдашылуусуна жетишүүгө жана жогору турган соттон кайра каратууга багытталган тийиштүү түзөтүүлөрдү кабыл алуу зарыл.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4-беренесин, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелеренин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Ч Е Ч Т И :

1. Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 566-беренесинин биринчи абзацы Кыргыз Республикасынын Кон-

2022-жылдын
26-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 07-Р

ституциясынын 23-беренесинин 5-бөлүгүнө, 55-беренесине, 56-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 58-беренесинин 4-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Чечимдин жүйөлөштүрүүчү бөлүгүнөн келип чыккан жана 48 саат ичинде жогору турган соттон камакка алуу жөнүндө токтомду кайра карап чыгуунун өзгөчө тартибин караган тийиштүү мыйзам долбоорун иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизсин.

3. Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин камакка алуу жөнүндө соттун токтомуна даттануу берилген учурдан тартып 48 сааттан кечиктирилбестен жогору турган соттон кайра каратуусу жүзөгө ашырылат деп орнотулсун.

4. Чечим акыркы жана даттанууга кайра жатпайт, жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

5. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бүткүл аймагында аткарылууга жатат.

6. Ушул Чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун расмий сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында» жарыялансын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

№ 08-Р

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

«Жер участокторун берүү жана алып коюу менен байланышкан мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу тууралуу иштерди кароодо келип чыгуучу кээ бир маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 31-майындагы № 13 токтомунун 14-пунктунун «Жер участогуна укукту берүү боюнча комиссиянын чечими сотто талашуунун предмети болушу мүмкүн эмес» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

Ч Е Ч И М И

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Ж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы Н.А. Кененсариеванын,

кайрылуучу тарап – «Кыргыз Республикасынын транспорт каражаттарын айдоочулардын союзу» коомдук бирикмесинин өкүлдөрү – Евгений Николаевич Коняшиндин, Бексултан Токторбекович Мамбеталиевдин;

жоопкер тарап – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ишеним кат боюнча өкүлү Маргарита Насаркановна Сапиянованын;

үчүнчү жактар – Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунда Президенттин жана Министрлер Кабинетинин кызыкчылыктарын ишеним кат боюнча көздөгөн Президенттин Администрациясынын укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысынын орун басары Гулзаада Назаркуловна Ишекееванын, Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык мүлкүн башкаруу боюнча департаментинин ишеним кат боюнча өкүлү Гуласел Абубакировна Джураеванын катышуусу менен,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, «Жер участокторун берүү жана алып коюу менен байланышкан мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу тууралуу иштерди кароодо келип чыгуучу кээ бир маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку со-

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

тунун Пленумунун 2018-жылдын 31-майындагы № 13 токтомунун 14-пунктунун «Жер участогуна укукту берүү боюнча комиссиянын чечими сотто талашуунун предмети болушу мүмкүн эмес» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти ачык соттук отурумда карап чыкты.

Бул ишти кароого «Кыргыз Республикасынын транспорт каражаттарын айдоочулардын союзу» коомдук бирикмесинин кайрылуусу себеп болгон.

Бул ишти кароого негиз болуп «Жер участокторун берүү жана алып коюу менен байланышкан мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу тууралуу иштерди кароодо келип чыгуучу кээ бир маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 31-майындагы № 13 токтомунун 14-пунктунун «Жер участогуна укукту берүү боюнча комиссиянын чечими сотто талашуунун предмети болушу мүмкүн эмес» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосунун Конституцияга ылайык келүү маселесинде келип чыккан күмөндүүлүк саналат.

Ишти соттук отурумга даярдаган судья-баяндамачы К.А. Дуйшеевдин маалыматын угуп, тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, үчүнчү жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп жана иштин материалдары менен таанышып чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

ТАПТЫ:

2021-жылдын 7-октябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна «Кыргыз Республикасынын транспорт каражаттарын айдоочулардын союзу» коомдук бирикмесинин «Жер участокторун берүү жана алып коюу менен байланышкан мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу тууралуу иштерди кароодо келип чыгуучу кээ бир маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 31-майындагы № 13 токтомунун 14-пунктунун «Жер участогуна укукту берүү боюнча комиссиянын чечими сотто талашуунун предмети болушу мүмкүн эмес» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 3-бөлүгүнө, 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-бере-

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

несинин 1-бөлүгүнө, 97-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун 2022-жылдын 9-мартындагы токтому менен өтүнүч өндүрүшкө кабыл алынган.

Соттук отурумда кайрылуучу тарап өзүнүн талаптарын колдоп, кийинкилерди белгиледи.

Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун 2014-жылдын 3-мартындагы, 2017-жылдын 21-августундагы чечимдери менен Бишкек шаарындагы жер участокторуна укук берүү боюнча комиссиянын (мындан ары – Комиссия) баш тартуусун мыйзамсыз деп таануу жөнүндө «Кыргыз Республикасынын транспорт каражаттарын айдоочулардын союзу» коомдук бирикмесинин (мындан ары – Коомдук бирикме) доо арыздары канааттандырылган. Ушул эле чечимдер менен Бишкек шаарынын мэриясынын Жер ресурстары башкармалыгына Коомдук бирикменин укуктары, эркиндиктери жана мыйзамдуу кызыкчылыктары жаатында жол берилген бузууларды толугу менен жоюу сунушталды.

Комиссиянын 2021-жылдын 8-апрелиндеги отурумунда Коомдук бирикмеге жер тилкелерин мөөнөтсүз, бекер пайдаланууга берүүдөн баш тартылган, ал эми Коомдук бирикме жаңы жер тилкелери боюнча маселе көтөрбөй, автопарктар жана коллективдүү гараждар катары көп жылдар бою пайдаланылып келе жаткан жер участокторун мыйзамдаштырууну жана ага тиешелүү документтерди алууну гана талап кылган.

Бишкек шаарынын Административдик сотунун 2021-жылдын 24-майындагы аныктамасы менен Комиссиянын 2021-жылдын 8-апрелиндеги чечимин жараксыз деп табуу бөлүгүндөгү Коомдук бирикменин административдик доо арызы четке кагылган.

Бишкек шаарынын мэриясынын Коомдук бирикмеге берген жообунда Комиссиянын чечимин кайра кароо Жер ресурстары башкармалыгынын ыйгарым укуктарына кирбей тургандыгы көрсөтүлгөн. Мында аталган башкармалык «Жер участокторун берүү жана алып коюу менен байланышкан мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу тууралуу иштерди кароодо келип чыгуучу айрым маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 31-майындагы № 13 токтомунун 14-пунктунун жер участогуна укук берүү боюнча комис-

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

сиянын чечими сот тартибинде талашуу предмети боло албайт деп көрсөтүлгөн бөлүгүнө шилтеме жасаган.

Коомдук бирикме талашылып жаткан жобонун аракети аларды соттук коргонуу укугунан иш жүзүндө ажыратат деп эсептейт, ал эми бул адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктерин чектеген мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актыларды кабыл алууга тыюу салууну караган Конституциянын 23-беренесинин 3-бөлүгүнүн талаптарынын күчүнөн улам жол берилгис болуп саналат.

Арыз ээлери комиссиянын чечимине сотко даттануу мүмкүндүгүнүн жоктугу Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгү менен кепилденген соттук коргонуу укугун чектөө болуп саналат, анткени сот өндүрүшүнүн милдети бузулган укукту калыбына келтирүүдө турат деп белгилешүүдө.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Коомдук бирикме Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун аталган токтомунун 14-пунктунун «Жер участогуна укукту берүү боюнча комиссиянын чечими сотто талашуунун предмети болушу мүмкүн эмес» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобону Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну суранат.

Жоопкер тараптын өкүлү М.Н. Сапиянова каралып жаткан маселе боюнча кийинкидей көз карашты билдирди.

Конституциялык соттун ыйгарым укуктары Конституция жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзам менен аныкталган. Алсак, Конституциянын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктунда, ошондой эле конституциялык Мыйзамдын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунда Конституциялык сот мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндө иштерди чече тургандыгы белгиленген.

Баш Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму Кыргыз Республикасынын бардык соттору жана судьялары үчүн милдеттүү болгон соттук тажрыйбанын маселелери боюнча түшүндүрмөлөрдү берерин аныктайт (98-берененин 3-бөлүгү). Бул конституциялык ченем «Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө» конституциялык Мыйзамда да бекитилген. Соттук тажрыйбаны изилдөө, жалпылоо, сот статистикасын талдоо менен Жогорку соттун Пленуму сотторго мыйзамдарды колдонуу боюнча көрсөтмөлөрдү берет, мында мыйзамдын ченемдеринин негизинде бирдиктүү соттук тажрыйбаны калыптандыруу негизги максат болуп саналат.

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

Жоопкер тараптын өкүлү «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамдын жоболоруна ылайык ченем жаратуучу орган (кызмат адамы) болуп ченемдик укуктук актыларды кабыл алууга (чыгарууга) (ыйгарым укуктуу) мамлекеттик орган (кызмат адамы), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы (кызмат адамы) саналат деп белгилейт. Өз кезегинде, ченемдик укуктук акт – бул ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (кызмат адамынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын компетенциясынын чегинде же референдум аркылуу кабыл алынган (чыгарылган) жана укук ченемдерин (укуктук эрежелер) орнотууга, өзгөртүүгө же жокко чыгарууга багытталган жана белгиленген формадагы расмий документ. Эгерде Конституцияда башкача каралбаса, ченемдик укуктук актылар ченем жаратуучу орган тарабынан «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамда жана аталган Мыйзамга ылайык кабыл алынган башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген тартипте кабыл алынат. Ченемдик укуктук актылар Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилет жана расмий жарыялануу тийиш (26-берененин 1-бөлүгү, 28-берененин 1-бөлүгү, 29-берененин 1-бөлүгү).

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик укуктук актыларын колдонуу боюнча соттук тажрыйба маселелери боюнча сотторго жетекчилик түшүндүрмөлөрдү берүү жөнүндө Пленум токтомдорунун күчүнөн улам даярдоонун, кабыл алуунун, жарыялоонун жана күчүнө киргизүүнүн тартиби Жогорку соттун Регламентинде аныкталат.

Ошентип, Пленумдун токтомдору «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамда белгиленген жогоруда көрсөтүлгөн критерийлерге ээ эмес, ушуга байланыштуу, Пленумдун токтому же анын бир бөлүгү конституциялык сот өндүрүшүнүн предмети боло албайт, ал эми Жогорку сот мыйзам чыгаруучу орган болбогондон кийин, сот адилеттигин жүзөгө ашыруучу орган катары Конституциялык сотто жоопкер катары чыга албайт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык өндүрүштү токтотууну өтүнөт.

Президенттин жана Министрлер Кабинетинин өкүлү Г.Н. Ишекеева талашылып жаткан жобо боюнча төмөнкүдөй пикирин билдирди.

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен бекитилген Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижарага укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө Типтүү жобонун 71-пункту менен ыйгарым укуктуу органдардын жер участокторду берүүгө тиешелүү чечимдери боюнча административдик иштер жана административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамда аныкталган тартипте даттанууга болот. Ал эми аталган Типтүү жобонун 5-пунктуна ылайык муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө боюнча ыйгарым укуктарга ээ болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын түзүмү ыйгарым укуктуу орган болуп саналат.

Пленумдун токтомунун 14-пунктунда, эгерде жер участогун берүү боюнча комиссиянын чечиминин натыйжасында Кыргыз Республикасынын Жер кодексинде көрсөтүлгөн ыйгарым укуктуу орган тарабынан чечим кабыл алынбаса, жер участогун сатуу же ижарага алуу аукциондун жеңүүчүсү же жер участогун сатып алуучу менен түз сатуу жолу менен келишим түзүлсө, анда тооруктун же тике сатуунун натыйжасында түзүлгөн бүтүмдөр сот тартибинде талашууга жатат.

Ошентип, Г.Н. Ишекееванын айтымында, Жогорку соттун Пленумунун чечиминин 14-пунктунда жерге укук берүү боюнча комиссиянын чечимин эмес, ыйгарым укуктуу органдардын чечимин сотто талашуунун зарылдыгы жөнүндө ченемдер негиздүү каралган.

Бишкек шаарынын мэриясынын өкүлү Г.А. Жураева каралып жаткан маселе боюнча кийинкилерди белгиледи.

Бишкек шаардык кеңешинин 2011-жылдын 20-декабрындагы № 288 токтому менен бекитилген Бишкек шаарынын менчигиндеги жер участокторуна ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө жобонун 66-пунктуна ылайык (мындан ары – Жобо) жер участогун ижарага берүү келишими комиссиянын чечиминин негизинде ыйгарым укуктуу орган тарабынан протоколго кол коюлган күндөн тартып 5 күндүн ичинде түзүлөт.

Муниципалдык жер участогуна укук берүүдөн баш тартылган учурда, жер участокторуна укук берүү боюнча комиссиянын чечими отурумдун протоколунда чагылдырылат. Андан кийин ыйгарым укуктуу орган тарабынан эч кандай актылар чыгарылбайт.

Мында, жогоруда көрсөтүлгөн Жобо Бишкек шаардык кеңешинин 2020-жылдын 14-январындагы № 141 токтомунун 5-пунктуна ылайык күчүн жоготту деп таанылат, аны менен Бишкек шаарындагы жер участокторду ижара шартында мөөнөттүү (убактылуу)

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

пайдаланууга берүү тартиби жөнүндө жобо бекитилген. Жобонун 9-пунктуна ылайык ыйгарым укуктуу орган келип түшкөн арызды чектөөлөрдүн (Бишкек шаардык кеңештин, Бишкек шаарынын мэриясынын чечимдери, укук коргоо жана сот органдарынын актылары) бар-жогун карап чыгат. Чектөөлөр болгон учурда арыз катталган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде арыз ээсине жүйөлүү баш тартуу жөнөтөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тараптардын жүйөлөрүн талкуулап, үчүнчү жактардын түшүндүрмөлөрүн угуп, иштин материалдарын карап чыгып, кийинкидей тыянактарга келди.

1. Конституциялык сот «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык кайрылууда козголгон предмет боюнча анын ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн жараткан бөлүгүнө карата гана актыларды чыгарат.

Ошентип, бул иш боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун кароосунун предмети болуп «Жер участокторун берүү жана алып коюу менен байланышкан мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу тууралуу иштерди кароодо келип чыгуучу кээ бир маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 31-майындагы № 13 токтомунун 14-пунктунун кийинкидей редакцияда баяндалган ченемдик жобосу саналат:

«Жер участогуна укукту берүү боюнча комиссиянын чечими сотто талашуунун предмети болушу мүмкүн эмес».

«Жер участокторун берүү жана алып коюу менен байланышкан мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу тууралуу иштерди кароодо келип чыгуучу кээ бир маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 31-майындагы № 13 токтому Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2019-жылдын № 1(67) Жарчысында жарыяланган жана күчүндө.

2. Конституцияга ылайык ар бир адамга Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринде жана ченемдеринде каралган укуктарын жана эркиндиктерин сот аркылуу коргоо кепилденет (61-берененин 1-бөлүгү).

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

Адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуунун мамлекеттик-укуктук механизминде соттук коргоо укугун ишке ашыруу Конституцияда кепилденген бардык башка укуктардын жана эркиндиктердин аракети өзөктүү элемент болуп саналат, анткени сотко кайрылуу аркылуу гана башка бузулган укуктарды реалдуу калыбына келтирүү мүмкүн. Демек, соттук коргонууга конституциялык укук негиздүү түрдө эч кандай чектөөлөргө тийиштүү эмес адамдын жана жарандын пайдубал укуктарынын тизмесине кадыресе кирет.

Конституцияда соттук коргонуу укугун бекитүү мамлекеттик бийликти (коомдук бийликтин бүткүл тутумун) ар бир белгиленген укукту тоскоолдуксуз пайдалануунга кепилдик берүүчү механизмдерди түзүү милдетине конституциялык түрдө байлайт. Мында бул укуктун негизги мазмуну сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү болуп саналат, ал жарандардын сот адилеттигине жетүүсүн тоскон ченемдерди кабыл алууга жол берилбестигин билдирет. Кандайдыр бир маселе боюнча сот адилеттигине реалдуу жетишпеген жак (адам) соттук коргонууга өзүнүн конституциялык укугун толук пайдалана албайт. Мындан тышкары, соттук коргоого муктаж жактар, эгерде алар өздөрү бул укуктан баш тартпаса, каалаган маселе боюнча сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек.

Ошол эле учурда, бул, кандай гана жак (адам) болбосун, кандай гана талап менен болбосун, кандай гана шартта болбосун, каалаганындай эркин формада сотко кайрыла алат дегенди билдирбейт. Конституциянын маанисинен жана мазмунунан кайрылуучулар сот адилеттигин ишке ашырууну жөнгө салуучу укуктук ченемдерди кыйшаюусуз жана так карманган, белгиленген тартипти сактаган учурда алардын соттук коргонуу укугу ишке ашырылуусу мүмкүн. Ошон үчүн Баш Мыйзамдын 94-беренесинин 2-бөлүгүндө сот бийлиги конституциялык, жарандык, жазык, административдик жана мыйзамда каралган сот өндүрүшүнүн башка формалары аркылуу ишке ашырылат деп орнотулганы бекеринен эмес.

Соттук коргоого болгон укуктун маңызы жеке адамдын, биринчиден, анын процесстик укук субъектисине ээ болуусун, экинчиден, укуктун мамилелердин бардык мүмкүн болгон түрлөрүн жөнгө салуучу укук тармактары жөнүндө, сот түзүлүшү жана соттук процедуралар жөнүндө мыйзамдарды кабыл алуу жана тынымсыз өркүндөтүүнү, ошондой эле сот системасынын түзүлүшүн жана анын иштөө тартибин камсыз кылууну мамлекеттен талап кылуу мүмкүндүгүндө турат. Соттор коомдук мамилелердин катышуучуларынын

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

ортосундагы чыр-чатактарды жана башка талаш-тартыштарды чечет, соттук контролду жүзөгө ашырат, жарандардын жана юридикалык жактардын бузулган укуктарын жана эркиндиктерин калыбына келтирет, мыйзамда белгиленген тартипте күнөөнү аныктайт, таасир этүү жана жаза чараларын колдонот, муну менен адамдын жашоо-тиричилигинин бардык мүмкүн болгон тараптарын камтыйт.

Бирок, ошол эле учурда соттук коргонуу укугун ишке ашыруу мамлекеттин милдеттерине гана негизделиши мүмкүн эмес, ал ар бир адамдын өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоодо жигердүү көз караштын болушун болжойт. Башкача айтканда, ал сотторго кайрылуу үчүн ага берилген мыйзамдык каражаттарды туура колдонуудан жана процесстик өжөрлүгүнөн келип чыгат.

Ошентип, соттук коргоого болгон конституциялык укук – бул ар бир адамдын сот адилеттигинин органы катары соттон караштуулугуна жараша сот өндүрүшүнүн конституциялык, жарандык, жазык же административдик формалары аркылуу өз ишин каратуу жана чечүү жолу менен, мыйзамда белгиленген тартипте субъективдүү укуктарын камсыз кылууну талап кылууга мамлекет тарабынан кепилденген укук.

3. Ченемдик укуктук актылар тутумунда Конституциянын юридикалык үстөмдүгүн камсыз кылууга арналган, аны менен Баш Мыйзамда бекитилген коомдук жана мамлекеттик түзүлүштүн кол тийбестигине жетишүүнү, инсандын укуктук макамынын туруктуулугун, укуктун бардык субъектилери тарабынан конституциялык талаптардын кыйшаюсуз аткарылышын көздөгөн соттук ведомстволук караштуулук тутумунда үстөмдүк башкы орунду конституциялык контроль ээлейт.

Конституцияга конституциялык сот адилеттиги институтунун киргизилиши жөнүндө укуктук ченемдерди кошуу фактысынын өзү саясий-укуктук мамилелердин түп-тамырынан жаңы тутумга өткөнүн чагылдырып турат. Конституциянын үстөмдүгүн жана тикелей иштешин камсыз кылуу максатында аны коргоо объективдүү түрдө «жаш демократияны» калыптандыруунун сапаттык жаңы этабы менен шартталган, анын жүрүшүндө Конституциянын жөнгө салуучу ролунун милдеттери, коомдун башкалардан айырмалуу макро үлгүсү катары биринчи планга чыгат, анын негизинде жана анын алкагында бүткүл мамлекеттик аппарат иштеши керек. Мында мамлекеттин жана инсандын укуктары менен милдеттеринин өз ара көз каранды диалектикалык биримдиги сакталууга тийиш. Бир жагынан, Баш Мыйзамды коргоо жарандар үчүн өтө маанилүү, ант-

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

кени ал мамлекеттик институттар тарабынан жарыяланган укуктар менен эркиндиктер деңгээлинин сакталышына кепилдик берүүчү маанилүү шарт катары турмуштук зарылдык болуп саналат, экинчи жагынан, Конституциянын коргоо, кандай гана демократиялык өлкө болбосун, саясий туруктуулукту сактоо жана бүтүндөй коомдун позитивдүү андан ары өнүгүүсү үчүн маңызы боюнча имманенттик касиет болуп саналат.

Конституциянын 97-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык Конституциялык сот конституциялык сот өндүрүшү аркылуу конституциялык түзүлүштүн негиздерин, адамдын жана жарандын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, Конституциянын үстөмдүгүн жана түздөн-түз колдонулушун камсыз кылуу максатында конституциялык контролду жүзөгө ашыруучу сот бийлигинин жогорку органы болуп саналат. Мындан Конституциялык сот:

- укук жаратуу процессине жана биринчи кезекте анын натыйжасына – кабыл алынган ченемдик укуктук актыларга жигердүү таасир этет;

- аныкталган кемчиликтерди жана даражасы төмөн конституциялык ченемдик укуктук актылардын Баш Мыйзамга карама-каршы келүүсүн текшерет, анын ичинде аларды юридикалык күчтөн ажыратат.

Бул конституциялык ченем Конституциялык соттун компетенциясын аныктоо үчүн да негиз болуп саналат.

Конституцияга бардык ченемдик укуктук мүнөздөгү актылардын иерархиялык баш ийүүсүн, Конституциялык соттун конституциялык контролдун чектерин аныктоодогу көз карашын камсыз кылууга багытталган конкреттүү контролдоо функциясы чечүүчү болуп саналат да, ченем жаратуу чөйрөсүн түм тамыры менен камтууга тийиш жана мыйзамдар аныктамаларына да көз каранды болбойт. Башкача айтканда, конституциялык контролдун табияты анын ченем жаратуунун бүткүл чөйрөсүндө мыйзамдуулуктун негизги кепили катары иштешин аныктайт, ал ченем жаратуучу органдардын ишмердүүлүгү менен гана чектелбестен, элдин чексиз чөйрөсүнө жана кайталап колдонууга арналган жалпыга милдеттүү жүрүм-турум эрежелерин камтыган бийлик органдарынын ар кандай актыларынын Конституцияга ылайык келүүсүн текшерүү чөйрөсүн кулачынан чыгарбашы керек. Муну менен бирге конституциялык контролдун чөйрөсү укуктук жөнгө салуунун чөлкөмүнүн кеңейишине жараша түздөн-түз пропорционалдуу түрдө кеңейип жатканын эске алуу керек. Башкача айтканда, ар кандай ченемдик укуктук жөнгө салуу, мыйзамдар ба-

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

засына карабастан, мындай текшерүүнү айланып өтүүгө формалдуу себептерге жол бербөө үчүн конституциялык контролго алынууга тийиш.

Ошентип, Конституциялык соттун өзүнүн аныктоосу жана баасы боюнча ченемдик укуктук мүнөзгө ээ болгон, бирок конституциялык контролдун чөйрөсүнө кирбей турган актылар болушу мүмкүн эмес, антпесе Конституциянын үстөмдүгү жана укуктук мамлекеттин принциби бузулат.

4. Конституцияда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленуму Кыргыз Республикасынын бардык соттору жана судьялары үчүн милдеттүү болгон соттук тажрыйба маселелери боюнча түшүндүрмөлөрдү берет (98-берененин 3-бөлүгү) деп белгиленген.

Жогорудагыларды жарыялоо менен Конституция Кыргыз Республикасынын сотторунун укук колдонуу тажрыйбасын түзөтүүнүн укуктук каражаты жана чечмелөөчү акты катары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтомуна жогорку маани берет.

Ааламдашуу жана адам жашоосунун чөйрөлөрүнүн тездик менен кеңейиши укуктун бардык тармактарында мыйзамдарды динамикалык өзгөртүүлөр зарылдыгына гана эмес, укук тутумунун структуралык элементтерин кайра курууга, жаңы укуктук технологиялардын, формалардын жана укук булактарынын, коомдук мамилелерге укуктук таасир көрсөтүүнүн ыкмалары менен каражаттарынын пайда болушуна да алып келет. Мындай өзгөрүүлөрдүн ылдамдыгы, принципиалдуу жаңы социалдык-экономикалык жана саясий шарттарда мыйзам чыгаруучунун алдында турган милдеттердин жаңылыгы жана татаалдыгы сөзсүз түрдө кабыл алынган мыйзамдардын сапатынын техникалык-укуктук формасы боюнча да, укуктук мазмуну боюнча да төмөндөшүнө, мыйзам чыгаруучулук материалда коллизиялардын жана бүдөмүктөрдүн келип чыгышына алып келет.

Ошондуктан, тилекке каршы, мыйзам чыгаруучу кабыл алган бардык ченемдик укуктук актылардын жетишээрлик айкындык даражасы жок. Алардын кемчиликтүүлүгү, айрым туюнтмалардын так эместиги – укук коргоо органдарынын азыркы кырдаалдан чыгуунун жолун өз алдынча издөөгө аракет кылуусуна алып келет. Ал эми мыйзамдуулукту мыйзамдын мазмунуна жана рухуна так ылайык колдонуу негизги мааниге ээ жана өлкөдө мыйзам үстөмдүгүн камсыз кылуунун кепилдиги болуп саналат.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын укуктук тутуму үчүн маанилүү көрүнүш болуп, укук колдонуу тажрыйбасын туура

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

жана бирдей камсыз кылууда барган сайын маанилүү роль ойногон сот тутумунун өзүнүн чечмелөөчү актылары саналат.

Конституция бул жагынан Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна өзгөчө роль жүктөйт, ал токтомдорду кабыл алуу аркылуу сот адилеттигин жүзөгө ашыруу процессинде соттор жана судьялар үчүн милдеттүү түрдө колдонууга тийиш болгон укуктук ченемдерди түшүнүү жана колдонулушу жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандырат.

Жогорку соттун Пленумунун токтомдору өзүнүн мүнөзү боюнча мыйзамга карата көмөкчү мааниге ээ. Бул түшүндүрмөлөрдүн маңызы укук колдонуудагы кыйынчылыктарды жана соттук тажрыйбадагы кемчиликтерди жоюу максатында мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын көп маанилүү, маңызы боюнча бүдөмүк, баа берүүчү, карама-каршы же толук эмес мазмунуна айкындык берүү болуп саналат. Жогорку сот сот тажрыйбасын жалпылоонун негизинде терс тенденцияларды көрсөтүп, доктриналдык чечмелөө аркылуу соттор жана судьялар үчүн зарыл болгон түшүндүрмөлөрдү берет. Жогорку соттун Пленумунун чечимдери өзүнүн өзгөчөлүгүнөн улам өздөрүнүн инерциялык таасирин сактоо менен укук колдонуу тажрыйбасынын чөйрөсүн олуттуу түрдө же кеңейтиши, же тарытышы мүмкүн. Судьялар сот адилеттигин жүзөгө ашырууда Жогорку соттун Пленумунун токтомдорунун чечмелөөчү мазмунунан улам багытын карманууга милдеттүү болгондо, аталган токтомдор Конституция көздөгөндөй өзүнчө бир «жол картасы» болушу керек.

Ошону менен бирге Жогорку соттун Пленумунун токтомдорундагы түшүндүрмөлөр өз алдынча укуктук ченемдерди камтыбастан, колдонуудагыларды гана чечмелөөгө тийиш. Болбосо, конституциялык-укуктук деңгээлде алар мыйзам ченемдерине гана мүнөздүү болгон жөнгө салуучу касиетке ээ болуп, судьялар үчүн милдеттүү мүнөзүнөн улам аларды адамдардын чексиз чөйрөсү жана бир жолку эмес колдонулушу үчүн жалпыга милдеттүү жүрүм-турум эрежелер деңгээлине келтирет. Демек, мындай токтомдорду конституциялык контролдун алкагынан чыгарууга болбойт. Болбосо, бул ар бир адамдын конституциялык сот адилеттигине жетишүү укугунан «дефакто» ажыратуу дегенди билдирет жана мыйзамдуулуктун конституциялык принцибинин бузулушуна алып келмек.

Баяндалгандарды эске алуу менен, Конституциялык сот, эгерде мындай токтомдорго ченемдик укуктук актыларга гана мүнөздүү жөнгө салуучу функциялар берилгенде, төмөн турган соттордун

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

укук колдонуу иши үчүн жалпыга милдеттүү юридикалык маанили – адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин бузууга олуттуу коркунучтарды жаратышы мүмкүн болгондо, Жогорку соттун Пленумунун токтомдорун конституциялуулугун текшерүү зарылдыгы соттук конституциялык контролдун алкагында келип чыгат.

Жогорку соттун Пленумунун токтомунун талашылып жаткан ченемдик жобосуна келсек, аны туюндурууда колдонулган укуктук техника, ошондой эле жыйынтыктоочу сот актыларын кабыл алууда жалпы юрисдикциядагы соттор тарабынан ага тикелей шилтеме жасоо фактылары, анын укук колдонуу процессинде процесстик укуктун ченеминин касиеттерине ээ болуусун талашсыз күбөлөндүрөт. Ушуга байланыштуу түшүндүрмө формасындагы мындай милдеттүү көрсөтмөнү соттук конституциялык контролдун чөйрөсүнөн чыгарып салууга болбойт.

5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул Конституцияда бекемделген жана кепилденген укук, жана да жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилигинде өз алдынча чечүүгө реалдуу мүмкүнчүлүк.

Коомду жана мамлекетти башкаруунун демократиялык системасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өзгөчө орун таандык. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу, биринчи кезекте, өзү жериндеги калктын кызыкчылыктарын камсыз кылуу үчүн башкаруу тутумун болушунча жарактуу децентрализациясын камсыз кылат.

Кыргызстандын мамлекеттик түзүлүшүнүн маанилүү элементтеринин бири катары жергиликтүү өз алдынча башкаруу бир эле учурда эл бийлигинин деңгээли да, калктын өзүн уюштуруу формасы да болуп саналат. Башкаруунун натыйжалуулугунун маселеси – биринчи кезекте, жергиликтүү саясатты жүргүзүүдө жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө шаарлардын, кыштактардын жана айылдардын уюштуруучулук жана каржы-чарбалык өз алдынчалуулугунда турат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруучулук өз алдынчалыгы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана мамлекеттик бийлик органдарынын функцияларынын чектеринин бөлүштүрүлгөндүгү менен камсыз кылынат (Конституциянын 4-беренеси).

Ошол эле учурда мамлекеттин натыйжалуу иштеши үчүн мамлекеттик жана жергиликтүү деңгээлдеги кызыкчылыктардын балансы, башкача айтканда, кайсы бир аймактын тургундарынын жалпы кы-

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

зыкчылыктарын ала жүрүү зарыл. Жарандардын учурдагы муктаждыктарын камсыз кылуу – мамлекеттик милдет – ал жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бар же жогуна карабастан ишке ашырылууга тийиш. Бирок жергиликтүү өз алдынча башкарууга берилген укук мамлекеттик бийлик органдарын жергиликтүү деңгээлдеги маселелердин белгилүү бир бөлүгүн ишке ашыруудан арылтууга, алардын чечилишин ушул аймакта жашаган элге өткөрүп берүүгө мүмкүндүк берерин белгилей кетүү керек.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик бийлик органдары тутумуна кирбестен, ошол эле учурда жергиликтүү өз алдынча башкарууга жүктөлгөн милдеттерге карата элдик бийлик ыйгарым укуктарына ээ, башкача айтканда, тиешелүү аймактык деңгээлде элдик бийликтин функцияларын аткарышат.

Демек, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөлгөн функцияларды аткаруу үчүн зарыл болгон тийиштүү ыйгарым укуктар берилмейин, жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашыруу боюнча үзгүлтүксүз, күнүмдүк ишти жүргүзүү мүмкүн эмес.

Өз кезегинде, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары айрым ыйгарым укуктарды ишке ашыруунун натыйжалары боюнча алардын ишинин белгилүү бир формасын чагылдырган ченемдик укуктук актыларды кабыл алат, алар мамлекеттик бийлик мүнөзүнө ээ жана даректелгендер үчүн милдеттүү болуп саналат.

Бул актылардын кабыл алынышы көбүнчө мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин борбордук көйгөйү болуп саналган менчик мамилелерин козгойт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын экономикалык өз алдынчалыгы муниципалдык менчикке өзү билгендей ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө укугуна негизделет. Ошондуктан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негиздерин кароодо экономикалык категория катары муниципалдык менчикке өзгөчө орун берилет.

Ушуга байланыштуу муниципалдык менчикте турган жер участокторун жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилип туруусу (менчик же ижара укугун акы төлөтүп берүү) мамлекеттин экономикалык өнүгүүсүндө чоң мааниге ээ, анткени, ал баарыдан мурун, өндүрүштүн ар кандай түрлөрүн өнүктүрүү үчүн ресурс болуп кызмат кылат, бул өз кезегинде жергиликтүү бюджеттин дареметин өстүрүүгө, инвестицияларды тартууга, ошондой эле белгилүү бир аймактын инфраструктуралык өнүгүшүнө алып келет.

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

Албетте, мамилелердин мындай чөйрөлөрүн укуктук жактан жөнгө салынуусу мыйзам чыгаруучу тарабынан адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин чектеген мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу үчүн, ага тыюу салган Баш Мыйзам менен милдеттүү түрдө шайкеш келтирилиши керек.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укук колдонуу иши менчик чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин негизги катмарына тийиштүү кабыл алынып жаткан ченемдик укуктук актылардын тез өсүшүн көрсөтүп турат. Бирок, жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашырууга байланышкан маселелердин тиешелүү деңгээлдеги ченемдик жөнгө салуунун жоктугу менен шартталса дагы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын аракетсиздигине байланыштуу маселеге караганда мааниси кем эмес.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасында укуктук мамлекетти куруунун контекстинде жарандардын жана уюмдардын бузулган же талашылган укуктарын жана мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын, баарыдан мурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан мүмкүн болуучу бузуулардан коргоо маселесинин мааниси өсүп келүүдө.

Адамдын укуктары менен эркиндиктерин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын мыйзамсыз чечимдеринен, аракеттеринен (аракетсиздигинен) коргоонун соттук механизмдерин камсыз кылуу жаатындагы укуктук жөнгө салуу бир катар олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Асыресе, кеп Конституциянын 98-беренесинин 2-бөлүгүндө административдик сот өндүрүшүнүн конституциялык, жарандык жана жазык сот өндүрүшүнүн түрлөрү менен катар өз алдынча процесс катары бөлүнүшү жөнүндө болуп жатат. Ошону менен бирге, азыркы учурда административдик өндүрүштүн мазмуну жана чектери Кыргыз Республикасынын Администрациялык-процесстик кодекси менен аныкталган, ал административдик-укуктук (коомдук-укуктук) мамилелерден келип чыккан талаштар боюнча сот өндүрүшүнүн тартибин, процесстик принциптерди жана мындай талаштарды сотто кароонун жана чечүүнүн эрежелерин жөнгө салат.

Жер участокторун менчикке жана пайдалануу берүү маселелерин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Жер кодекси жер участокторун берүүнүн учурларын жана тартибин аныктоо боюнча ыйгарым укуктарын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө (20-берене), жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берген

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

(13-18-беренелер), көрсөтүлгөн маселени чечүүдө алар өз ыктыярына салуу эркиндигине ээ.

Жер кодексинин ушул ченемдерин ишке ашыруу максатында, ошондой эле жеке жана юридикалык жактарга муниципалдык менчикте турган жер участокторуна укуктарды тариздөөнүн жана берүүнүн процедураларын оптималдаштыруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобо (мындан ары – Типтүү жобо) бекитилген.

Көрсөтүлгөн Типтүү жобонун 7-пунктунда белгиленгендей Типтүү жобого ылайык жер участокторуна укуктарды берүү процессин жүргүзүү үчүн жер участокторуна укуктарды берүү боюнча комиссия (мындан ары – Комиссия) түзүлөт.

Комиссиянын курамына жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын, шаар куруу жана архитектура, кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо органдарынын, коомдук, коммерциялык эмес жана башка уюмдардын өкүлдөрү кирет. Комиссиянын курамын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы бекитет.

Ошол эле учурда Типтүү жобонун 8-пунктунда комиссия чечимди, анын ичинде жер участокторуна менчик же ижара укугун берүү мүмкүндүгү жөнүндө чечим кабыл ала тургандыгы белгиленген. Комиссиянын чечими кеңеш берүүчү мүнөзгө ээ.

Өз кезегинде, Жогорку соттун Пленумунун талашылып жаткан токтомунун 14-пунктунун жыйырма үчүнчү абзацында жер участогуна укук берүү боюнча комиссиянын чечими сот тартибинде талаш-тартыштын предмети боло албайт деп аныкталган. Типтүү жобого ылайык (71-пункт) ыйгарым укуктуу органдардын чечимдери гана даттанылышы мүмкүн.

Алсак, Типтүү жобонун 71-пунктуна ылайык ыйгарым укуктуу органдардын жер участокторун берүү маселелери боюнча чечимдери административдик иш жана административдик процедуралар жөнүндө мыйзамдарда аныкталган тартипте даттанылышы мүмкүн.

Өз кезегинде, «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 62-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык административдик актыга, административдик органдын аракетине же аракетсиздигине административдик (сотко чейинки териштирүү) тартипте, андан кийин – сот тартибинде даттанылат.

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

Белгиленген комиссия «административдик орган» деген терминдин маанисин ачып берген Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 3-беренесинин 5-пунктунун критерийлерине кирбей тургандыгын, ал комиссиянын актылары көрсөтүлгөн Кодекстин 15-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык административдик жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн эмес экендигин эске алуу керек. Тактап айтканда, комиссия бул учурда коомдук башаттарда түзүлгөн консультациялык-эксперттик орган катары иштей тургандыгын белгилей кетүү керек.

Мунун негизинде,

- укуктук мамилелердин бардык катышуучулары тарабынан белгиленген сот тартибин сактоо натыйжалуу сот адилеттиги үчүн өзгөрбөстүгүн эске алуу менен;

- калыптанып калган укук колдонуу тажрыйбасын укуктук процесстик нукка келтирүү максатында;

- сот адилеттигине жетүүнү чектөө ниетин койбостон;

Жогорку соттун Пленуму тарабынан талашылып жаткан жобо кабыл алынган болуучу.

Жогоруда аталган комиссиянын жер участогун берүү жөнүндө терс сунушу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан сотто талаш-тартыштын предмети болууга тийиш болгон укуктук актынын чыгарылуусун карабаган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен бекитилген Типтүү жобонун жана Жер участокторун берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун жана Бишкек шаардык кеңешинин 2020-жылдын 14-январындагы № 141 токтому менен бекитилген Бишкек шаарындагы жер участокторду ижара шартында мөөнөттүү (убактылуу) пайдаланууга берүү тартиби жөнүндө жобонун иш-аракеттери Жогорку соттун түшүндүрмөсүнүн конституциялуулугуна шек келтиргендиктен келип чыккан.

Натыйжада, талашылып жаткан жобонун белгиленген актылардын ченемдери менен комплекстүү иштеши ар бир адам тарабынан белгиленген маселе боюнча соттук коргоо укугун ишке ашыруу мүмкүн эместигине алып келген.

Жогорку соттун талашылып жаткан түшүндүрмөсү Кыргыз Республикасынын Администрациялык-процесстик кодекси жана административдик иш жана административдик жол-жоболор жөнүндө мыйзамдар менен аныкталуучу белгиленген мыйзамдык жол-жоболорду сактоо зарылчылыгы менен шартталган. Демек, Жогорку соттун Пленумунун токтомунун талашылып жаткан ченемдик жобосу

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

Конституциянын жана колдонуудагы мыйзамдардын алкагында чыгарылган.

Ошол эле учурда, Конституциялык сот ушул ишти кароо процессинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтому менен бекитилген Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө Типтүү жободон дагы, Бишкек шаардык кеңешинин 2020-жылдын 14-январындагы № 141 токтому менен бекитилген Бишкек шаарындагы жер участокторду ижара шартында мөөнөттүү (убактылуу) пайдалануу берүү тартиби жөнүндө жободон дагы олуттуу кемчиликтерди таап чыкты. Асыресе, жогоруда белгингендей, көрсөтүлгөн жоболордо жактарга жер тилкесин менчикке, ижарага же мөөнөтсүз пайдалануу берүүдөн баш тартуу жөнүндө комиссиянын чечими колдо туруп, ыйгарым укуктуу органды тийиштүү укуктук актынын чыгарылышын милдеттендирген укуктук ченемдер камтылган эмес. Бул кызыкдар жактар жер участогун менчикке, ижарага жана мөөнөтсүз пайдалануу берүүдөн баш тартуунун мыйзамдуулугун текшерүү үчүн доо менен сотко кайрыла албаган жагдайды пайда кылат, демек алар соттук териштирүү укугунан ажыратылат, ал эми бул жагдай өзүнүн табияты боюнча абсолюттук болуп саналат жана эч кандай чектөөгө жатпайт.

Соттук коргонуу укугу жөнүндө конституциялык жоболорду сактоо менен ченем жаратуучу органдар олуттуу конституциялык баалуулуктар катары классификацияланган бул укукту камсыз кылууда бардык процесстик механизмдерди жана шарттарды камсыз кылууга тийиш жана аларды ишке ашырууда эч кандай тоскоолдуктар болбош керек.

Ошентип, сот өндүрүшүнүн процесстик формасына карабастан, ар бир ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган өзүнүн чечимдерин укуктук актыларда ачыкка чыгарууга милдеттүүлүгүн караган белгиленген жол-жоболордун болушу ар бир адамдын соттук коргоого болгон конституциялык укугун толук ишке ашыруунун ажырагыс шарты болуп саналат.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана Бишкек шаардык кеңеши өздөрүнүн жоболорун – жер участогун менчикке, ижарага же мөөнөтсүз пайдалануу берүү мүмкүнчүлүгү боюнча комиссиянын оң же терс чечимине карабастан, ыйгарым укуктуу органды тиешелүү мыйзам актысын чыгарууга милдеттендире турган укуктук механизмди кайра караштырууга тийиш.

2022-жылдын
30-ноябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 08-Р

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктун, 4-бөлүгүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 48, 49, 52 жана 53-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Ч Е Ч Т И:

1. «Жер участокторун берүү жана алып коюу менен байланышкан мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу тууралуу иштерди кароодо келип чыгуучу кээ бир маселелер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2018-жылдын 31-майындагы № 13 токтомунун 14-пунктунун «Жер участогуна укукту берүү боюнча комиссиянын чечими сотто талашуунун предмети болушу мүмкүн эмес» деген сөздөр менен баяндалган ченемдик жобосу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинин 3-бөлүгүнө, 24-беренесинин 2-бөлүгүнө, 61-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келбейт деп таанылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жана Бишкек шаардык кеңеши ушул Чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүнөн келип чыккан өзгөртүүлөрдү колдонуудагы укуктук жөнгө салууга киргизсин.

3. Чечим акыркы болуп саналат жана даттанууга жатпайт, ал жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет.

4. Чечим бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары, коомдук бирикмелер, юридикалык жана жеке жактар үчүн милдеттүү жана республиканын бардык аймагында аткарылууга тийиш.

5. Бул чечим мамлекеттик бийлик органдарынын расмий басылмаларында, Конституциялык соттун расмий сайтында жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун жарчысында» жарыялансын.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

2022-жылдын
21-декабры
Бишкек шаары

№ 09-Р

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы №407 токтому менен бекитилген Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга карата менчик укуктарын мамлекеттик каттоо, кайра каттоо эрежелеринин 54[1]-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча

Ч Е Ч И М И

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун курамында: төрагалык кылуучу К.А. Дүйшеев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Л.П. Жумабаев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Ж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчысы К. Маамыталынын:

кайрылуучу тарап – Даниел Жеңишбекович Акматовдун;

жоопкер тараптар – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ишеним кат боюнча өкүлдөрү Каныбек Таалайбекович Кошоковдун, Курбанбек Максытбекович Атамалиевдин;

үчүнчү жактар – Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү Медер Кеңешович Жусуповдун, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлү Азамат Маратович Жаманкуловдун, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин ишеним кат боюнча өкүлдөрү Бакытбек Кемелевич Шералиевдин жана Руслан Канатбекович Канатбековдун катышуусу менен,

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүн, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 17, 40, 45-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы № 407 токтому менен бекитилген Транспорттук каражаттарды, түзүлүштөрдү жана жабдууларды мамлекеттик каттоонун, кайра каттоонун, ошондой эле аларга карата менчик укуктарынын эрежелеринин 54[1]-пунктунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө ишти карап чыкты.

Бул ишти кароого Даниел Жеңишбекович Акматов менен Дастан Далабаевич Бекешевдин арызы себеп болгон.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы №407 токтому менен бекитилген Транспорттук каражаттарды, түзүлүштөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга карата мен-

2022-жылдын
21-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

чик укугун мамлекеттик каттоонун, кайра каттоонун эрежелеринин 54^1-пунктундагы күмөндүүлүк бул ишти кароого негиз болду.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту ишти сот отурумунда кароого даярдаган баяндамачы-судья М.Р. Бобукееванын маалыматын угуп, берилген материалдарды карап чыгып,

Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2022-жылдын 8-июлунда Д.Ж. Акматов жана Д.Д. Бекешев Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы № 407 токтому менен бекитилген Транспорттук каражаттарды, түзүлүштөрдү жана жабдууларды мамлекеттик каттоо, кайра каттоо эрежелеринин, ошондой эле аларга карата менчик укуктарынын 54^1-пунктунун Конституциянын 15-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 23-беренесинин 3-бөлүгүнө, 40, 41-беренелерине ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүч келип түшкөн.

2022-жылдын 13-сентябрында кайрылуунун авторлору мурда берилген кайрылууга кошумча талашылып жаткан ченемди Конституциянын 24-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүүнү суранышат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 15-сентябрындагы чечими менен бул өтүнүч өндүрүшкө кабыл алынган.

Сот отурумунда Д.Ж. Акматов талаптарын колдоп, төмөндөгүлөрдү белгиледи.

Конституциянын 15-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-бөлүгүнө жана биринчи абзацына ылайык Кыргыз Республикасында менчиктин жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка түрлөрү бирдей таанылат жана корголот. Менчик кол тийгис, эч ким өз менчигинен өзүм билемдик менен ажыратылышы мүмкүн эмес, мурастоо укугу кепилденет.

Кайрылуунун субъекти Негизги Мыйзамдын 40, 41-статьялары ар бир адамдын өз мүлкүнө, өзүнүн ишинин натыйжаларына ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө укугуна кепилдик берилери көрсөтүлгөн. Ар бир адам экономикалык эркиндикке, өзүнүн жөндөмүн жана мүлкүн мыйзам тарабынан тыюу салынбаган ар кандай экономикалык иш үчүн эркин пайдаланууга укуктуу.

Менчик укугунун юридикалык мааниси Граждандык кодекстин 222-беренесинде ачылган, анда менчик укугу субъекттин мыйзам актылары менен таанылган жана корголуучу өз мүлкүнө билгендей

2022-жылдын
21-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө укугу болуп саналат. Өз кезегинде, тескөө укугу мүлктүн укуктук тагдырын аныктоонун мыйзам менен камсыздалган мүмкүнчүлүгү болуп саналат.

Д.Ж. Акматов оң рулдуу транспорт каражаттарынын кузовун алмаштырууга тыюу салууну белгилеген талашылып жаткан ченем мүлктү тескөө укугун чектейт, демек, жарандык мыйзамдардын жана Конституциянын жогоруда көрсөтүлгөн жоболоруна карама-каршы келет деп ырастайт.

Арыз ээси Конституциянын 23-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин чектеген мыйзам алдындагы ченемдик укуктук актыларды кабыл алууга тыюу салынаарын белгилейт. Ошого карабастан, Өкмөттүн токтомунун мыйзам алдындагы актысынын структуралык элементи болгон талашылып жаткан ченем Конституциянын 40-беренесинде бекитилген ар бир адамдын өз мүлкүн эркин тескөө укугун чектейт.

Конституциянын 24-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацына жана 24-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык эч ким жынысына, расасына, тилине, майыптыгына, улутуна, динине, жашына, саясий же башка көз карашына, билимине, келип чыгышы, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлар боюнча басмырланышы мүмкүн эмес; Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей.

Арызданууч тарап сол рулдуу унаалардын ээлери кузовду алмаштырууга мүмкүнчүлүгү бар экенин, ал эми талашылып жаткан ченемге ылайык кузовду оң рулдуу унааларга алмаштырууга тыюу салынганын белгилейт. Бул жагдай башкаруусу ар кандай болгон автотранспорт каражаттарынын ээлерин мүлктүк негизде бирдей эмес абалга келтирет, ошентип, кайрылуу субъекттеринин пикири боюнча басмырлоого жол бербөө жана мыйзам менен сот алдында бардыгы тең укуктуулуктун конституциялык принциптери бузулууда.

Баяндалганды эске алуу менен, кайрылуунун субъекти талашылып жаткан ченемди Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну өтүнөт.

Жоопкер тараптын өкүлү К.Т. Кошоков арыз ээлеринин жүйөлөрү менен макул эмес жана талашылып жаткан ченемдик жобо Конституцияга каршы келбейт деп эсептейт.

К.Т. Кошоков оң рулдуу унаалардын кузовун алмаштырууга тыюу салууну киргизүүгө 2006-жылы Кыргыз Республикасынын Жол кыймылы жөнүндө конвенцияга кошулушу себеп болгонун белгилейт, аны ишке ашырууда «Жол кыймылы жөнүндө» Кыргыз

2022-жылдын
21-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

Республикасынын Мыйзамында сол рулдуу транспорт каражаттарынын катышуусу менен өлкөнүн аймагында транспорт каражаттарынын оң тараптуу жүрүүсү аныкталган.

Өлкөдө мурда өкүм сүргөн оор экономикалык кырдаалдан улам оң рулдуу унааларды импорттоо иш жүзүндө контролго алынган эмес, бул кийинчерээк жол эрежесин бузуулардын санынын көбөйүшүнүн себептеринин бири болуп калды, натыйжада жол кырсыктарынын санынын көбөйүшү – бул бүткүл республика боюнча жол кыймылынын абалынын начарлашына алып келди.

Буга байланыштуу, «Кыргыз Республикасындагы жол кыймылы жөнүндө» Мыйзамдын 21-беренесинин 6-бөлүгү менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган транспорт каражаттарынын бир катар түрлөрүн кошпогондо, оң рулдуу автотранспорт каражаттарын каттоо, эксплуатацияга киргизүү жана жол кыймылына катышуу үчүн Кыргыз Республикасынын аймагына алып кирүүгө тыюу салынган.

Бирок, К.Т.Кошоков белгилегендей, тыюу салуу оң рулдуу транспорт каражаттарынын номурдук түйүндөрүн жана агрегаттарын ташып киргизүүгө таасирин тийгизген жок, бул жарандарга оң рулдуу транспорт каражаттарын запастык бөлүктөр же курама тетиктер катары өз унааларын жаңыртуу үчүн эркин ташып келүүгө мүмкүндүк берди.

Жоопкер тараптын өкүлү Кыргыз Республикасынын автожолдорунда транспорт каражаттарын эксплуатациялоодо коомдук коопсуздукту камсыздоо максатында жогоруда аталган тыюу салуу киргизилгендигин келтирет.

Ошол эле учурда талашылып жаткан ченем мүлкүнөн ажыратуу дегенди болжобойт жана алардын мүлкүнө кол салбайт, автотранспорт каражатына менчик укугу мурунку эле деңгээлде корголот жана мурастоо укугу кепилденет.

Жоопкер тараптын өкүлү транспорт каражаты өтө кооптуу булак болуп саналгандыктан, ага ээлик кылуу, аны пайдалануну жана тескөөнү кошумча жөнгө салууну, анын ичинде чектөөчү мүнөздөгү жөнгө салууну талап кылат деп эсептейт.

Баяндалгандардын негизинде К.Т. Кошоков кайрылуучу тараптын өтүнүчүн канааттандыруусуз калтырууну суранат.

К.М. Атамалиев жоопкер тараптын дагы бир өкүлү К.М. Кошоковдун жүйөлөрүн колдогон.

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Туруктуу өкүлү

2022-жылдын
21-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

М.К. Жусупов жоопкер тараптын өкүлдөрү менен бирдей көз карашты карманат.

Мында, «Кыргыз Республикасындагы жол кыймылы жөнүндө» Мыйзамдын 3-беренесине ылайык жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуунун негизги принциптери болуп чарбалык иштин экономикалык натыйжаларына караганда жол кыймылына катышкан жарандардын өмүрү жана ден соолугу артыкчылыкка ээ экендигин белгилейт.

2021-жылдын 17-августунда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети талашылып жаткан ченем менен катар Транспорт каражаттарын, түзүмдөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга менчик укугун мамлекеттик каттоонун, кайра каттоонун эрежелерине өзгөртүүлөрдү киргизди, аны менен кээ бир учурларда жарандардын жана уюмдардын арыздары боюнча ведомстволор аралык комиссия оң рулдуу автотранспорт каражаттарын кошпогондо, жараксыздалган автотранспорт каражаттарын каттоосун карайт жана корутунду бере алат.

Буга байланыштуу М.К. Жусупов Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин белгиленген токтомунда өзүм билемдик менен менчиктен же менчик укугунан ажыратуу жөнүндө кеп жок деп эсептейт.

Андан ары ал белгилегендей, «Кыргыз Республикасындагы жол кыймылы жөнүндө» Мыйзамдын 14-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык каттоодон өткөрүлгөн транспорт каражаттарынын жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылууга таасир этүүчү конструкциясына, анын ичинде курама бөлүктөрүнүн конструкциясына, кошумча жабдык буюмдарына, запастык бөлүктөрүнө жана шаймандарына киргизилген өзгөртүүлөр техникалык регламенттердин талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык биримдиги жөнүндө келишимдин 51-беренесине ылайык продукцияга карата бирдиктүү милдеттүү талаптар ушул биримдиктин Техникалык регламентинде белгиленет жана Евразия экономикалык биримдигине мүчө-мамлекеттердин аймагтарында түздөн-түз иштейт.

Алсак, Евразия экономикалык биримдигинин Бирдиктүү бажы аймагында дөңгөлөктүү транспорт каражаттарына, алар чыгарылган жерине карабастан, жүгүртүүгө жана эксплуатациялоого жана бирдиктүү транспорт каражаттарын жүгүртүүгө чыгарууда талаптарды белгилеген «Дөңгөлөктүү транспорт каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө» Бажы биримдигинин Техникалык регламенти Кыргыз

2022-жылдын
21-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

Республикасынын аймагында 2016-жылдын 12-февралынан тартып күчүнө кирген.

Көрсөтүлгөн Техникалык регламенттин 19-пунктуна ылайык оң рулдуу транспорт каражаттарынын айрым категорияларын жүгүртүүгө чыгарылышы тыюу салынат.

Аталган Техникалык регламенттин 20-пунктуна ылайык эксплуатацияда турган транспорт каражаттары үчүн алмаштыруучу (запастык) тетиктер катары жүгүртүүгө чыгарылган тетиктер транспорт каражатына орнотулган учурда ал транспорт каражаты болуп жүгүртүүгө чыгарылган учурдагы деңгээлге карата анын коопсуздук деңгээлин төмөндөтпөйт.

Алдын ала техникалык экспертизанын жүрүшүндө транспорт каражаты анын конструкциясына өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин жүгүртүүгө чыгарылган учурда күчүндө болгон Техникалык регламенттин талаптарына шайкештигинин сакталгандыгы күбөлөндүрүлөт. Техникалык регламенттин 9-тиркемесинде дагы транспорт каражатынын конструкциясына киргизилүүчү айрым өзгөртүүлөрдүн талаптарын белгилейт.

М.К. Жусупов жарандардын өмүрүн, ден соолугун жана мүлкүн коргоо, алардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, ошондой эле жол-транспорт кырсыктарын болтурбоо, алардын кесепеттеринин оорчулугун азайтуу жолу менен коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоо максатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Кыргыз Республикасы мыйзам чыгаруучу тарабынан киргизилген тыюуну эске алуу менен жарандардын оң рулдуу (кузову алмаштырылган) транспорт каражатын каттоо укугун чектөө боюнча конституциялык ыйгарым укуктарга ээ жана бул аракеттер «Кыргыз Республикасындагы жол кыймылы жөнүндө» көрсөтүлгөн Мыйзамдагы максаттарга өлчөмдөш келет.

Ал киргизилген чектөө өлкөнүн эл аралык милдеттенмелерине ылайык жол коопсуздугун камсыздоого багытталган атайын чара деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин өкүлү А.М. Жаманкулов окшош аргументтерди келтирип, көз карашы жоопкер тараптын өкүлдөрү менен окшош.

Ошону менен бирге ал талашылып жаткан ченем менен киргизилген чектөө мыйзамдар актынын деңгээлинде жөнгө салынышы керек деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин өкүлдөрү Б.К. Шералиев жана Р.К. Канатбековдун көз караштары жоопкер тараптын өкүлдөрү менен өңчөй чыкты.

2022-жылдын
21-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

Ошол эле учурда Б.К. Шералиев, эгерде мурда кыймылдаткыч автотранспорттун кузову менен бирге мамлекеттик каттоодон өтүүгө тийиш болсо, учурда транспорт каражатынын кузову гана катталууга тийиш экендигин белгиледи. Анткени транспорт каражатынын кузову транспорт каражатынын конструкциясынын негизги компоненти болуп саналат жана белгилөөчү идентификациялык белгиге ээ.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тараптардын жүйөлөрүн, үчүнчү жактардын көз караштарын талкуулап, иштин материалдарын карап чыгып, төмөнкүдөй тыянактарга келет.

1. «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык Конституциялык сот ченемдик укуктук актынын конституциялуулугу күмөн жараткан бөлүгүнө гана тийиштүү болгон предмет боюнча актыларды чыгарат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун бул иш боюнча кароо предмети болуп төмөнкүдөй мазмундагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы №407 токтому менен бекитилген Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга карата менчик укуктарын мамлекеттик каттоо, кайра каттоо эрежелеринин 54^1-пункту саналат:

«54-1. Рулдук башкаруусу оң тарабында жайгашкан транспорт каражаттарынын кузовун алмаштырууга тыюу салынат. ».

«Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды каттоо маселелери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы № 407 токтому мыйзамда белгиленген тартипте кабыл алынып, «Эркин-Тоо» гезитине 2017-жылдын 18-июлунда № 82 (2807) санында жарыяланган, Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген жана күчүндөгү акт болуп саналат.

2. Адам укуктары жана эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулуктарына кирет. Алар түздөн-түз колдонулат, бардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишинин мааниси менен мазмунун аныктайт.

Адамдын укуктарын жана эркиндиктерин тикеден-тике колдонулушун таануу – адам Негизги Мыйзамды жетекчиликке алып, ага шилтеме жасап өз укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууга, ошондой эле алар бузулган учурда коргой алат дегенди билдирет. Ошону менен бирге адам укуктары менен эркиндиктеринин түздөн-

2022-жылдын
21-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

түз таасири, жогорку юридикалык күч принциби жана Конституциянын тикелей таасири менен тыгыз айкалышып, ченем жаратуучу ишмердиктеги негизги багыт болуп саналат.

Ошентип, жогорудагы конституциялык принцип бардык мамлекеттик органдардын адам жана жарандын укуктарын камсыз кылууга, кайтарууга жана коргоого багыт алуусун болжолдойт. Мамлекеттик органдар ар бир жарандын өмүрүнө, ден соолугуна жана коопсуздугуна укугун коргоо жаатында ченемдик укуктук базаны түзүүдө ушул ыкмаларды жетекчиликке алышы керек. Бул укуктар жарандардын ажырагыс жогорку артыкчылыктары болуп саналат жана мамлекет аларга эч кимдин кол салуусуна жол бербөө үчүн бардык зарыл чараларды көрүүгө милдеттүү.

Конституциянын 25-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык ар бир адам ажырагыс жашоого укуктуу. Бул укук эбегейсиз болгондуктан, эл аралык келишимдерде, атап айтканда, Кыргыз Республикасынын укуктук тутумунун курамдык бөлүгү болуп саналган Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 3-беренесинде жана Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 6-беренесинин 1-бөлүгүндө бекитилген.

Өмүр укугу ар кандай субъект тарабынан адамдын өмүрүнөн өзүм билемдик менен кыюуга тыюу салуу менен гана чектелбестен, мамлекет жеке адамдын өмүрүн коргоо жоопкерчиликтүү экенин да билдирет. Ал ар кандай мамлекеттик компетенциянын чөйрөсүндө жүзөгө ашырылат, бул милдетти бардык мамлекеттик бийлик органдары тарабынан ишке ашырууну билдирет, эгерде алардын иш-аракети адамдардын өмүрүнө, ошондой эле индивиддин ден соолугуна коркунуч менен байланышкан болсо, башка субъектилерге карата анын контролдоо функцияларын талап кылат.

Негизги Мыйзам адамдын өмүрүн жана ден соолугун эң жогорку конституциялык баалуулук катары таануунун негизинде аларды коргоо боюнча конституциялык кепилдиктер системасы тарабынан каралган мамлекеттик милдеттердин мүмкүн болушунча кеңири көлөмүн талап кылат. Дал ушул максаттар үчүн ченем чыгаруучу орган, өзгөчө адамдын өмүрү жана ден соолугу үчүн күчөгөн коркунуч булактарынын ажырагыс катышуусу менен туруктуу коркунучка дуушар болгон чөйрөлөрдө тобокелдиктерди минималдаштырууга же жалпысынан аларды жоюуга укуктук механизмдерди киргизүүгө укуктуу.

3. Конституция конституциялык түзүлүштүн негиздерин аныктап, алардын мазмунуна жеке менчикти таанууну, аны менчиктин башка түрлөрү менен бирге мыйзам менен коргоону камтыган (15-берене).

2022-жылдын
21-декабры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ЧЕЧИМИ

№ 09-Р

Ар бир адам өзүнүн мүлкүнө, өзүнүн ишинин натыйжаларына ээлик кылууга, пайдалануга жана тескөөгө укуктуу (40-берене).

Мындан тышкары, арыз ээси, мында «доо», «жаңыдан ачылган жагдайлар» сыяктуу түшүнүктөр, ошондой эле Административдик-процесстик кодекстин 40-беренесинин 1-бөлүгүнүн ченемдери колдонулуучу жалпы юрисдикциядагы соттор тарабынан каралган конституциялык жана сот өндүрүшүнүн башка түрлөрүн (жарандык, жазык, административдик) бирдей деп жаңылыш эсептейт. Бирок конституциялык сот өндүрүшүнүн сот өндүрүшүнүн башка түр-

лөрүнөн олуттуу айырмасы бар жана анын процедураларын камсыз кылуу «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзам жана ушул соттун Регламенти менен гана жөнгө салынат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту судьялар коллегиясы арыз ээсинин даттануусу формасы жана мазмуну боюнча «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбейт деген жүйөлүү тыянакка келди деп эсептейт, демек, 2021-жылдын 28-декабрындагы аныктамасын жокко чыгарууга эч кандай негиз таппайт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т О К Т О М К Ы Л Д Ы :

1. Ксения Анатольевна Рапотинанын кызыкчылыгын көздөгөн Геннадий Григорьевич Краюшкиндин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 28-декабрындагы аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Бул чечим акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ

2022-жылдын
6-апрели
Бишкек шаары

№ 07-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Ырысбек Ырысалиевич Атамбиевдин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 14-декабрындагы аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө

Т О К Т О М У

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун курамында: төрагалык кылуучу Э.Ж. Өскөнбаев, судьялар М.Р. Бобукеева, К.А. Дүйшеев, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Ж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевадин курамында, катчысы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 14-декабрындагы аныктамасына Ырысбек Ырысалиевич Атамбиевдин даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Ы.Ы. Атамбиевдин өтүнүчү боюнча даттанууда келтирилген жүйөлөрдү жана материалдарды карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т А П Т Ы :

2021-жылдын 3-сентябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Ы.Ы. Атамбиевден Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, «Кыргызалтын» ачык акционердик коому, «Centerra Gold Inc.» Канадалаы компаниянын, «Кумтөр Оперейтинг Компани» жабык акционердик коомунун, «Кумтөр Голд Компани» жабык акционердик коому жана «Камеко» канадалык корпорациясы ортосунда 2009-жылдын 24-апрелинде Бишкек шаарында кол коюлган «Кумтөр» долбоорунун жаңы шарттары жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары – талашылып жаткан Макулдашуу) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2007-жылдын редакциясындагы 1-беренесинин 1-бөлүгүнө, 3-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүнө, 4-беренесинин 5-бөлүгүнө, 12-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 46-беренесинин 5-бөлүгүнүн 22-пунктуна, 48-беренесине, 58-беренесинин 1-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2021-жылдын редакциясындагы 1-беренесинин 1-бөлүгүнө, 3-беренесинин 1-бөлүгүнө, 5-беренесинин 1-бөлүгүнө, 6-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 16-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө, 70-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-пунктуна, 6-бөлүгүнүн 3-пунктуна, 80-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүч келип түшкөн.

Арыз ээсинин айтымында, талашылып жаткан Макулдашуу эл аралык келишим болуп саналбайт, анткени жогоруда аталган юридикалык жактар жеке чарбалык субъектилер болуп саналат, ошондуктан алар конституциялык-мыйзам чыгаруучулук деңгээлде эл аралык мамилелердин субъектилеринин статусуна ээ боло албайт.

Арыз ээсинин пикири боюнча талашылып жаткан Макулдашуу эл аралык келишим статусуна ээ болбогондугуна байланыштуу аны парламенттен барып ратификациялоо мамлекет башчысынын ыйгарым укуктары жөнүндө конституциялык ченемдерине карама-каршы келет деп эсептейт (Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2007-жылдагы редакциясынын 46-беренесинин 5-бөлүгүнүн 2-пункту, 58-беренесинин 1-бөлүгүнүн 22-пункту, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 80-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пункту, 70-беренесинин 6-бөлүгүнүн 3-пункту).

Кайрылуу субъекти талашылып жаткан Мыйзамдын 3-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Президенти Өкмөткө ушул Мыйзамдын 1 жана 2-беренелеринде көрсөтүлгөн макулдашууларды ишке ашыруу үчүн, анын ичинде аларды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу үчүн зарыл ыйгарым укуктарды бергенин белгилеген. Ал эми бул Мыйзам жарыяланган учурда мамлекет башчысы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2007-жылдагы редакциясынын 46-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-пунктуна карата гана өз ыйгарым укуктарын Өкмөткө берүүгө укуктуу болчу.

Баяндалгандарды эске алуу менен, арыз ээси талашылып жаткан Мыйзамды Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанууну өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы 2021-жылдын 14-декабрындагы аныктамасы менен Ы.Ы. Атамбиевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Көрсөтүлгөн аныктамада соттук коллегия арыз ээси талашылып жаткан Макулдашууну ратификациялаган колдонуудагы мыйзамдын конституциялуулугун текшерүүнү суранып жатканын, ал эми Конституциянын 97-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык Конституциялык сот Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, күчүнө кире элек эл аралык келишимдердин конституциялуулугу жөнүндө корутунду бере турганы белгиледи. Башкача айтканда, бул аспектиде Конституциялык сот алдын ала конституциялык контролду ишке ашырат, башкача айтканда, эл аралык кели-

шим күчүнө киргенге чейин жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана кызмат адамдарынын сунушу боюнча гана анын конституциялуулугу текшерилет. «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамы (22-берене) конституциялык сот өндүрүшүнүн маселелери боюнча даттануунун субъекттерин аныктап, Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кире элек эл аралык келишимдердин конституциялуулугу жөнүндө корутунду алуу үчүн кайрылуу укугу бар жактардын толук тизмесин белгилеген. Ошол эле учурда жеке жактар кайрылуулардын субъекттеринин көрсөтүлгөн тизмесине кирбейт, ошондуктан алар Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кире элек эл аралык келишимдердин конституциялуулугу жөнүндө корутунду алуу үчүн кайрылууга укугу жок. Көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык, эгерде даттанууда көрсөтүлгөн талап Конституциялык соттун карамагында болбосо, соттук коллегия даттанууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Ы.Ы. Атамбиев судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болбостон, 2022-жылдын 10-мартында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Кайрылуунун субъекти соттук коллегия анын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан негизсиз баш тартты деп эсептейт. Ал өтүнүчтө талашылып жаткан Мыйзам КР Юстиция министрлигинин расмий сайтында жарыяланган кабарлар тастыктагандай дагы эле күчүндө экенин белгилейт. Ушул Мыйзамдын күчүнө кирбей калгандыгы, күчүн жоготкондугу же күчүн жоготту деген кабарлар жок. Анын пикири боюнча бул өтүнүчтүн предметинде талашылып жаткан Мыйзам Кыргыз Республикасы үчүн андан келип чыгуучу укуктук кесепеттер менен күчүндө болгон ченемдик укуктук актынын белгилери сакталып калгандыгын билдирет.

Баяндалгандардын негизинде, арыз ээси соттук коллегиянын 2021-жылдын 14-декабрындагы аныктамасын жокко чыгарууну жана анын арызын өндүрүшкө кабыл алууну өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу себептерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келет.

Кыргыз Республикасы дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүнөн айырмаланып, ар бир адамга, анын ичинде жеке жана юридикалык жактарга Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна кайрылууга жана мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актынын консти-

туциялуулугу жөнүндө маселени коюуга укук берет. Мында, эгерде бүтүндөй акт же анын түзүмдүк элементи конституциялык эмес деп таанылса, ал дароо Кыргыз Республикасынын бардык укуктук мейкиндигинде өзүнүн юридикалык күчүн жоготот (Конституциянын 97-беренесинин 3, 5-бөлүктөрү). Кыргыз Республикасы конституциялык контролдоонун мындай үлгүсүн Конституцияда бекитип, муну менен адамдын жана жарандын жалпыга таанылган укуктарына жана эркиндиктерине өзгөчө маани берип гана тим болбостон, алардын реалдуулугун камсыз кыла турган натыйжалуу механизмди да бекемдейт.

Ошону менен бирге, Баш мыйзам конституциялык сот адилеттигинин жогорку жеткиликтүүлүгүн караштырып, жеке жана юридикалык жактар Конституциялык сотко мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугу жөнүндө суроо-талап менен кайрылууга укуктуу болгон шартты белгилеп, алардын чектерин кошо көрсөтөт. Бул жеке адамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын экинчи бөлүмүндө каралган адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктери бузулган же бузулушу мүмкүн болгон учурда гана Конституциялык сотко кайрылууга укуктуу экенин билдирет.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык кайрылууда коюлган маселе боюнча Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасалып, кайрылуучу тараптын көз карашы жана анын укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш. Аны менен, арыз ээси талашып жаткан ченемдин жөнгө салуучу таасири Конституцияда адамдын жана жарандын кепилденген укуктары жана эркиндиктери кантип бузулуп жатканын түздөн-түз көрсөтүү менен өзүнүн көз карашын логикалык жактан ырааттуу жана ынанымдуу юридикалык мүнөздөгү аргументтер менен негиздөөгө милдеттүү. Анын үстүнө талашылып жаткан ченем менен Конституциянын ортосунда сөзсүз системалык байланыш болуш керек.

Бирок, арыз ээси өзүнүн өтүнүчүндө жана даттануусунда конституциялык түзүлүштүн саясий жана социалдык-экономикалык негиздери жөнүндө конституциялык жоболорго (биринчи бөлүм), ошондой эле мамлекет башчынын жана парламенттин ыйгарым укуктарын белгилеген ченемдерге шилтеме кылат (70-статьянын 3-бөлүгүнүн 2-пункту, 6-бөлүгүнүн 3-пункту, 80-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пункту), башкача айтканда, талаш-тартыштын предмети болуп мамлекеттик бийлик органдарынын системасынын иши жана алар-

дын ыйгарым укуктары болууда. Башкача айтканда, кеп конституциялык сот өндүрүшүн козгоо өзгөчө субъекттерге гана таандык болгон чөйрө жөнүндө болуп жатат, ал эми Кыргыз Республикасынын жарандары ал чөйрөгө таандык эмес (КР Конституциялык сотунун 2021-жылдын 9-апрелиндеги токтому).

Баяндалгандарды эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 14-декабрындагы аныктамасын жокко чыгарууга негиз жок деп эсептейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т О К Т О М К Ы Л Д Ы :

1. Ырысбек Ырысалиевич Атамбиевдин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 14-декабрындагы аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Бул чечим акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ

2022-жылдын
21-апрели
Бишкек шаары

№ 08-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Асылбек Сагынбекович Максутовдун Кыргыз Республиккасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 21-январындагы аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө

Т О К Т О М У

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.И. Саалаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, сот отурумунун катчысы К.А. Аблакимовдун катышуусунда, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Асылбек Сагынбекович Максутовдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 21-январындагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана А.С. Максутовдун өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т А П Т Ы :

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2021-жылдын 27-декабрында А.С. Максутовдун Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 138-беренесинин 6-бөлүгүнүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2013-жылдын 28-ноябрындагы № 11 токтомунун 4-пунктунун Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Келип түшкөн кайрылуудан келип чыккандай, арыз ээси «ФИНКА Банк» ЖАК жоопкерине аны кызматына кайра алуу жөнүндө доо арыз менен Балыкчы шаардык сотуна 2020-жылдын 24-августунда кайрылган.

Кайрылуу субъекти Балыкчы шаардык соту Жарандык процесстик кодекстин 138-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунун негизинде 2020-жылдын 28-августундагы аныктамасы менен анын доо арызын кайтарган, себеби доо арыз ушул сотко караштуу маселелерден эмес болуучу. Ошол эле учурда, сот, аталган Кодекстин 30-бе-

ренесинин 2-бөлүгүнө ылайык юридикалык жакка карата доо арыз юридикалык жактын же анын мүлкү жайгашкан жер боюнча берилет деп белгилеген. Сот жумушка кайра алуу жөнүндө талаштардын аймактык сотко караштуулугу жоопкердин жайгашкан жери боюнча аныкталат деп түшүндүрмө берген жана «Жумушка кайра алуу жөнүндө иштер боюнча сот тажрыйбасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун 2013-жылдын 28-ноябрындагы № 11 токтомунун 4-пунктуна дагы шилтеме жасаган.

А.С. Максутовдун даттануулары боюнча көрсөтүлгөн аныктама бардык сот инстанцияларынын кароо предмети болгон, натыйжада Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2021-жылдын 21-январындагы токтому менен күчүндө калтырылган.

Ушуга байланыштуу, арыз ээси жоопкердин жайгашкан жери боюнча Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотуна жумушка кайра алуу жана доону берүүнү өткөрүлгөн мөөнөтүн калыбына келтирүү жөнүндө доо арыз менен кайрылууга муктаж болгон, аталган сот 2021-жылдын 30-мартында доону канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө чечим чыгарган.

Кийин арыз ээсинин ишин апелляциялык жана кассациялык тартипте карагандар – Бишкек шаардык соту, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту даттанууну канааттандыруусуз калтырган.

Ушуга байланыштуу, арыз ээси Баш Мыйзамдын 23-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык эч кандай чектөөгө жатпаган жана Конституциянын 61-беренесинин 1-бөлүгү менен кепилденген соттук коргонуу укугу бузулган деп белгилеген.

Кайрылуунун субъекти бул укук Адам укуктарынын Жалпы декларациясынын 8-беренесинде, ошондой эле Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын 14-беренесинде каралган деп көрсөткөн.

Арыз ээси талашылып жаткан жобо соттук коргонууга укуктан толук көлөмдө пайдалануга мүмкүндүк берген эмес, андан соттук чечимдерди даттануу укугу да келип чыгат эмеспи деп белгилеген.

Конституциянын 98-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык Жогорку соттун Пленуму Кыргыз Республикасынын бардык соттору жана судьялары үчүн милдеттүү болгон соттук тажрыйба маселелери боюнча түшүндүрмө берет деп ал көрсөткөн. Демек, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумунун токтому Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун кароо предмети болуш керек.

Андан тышкары, арыз ээси Жогорку соттун Пленумунун токтомунун талашылып жаткан пункту бүгүнкү күнгө карата күчүн

жоготкон Жарандык-процесстик кодексине карама-каршы келчү деп көрсөткөн.

Кайрылуунун субъекти өзүнүн жүйөлөрүн негиздөөдө Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2013-жылдын 22-ноябрындагы, 2015-жылдын 9-декабрындагы, 2018-жылдын 24-январындагы, 2018-жылдын 4-апрелиндеги чечимдеринен келип чыккан жана сот адилеттиги аркылуу адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктерин натыйжалуу коргоонун конституциялык кепилдиктерин, аны менен бирге соттук коргонууга укукту жана сот адилеттигине жетишүүнү ишке ашыруу маселелерин ачкан укуктук көз караштарды келтирген.

Кайрылуу субъекти эмгек акыны төлөө чөйрөсүндө кодулоону токтотуу жана эмгек акыны көтөрүү, кошулуп эсептелбеген эмгек акыны жана анын төлөнүшүн создуктуруу үчүн компенсацияны алдыртуу жөнүндө «ФИНКА Банк» ЖАКка алгачкы доо боюнча Балыкчы шаардык соту банк өкүлүнүн ишти караштуулугу боюнча Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотуна өткөрүп берүү жөнүндө өтүнүчүн 2020-жылдын 20-мартындагы аныктамасы менен канааттандырган. Ысык-Көл областынын жарандык жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегиясынын 2020-жылдын 8-июнундагы аныктамасы менен биринчи инстанциянын чечими жокко чыгарылып, Балыкчы шаардык сотуна кароо үчүн жөнөтүлгөн, ал эми арыз ээсинин жеке даттануусу канааттандырылган. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2020-жылдын 14-октябрындагы токтому менен соттун апелляциялык инстанциянын аныктамасы күчүндө калтырылган, банк өкүлүнүн кассациялык даттануусу канааттандыруусуз калтырылган.

Арыз ээси соттор сотко караштуулукка жана талаштарга тиешелүү бир эле маселелер боюнча ар кандай чечимдерди чыгарышканын белгилеген.

Баяндалганды эске алуу менен, кайрылуунун субъекти талашылып жаткан Жарандык процесттик кодекстин жобосун жана Жогорку сотунун Пленумунун токтомун Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанууну суранган.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 22-январындагы аныктамасы менен А.С. Максутовдун кайрылуусу өндүрүшкө кабыл алынган эмес.

Судьялар коллегиясы өзүнүн аныктамасында «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн

9-пунктунун талаптарына ылайык кайрылуучунун коюлган маселе боюнча көз карашы жана Конституциянын тийиштүү ченемдерине шилтемеси менен укуктук негиздемеси көрсөтүлүшү керек болуучу деп белгилеген. Башка сөз менен айтканда, талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуу предмети жана конституциялык орнотмо ортосунда тутумдаш байланыш көрүнүп туруш керек. Бирок арыз ээсинин келтирген кайрылуусунда талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугу жөнүндө жүйөлөрү соттордун жалпы юрисдикциясы тарабынан материалдык жана процесстик укуктун ченемдеринин туура эмес колдонулушу жөнүндө божомолдорго негизделип кураштырылган.

Ошону менен бирге, укук колдонуучулук тажрыйбанын конституциялуулугуна, анын ичинде конкреттүү иштерди кароодо материалдык жана процесстик укуктун ченемдерин жалпы юрисдикция тарабынан туура колдонулушуна байланыштуу маселелерди кароо Конституцияга жана «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун ыйгарым укуктар алкагына кирбейт.

А.С. Максутов судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болбостон, 2022-жылдын 24-мартында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Арыз ээси Конституциялык соттун судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 9-пунктунун жоболоруна шилтеме жасоо менен жогоруда көрсөтүлгөн аныктаманы чыгарууда анын кайрылуусу материалдык жана процесстик укуктун ченемдерин жалпы юрисдикция тарабынан туура эмес колдонулушу жөнүндө боможолдорго негизделип кураштырылууну көрсөтүү менен туура эмес тыянактарга келген деп эсептейт.

А.С. Максутов өзүнүн даттануусунда соттор мыйзамдын ченемдерин туура эмес колдонгон деп көрсөткөн эмес, тескерисинче, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту сот бийлигинин жогорку органы катары соттордун биринчи жана экинчи инстанциялары тарабынан арыз ээсинин укуктар менен эрикндиктери бузулган эмес деген тыянактарга келгенин баса белгилеп көрсөтөт.

Даттануунун автору Жогорку соттун тыянактарына ылайык талашылып жаткан ченемде даттанууга сарпталган убакыт, ошондой эле даттанууну кароо үчүн соттор тарабынан сартпалган убакыт жеке эмгек келишимин чечүү үчүн сотко кайрылуу үчүн доогерге берилген мөөнөткө кошуп эсептелбейт деп белгилейт.

2022-жылдын
21-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ТОКТОМУ

№ 08-П

Кайрылуунун субъекти дал ушул маселе анын соттук коргонууга укуктан ажыратуунун себеби болуп, эгер көрсөтүлгөн жана талашылып жаткан ченем жок болсо, анда ал Балыкчы шаардык сотунун 2020-жылдын 28-августундагы аныктамасы чыккандан кийин дароо Бишкек шаарынын Свердлов райондук сотуна кайрылмак деп эсептейт.

Баяндалганды эске алуу менен, А.С. Максутов Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 21-январындагы аныктамасын жокко чыгарууну жана кайрылууну конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин талкуулап, кийинкидей тыянактарга келет.

Оболу, Максутовдун талашылып жаткан ченем анын соттук коргонууга укугун жана сот чечимдерин даттанууга укугун бузат деген сөздөрү өзү берген материалдары менен төгүнгө чыгарылат, материалдардан ал өзүнүн кызыкчылыктарын коргоодо бардык мүмкүн болгон укуктук каражаттардан пайдаланганы жана анын кайрылуулары бардык сот инстанцияларынын кароо предмети болгону көрүнөт.

Жалпысынан анын бардык жүйөлөрү мыйзамдар менен бекитилген жарандык сот өндүрүшүнүн процедураларына нааразычылыгын көрсөтөт.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2019-жылдын 16-январындагы Чечиминде баяндалган укуктук көз карашка ылайык «мында мыйзамда каралган соттук коргонууга кайрылуу үчүн каралган кеңири мүмкүндүк ар кандай адам, каалаган талабы менен, ар кандай шарттарда жана эркин формада сотко кайрыла алат, ал эми сот болсо, жарандык сот өндүрүшүн козгойт жана чечим чыгарат дегенди билдирбейт». Сот өндүрүшүнүн процедуралары, анын ичинде сотко караштуулугу мыйзам чыгаруучу тарабынан адилеттүүлүк жана объективдүүлүк принциптеринин, сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын кызыкчылыктарынын жана сот адилеттигинин коомдук кызыкчылыктарынын негизинде белгиленет. Белгиленген соттук процедураларынын конституциялуулугун талашуу үчүн арыз ээси талашылып жаткан ченем жөнгө салуучулук таасири Конституция менен кепилденген адамдын, жарандын укуктары менен эркиндиктерин, ошондой эле башка конституциялык орнотмолорду кантип бузуп жаткандыгын

тикелей көрсөткөн укуктук мүнөздөгү салмактуу далилдерди келтирүүгө милдеттүү. Мында, талашылып жаткан ченем менен Конституция ортосунда тутумдаш байланыш сөзсүз болуу керек. Бул «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктунун талаптарынан келип чыккандай, кайрылууда кайрылуучу тараптын коюлган маселеси боюнча көз карашы жана Конституциянын тийиштүү ченемдерине шилтемеси менен укуктук негиздемеси болушу керек.

А.С. Максутовдун кайрылуусунун жана анын даттануусунун мазмунунан келип чыксак, талашылып жаткан, арызды кайтаруу жөнүндө судьянын аныктамасына жекече даттанууну (аныктаманы) берүү укугун караган ченем соттук коргонууга конституциялык кепилдиктерди кантип буза тургандыгын билүү мүмкүн эмес. Арыз ээси келтирген бардык аргументтер логикага жатпайт жана өз ара байланышы жок мүнөздө, ага судьялар коллегиясы тарабынан тийиштүү баа берилген болуучу.

Ошентип, кайрылуунун «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына формасы жана мазмуну боюнча ылайык эместиги жөнүндө судьялар коллегиясынын тыянактары туура, демек, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту өзүнүн 2022-жылдын 21-январындагы аныктамасын жокко чыгаруу үчүн негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т О К Т О М К Ы Л А Т:

1. Асылбек Сагынбекович Максутовдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 21-январындагы аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

2022-жылдын
25-апрели
Бишкек шаары

№ 09-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Валерян Ахметович Вахитовдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 17-декабрындагы аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө

Т О К Т О М У

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар М.Р. Бобукеева, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Ж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчысы К.А.Аблакимовдун катышуусу менен, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Валерян Ахметович Вахитовдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 17-декабрындагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

В.А. Вахитовдун даттанууда келтирилген жүйөлөрдү жана өтүнүчү боюнча материалдарды карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т А П Т Ы :

2021-жылдын 6-августунда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Араван пахта заводу Ак-Була ачык акционердик коомунун (мындан ары – Ак-Була заводу) жана «Боллард» жабык акционердик коомунун (мындан ары – Боллард коому) кызыкчылыгын көздөгөн В.А. Вахитовдон Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 2-февралындагы № 20 (мындан ары – 2017-жылкы редакциясындагы Жазык-процесстик кодексинин) 123-беренесинин 3 жана 12-бөлүктөрүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 15-беренесинин 1-бөлүгүнө, 17-беренесинин 3-бөлүгүнө, 23-беренесинин 2, 3, 4-бөлүктөрүнө, 55-беренесине ылайык келишин текшерүү жөнүндө өтүнүч келип түшкөн.

Арыз ээси 2020-жылдын 11-февралында «Ак-Була» заводунун кызмат адамдарына карата Кылмыш-жаза кодексинин 215-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-пункту боюнча сотко чейинки өндүрүш иши козголгонун белгилеген. Тергөөнүн маалыматы боюнча, «Ак-Була» заводунун банк эсебине орусиялык «Боллард» компаниясынын кредиттик келишими боюнча келип түшкөн 155 000 000 (жүз элүү беш миллион) рубль кылмыш тектүү. Тергөөчүнүн 2020-жылдын 13-февралындагы, 10-мартындагы токтомдору менен комбинаттын эсепте-

2022-жылдын
25-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ТОКТОМУ

№ 09-П

риндеги акча каражаттары менен операциялар жана башка операциялар токтотулган; бардык документтер алынып салынган. Бишкек шаарынын райондук сотунун 2020-жылдын 29-апрелиндеги токтому менен заводдун банктык эсебинин чыгаша бөлүгү камакка алынган.

Россиянын укук коргоо органдары кыргыз тараптын өтүнүчү боюнча текшерүү учурунда бул каражаттардын кылмыштуу теги аныкталган эмес, Россия Федерациясынын салык органдарынан, Кыргызстанга Санкт-Петербург шаарындагы банктан акча которгон банктын өзүнөн дооматтар жок.

Боллард коому инвестор катары («Кыргыз Республикасындагы инвестициялар жөнүндө» Мыйзамдын 1, 4-беренелери) Кыргыз Республикасынын тергөөчүсү тарабынан россиялык каражаттарды камакка алуу боюнча Россия Федерациясынын Өкмөтүнө кайрылган. Натыйжада Россиянын Башкы прокуратурасы Кыргызстандын Башкы прокуратурасына бул маселенин чечилишин жана аткарылышын көзөмөлгө алуу өтүнүчү менен кат жолдогон.

Россия Федерациясынын Жогорку Сотунун Пленумунун 2015-жылдын 7-июлундагы No 32 токтомун эске алуу менен, анда мүлккө ээ болуунун кылмыштуу мүнөзүн аныктоо үчүн негиз болгон соттун жана тергөөнүн актыларынын тизмеси келтирилген, арыз ээси Боллард компаниясы кредитти гана бергендиктен, материалдык зыяндын ордун толтуруу үчүн жоопкерчилик тарта албайт же жазык иши боюнча шектүү боло албайт деп эсептеген жана орусиялык укук коргоо органдарынын ага эч кандай дооматы жок.

Сотко чейинки өндүрүш башталгандан бери бир жарым жыл өтсө дагы эч ким шектүү болуп табылган жок жана эч кимге айып коюла элек. 2020-жылдын 20-октябрынан бери тергөө амалдары жүргүзүлбөй, ал эми Ак-Була заводунун директору менен эсепчиси тергөөчү тарабынан суракка алынбай эле чакырылган. Тергөө 2017-жылы киргизилген КЖКнын 155-беренесинин 1-бөлүгүнө таянып, заводдун банктык эсептерин камактан чыгаруудан баш тартууда. Ошол эле учурда, кайрылуу субъектисинин пикири боюнча, 2017-жылдагы түзөтүүлөр менен Жазык-процесстик кодексинин 155-1-беренесинин 1-3-бөлүктөрүндө жазык иштери боюнча сотко чейинки өндүрүш мөөнөттөрүнүн акылга сыяр так критерийлери жок, ал эми талашылып жаткан ченемдерде шектүү эмес, айыптуу эмес адамдарды, ошондой эле узак мөөнөткө камакка алуу менен укугу чектелген ишкерлерди коргоо каражаттары көрсөтүлгөн эмес.

Арыз ээси белгилегендей, Ак-Була заводу Кыргызстандын түштүгүндөгү ири ишкана болуп, анын 94 пайыз акциясына ээлик

2022-жылдын
25-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ТОКТОМУ

№ 09-П

кылган орусиялык инвестордун аркасы менен иштеп жатат. Камакка алынгандыктан завод иштебей, өндүрүштүк цикл токтотулган, келишимдик милдеттенмелер аткарылбай калды; жушумчулар аргасыз бошотиулган, бул дагы алардын конституциялык укуктарына таасир эткен (42-статьянын 1-бөлүгү); пахта эгүүчү чарбалар жазгы талаа жумуштарын каржылоосуз калган; бюджетке салыктык кирешелер токтотулган (төрт миллион сомго чейин). Узакка созулган камакка алуудан улам алынган карыздык каражаттарды пайдалануу мүмкүн болбогондуктан, завод күнүмдүк чыгымга учурап жатат, бул жалпысынан камакка алынган суммадан ашып кеткен.

Ал белгилегендей, соттор «Ак-Була» заводунун банк эсебиндеги акча каражаттарын камакка алуу боюнча арызды канааттандыруудан баш тартууда.

В.А. Вахитов эл аралык актыларга жана алардын акылга сыйган мөөнөт ичинде адилетүү каратуу (Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо боюнча Европа конвенциясына, Атуулдук жана саясий укуктар боюнча эл аралык пактыга, Адам укуктары боюнча Европа сотунун 2009-жылдын 22-январындагы токтомуна); ашыкча кечиктирбестен соттолуу; камакка алуунун арыз ээсинин мүлктүк укуктарына тийгизген таасиринин өзүм билемдигин жана бийлик органдарынын мыйзамдуулугун жана камакка алуу жөнүндө чечимди кабыл алууну улантуунун зарылдыгын баалоо милдетинен тышкары, мүлктү камакка алуу бөлүгүндөгү практикасына шилтеме жасаган.

Кайрылуу субъекти келтирилген конституциялык ченемдер мамлекет тарабынан инвестицияларды, инвестициялык иштин субъектилерин, жеке менчикти коргоо жана бул чөйрөлөргө кийлигишүү ээнбаш болбой, коомдун жана инвестордун кызыкчылыктарынын тең салмактуулугун бузбай, калыстык талаптарына жана башка адамдардын конституциялык укуктарын коргоо зарылдыгына жооп берүүгө тийиш (Конституциянын 15-беренесинин 1-бөлүгү, 17-беренесинин 3-бөлүгү, 23-беренеси).

Менчик ээсинин бул мүлктү тескөө укугун коргоо механизми жок болгон учурда мүлктү камакка алууну чексиз узак мөөнөткө сактоо күнөөсүздүк презумпциясы жөнүндөгү конституциялык ченемге (57-берененин 1-бөлүгү) ылайык келбейт, ага ылайык айыпкер соттолгонго чейин андан да көбүрөөк – үчүнчү жактарга соттун өкүмү боюнча колдонулган мүлкүн конфискациялоо сыяктуу, анын ичинде жазык-укуктук мүнөздөгү мажбурлоо чараларынын катаалдыгы боюнча чектөөлөр белгилениши мүмкүн эмес.

2022-жылдын
25-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ТОКТОМУ

№ 09-П

Арыз ээси Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2020-жылдын 3-сентябрындагы, 2021-жылдын 13-январындагы менчиктин кол тийбестигин, укуктук жана соттук коргоону камсыз кылуу, менчик ээлеринин бузулган укуктарын калыбына келтирүү, мүлктү камакка алууну камсыз кылуунун өзгөчөлүктөрү маселелерин аныктаган чечимдерине да шилтеме жасаган.

Кайрылуу субъекти 2017-жылкы редакциясындагы Жазык-процесстик кодексине жазык иши боюнча шектүү, айыпталуучу болуп саналбаган адамдардын, ошондой эле ишкерлердин мүлкүнө камак салуу мөөнөтүн чектөө бөлүгүндө өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл деп эсептеген. Камакка алуунун негиздүүлүгү жана зарылчылыгы сот тарабынан аныкталып, камакка алынган мүлктүн ээлерине алардын мүлкүн негизсиз же узак мөөнөткө камакка алуудан коргоо үчүн процесстик укуктар берилүүгө тийиш.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, арыз ээси талашылып жаткан ченемдерди Кыргыз Республикасынын Конституциясына карама-каршы келет деп таанууну суранган.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 17-декабрындагы аныктамасы менен В.А. Вахитовдун кайрылуусу өндүрүшкө кабыл алынган эмес.

Судьялар коллегиясы өзүнүн аныктамасында арыз ээси талашып жаткан акт Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы Мыйзамына ылайык күчүн жоготту деп белгилеген, бул Конституциялык соттун өндүрүшүнө даттанууну кабыл алуудан баш тартууга алып келет.

Мындан тышкары, коллегия Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2021-жылдын 13-январындагы Чечими менен мүлктү камакка алууга байланыштуу маселе каралганын белгиледи. Бул Чечимде сотко чейинки жана соттук стадияларында тергөөнүн узак мөөнөттөрүндө камак тартибин сактоо, ошондой эле мыйзамдарда каралган учурларда менчик ээлеринин укуктарын коргоонун натыйжалуу механизмдеринин жок болгондо тергөөнү белгисиз мезгилге токтото туруу соттун чечими менен гана колдонулуучу мүлктү алып салуу менен салыштырса болот. Мындан менчик объектилерин камакка салуу тартиби, анын ичинде жазык процессинин катышуучуларынын статусуна ээ болбогон, бирок камакка салынган объектинин нагыз ээлери болгон жактар үчүн ал жалпысынан козголбос жана талашпай турган болушу мүмкүн эмес, алар сотко чейинки дагы, сот өндүрүшүнүн дагы этаптарында

2022-жылдын
25-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ТОКТОМУ

№ 09-П

мүлктүк укуктардын чектелишинин негиздүүлүгүн талашууга укуктуу болушу мүмкүн жана болуш керек.

Мүлккө камак салуу – кылмыш (жорук) менен келтирилген материалдык зыяндын жана моралдык зыяндын ордун толтуруу бөлүгүндө соттун өкүмүн камсыз кылуунун эң эффективдүү жолдорунун бири, ал эми сотко чейинки органдар процесстик таасирдин бул түрүн шектүүнүн, айыпталуучунун мүлкүнө карата гана колдонууга укуктуу (2017-жылдын 2-февралындагы Жазык-процесстик кодексинин 119-беренеси).

Ошол эле учурда шектүү деп шектүү деп кармалган же ага карата кылмыш жана (же) жосун жасоого шектүү деп билдирүү берилген адам; жазык иштери боюнча сотко чейинки өндүрүш адам кылмыш жасагандыгы жөнүндө шектенүү жөнүндө кабарлаган күндөн тартып 2 айдан кечиктирбестен аякташы керек; жосунсуз жоруктар боюнча – 3 айдан ашык, анча оор эмес кылмыштар боюнча – 6 айдан ашык, оор жана өзгөчө оор кылмыштар боюнча – бир жылдан ашык мөөнөткө узартууга жол берилбейт; жазык ишинин токтотулушу жокко чыгарууга, анын ичинде мүлккө камак салууга алып келет (ЖПКнын 44-беренесинин 155-беренесинин 1, 5-бөлүктөрү, 249-беренеси).

Ушуга байланыштуу мүлктү камакка алуу мөөнөтү шектүү деп табылган адамга карата сотко чейинки өндүрүштү жүргүзүү мөөнөтүнө түздөн-түз байланыштуу.

В.А. Вахитов судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болбостон, 2022-жылдын 24-мартында ал Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Арыз ээси «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 4-бөлүгүнүн негиздери боюнча судьялар коллегиясы тарабынан анын өтүнүчүн кароого кабыл алуудан баш тартууга макул, ал эми башка позициялар боюнча макул эмес.

Ал сунушта келтирилген жүйөлөрдү кайталайт.

Мында арыз ээси жараксыз деп табылган акты боюнча судьялар коллегиясынын тыянактарын эске алып, талаптарынын предметин өзгөрткөн жана өтүнүчүн 2021-жылдын 28-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин (мындан ары – 2021-жылкы редакциядагы КЖК) ченемдерин, атап айтканда, 121-берененин 3, 12-бөлүктөрүн эске алуу менен кароону өтүнөт.

Ошол эле учурда, 2021-жылкы редакцтясындагы Жазык-процесстик кодексинин 121-беренесине окшоштуруп, арыз ээси Россиянын

2022-жылдын
25-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ТОКТОМУ

№ 09-П

Жазык-процесстик кодексинин 115-беренесинин 3-бөлүгүн көрсөтөт, ал Россиянын Конституциялык соту тарабынан каралгандан кийин алардын Жазык-процесстик кодексине өзгөртүүлөр киргизилген. Кодекс 115-беренесинин 1-бөлүгү менен толукталган, ага ылайык тергөөчү камакка алуу мөөнөтү аяктаганга чейин же алдын ала тергөө токтотулганга чейин 7 (жети) күндөн кечиктирбестен, анын мөөнөтүн узартуу жөнүндө сотко өтүнүч менен кайрылат, ал үчүн камакка алууну узартуу мөөнөтүн көрсөтүү менен соттун буйругу чыгарылса; камакта кармоонун мөөнөтүн узартуу жөнүндө чечим кабыл алууда жазык ишин жүргүзгөн адам, орган жана сот бул мажбурлоо чарасын колдонуунун акылга сыярлык мөөнөтүнүн сакталышын камсыз кылууга милдеттүү (2, 6-бөлүктөр).

Арыздын автору Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинде шектүү, айыпкер болуп саналбаган жана сотко чейинки өндүрүштө мүлкүн узак мөөнөткө камакка алуу менен мүлктүк укуктары чектелген адамдардын укуктарын коргоонун укуктук механизми жок деп эсептейт. Ал мындай учурда мүлктү камакка алуу убактылуу гана мүнөзгө ээ болушу мүмкүн жана көрсөтүлгөн адамдарга зарыл процесстик кепилдиктер берилгенде колдонулушу мүмкүн деп эсептейт.

Мындан тышкары, кайрылуунун субъекти белгилегендей, иш козголгондон бир жарым жылдан ашык убакыт өткөндөн кийин кылмыштын курамы жок болгондуктан Ак-Була комбинатынын жумушчуларына карата тергөө тобунун жетекчиси 2021-жылдын 27-августундагы чечими менен сотко чейинки өндүрүш иштерин токтоткон.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен В.А. Вахитов судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 17-декабрындагы чечимин жокко чыгарууну суранат жана бул ченемдер сотко чейинки өндүрүштүн алкагында шектүү же айыпкер болуп саналбаган ишкерлердин, инвесторлордун мүлктүк укугу чектен ашкан узак мөөнөткө камакка алуу менен чектелип, кызыкчылыктарын коргоонун эффективдүү ыкмаларын караштырбаган даражада 2021-жылкы редакциясындагы Жазык-процесстик кодексинин 121-беренесинин 3, 12-бөлүктөрүн Конституциянын 15-беренесинин 1-бөлүгүнө, 17-беренесинин 3-бөлүгүнө, 23-беренесинин 2-4-бөлүктөрүнө, 55-беренесине карама-каршы келет деп таанууну өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясы тарабынан анын арызын өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун себептерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянакка келет.

2022-жылдын
25-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ТОКТОМУ

№ 09-П

Арызды кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктаманы кайра кароо тартибинде судьялар коллегиясынын тыянактарына укуктук баа берүү анын өтүнүчүндө келтирилген жүйөлөрдүн жана талаптардын, ошондой эле аны жокко чыгарган жүйөлөрдүн чегинде гана жол берилет.

Белгилей кетсек, 2017-жылдын 2-февралындагы арыз ээси тарабынан талашылып жаткан Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексинин жоболору Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 28-октябрындагы Мыйзамына ылайык күчүн жоготту.

Ушуга байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык конституциялуулугу талашылып жаткан актыны жокко чыгаруу же анын күчүн жоготуусу кайрылууну Конституциялык соттун өндүрүшүнө кабыл алуудан баш тартууга алып келет жана коллегиянын ага шилтеме жасоо менен жасаган тыянактары туура.

Ошону менен бирге, арыз ээси талашылып жаткан аныктамада келтирилген жүйөлөр менен макул болуу менен, ага карабастан аныктамада келтирилген башка жүйөлөр менен макул эместигин билдирет жана өзүнүн даттануусунда мүлктү камакка алуу маселелерин жөнгө салуучу Жазык-процесстик кодексинин колдонуудагы редакциянын 121-беренесинин 3 жана 12-бөлүктөрүнүн конституциялуулугун текшерүүнү өтүнөт. Ушуга байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 19-беренесинин 2-бөлүгү, ошондой эле 27-беренесинде мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституцияга ылайыктуулугун текшерүүгө байланыштуу кайрылуунун формасына жана мазмунуна карата талаптар аныкталганын белгилей кетүү керек, ал даттануунун формасына жол берүү мүмкүнчүлүгүн болжобойт.

Ошондой эле белгилей кетүүчү нерсе, мүлктү камакка алуу маселелери конституциялык көнтролдоонун кароо предмети болгон жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2021-жылдын 13-январындагы Чечиминде процесстик мажбурлоонун бул түрүнүн бардык аспектилери комплекстүү түрдө белгиленген, ээлеринин менчик укуктарын пропорционалдуу эмес чектөөгө жол берилбеши үчүн ал доктриналдык түрдө изилденген. Арыз ээси келтирген жүйөлөр мыйзамдык жөнгө салуунун же колдонуудагы укуктук каражаттардын кемчиликтерине эмес, укук колдонуу практикасына көбүрөөк басымдуу болгон.

2022-жылдын
25-апрели
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ТОКТОМУ

№ 09-П

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту судьялар коллегиясынын 2021-жылдын 17-декабрындагы аныктамасын жокко чыгарууга негиз жок деп эсептейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Валерьян Ахметович Вахитовдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 17-декабрындагы аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Бул чечим акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

2022-жылдын
20-майы
Бишкек шаары

№ 10-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Тимур Иманкулович Иманкуловдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 27-январындагы аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө

Т О К Т О М У

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун курамында: төрагалык кылуучу Э.Ж. Өскөнбаев, судьялар М.Р. Бобукеева, К.А. Дүйшеев, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Ж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы Н.А. Кененсариеванын катышуусунда, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Тимур Иманкулович Иманкуловдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 27-январындагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту Т.И. Иманкуловдун өтүнүчү боюнча даттанууда келтирилген жүйөлөрдү жана материалдарды карап чыгып,

Т А П Т Ы :

2021-жылдын 29-декабрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Т.И. Иманкуловдон Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 330-беренесинин 1-бөлүгүнүн «багытталган аракеттер», «региондор аралык кастыкты (араздашууну) козутууга», «улуттук ар-намысты кемсинтүүгө» деген сөздөр менен берилген ченемдик жоболорунун, «Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун сегизинчи абзацынын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын преамбуласына, 1-беренесинин 1-бөлүгүнө, 6-беренесинин 2-бөлүгүнө, 10-беренесинин 2-бөлүгүнө, 23-беренесинин 6-бөлүгүнө, 29-беренесинин 2-бөлүгүнө, 32-беренесинин 1, 2, 4-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө арыз келип түшкөн.

Конституциянын 32-беренесинде ар бир адам эркин ой жүгүртүүгө жана пикирге ээ болууга (1-бөлүгү), өз пикирин эркин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине (2-бөлүгү) укугун орнотуп, ар бир адамдын чогулуштарда, митингдерде жана башка каражаттар менен оозеки, басма сөз аркылуу коомдук, мамлекеттик, башка мүнөздөгү маселелер боюнча өз пикирин жана ынанымдарын эркин билдирүү-

гө мүмкүнчүлүгүн кепилдейт деп кайрылуудан келип чыккан. Бул конституциялык ченемдер адам укуктары менен эркиндиктери жаатындагы эл аралык стандарттарга туура келет (Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 19-беренеси, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 19-беренеси).

Кайрылуу субъектиси Конституциянын 32-беренесинин 4-бөлүгүнүн күчүнөн улам ой, пикир жана аларды билдирүү эркиндиги абсолюттук укук эмес деп эсептеген. Бул беренеде жек көрүүчүлүктү пайда кылган ойлорду же улуттук, башка артыкчылыктуу идеяларды билдирүүгө эмес, аларды дискриминацияга, кастыкка жана зордук-зомбулукка чакырган пропаганда кылууга тыюу салынган деп эсептеген.

Т.И. Иманкулов пропаганда деген адамдарда улутуна, расасына, тилине, динге, жынысына карата туруктуу жек көрүү, кастык сезимин ойготуу максатында коомдук аң-сезимге алдын ала пландаштырылган, максаттуу таасир этүү деп болжогон. Ал эми Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 330-беренесинде (мындан ары – Кылмыш-жаза кодекси) «пропаганда» түшүнүгү менен катар «козутууга багытталган аракеттер» деген көрсөтмөлөр камтылат, муну менен Конституциянын 32-беренесинин 4-бөлүгүнүн мааниси кеңейет. Бул конституциялык ченемде камтылган тыюу салуу «Экстремисттик аракеттерге каршы аракеттенүү жөнүндө» Мыйзамдын 1-беренесинде такталып көрсөтүлгөн. Ушул статьяда саналып өткөн жеке жана юридикалык жактардын «экстремисттик аракет» деген түшүнүктү камтыган ишинин түрлөрү КЖКнын «Конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы кылмыштар» деген 41-главасында чагылдырылган жана мамлекеттик чыккынчылык, шпиончулук, диверсия, бийликти күч менен ээлеп алуу, куралдуу тополоң сыяктуу эле түрдүк объектиге ээ.

Арыз ээси белгилегендей, жосунду квалификациялоодо укук бузуунун объектиси өтө маанилүү. Көпчүлүк чет мамлекеттердин кылмыш-жаза мыйзамдарында мындай жосундар мамлекеттик бийликке каршы кылмыш катары квалификацияланбастан, инсанга, адамдын укуктары менен эркиндиктеринин теңдигине каршы кылмыштар (басмырлоочу кылмыштар) катары квалификацияланат. Ушуга байланыштуу, ошондой эле Кылмыш-жаза кодексинин ченемдери конституциялык ченемдерге негизделе тургандыгын эске алуу менен (атап айтканда, 24-берененин 1-бөлүгү, 32-берененин 4-бөлүгү) арыз ээси кастыкты козутууга байланыштуу кылмыштардын жалпы объектиси болуп инсандын укуктары жана эркиндиктери болушу

керек. Алсак, Кодекстин жана Мыйзамдын талашылып жаткан ченемдери дискриминацияга каршы мүнөзгө ээ болгон жана инсандын укуктарын жана эркиндиктерин басмырлаган жосундардын жалпы объектисин мыйзамсыз кеңейтет. Натыйжада, анын пикири боюнча мамлекет үчүн өзгөчө коркунуч туудурбаган жосундар экстремисттик болуп чыгууда, ал эми бул конституциялуу эмес.

Атап айтканда, кайрылуу субъектиси «улуттук кадыр-баркты кемсинтүү» термини Кылмыш-жаза кодексине 1922-жылдан бери киргизилип, ал өзгөртүлүп, бирок ар кандай туюнтмаларда сакталып келген жана жосундардын жалпы объектиси башкаруу тартиби менен байланыштуу болгондо советтик мамлекеттик идеологияны камсыз кылууга багытталган социалисттик укукка мүнөздүү жосун болуп саналат.

Т.И. Иманкуловдун айтымында, криминалдашуу конституциялык ченемдерге карама-каршы келбеш керек, процессуалдык жактан ишке ашырылгыдай болууга тийиш жана каралып жаткан жосундар үчүн кыйла жеңил жаза чараларын караштырууга тийиш, ушуга байланыштуу улуттук ар-намысты басмырлоого багытталган аракеттер жазык жоопкерчилигине тартылуучу жосундардын катарына кирбеш керек. Ал Конституциянын 29-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган адамдын ар-намысын жана кадыр-баркын кемсинткен же басмырлаган маалыматтарды тараткандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартууга тыюу салуу абсолюттук жана аны менен кепилденет деп белгилеген (23-берененин 6-бөлүгү).

Буга байланыштуу ал Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2013-жылдын 6-ноябрындагы ар-намыс жана кадыр-барк түшүнүктөрүн ачып берген Чечимине шилтеме жасап, ошондой эле мазактоо үчүн жазык куугунтугун алып салуу зарыл деген тыянакка келет.

Арыз ээси "кадыр-барк" түшүнүгү өзүнчө бирдик катары адамга карата колдонулушу мүмкүн, ал эми талашылып жаткан ченемдик жоболор жарандардын, башкача айтканда, адамдардын тобунун улуттук кадыр-баркын кемсинтүүгө багытталган, бирок ага жол берилгис, себеби «жамааттык кадыр-барк» деген түшүнүк болгон эмес деп болжогон. Кайрылуу субъектиси улуттук кадыр-баркты кемсинтүү өзү мазактоо болуп санала тургандыгы жана конституциялык тыюу салуунун күчүнөн улам жазык жоопкерчилигине тартылууга мүмкүн эместиги, ушундан улам, «улуттук кадыр-баркты кемсинтүү» деген сөздөр менен берилген талашылып жаткан ченемдик жоболор конституцияга каршы келет деп көрсөтүп келген.

2022-жылдын
20-майы
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ТОКТОМУ

№ 10-П

«Региондор аралык кастыкты (аразчылыкты) тутандырууга багытталган аракеттер» деген сөздөр менен туюндурулган талашылып жаткан ченемдик жоболор туурасында кайрылуунун предмети кийинкидей жүйөлөрдү келтирген.

Арыз ээси региондор аралык кастыкты козутууга тыюу салууну Кыргызстандын аймактарынын ортосунда мамлекеттин аймактык бүтүндүгүнө коркунуч келтире турган чыр-чатактын чыгышы үчүн өбөлгөлөрдүн бар экендигин мамлекет тарабынан таанылганын негизсиз деп эсептейт. Ал Конституциянын 24-беренесинин 1-бөлүгүнө, 32-беренесинин 4-бөлүгүнө шилтеме жасап, бул ченемдер түздөн-түз региондук таандыкты көрсөтпөйт деп эсептейт, бирок мыйзам чыгаруучу социалдык артыкчылыктын бир түрү катары регионалдык артыкчылыктын бар экендигин болжолдоо менен кыргыз элинин этникалык, тарыхый, руханий биримдигине шек келтирип, аны ажыратууга өбөлгөлөрдүн бар экендигин тааныйт. Алсак, талашылып жаткан ченемдик жоболор көрсөтүлгөн конституциялык ченемдерге гана эмес, ошондой эле Конституциянын 1-беренесинин 1-бөлүгүндөгү Кыргыз Республикасы унитардык мамлекет деп орноткон жобосуна да карама-каршы келет.

Кайрылуу субъектиси мыйзамдарды чыгарууда анын тексти ачык жана бир өңчөй көрсөтүлүшү керек, ал эми жазык мыйзамдары Конституциянын 6-беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдерин эске алуу менен конституциялык ченемдерди сүрүштүрүүгө багытталып, алардын процессуалдык формасын ишке ашырууга тийиш экендиги белгиленген. Бирок талашылып жаткан ченемдик жоболор жарандардын тең укуктуулугун сактабастан жана конституциялык жол берилген басмырлоону кеңейтүү менен кош мааниде баяндалган. Арыз ээси «араздашууну козгоо» деген терминди туура эмес деп эсептеп, маалымат багытталган (көз салуу) адамдардын реакциясынан айырмаланып, күнөөлүү адамдын иш-аракеттери катары «козутуу» терминдерин колдонууну туура деп эсептеген жана «душмандык», агрессия катары, араздашууну жокко чыгарган басмырлоону билдирет.

Т.И. Иманкулов талашылып жаткан ченемдик жоболордо мыйзам чыгаруучу мыйзамдын үстөмдүгүнүн принцибине карама-каршы келген укуктук негиздер менен тең укуктуулукту жана адам укуктарын коргоону жана укук коргоо органдарын, аларды колдонууну жана билдирүү жасаган жарандарга жазык ишин козгоону камтыды деп эсептейт. Интернеттеги комментарийлер мамлекеттик кызматкерлерди сындаганы үчүн жарандарды жазык жоопкерчилигине

тартуу үчүн кооптуу прецедент түздү. Бирок, мындай учурда маалыматты таратуунун максаты аймактар аралык кастыкты козутуу жана улуттук ар-намысты басмырлоо эмес, кемсинткен билдирүүлөрдү жарыялоо болуп саналат, ал жазык жоопкерчилигине тартылбайт.

Региондор аралык кастыкты козутуу регионалдык таандыктыкка негизделген узакка созулган кастыктын абалы менен коштолгон, элге атайылап активдүү таасир этүүнү билдирет. Көбүнчө жосун маалыматты алгач тараткан адамдын ниетине карабастан жоопкерчиликке тартылуучу адамдардын кеңири чөйрөсү менен мүнөздөлөт, бул маалыматты кийин тараткан адамдын ниетин далилдөөдөгү көйгөйлөргө алып келет.

Талашылып жаткан ченемдик укуктук актылардын бүдөмүк туюндурулушу жана региондор аралык кастыкты козутууга түздөн-түз ниетин далилдөөнүн татаалдыгы Кылмыш-жаза кодексинин 330-беренесин натыйжасыз кылат, коомдук туруктуулукка коркунуч келтирет, укуктук тактык принцибине карма-каршы келет жана укук колдонуу практикасын татаалдантат. Тергөө жана сот органдары тарабынан башкача ой-жүгүртүү жана оппозициялык аракеттерди куугунтуктоо үчүн талашылып жаткан ченемдик жоболорду өзүм билемдик менен колдонуу коркунучу бар. Талашылып жаткан ченемдик-укуктук актылар азыркы саясий курска макул болбогондор менен күрөшүүнүн потенциалдуу куралы болуп калат жана ошону менен саясий цензураны мыйзамдаштырат. Коомдук, расалык, улуттук же диний айырмачылыктарга ачык же Интернетте жеке терс баа берүү менен чагылдырылган ар кандай маалыматтык басым жек көрүүчүлүктү тутандырууга багытталган акция катары каралышы мүмкүн. Бул жагдай ой-жүгүртүү эркиндиги менен сөз эркиндигине конституциялык кепилдикти ишке ашыруудан күмөн туудурат жана адамдарды негизсиз жазык жоопкерчилигине тартууга алып келет.

Так мыйзамдык процедуралардын жоктугу укук коргоо органдарынын жазык ишин козгоого жана жүргүзүүгө кызыкдар болушу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү ачат, анткени талашылып жаткан ченемдик жоболордогу кылмыштар курамы аймактар аралык кастыкты (арзчылыкты) козутууга, жарандардын улуттук ар-намысын басынтууга багытталган ар кандай аракеттерди бузуу деп тааныйт, ошону менен Конституциянын 32-беренесинин 4-бөлүгүндө белгиленген үгүт иштерине гана тиешелүү болгон тыюу салынган чектен олуттуу түрдө чыгып кетет. Кылмыш-жаза кодексинин 330-беренесинде каралган кылмыштарды квалификациялоо социалдык тармакта репост түрүндөгү билдирүүлөр үчүн айыпталуучу комментарий жана

маалыматты жарыялаган адам ниетин билдирбеген үчүн дагы жазык жоопкерчилигине тартууга мүмкүндүк берет. Интернетте жарыяланган бейкапар комментарий, митингдеги плакат же социалдык тармактагы сүрөт чыныгы абак мөөнөтү үчүн негиз болушу мүмкүн. Бул бейкүнөө адамдарды жоопко тартуунун потенциалдуу коркунучун жаратат, анткени бир убакта РСФСРдин Жазык кодексинин (РСФСР Жогорку соту тарабынан 1960-жылдын 27-октябрында бекитилген) антисоветтик пропаганда үчүн кылмыш жоопкерчилиги караштырган 70-статьясы миңдеген адамдардын соттолушуна алып келген.

Мындан тышкары, Кылмыш-жаза кодексинин 74-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктунда кылмышты оордотуучу жагдай катары расалык, этностук, улуттук, диний же региондор аралык кастыктын (араздашуу) негизинде кылмыш жасоо каралган. Алсак, жосун 330-берене боюнча да, башка берене боюнча да (мисалы, 128, 139-беренелер), бирок Кылмыш-жаза кодексинин 74-беренесине шилтеме кылуу менен квалификацияланышы мүмкүн, бул дагы мыйзамды укук колдонуучунун колунда кошумча терс куралга айлантышы мүмкүн.

Кайрылуу субъекти талашылып жаткан ченемдик жоболордун алкагында ыкчам-издөө иш-чараларын жүргүзүүдө интернеттен алынган маалыматтарды тергөө органдары тарабынан эсепке алуу ыкмаларына дагы макул эмес жана бул тергөө амалына адисти тартуу зарыл деп эсептеген. Келечектеги айыпталуучунун интернет баракчаларынын мазмунун кароонун жыйынтыгы сотко чейинки өндүрүштүн башында тергөө органдары тарабынан кылмыш процессинин кийинки баскычтарында кайталап текшерилиши мүмкүн эместигинде турат.

Баяндалганды эске алуу менен, арыз ээси талашылып жаткан ченемдик жоболорду Конституцияга карама-каршы келет деп таануну өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы 2022-жылдын 27-январындагы аныктамасы менен Т.И. Иманкуловдун апелляциялык даттануусун кабыл алуудан баш тарткан.

Келтирилген кайрылууда талашылып жаткан ченемдик жоболор менен Конституция ченемдери ортосунда тутумдук байланыш укук колдонуу практикасына тиешелүү жүйөлөр менен бекемделип, тиешелүүлүгүнө жараша иштин иш жүзүндөгү жагдайларын иликтөөнү талап кылат, демек алардын чечилиши тергөө органдарынын жана

жалпы юрисдикциядагы соттордун компетенциясына кирет деп аныктамада белгиленген.

Ошону менен бирге, соттук коллегия өз пикирин билдирүү эркиндигин ишке ашырууга байланышкан укуктук көз караш Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 29-декабрындагы Чечиминде көрсөтүлгөн, анда өз оюн билдирүү эркиндигине, сөз эркиндигине болгон укукту ишке ашыруу жоопкерчиликтүү жана Конституцияда (31-берененин 4-бөлүгү) жана мыйзамдарда белгиленген башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин бузбагандай деңгээлде ишке ашырылат деп белгиленген. Мындай абал укуктук мамлекетте инсандын укуктары менен эркиндиктеринин жана жоопкерчиликтин конституциялык баалуулуктарынын балансын сактоо үчүн маанилүү.

Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга ылайык сөз эркиндигине болгон укукту ишке ашыруу өзгөчө милдеттер менен өзгөчө жоопкерчиликтерди жүктөйт, а бул укукту ишке ашырууга чектөөлөр «башкалардын укуктарын же репутациясын урматтоого» багытталган (19-берене). Демек, инсандын ар-намысы менен кадыр-баркы бул укукту массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү да, башка субъектилер да кыянаттык менен пайдаланган учурда сөз эркиндигине болгон укукту чектөөчү болуп саналат.

Ошентип, арыз ээсинин кайрылууда келтирилген жүйөлөрү талашылып жаткан ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугуна шек келтирген жагдайлар катары каралышы мүмкүн эмес, алар «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 26-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында ишти кароо үчүн негиз болууга тийиш.

Т.И. Иманкулов судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болбостон, 2022-жылдын 20-апрелинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Арыз ээси судьялар коллегиясы анын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан негизсиз баш тарткан жана кийинкидей негиздер боюнча жокко чыгарылууга жатат деп эсептейт.

Даттануунун автору «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинде белгиленген кайрылууга карата бардык жалпы талаптарды сактагандыгын жана судьялар коллегиясынын, эгерде жак мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар анын Конституцияда таанылган укуктарын жана эркиндиктерин бузат деп эсептесе, Конституциялык сотко

кайрылуу укугу жеке (жеке) же юридикалык (юридикалык) жакка таандык болот деген жүйөлөрү менен макул эместигин көрсөтөт.

Т.И. Иманкулов Конституциянын 97-беренесинин 3-бөлүгүндө ар бир адам мыйзамдын жана башка ченемдик укуктук актылар менен анын Конституцияда таанылган укуктары менен эркиндиктери бузулду деп эсептесе, ал алардын конституциялуулугун талашууга укуктуу экенин белгилейт. Анын пикири боюнча абстракттуу ченемдик контролдун алкагында бул конституциялык жобо Конституцияда белгиленгендей жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушу Конституциялык сотко кайрылуусунун милдеттүү талабы жана мыйзамдын конституциялуулугун текшерүү үчүн жалгыз негиз экендигин көрсөтпөйт.

Судьялар коллегиясынын арыз ээси өзүнүн конституциялык укуктары бузулган жагдайларды так көрсөтпөгөн жана анын укуктарынын бузулушун тастыктаган тиешелүү далилдерди тиркебеген, ошондой эле талашылып жаткан ченемдер менен Конституциянын жоболору ортосундагы системалуу байланыш укук колдонуу практикасына байланыштуу жүйөлөр менен колдоого алынган деген жүйөлөрүнө карата даттануунун автору соттук коллегия бул маселелерди жөнгө салуучу тиешелүү мыйзамдарга шилтеме берген эмес деп белгилейт.

Ошону менен бирге, даттануунун автору анын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна кайрылуусунун максаты кастыкты козутууну, анын ар кандай формаларында үгүттөө үчүн жазык жоопкерчилиги жөнүндө укуктук ченемдин диспозициясын калыптандыруу болуп саналат деп ырастайт, анын пикиринде, айрыкча Интернетте кастыкты козуткандыгы үчүн жазык жоопкерчилигине тартууга байланыштуу актуалдуу маселе болуп саналат. Мамлекеттеги туруктуулук Кылмыш-жаза кодексинин 330-беренесинде каралган кылмыштын туура түзүлүшүнөн, жазык жоопкерчилигине тартылуучу жосундардын чөйрөсүнөн көз каранды жана жоопкерчилик элди козутууга багытталган аракеттер үчүн эмес, коомчулукту үгүттөө, анын ичинде Интернетти пайдалануу үчүн гана болушу керек, анткени мындай аракеттер Кылмыш-жаза кодексинин 330-беренесинде көрсөтүлгөн эмес.

Баяндалгандын негизинде Т.И. Иманкулов судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 27-январындагы аныктамасын жокко чыгарууну жана конституциялык сот өндүрүшүнө арызын кабыл алууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын арызды өндүрүшкө кабыл

алуудан баш тартуусу себептерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келет.

Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын арызды өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу маселеси боюнча чечими жеке процесстик мүнөздө болот. Ушуга байланыштуу Конституциялык сот кайрылууда келтирилген жүйөлөрдүн жана талаптардын, ошондой эле анын тыянактарын жокко чыгарган жүйөлөрдүн алкагында гана мындай аныктаманы кайра кароо тартибинде судьялар коллегиясыянын тыянактарына укуктук баа берет.

Судьялар коллегиясы талашылып жаткан аныктамада конкреттүү конституциялык контролдун колдонулушу жөнүндө арыз ээсинин аргументтерине карата кийинкилерди белгилей кетүү зарыл.

Жеке жана юридикалык жактар конституциялык контролдоо органдарына кайрылуунун субъектилери болуп саналбаган жана ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугу жөнүндө маселени коюуга укугу жок дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүнөн айырмаланып, Кыргыз Республикасынын Конституциясы конституциялык сот адилеттигинин кеңири жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында ар бир адамга ушундай суроо менен Конституциялык сотко кайрылуу укугун берет. Мындай укук конституциялык укуктар менен эркиндиктерди бузуунун конкреттүү учуруна байланышпаган учурда да келип чыгат. Конституциялык контролдоонун бул түрү абстракттуу болуп саналат.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасында конституциялык сот адилеттигинин жеткиликтүүлүгү Конституциялык сотко ар кандай себептер жана ар кандай талап менен кайрылуу мүмкүнчүлүгүн билдирбейт. Жеке адамдар Конституциянын экинчи бөлүмүндө каралган адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери бузулган же бузулушу мүмкүн болгон учурда гана Конституциялык сотко кайрылууга укуктуу.

Конституциялык презумпция ченемдик укуктук актылардын Конституцияга преюдициалдуу түрдө шайкеш келишин билдирет жана алардын конституциялуулугуна кандайдыр бир шектенүүлөр олуттуу укуктук негиздер болгондо гана келип чыгышы мүмкүн жана пайда болушу керек, бул абстракттуу контролдоого келгенде өзгөчө маанилүү. Болбосо өлкөдө мыйзам үстөмдүгүн камсыз кылуу чечилгис иш болуп калмак.

Ушуга байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамда кайрылуунун формасына жана мазмунуна карата жалпы талаптар каралган. Арыз ээсинин койгон маселе боюнча көз карашы жана Конституциянын

тиешелүү ченемдерине шилтеме берүү менен анын укуктук негиздемеси (27-берененин 4-бөлүгүнүн 9-пункту) кайрылуунун мазмунуна негизги талаптардын бири болуп саналат.

Бул талашылып жаткан ченемдик жоболор менен Конституциянын ченемдеринин ортосунда тутумдаш байланыштын сөзсүз болушун билдирет. Ал эми Т.И. Иманкуловдун жүйөлөрү ой жүгүртүү эркиндиги жана сөз эркиндиги конституциялык кепилдиктеринин айланасында болуп, адамдын ар-намысын жана кадыр-баркын кемсинткен же басмырлаган маалыматтарды тараткандыгы үчүн жазык куугунтугуна жол берилбестиги жөнүндө, Конституцияда белгиленген тыюу салуу кепилдиктерине чектөөлөр жөнүндө, ошондой эле улуттук, расалык, диний кастыкты, гендердик жана башка социалдык артыкчылыктарды пропагандалоого, дискриминацияга, кастыкка же зомбулукка чакырганга тыюу салуу жөнүндө өз пикирин айтуу мүнөзүндө. Мындан тышкары, анын жүйөлөрү талашылып жаткан ченемдик жоболордун таасирин жөнгө салуучу күч менен ой жүгүртүү эркиндиги жана пикирин билирүү эркиндиги ортосунда түз карама-каршылык бар экенин көрсөтпөйт.

Конституциялык баалуулуктар, тыюу салуулар, уруксат берилген жана укук ченеминен тышкары жүрүм-турум ортосундагы чектер улуттук мыйзамдар менен да, эл аралык укук менен да түзүлгөн.

Конституцияда белгиленген укуктарды жана эркиндиктерди ишке ашыруунун чектери мыйзамдуу жүрүм-турумдун көрсөтмөлөрү түрүндө да, конституциялык жактан таанылган баалуулуктарды коргоо жана анын максаты адамдын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарынын ортосундагы зарыл балансты камсыз кылуу зарылчылыгы менен аныкталуучу тыюу салууларда, кийлигишүүлөрдө, милдеттерде, жоопкерчиликтерде туюнтулган чектөөлөр түрүндө да көрүнөт.

Пикир билдирүү эркиндиги абсолюттук эмес жана ал, мисалы, адамдык ар-намыстын негиздерин буза баштаган, же жеке адамдарга же адамдардын топторуна карата жек көрүүчүлүктү жайылтуу жана козутуу башталган жерден токтотулат. Алсак, Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын 20-беренеси мамлекеттерди дискриминацияга, кастыкка же зомбулукка үндөгөн улуттук, расалык же диний кастыкты ар кандай пропагандалоого тыюу салууну талап кылат.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 29-декабрындагы Чечиминде белгиленген укуктук позицияга ылайык өз пикирин билдирүү, сөз эркиндиги укугун ишке ашыруу жоопкерчиликтүү жана башка

адамдардын Конституцияда жана мыйзамдарда белгиленген укуктарын жана эркиндиктерин бузбагандай деңгээлде ишке ашырылат.

Арыз ээсинин жүйөлөрү жалпысынан талашылып жаткан ченемдик жоболордун баяндалышынын кош маанисине жана бүдөмүктүүлүгүнө келип такалат, бул арыз ээсинин пикири боюнча кеңири чечмелөөгө мүмкүндүк берип, натыйжада укук коргоо органдары тарабынан кыянатчылыктарга алып келет. Бирок бул ой корутундулар өзүнөн өзү талашылып жаткан ченемдик жоболор менен конституциялык жоболор ортосунда карама-каршылыктарды жаратпайт.

Укуктук ченемдерди, анын структуралык элементтерин берүү ыкмасын тандоо, укукка каршы жосундун белгилерин, анын классификациясын жана жазык-укуктук мүнөздөмөлөрүн аныктоо ченем жаратуу ишинин чөйрөсүнө, башкача айтканда, мыйзам чыгаруучунун эркине таандык.

Т.И. Иманкуловдун улуттук кадыр-баркты басмырлоо жазалануучу жосун катары квалификациялоого болбойт, анткени кадыр-барк, эреже катары, инсанга карата колдонулат жана эч кандай жамааттык кадыр-барк болушу мүмкүн эмес, ошондой эле укук бузуу катары каралышы мүмкүн эмес деген божомолу каралып жаткан маселеде укуктук күмөндүүлүктүн бар экендигин тастыктаган укуктук аргумент катары каралбайт.

Баяндалгандарды эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 27-январындагы аныктамасын жокко чыгарууга негиз жок деп эсептейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

ТОКТОМ КЫЛДЫ:

1. Тимур Иманкулович Иманкуловдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 27-январындагы аныктамасына карата даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Бул чечим акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

2022-жылдын
20-сентябры
Бишкек шаары

№ 11-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Бактыгул Макушовна Эсеналиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Бектен Мидинович Сабырбековдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 11-майындагы аныктамасына даттануу жөнүндө

Т О К Т О М У

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Өскөнбаев, судьялар М.Р. Бобукеева, К.А. Дүйшеев, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиева, К.Ж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчысы К.А. Аблакимовдун катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Б.М. Эсеналиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Б.М. Сабырбековдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 11-майындагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту Б.М. Эсеналиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Б.М. Сабырбековдун өтүнүчү боюнча арызда келтирилген жүйөлөрдү жана материалдарды карап чыгып,

Т А П Т Ы :

2022-жылдын 13-апрелинде Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Б.М.Эсеналиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Б.М. Сабырбековдон Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 335-беренесинин 1,2-бөлүктөрүнүн, «Күрөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 60, 61-беренелеринин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 15-беренесинин 1,2-бөлүктөрүнө, 45-беренесинин 1,2-бөлүктөрүнө ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүч келип түшкөн.

Арыз ээсинин кайрылуусунан жана ага тиркелген материалдардан көрүнүп тургандай, 2011-жылы Б.М. Эсеналиева аттуу жаран Б.А. Өмүралиевага он миң АКШ доллары өлчөмүндө сумманы займды камсыз кылуу өтүнүчү менен, жана ал сумманы 3 айдын ичинде кошуп эсептелген үстөк пайызы менен төлөп берүүнү убада кылып кайрылып, үйүн күрөөгө койдурган.

Б.М. Эсеналиева макул болуп, 2011-жылдын 18-августунда жаран У.Т. Сулайманов менен кредиттик келишим жана күрөө келишимин түзгөн. Ошол эле учурда каражат Б.А. Өмүралиева тарабынан толугу менен алынган, кийин ал Б.М. Эсеналиевага займды жабуу

боюнча берген убадасын аткарган эмес. Өз кезегинде У.Т. Сулайманов карызды соттук тартипте өндүрүп алуу боюнча күрөө жөнүндөгү келишимдин негизинде күрөөгө коюлган үйүн жаран Н.М. Эсентуровага сатып жиберген. Натыйжада, Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук сотунун 2012-жылдын 5-июлундагы чечими менен Б.М. Есеналиева апасы жана жашы жете элек уулу менен аталган үйдөн чыгарылган.

Б.М. Эсеналиева 2014-жылдын 13-майында займ жөнүндө келишимди, Б.М. Эсеналиева жана У.Т. Сулайманов ортосундагы 2011-жылдын 18-августундагы күрөө келишимин, У.Т. Сулайманов жана Н.М Эсентурова ортосундагы 2012-жылдын 18-майындагы үйдү сатуу келишимин жараксыз деп табуу боюнча доо арыз менен кайрылган.

Арыз ээси андан ары жогорудагы иш боюнча каралып жаткан соттук териштирүүнү кеңири баяндап берди.

Кайрылуу субъектинин пикири боюнча, талашылып жаткан ченемдер жарандардын мүлкүн соттон тышкары алып коюуга жол берүү менен анын менчикке болгон конституциялык укугун жана турак-жай укугун бузат. Көз карашынын негизи катары Конституциянын 15-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүн, 45-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүн келтирет.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, арыз ээси талашылып жаткан ченемдерди Конституцияга карама-каршы келет деп таануну өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 11-майындагы аныктамасы менен Б.М. Эсеналиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Б.М. Сабырбековдун кайрылуунун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Аныктамада Конституциянын 97-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык ар бир адам мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун, эгерде алар Негизги Мыйзам тарабынан таанылган укуктарын жана эркиндиктерин бузду деп эсептесе, талашууга укуктуу экени белгиленген.

Ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугунун презумпциясы боюнча алардын конституциялык эместиги жөнүндө маселени коюу алардын конституциялуулугунан шек туудурган юридикалык мүнөздөгү ынанымдуу жүйөлөр болгондо гана мүмкүн болот.

Судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин

4-бөлүгүнүн 9-пунктунун талаптарына ылайык даттанууда арыз ээсинин көрсөтүлгөн маселе боюнча позициясы жана Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме берүү менен анын укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш экендигин белгиледи. Ошол эле учурда талашылып жаткан ченемди жөнгө салуу объекти менен конституциялык жобонун ортосунда ажырагыс системалык байланыш байкалууга тийиш.

Бул талап арыз ээсинин жүйөлөрү фактылык эмес, укуктук мүнөзгө ээ болуп, конституциялык жоболор менен системалуу байланышта турат жана талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуучу таасиринин конституциялуулугунда ачык шек жаратышы керек дегенди билдирет.

Бирок, судьялар коллегиясы белгилегендей, келтирилген кайрылууда арыз ээси талашылып жаткан ченемдердин Конституцияга ылайык келүүсүндө күмөндүүлүктү көрсөткөн юридикалык мүнөздөгү аргументтер менен өз позициясын негиздеген эмес, ал ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароонун ажырагыс шарты. Кайрылуу субъектинин талаптары укук колдонуу практикасына тиешелүү жүйөлөр менен гана бекемделет жана иштин иш жүзүндөгү жагдайларын иликтөөнү талап кылат, тиешелүүлүгүнө жараша алардын чечилиши жалпы инстанциядагы соттордун компетенциясына кирет.

Ошону менен бирге, судьялар коллегиясы «Күрөө жөнүндө» Мыйзамдын 62-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, эгерде күрөөгө коюлган мүлк мыйзамдарда белгиленген тартипте күрөө жүйөсү өндүрүп алуу учуруна карата жеке адамдын менчик укугуна тиешелүү жалгыз турак жайы болуп саналса, ушул Мыйзамдын 42-1-статьясында каралган учурларды кошпогондо, күрөөнүн жүйөсүн өндүрүп алууга соттун чечими боюнча гана жол берилет.

Ошентип, арыз ээсинин кайрылууда келтирилген жүйөлөрү «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 26-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын мыйзамдары ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароо үчүн негиз болууга тийиш жана талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугуна шек келтирген жагдайлар катары каралышы мүмкүн эмес.

Б.М. Эсеналиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Б.М. Сабырбеков судьялар коллегиясынын чечимине макул болбостон, 2022-жылдын 18-августунда Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Арыз ээлери судьялар коллегиясынын алардын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусун негизсиз жана төмөнкү негиздер боюнча жокко чыгарылууга жатат деп эсептешет.

Б.М. Сабырбеков жана Б.М. Эсеналиева өздөрүнүн даттануусунда «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинде белгиленген даттанууга карата бардык жалпы талаптарды сактаганын, ошондой эле талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугунан күмөн жараткан ынанымдуу юридикалык жүйөлөрдү келтиришкен деп көрсөтүшүүдө.

Ошону менен бирге, даттануунун авторлору Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна арыз жазууда Конституциялык соттун расмий сайтында жайгашкан өтүнүчтүн үлгүсүн жетекчиликке алып, анда белгиленген бардык талаптарды аткарганын белгилешет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде Б.М. Сабырбеков жана Б.М. Эсеналиева судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 11-майындагы аныктамасын жокко чыгарууну жана алардын арызын конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алууну сурانышат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арыз ээсинин жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын арызды өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун себептерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянакка келет.

Конституциялык соттун судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу маселеси боюнча чечими таза процесстик мүнөздө болот. Ушуга байланыштуу Конституциялык сот мындай аныктаманы кайрылууда келтирилген жүйөлөрдүн жана талаптардын, ошондой эле анын корутундусун жокко чыгарган жүйөлөрдүн чегинде гана кароо үчүн судьялар коллегиянын тыянактарына укуктук баа берет.

Конституциялык сот адилеттигинин жогорку жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуучу Негизги Мыйзам, ошого карабастан, алардын чектерин белгилеп, жеке жана юридикалык жактардын мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугун текшерүү өтүнүчү менен Конституциялык сотко кайрылууга укуктуу болгон шарттарды аныктайт. Демек, Конституциянын экинчи бөлүмүндө каралган адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери бузулган же бузулушу мүмкүн болсо гана адамдар Конституциялык сотко кайрылууга укуктуу.

Ушуга байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамда кайрылуунун фор-

масына жана мазмунуна карата жалпы талаптар каралган. Бул талаптардын бири болуп арыз ээсинин ал койгон маселе боюнча позициясынын болушу жана анын Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме берүү менен укуктук негиздемеси саналат (27-берененин 4-бөлүгүнүн 9-пункту).

Ошентип, арыз ээси талашып жаткан ченемдин жөнгө салуучу таасири Конституция тарабынан кепилденген адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин кантип бузуп жатканын түздөн-түз көрсөтүү менен өзүнүн талаптарын укуктук мүнөздөгү аргументтер менен негиздөөгө милдеттүү. Анын үстүнө талашылып жаткан ченем менен Конституциянын системалык байланышы сөзсүз болушу керек.

Арыз ээлери өздөрүнүн даттануусунда мурунку кайрылуусу боюнча жаңы жүйөлөрдү, ошондой эле судьялар коллегиясынын тыянактарды жокко чыгаруучу жана даттанылып жаткан аныктаманы жокко чыгарууга алып келген укуктук негиздерди келтиришпейт.

Арыз ээлеринин даттануудагы жүйөлөрү дагы эле укук колдонуу практикасы менен байланышкан көйгөйлөрдү күбөлөндүрөт жана талашылып жаткан ченемдердин Конституцияга шайкештиги жөнүндө маселеде белгисиздиктин бар экендигин көрсөткөн укуктук жүйө катары каралышы мүмкүн эмес.

Белгилей кетсек, адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун соттон тышкаркы усулдары жана ыкмалары мурда конституциялык сот өндүрүшүнүн предмети болгон. Алсак, соттук коргоого укуктун конституциялык негиздеринин мазмунун ачып берүү менен конституциялык сот адилеттигинин органы белгилүү бир укуктук позицияны билдирген. Талаш-тартыштын тараптары аны бейтарап соттун кароосуна өткөрүп берүү жөнүндө макулдашууну арбитраждык (бейтарап) эскертме түрүндө түзүп жатып жана аны менен келишим эркиндигин ишке ашырып, мамлекеттик сот тарабынан иштин каралышына барбастан талаш-тартышты бейтарап териштирүү аркылуу чечүүгө укуктуу. Ар кимдин бейтарап сот тарабынан ишти каратуу укугунан мындай баш тартуусу мажбурлоосуз жүргүзүлгөн шартта, ал анын соттук коргонуу конституциялык укугун бузбайт (2019-жылдын 30-октябрындагы Чечим).

Мындан тышкары, 2015-жылдын 9-декабрындагы Чечимде мындай жалпы таанылган азыркы укуктук коомдо келишим эркиндигинен, жарандык укуктун диспозитивдик принциптеринен жана жарандык процесстик мамилелерден келип чыккан жарандык талаштарды чечүү ыкмаларынын бири болуп бейтарап сотко кайрылуу саналат.

№ 11-П

Тараптардын жарандык-укуктук талашты бейтарап соттун кароосуна берүү укугу азыркы Конституциянын 41-беренесинин ченемине да негизделет, ага ылайык ар бир адам экономикалык эркиндикке, өзүнүн жөндөмүн жана мүлкүн мыйзам тарабынан тыюу салынбаган ар кандай экономикалык иш үчүн эркин пайдалануу укуктуу.

Жарандык-укуктук мамилелердин катышуучуларынын тең укуктуулугун, эрктин өз алдынчалыгын жана мүлктүк көз карандысыздыгын, жеке иштерге кимдир бирөөнүн өзүм билемдик менен кийлигишүүсүнө жол бербөөнү болжолдоочу менчиктин кол тийбестигинин жана келишим эркиндигинин конституциялык принциптери мүлккө ээлик кылуу, аны пайдалануу жана тескөө эркиндигин аныктайт.

Ушуга байланыштуу кыймылсыз мүлктүн ээси келишимдин маанисинен жана мазмунунан келип чыккан, мыйзамда каралган же анда каралбаган жарандык-укуктук милдеттенмелер боюнча өзү үчүн белгиленген бардык мүмкүн болуучу кесепеттер үчүн жоопкерчилик тартат (келишимдин эркиндигинин принциби). Жарандык милдеттенмелерди аткарбоо мыйзамда белгиленген жарандык жоопкерчиликке алып келет, ага кредитордун пайдасына менчик ээсинин мүлкүн мажбурлап алып коюу кирет. Менчик ээсинин милдеттенмелери боюнча өндүрүп алуу жолу менен мүлктү, анын ичинде турак жайды камакка алуу мыйзамда каралган мүлккө менчик укугунун токтотулушу болуп саналат.

Ошентип, Конституция жарандык-укуктук мамилелерден келип чыгуучу жеке адамдардын ортосундагы жарандык-укуктук талаштарды чечүүгө адистешкен бейтарап соттор тарабынан чечүү мүмкүнчүлүгүнө жол ачат, алардын ыйгарым укуктары, түзүлүшүнүн тартиби жана ишмердүүлүгү мыйзам тарабынан аныкталат, алар коомдук маанилүү функциялар бар жарандык коомдун институттары катары иш алып барат.

Демек, мурда түзүлгөн келишимге ылайык күрөө кармоочунун талаптарын соттон тышкаркы тартипте канааттандырууну мүлктөн өзүм билемдик менен ажыратуу катары кароого болбойт.

Жарандык мыйзамдардын талашылып жаткан ченемдерине ылайык колдонуудагы мыйзам ченемдеринде күрөөгө коюлган мүлккө даттануунун соттон тышкаркы формаларынын «өзүм билемдик» сыяктуу көрүнгөндүгү жөнүндө арыз ээлеринин жүйөлөрү талашылып жаткан ченемдердин конституциялуулугуна шек келтирүүчү негиз боло албайт.

2022-жылдын
20-сентябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ТОКТОМУ

№ 11-П

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т О К Т О М К Ы Л А Т :

1. Бактыгул Макушовна Есеналиеванын кызыкчылыгын көздөгөн Бектен Мидинович Сабырбековдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 11-майындагы аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Бул чечим акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

2022-жылдын
27-октябры
Бишкек шаары

№ 12-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

Нурбек Аблазович Амдамовдун, Айбек Едмонович Сейтасимовдун, Үмүтбек Ахмадович Мусаевдин, Жолдошбек Азыкбаевич Асанбаевдин кызыкчылыгындагы Орозобек Капарбекович Мадиновдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 23-сентябрындагы аныктамасына даттануусун кароо жөнүндө

Т О К Т О М У

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, сот отурумунун катчысы Н.А. Кененсариеванын катышуусунда, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Н.А. Амдамовдун, А.Е. Сейтасимовдун, Ү.А. Мусаевдин, Ж.А. Асанбаевдин кызыкчылыгындагы О.К. Мадиновдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 23-сентябрындагы аныктамасына даттануусун сот отурумунда карап чыкты.

Даттанууда баяндалган жүйөлөрдү жана Н.А. Амдамовдун, А.Е. Сейтасимовдун, Ү.А. Мусаевдин, Ж.А. Асанбаевдин кызыкчылыгындагы О.К. Мадиновдун өтүнүчү боюнча материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

Т А П Т Ы :

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2022-жылдын 18-августунда Н.А. Амдамовдун, А.Е. Сейтасимовдун, Ү.А. Мусаевдин, Ж.А. Асанбаевдин кызыкчылыгындагы О.К. Мадиновдун Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин (мындан ары – КЖК) 58-беренесинин 6-бөлүгүнүн «ушул Кодекстин 331-беренеси менен каралган кылмыш жасалган учурда эскирүү мөөнөтү колдонулбайт» деген сөздөр менен баяндалган бөлүгүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 1-бөлүгүнө, 6-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнө, 23-беренесинин 3-5-бөлүктөрүнө, 24-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацына, 56-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Өтүнүчтөн келип чыккандай, жарандар А.Н. Амдамов, А.Е. Сейтасимов, Ү.А. Мусаев, Ж.А. Асанбев Чүй областынын Сокулук

райондук ички иштер бөлүмүнүн тергөө кызматы тарабынан КЖКнын 331-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган кылмыштарды жасаган деп айыпталышып, кылмыш иш Чүй областынын Сокулук райондук сотунун кароосуна жөнөтүлгөн.

Аталган иш боюнча Чүй областынын Сокулук райондук сотунун 2022-жылдын 28-июлундагы өкүмдөрү менен А.Н. Амдамов, А.Е. Сейтасимов, Ж.А. Асанбаев КЖКнын 331-беренесинин 5-бөлүгү менен каралган кылмышты жасоого күнөөлүү деп табылышып, ар бири бир жыл алты айдан эркинен ажыратылышып, жазаларын жалпы тартиптеги түзөтүү абактарында өтөөсү белгиленген. Ал эми, Ү.А. Мусаев КЖКнын 331-беренесинин 5-бөлүгү менен каралган кылмышты жасоого күнөөлүү деп табылып, эки жылга эркинен ажыратылып, жазасын катуу тартиптеги түзөтүү абагында өтөөсү белгиленген.

Соттук териштирүү учурунда соттолгондор А.Н. Амдамов, А.Е. Сейтасимов, Ү.А. Мусаев, Ж.А. Асанбаев тарабынан жасалган кылмыштын убактысы, орду, ыкмасы жана башка жагдайлары 2015-2016-жылдарга туура келгендигинен, анча оор эмес кылмыштардын курамына кирээри аныкталган.

Бирок КЖКнын 58-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык, аталган Кодекстин 331-беренесинде каралган кылмыштар жасалган учурларда кылмыш куугунтуктоонун эскирүү мөөнөтү колдонулбагандыктан, сот А.Н. Амдамовго, А.Е. Сейтасимовго, У.А. Мусаевга, Ж.А. Асанбаевга карата айыптоо өкүмүн чыгаруу менен чектелген.

Өз талаптарына жүйө катары арызданууучу Конституциясынын 5-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 6-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн, 23-беренесинин 3-5-бөлүктөрүнүн, 24-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацынын, 56-беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик жоболорун келтирген.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, кайрылуу субъекти талашылып жаткан ченемди конституциялуу эмес деп таанууну суранган.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 23-сентябрындагы аныктамасы менен өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылган.

Аныктамада судьялар коллегиясы төмөнкүдөй тыянакка келген, Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир адамга, анын ичинде жеке жана юридикалык жактарга Конституциялык сотко мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугу тууралуу кайрылууга укук берет. Конституциялык

контролдун мындай моделин Конституцияда бекитүү менен, Кыргыз Республикасы адамдын жана жарандын жалпыга таанылган укуктары менен эркиндиктерине өзгөчө маани бербестен гана, алардын реалдуулугун камсыз кыла ала турган натыйжалуу механизмдерди да орнотот.

Ошол эле учурда, Баш Мыйзам конституциялык сот адилеттигинин жогорку жеткиликтүүлүгүн камсыз кылып жатып, жеке жана юридикалык жактарда мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын конституциялуулугу жөнүндө суроо-талаптар менен Конституциялык сотко кайрылуу укугу пайда боло турган шарттарды аныктап, анын чектерин бекитет. Бул, жеке адамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын экинчи бөлүмүндө каралган адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери бузулган же бузула турган учурда гана Конституциялык сотко кайрылууга укуктуу экенин билдирет.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык, кайрылууда кайрылуучунун коюлган маселе боюнча позициясы жана анын Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасалган укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш. Ошентип, арыз ээси тарабынан конституциялуулугу талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуучу таасири Конституция тарабынан кепилденген адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин кандай жол менен бузуп жатканын түздөн-түз көрсөтүү менен, өзүнүн көз карашын логикалык жактан ырааттуу жана ынанымдуу юридикалык мүнөздөгү аргументтер менен негиздөөгө милдеттүү. Ошону менен бирге, талашылып жаткан ченем менен Конституциянын ченемдеринин ортосунда тутумдук байланыштын сөзсүз болуусу зарыл.

Аталган конституциялык Мыйзамдын 17-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Конституциялык сот укук маселелерин гана белгилейт жана чечет.

Судьялар коллегиясынын пикири боюнча, арызданууучу укуктук мүнөздөгү эмес фактологиялык жүйөлөрдү, тактап айтканда, укук колдонуу тажрыйбасындагы маселелерди баяндаган. Ошону менен О.К. Мадинов өз кайрылуусунда койгон талаптарына укуктук негиздеме катары, талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугунда күмөндүүлүктү жаратуучу жана конституциялык укуктардын бузулгандыгын так көрсөткөн укуктук аргументтерди келтирген эмес.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1-пунктуна

ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе, соттук коллегия кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат деп судьялар коллегиясы талашылып жаткан аныктамада көрсөткөн.

О.К. Мадинов судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 23-сентябрындагы аныктамасы менен макул болбостон, 2022-жылдын 30-сентябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Арызданууучу өзүнүн даттануусунда иштин жайгдайларына кайрадан кыскача токтолуп, талашылып жаткан аныктаманы жокко чыгарууга багытталган жүйө катары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 1, 3-бөлүктөрүнүн жоболоруна шилтеме жасаган.

Аталган ченемдерге ылайык, Конституциялык сот конституциялык сот өндүрүшү аркылуу конституциялык түзүлүштүн негиздерин, адамдын жана жарандын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо, Конституциянын үстөмдүгүн жана түздөн-түз колдонулушун камсыз кылуу максатында конституциялык контролду жүзөгө ашыруучу сот бийлигинин жогорку органы болуп саналат. Ар бир адам Конституцияда таанылган укуктары жана эркиндиктери мыйзамдарда жана башка ченемдик актыларда бузулду деп эсептесе, алардын конституциялуулугун талашууга укуктуу.

Андан тышкары, арызданууучу даттануусунун калган бөлүгүндө мурда кайрылуусунда шилтеме жасаган, Конституциянын 5-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 6-беренесинин 1, 2-бөлүктөрүнүн, 23-беренесинин 3-5-бөлүктөрүнүн, 24-беренесинин 1-бөлүгүнүн экинчи абзацынын, 56-беренесинин 2-бөлүгүнүн ченемдик жоболорун кайталап көрсөткөн.

Жогоруда баяндалгандын негизинде О.К. Мадинов Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 23-сентябрындагы аныктамасын жокко чыгарууну жана өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну сурануунда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту арызданууучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, төмөнкүдөй тыянактарга келди.

О.К. Мадинов өз даттануусунда судьялар коллегиясынын тыянактары менен шартталган жана даттанылып жаткан аныктаманы жокко чыгарууга багытталган аргументтерди келтирген эмес.

2022-жылдын
27-октябры
Бишкек шаары

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН
ТОКТОМУ

№ 12-П

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту кайрылууну сот өндүрүшүнө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктаманы кайра кароо тартибинде судьялар коллегиясынын корутундуларына укуктук баа берүү баштапкы кайрылууда келтирилген талаптардын жана судьялар коллегиясынын тыянактарына каршы келтирилген аргументтердин алкагында гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн экендигин белгилейт.

Конституциялык контролдун укуктук маңызы болуп, ченемдик укуктук актылардын же алардын бир бөлүгүнүн конституциялуулугундагы күмөндүүлүктү так көрсөткөн укуктук мүнөздөгү ынандырарлык жүйөлөрдүн болуусунда, алардын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү эсептелет.

Ал эми арызданууучу биринчи ирет өзүнүн өтүнүчүндө да, судьялар коллегиясынын аныктамасына келтирилген даттануусунда да укуктук мүнөздөгү жүйөлөрдү келтирген эмес. Арызданууучу болуп өткөн окуялардын жайдайлары тууралуу баяндап, Конституциянын бир катар ченемдерин көрсөтүү менен гана чектелген. Бул талашылып жаткан ченемдин конституциялуулугундагы күмөндүүлүктү жаратуучу жана талашылып жаткан ченем менен Конституциянын ченемдеринин ортусундагы тутумдук байланышты так көрсөткөн укуктук аргументтер катары каралышы мүмкүн эмес.

Демек, О.К. Мадиновдун кайрылуусу формасы жана мазмуну боюнча «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбейт деген судьялар коллегиясынын тыянагы негиздүү болуп саналат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 23-сентябрындагы аныктамасын жокко чыгарууга негиз тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 5-бөлүгүн, 38, 48, 49-беренелерин, 52-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Нурбек Аблазович Амдамовдун, Айбек Едмонович Сейтасимовдун, Үмүтбек Ахмадович Мусаевдин, Жолдошбек Азыкбаевич Асанбаевдин кызыкчылыгындагы Орозобек Капарбекович Мадиновдун Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судья-

лар коллегиясынын 2022-жылдын 23-сентябрындагы аныктамасына даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун ушул токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ

2022-жылдын
3-ноябры
Бишкек шаары

№ 13-П

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН

«Укук коргоо кыймылы: «Бир Дүйнө-Кыргызстан»» коомдук бирикмесинин директору Төлөкан Асаналиевна Исмаилованын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун соттук коллегиясынын 2022-жылдын 7-июлундагы аныктамасына даттануусу боюнча

Т О К Т О М У

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун курамында: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар М.Р. Бобукеева, К.А. Дүйшеев, Л.П. Жумабаев, М.Ш. Касымалиева, К.Ж. Кыдырбаев, Ж.А.Шаршеналиев, катчысы Г.А. Оморканованын катышуусу менен, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, «Укук коргоо кыймылы: «Бир Дүйнө-Кыргызстан»» коомдук бирикмесинин директору Төлөкан Асаналиевна Исмаилованын Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун соттук коллегиясынын 2022-жылдын 7-июлундагы аныктамасына даттануусу сот отурумунда карап чыгышты.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту Т.А. Исмаилованын өтүнүчү боюнча арызда келтирилген жүйөлөрдү жана материалдарды карап чыгып,

Т А П Т Ы :

2022-жылдын 17-июнунда Т.А. Исмаилованын «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнүн, «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 1-бөлүгүнүн Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 36-беренесине түзүмдүк элементтери 1-беренесинин 4-бөлүгү, 2-беренесинин 2-бөлүгү, 23-статьянын 1, 2, 4, 5, 6-бөлүктөрү, 1, 2-бөлүктөрү 24-статьянын 55-статьясы, 56-статьянын 1, 2-бөлүктөрү менен өз ара бирдикте ылайык келүүсүн текшерүү жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Кайрылууда айтылгандай, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 26-июнундагы Мыйзамына ылайык «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» жана «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө» мыйзамдарга бир катар өзгөртүүлөр киргизилди, ушунун натыйжасында жогоруда аталган талаш ченемдер пайда болгон.

Алсак, «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Мыйзамдын 17-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрүнө ылайык кирешелердин

өлчөмү жана түзүмү, ошондой эле коммерциялык эмес уюмдун мүлкүнүн өлчөмү жана курамы, анын чыгашалары жөнүндө маалыматтар коммерциялык сыр боло албайт.

Акысыз негизде берилген акчалай жана материалдык каражаттардын эсебинен иш жүргүзгөн коммерциялык эмес уюм (мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерди кошпогондо) жыл сайын 1-апрелге чейин ыйгарым укуктуу салык органынын веб-сайтына булактар каражаттардын түзүлүшү, аларды чыгымдоо багыттары жөнүндө кыскача маалыматтарды жайгаштырат, ошондой эле өткөн жыл үчүн алынган, пайдаланылган жана ажыратылган мүлк жөнүндө кабар берет.

Башка талашылып жаткан ченемдин күчү менен, б.а. «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесинин 1-бөлүгүндө юридикалык жак бир жылдын ичинде отчет бербесе, ал сот тартибинде мажбурлап жоюлат.

Арыз ээсинин пикирии боюнча коммерциялык эмес уюмдардын тиешелүү отчетту тапшыруу зарылдыгы алардын функционалдык көз карандысыздыгына тоскоол болууда, бул биригүү эркиндигине болгон укуктун чектелишине алып келет.

Ошол эле учурда ар бир адамдын биригүү эркиндигине укугу өз кызыкчылыктарын коргоо, өз пикирин жана ишенимин билдирүү үчүн эркин бирикмелерди түзүү укугун гана эмес, ошондой эле ишмердүүлүк эркиндигин да камтыйт. Бул мамиле Адам укуктарынын жалпы декларациясынын (20-статьянын 1-пункту), Атуулдук жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын (22-берененин 1-пункту) ар бир адамдын башкалар менен (ассоциациялар) биригүү эркиндигине укугу жөнүндө жоболоруна да шайкеш келет.

Ошону менен бирге, арыз ээси Негизги мыйзамдын 23-беренесинин 2-бөлүгүнө жана эл аралык стандарттарга ылайык улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти коргоо, коомдук тартипти коргоо максатында калктын ден соолугун жана адеп-ахлагын, башкалардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо Конституция жана мыйзамдар менен чектелиши мүмкүн экенин белгилеген.

Бирок талашылып жаткан ченемдер Конституцияда жана эл аралык келишимдерде көрсөтүлгөн адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин чектөө максаттарынын бирин да көздөбөйт.

Кайрылууда каражаттын булактары, аларды чыгымдоо багыттары, ошондой эле сатып алынган, пайдаланылган жана ажыратылган мүлк жөнүндө маалыматтар ачыкка чыгарылууга жатпайт, анткени

ал Салык кодексинин 64-беренесине ылайык, өз кезегинде, салыктык сырга салык төлөөчү жөнүндө ар кандай кабарды киргизет.

Т.А. Исмаилованын айтымында, талашылып жаткан ченемдер башка коомдук бирикмелерге, саясий партияларга, кесиптик бирликтерге, диний уюмдарга жана кооперативдерге, ошондой эле коммерциялык уюмдарга жайылтылбайт, ошондуктан көрсөтүлгөн чектөөлөр салык төлөөчүгө отчет берүү сыяктуу оорчулук түрүндөгү салык органы жана коммерциялык сырды жокко чыгаруу дискриминация болуп саналат.

Ошентип, арыз ээсинин пикири боюнча, «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Мыйзамдын талашылып жаткан ченемдеринде белгиленген милдеттенме коммерциялык эмес уюмдардын ишмердүүлүгүн ашыкча чектөөгө алып келет, муну менен бирге бул негизсиз жана конституциялык максаттарга пропорционалдуу эмес.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен кайрылуунун предмети талашылып жаткан ченемдерди Конституцияга карама-каршы келет деп таанууну өтүндү.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2022-жылдын 7-июлундагы аныктамасы менен Т.А. Исмаилованын кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Судьялар коллегиясы келип түшкөн даттанууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени кароодо, биринчи кезекте, кайрылууда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө жол берилишине жана анын «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту» конституциялык Мыйзамынын талаптарына шайкештигине карайт деп аныктамада белгиленген.

Жогорудагы конституциялык Мыйзамдын 27-беренесинин 4-бөлүгүнүн 9-пунктунун талаптарына ылайык кайрылууда ал койгон маселе боюнча арыз ээсинин позициясы жана Конституциянын тиешелүү ченемдерине шилтеме жасоо менен анын укуктук негиздери көрсөтүлүүгө тийиш. Башкача айтканда, талашылып жаткан ченемди жөнгө салуу объекти менен конституциялык түзүлүштүн ортосунда ажырагыс системалык байланыш байкалууга тийиш.

Бул талап арыз ээсинин жүйөлөрү юридикалык мүнөзгө ээ болуугa, конституциялык жоболор менен системалуу түрдө байланышта болууга жана ал талашып жаткан мыйзамдуулуктун жөнгө салуучу таасиринин конституциялуулугуна ачык күмөн жаратууга тийиш экендигин билдирет.

Бирок, судьялар коллегиясы белгилегендей, берилген кайрылууда талашылып жаткан ченемдер менен Негизги Мыйзамдын 36-беренесинин анын башка ченемдери менен тутумдук байланышы бол-

гон эмес, анткени арыз ээси ар бир адамдын биригүү эркиндиги бузулган же чектелген укуктун так кандай болушу жөнүндө укуктук жүйөлөрдү келтирген эмес.

Судьялар коллегиясы Конституциянын 8-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, адамдын жана жарандын укуктарын, эркиндиктерин жана кызыкчылыктарын ишке ашыруу жана коргоо үчүн Кыргыз Республикасында саясий партиялар, кесиптик бирликтер жана башка коомдук бирикмелер түзүлүшү мүмкүн экендигин белгиледи. Ошол эле учурда ушул эле берененин 4-бөлүгүндө саясий партиялар, кесиптик бирликтер жана башка коомдук бирикмелер өздөрүнүн финансылык-чарбалык иштеринин айкындыгын камсыздай тургандыгы белгиленген.

Демек, саясий партиялардын, кесиптик бирликтердин жана башка коомдук бирикмелердин финансылык ишмердигинин айкындыгын камсыз кылуу маселеси Конституциянын өзүнөн келип чыгат.

Ошентип, соттук коллегия талашылып жаткан ченемдер Конституциянын талаптарына шайкеш келүүсү маселелсинде эч кандай күмөндүүлүк тапкан жок, бул өз кезегинде, ишти конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында кароодон баш тартууга негиз болгон.

Т.А. Исмаилова судьялар коллегиясынын аныктамасы менен макул болобостон, 2022-жылдын 6-октябрында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна даттануу менен кайрылган.

Арыз ээси сот коллегиясы анын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусу мыйзамсыз жана негизсиз, жана ал төмөнкү себептер менен жокко чыгарылууга тийиш деп эсептейт.

Өлкөдөгү конституционалисттер үчүн мазмундуу ой алмашууну кепилдеген эрежелер колдонулган дискуссия же талкуу үчүн мейкиндик жок жана жетишпейт деп айтууга болот. Ошондуктан, өз баяндамамды баштаардан мурда «Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу» окуу куралынын автордук жамаатына ыраазычылык билдирем. Чындыгында, бул конституциялык укук дисциплинасын, ошондой эле жалпысынан өлкөдө конституционализмдин өнүгүшүн изилдеп жаткан Кыргызстан жана кыргызстандык илимий чөйрө үчүн уникалдуу окуя, анткени көз карандысыздыкка ээ болгон учурдан тартып конституциялык укуктун негиздерин, конституционализмдин өнүгүшүн, ошондой эле адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин коргоо чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү ачып берген сапаттуу продукт биринчи жолу чыгарылды десе болот. Бүгүн автордук жамаат тарабынан илимий тартип маселелери боюнча монографиянын бетачары болду. Бул жагынан алганда, бүгүнкү иш-чара кадимки конференция эмес, көбүнесе өзүндө илимий-практикалык негизди камтыйт.

Менин баяндамамдын темасы «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечимдери жана алардын конституциялык маданиятка тийгизген таасири». Өз баяндамамда конституциялык маданияттын калыптанышына таасирин тийгизген дискуссиялык мүнөздөгү укуктук маселелерди көтөрүп чыгып, андан соң Конституциялык соттун чечимдерине да сиздердин көңүлүңүздөрдү бургум келет.

Конституциялык сот конституциялык маданиятка үстөмдүк кылуучу жана мазмундуу таасир этүүчү орган болуп саналат. Конституциялык доктриналарды жана концепцияларды түзүү аркылуу бул орган конституциялык сот адилеттигин ишке ашыруу жолу менен конституциялык императивдерди коомдук чөйрөлөргө киргизет. Конституциялык контролдоо органынын ар бир чечими конституциялык маданияттын калыптанышына жана бекемделишине таасирин тийгизерин белгилей кетүү керек.

Менин баяндамамдын негизги мазмунун баяндоодон мурун, маданият деген эмне экенин аныктоого токтолуп кетким келди. С.И. Ожеговдун түшүндүрмө сөздүгү, маданият – бул адамдардын өндүрүштүк, коомдук жана руханий жетишкендиктеринин жыйындысы деп билдирет. Философия илимдеринин доктору Г.П. Выжлецов, маданият бул жалпы адамзаттык жана руханий баалуулуктарды практикалык ишке ашырылуусу деп жазат (маданияттын аксиологиясы – баалуулуктардын философиясы).

Жогоруда айтылган аныктамалар инсандын жеке адам катары, кайсы бир элдин жана жалпы адамзаттын маданияты менен байланыштуу.

Бул жерде өлкөнүн Конституция сыяктуу маанилүү актысы дагы элдин жетишкендиги экендигин белгилей кетүү маанилүү. Элдин маданиятын билгиң келсе, анын тарыхын изилдешиң керек дегендей, эгер конституциялык маданиятты изилдегиңиз келсе, анда Конституциянын тарыхын изилдөө зарыл.

1993-жылы Кыргыз Республикасынын Конституциясы коомдун жана мамлекеттин заманбап негиздерин орнотуу менен тоталитардык режимден демократиялык режимге өтүүнү жүзөгө ашырган. Демек, анын кабыл алынышы менен Кыргызстанда укук да, анын натыйжасында укуктук маданият да өзгөрүлдү. Белгилей кетүүчү нерсе, азыркы коомдогу аныктоочу маанини конституционализм ойнойт, ал коомдо анын негиздөөчү актысынын – Конституциянын, ошондой эле анын принциптерин, баалуулуктарын жана идеяларын коргогон органдын болушун болжолдойт. Дал ушу Конституцияда коомдун жана мамлекеттин негиздери, ошондой эле адам укуктары менен эркиндиктери Кыргыз Республикасынын жогорку баалуулугу катары аныкталган.

Ошентип, Кыргыз Республикасында көз карандысыздыкка ээ болуу менен бир эле социалдык-экономикалык өнүгүүнүн модели, мамлекеттик түзүлүштүн формасы гана эмес, социалдык баалуулуктардын принципиалдуу жаңы иерархиясы пайда болду. Ушуга байланыштуу, дал ушул Конституция жалпы укуктук маданиятты калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн негизи болуп саналаарын баса белгилеп кетүү маанилүү.

Азыркы учурга чейин Кыргыз Республикасында конституциялык ченемдердин калыптанышын жана өнүгүшүн сапаттуу изилдөө болгон эмес экенин белгилеп кетким келет. Мисалы, конституциялык коркунучтар концепциясынын таасири болдубу же бул концепция биздин өлкөнүн Конституциясынын принциптеринин, баалуулуктарынын жана идеяларынын өнүгүү динамикасына жана калыптанышына таасир этип турабы?

Башкача айтканда, жаңы Конституциянын идеяларын жана принциптерин мазмундуу сапаттуу иштеп чыгуу үчүн өткөн мезгилдин мааниси барбы? Же болбосо, Андраш Шайо жазгандай, конституциялык коркунучтар канчалык болбосун, алар убакыттын өтүшү менен кубарабы, солгундайбы? Конституцияга көсандаган өзгөртүүлөрдү киргизүү анын туруктуулугуна жана Конституциянын өзүн урматтоого жана акыры конституциялык маданияттын калыптанышына канчалык таасирин тийгизет? Бул суроолор өлкөдө конституционализмдин өнүгүшүн изилдеген илим өкүлдөрүнүн терең талдоосунун предмети болушу керек.

Конституционализмдин өнүгүшүнүн акыркы тарыхынан бир мисал келтирейин. Алсак, конституциялык коркунучтар концепциясынын айкын таасири

2010-жылдагы Конституциянын ченемдеринин негизги жоболорун иштеп чыгууда байкалган, анда Конституциялык сот таркатылып, анын ордуна Жогорку соттун Конституциялык палатасы түзүлгөн.

Конституциялык сот адилеттиги органын институционалдык «төмөндөтүүнүн» себеби ушул орган тарабынан «бийликти узурпациялоону легитимдештирүүнү» кайталоодон коркуу болгон. Бирок, «мышык кандай түстө болбосун, чычкандарды кармаса эле болду" дегендей, башкача айтканда, кайсы орган болбосун, ал функциясын абийирдүүлүк менен аткаруусу маанилүү. Кийин Конституциялык палата конституциялык сот адилеттигин жүргүзүүдө өзүнүн натыйжалуулугун көрсөттү.

Сөз өзүнүн конституциялык ыйгарым укуктарын ак ниет аткаруу жөнүндө болгондуктан, мен сиздердин көңүлүңүздү конституциялык маданияттын түздөн-түз бөлүгү болгон конституциялык ак ниеттүүлүк принцибине бургум келет.

Конституциялык ак ниеттүүлүк укук философиясынан жана Конституциянын рухунан келип чыгат, маданият менен укуктун кесилишинде жашайт. Анын негизине ак ниеттүүлүк, түтүмдүүлүк (Конституцияны урматтоо жана анын ченемдерин сактоо), мамлекеттик бийлик органдарынын же башкача айтканда саясий акторлордун адилет кызматы кирет. Конституциялык ак ниеттүүлүктүн табияты фундаменталдык саясий аномалияларды жана бийликти кыянаттык менен пайдаланууну жоюуга багытталгандыгын белгилей кетүү керек.

Мисалы, өкмөттө мамлекеттик кызматкерлердин (конституциялык кызмат адамдарынын) актыгы демократиялык мыйзамдуулук, программалардын пайдалуулугу, шайлоочулар үчүн маалымат жана коомдук коопсуздук үчүн өтө маанилүү. Конституциялык ак ниеттүүлүк техникалык укуктук эрежелерди сактоону гана эмес, конституциялык акторлордон конституциялык баалуулуктарды, принциптерди урматтоону талап кылат.

АКШнын конституционалисттери белгилегендей, конституциялык ак ниеттүүлүк – бул жарандык ак эдилдик, аны атайылап тарбиялоо жана өстүрүү зарыл.

Конституциялык ак ниеттүүлүк маселеси көптөн бери тынчсыздандырат, ошондуктан конституциялык сот адилеттиги органынын чечимине байланыштуу бир мисал келтирейин.

Жогорку соттун төрагасы тарабынан сот тутумунун иши жөнүндө Жогорку Кеңешке маалымат берүүгө тиешелүү императивдик ченемди киргизүүгө карата мыйзам чыгаруу бийлигинен келип чыккан баяндоо тили (нарратив) кандайдыр бир деңгээлде парламентарийлер тарабынан конституциялык ак ниеттүүлүк принцибинин бузулгандыгын көрсөтөт деп ойлойм. Конституцияны урматтоо жана анын ченемдерин аткаруу конституциялык сот адилеттиги органынын чечимдерин урматтоону талап кылат жана алар Конституциянын өзүнүн принциптерин, баалуулуктарын жана идеяларын бекемдөөнүн уландысы болуп саналат. Мындай чечимдер Конституциянын турпаты жана анын ажырагыс бөлүгү, өлкөдөгү конституциялык мыйзамдуулуктун куралы деп эсептегиле.

Биз парламенарийлердин пикирин сыйлайбыз, бирок колдонуудагы «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзам-

дын ченемине көңүлүн бургум келет, анда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2021-жылдын 5-майындагы Конституция күчүнө киргенге чейин кабыл алынган чечимдери мыйзамдарда белгиленген тартипте аткарылууга тийиш экендиги белгиленген, башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын бардык укуктук позициялары өз күчүн сактап калат жана Кыргыз Республикасынын азыркы иштеп жаткан Конституциялык сотунун позициялары болуп саналат деп белгиленген.

Эми суроого жооп – конституциялык сот адилеттиги органынын чечими конституциялык маданиятка кантип таасирин тийгизет? Бул маселени Жогорку соттун төрагасынын сот тутумунун иши жөнүндө ар жылдык маалыматын угууга байланыштуу болгон Конституциялык палатанын жогоруда көрсөтүлгөн чечиминин мисалында түшүндүрүп бергим келет.

Кайрылуучу тарап конституциялык ченемдерге таянып, Жогорку сот жыл сайын парламентке сот тутумунун ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат берип турууга милдеттүү эмес деп эсептеген. Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктарынын тизмеси Конституцияда аныкталган жана мыйзамдар же башка ченемдик укуктук актылар менен кеңейтилиши мүмкүн эмес.

Сот бийлиги соттордун атынан судьяларга гана таандык. Судьялардын көз карандысыздыгы, кол тийбестиги, алардын Конституцияга жана мыйзамдарга гана баш ийүүсү, сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча ишке кийлигишүүгө тыюу салуу жөнүндө конституциялык жоболор судьянын укуктук статусун аныктайт жана сот бийлигин мамлекеттик бийликтин көз карандысыз жана калыс бутагы катары бекитет. Соттун, судьялардын жана жалпы сот бийлигинин көз карандысыздык принциби соттук коргоого болгон конституциялык укукту ишке ашыруу менен түздөн-түз байланышта болот.

Каралып жаткан иште Конституциялык палата Кыргыз Республикасынын Жогорку сотун конституциялык контролдоо органына кайрылуу укугуна ээ субъект деп тааныган, бирок ошол учурда ал колдонулуп жаткан конституциялык мыйзамда мындай укукка ээ субъектилеринин тизмесинде жок болчу.

Жогорку сот органын Конституциялык палатага кайрылуунун субъектиси катары таануунун жүйөөсү тийиштүү конституциялык Мыйзам менен Жогорку Кеңештин жана Өкмөттүн конституциялык сот адилеттиги органына Конституцияда кепилденген укуктар жана эркиндиктер бузулган учурларда гана эмес, ошондой эле Негизги Мыйзамга ылайык келбегендиги аныкталган башка ар кандай учурларда кайрылуу укугу каралгандыгы менен шартталган.

Сот бийлиги мамлекеттик бийлик бутактарынын бири катары кандайдыр бир жеке укуктук максаттарды көздөбөйт, мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлик бутактары менен бир катарда укуктун үстөмдүгүн камсыз кылууга жана мамлекеттин конституциялык негиздерин коргоого багытталган коомдук-укуктук функцияларды ишке ашырат. Жогорку сот өзүнүн конституциялык-укуктук статусуна жана ага жүктөлгөн милдеттерине жараша, мамлекеттик бийликтин башка жогорку органдары сыяктуу эле, мамлекеттик бийлик органдарынын компетенциясынын маселелери боюнча конституциялык контролдоо органына кайрылууга укуктуу.

Жогоруда айтылгандар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик түзүлүшүнүн демократиялык мүнөзүн көрсөтөт, ал мамлекеттик бийликти мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтерине бөлүштүрүү принцибинин негизинде куруу жана алардын ар бирине бирдей укуктарды берүү аркылуу, атап айтканда, конституциялык сот адилеттиги органына кайрылуу мүмкүнчүлүгү менен камсыздалат.

Ошентип, Конституциялык палата Жогорку соттун Конституциялык статусун түшүнүүгө өзгөчө түшүндүрмө берди жана мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү принциптерине таянуу менен мамлекеттик бийлик органдарынын өз ара мамилелеринин жана бири-бирин урматтоосунун маданиятын бекемдеди.

Жогорку соттун төрагасы сот тутумунун иши жөнүндө парламентке маалымат берүү туурасында, конституциялык сот адилеттиги органы Жогорку Кеңеш тарабынан сот тутумунун ишмерлиги жөнүндө маалыматка ашыкча ачык баа берүүгө жол берилбестигин белгиледи, бул бийликтин мыйзам чыгаруу жана сот бутактарынын ортосундагы тең салмактуулукту сактоого гана мүмкүндүк бербестен, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун түздөн-түз төрагасынын мындай маалыматты берүүнүн зарылдыгы жоктугун күбөлөндүрүп турат.

Мыйзамдын үстөмдүгүн камсыз кылган сот бийлиги объективдүү жана калыс болушу үчүн кимдин болбосун таасиринен эркин болушу керек. Анын конституциялык модели сот адилеттиги менен адам укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу идеясы менен шартталган, укуктун үстөмдүгүнүн жалпы таанылган эл аралык принциби менен берилген жана сот бийлигинин толуктугун жана соттук көз карандысыздыкты чектөөгө жол бербейт.

Конституциялык сот адилеттиги органынын Чечиминде Жогорку Кеңештин сот тутумунун иши жөнүндө ар жылдык маалыматты угуу ыйгарым укугун белгилеген талашылып жаткан ченемдин жөнгө салуу күчү Жогорку Кеңештин Конституцияда белгиленген ыйгарым укуктарынын алкагынан чыгып, бийликтин сот бутагынын көз карандысыздык принциби жана бийликти бөлүштүрүү принциби сыяктуу конституциялык баалуулуктардын бузулушуна алып келиши менен да белгиленген. Ушуга байланыштуу, талашылып жаткан ченемди конституциялык сот адилеттиги органы конституциялык эмес деп тапкан.

Конституциялык палата парламенттин да, Жогорку соттун да көңүлүн мамлекеттик органдардын айкындуулук жана жоопкерчилик принцибинен улам сот системасы жабык болбош керек жана анын иши жөнүндө маалымат коомчулукка да, Жогорку Кеңешке да жеткиликтүү болууга тийиш экендигине бурду. Ушуга байланыштуу, сот системасынын иши жөнүндө коомчулукка маалымат берүүнүн формасы жана ыкмалары Жогорку сот тарабынан өз алдынча аныкталууга тийиш. Маалымат Жогорку Кеңешке бийликтин сот бутагынын өзүнүн демилгеси боюнча гана берилиши мүмкүн.

Башкача айтканда, бул бийликтин эки бутагынын ортосунда сот бийлигинин көз карандысыздык принцибине эч кандай доо кетирбей турган өз ара мамилелердин башка маданияты болушу керектигин көрсөтүп турат. Парламентарийлерден айырмаланып, судьялар Конституцияга жана мыйзамга кызмат кылган адамдар экенин эстен чыгарбаш керек.

Сөзүмдүн аягында, Конституциялык маданият эмнени камтыйт деген сурооого кайрылгым келет. Бул маселе дагы эле тартыштуу болгондуктан, мен бул теманы талдоону эске алуу менен анын төмөнкүдөй түшүнүгүн жана көз карашын иштеп чыгууга аракет кылдым, албетте, бул конституциялык чечим сыяктуу акыркы болуп саналат дегенден алысмын.

Конституциялык маданият төмөнкүлөрдү камтыйт:

– карапайым жарандарыбыздын бийлик институттары түзүлгөн жана тигил же бул бийлик эмне кыла алаарына чектөө коюлган жазуу жүзүндөгү документ (Конституция) менен башкарылаарын моюнга алуу жана макул болбос тенденциясын;
– бийлик өзүнүн конституциялык ыйгарым укуктарын ак ниеттүүлүк менен аткаруусун;
– конституциялык сот адилеттиги органдарынын чечимдери кыйшаюусуз ишке ашырылуусун;
– жарандар Конституцияны белгилүү бир шарттарда өзгөртө алаарын билишет жана Конституция өзгөртүлмөйүнчө, биз аны менен тыгыз байланышта экенибизди жана анын эркине макул болбосок да, анын акыркы жыйынтыктарына макул болушубуз керектигин түшүнүшөт.

Конституционалист окумуштуулар белгилегендей, адам татаал кырдаалда эмне кылуу керектигин билбесе, анда ага абийир менен иш кыл деп кеңеш берилет.

Мамлекет ушундай абалда турганда, ал Конституцияга ылайык иш кылыш керек, демек Конституция — бул биздин мамлекетибиздин абийири, бул анын жазмышы.

Сөзүмдүн аягында биздин илимий кызматкерлерге кайрылгым келет. Коомду глобалдаштыруу жана санариптештирүү мезгилинде адам укуктарынын муун системасында жаңы баалуулуктардын жана принциптердин пайда болушуна көңүл буруңуздар. Бул көрүнүштөр олуттуу өзгөрүүлөрдү киргизет жана жалпысынан укуктук маданиятка таасирин тийгизет.

Коомдук мамилелердин өнүгүшүндө жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө жаңы укуктар улам пайда болуп турат. Мындай эволюция адам укуктарынын муундарынын кийинки таң калыштуу динамикасын көрсөтөт.

Көңүл буруңуздар, эгерде адам укуктарынын биринчи муундарында жашоо болгон укугу болсо, андан кийинки мезгилдерде өлүмгө болгон укугу (эвтаназияны тааануу) пайда болсо, анда бүгүнкү күндө коомдук мамилелерди санариптештирүүнүн натыйжасында унутуулуу укугу (унутта калуу укугу) пайда болду.

Ушуга байланыштуу, изилдөөгө жана талдоого муктаж болгон укуктардын жаңы мууну пайда болду деп эсептеш керекпи, анткени маалыматка, анын ичинде жеке маалыматтарга глобалдык жеткиликтүүлүк жеке жашоону урматтоо укугу жана сөз эркиндиги сыяктуу эки конституциялык баалуулуктун бирдей бузулушунун белгилүү бир тобокелдиктерин алып келет жана алардын ортосунда карама-каршылык пайда болушу мүмкүнбү?

Жогоруда айтылгандар дагы конституциялык маданияттын эволюциясына байланыштуу маселе.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечимдериндеги соттук коргоого жана сот адилеттигине жетүү укугу» темасындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын доценти, ю.и.к. А.Ш. Маралбаеванын баяндамасы

Бул изилдөөнүн максаты трансформациялык конституционализм концепциясынын призмасы аркылуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өнүктүрүүгө соттук коргоо жана сот адилеттигине жетүү укугуна тиешелүү болгон Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын (мындан ары-КР ЖС КП) чечимдеринин жана судьяларынын өзгөчө пикирлеринин таасирин изилдөө болуп саналат. КР Конституциялык соту КР ЖС КП укуктук мураскери болуп саналат.

Салыштырмалуу конституциялык укукта Борбордук Азияда жана постсоветтик өлкөлөрдө конституционализмдин өнүгүшү «Евразиялык конституционализм», «өткөөл конституционализм», «посткоммунисттик конституционализм» жана «постсоветтик конституционализм» концепцияларынын призмасы аркылуу изилденет. Кыргызстанда конституционализмдин өнүгүшү бул концепциялардын айрым аспектилерин чагылдырат. Ошону менен бирге трансформациялык конституционализм концепциясынын айрым элементтерин да көрсөтөт. Ушуга байланыштуу, бул изилдөөнүн алкагында КР ЖС КП судьяларынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өнүктүрүүдө соттук коргоого жана сот адилеттигине жетүү укугуна тиешелүү чечимдеринин жана өзгөчө пикирлеринин ролун аныктоого, ошондой эле Кыргызстанда трансформациялык конституционализм концепциясын колдонуунун натыйжалуулугун изилдөөгө аракет жасалды.

Изилдөөнүн методологиясы КР ЖС Конституциялык палатасынын 25-жылдан тартып 2013-жылга чейин кабыл алынган соттук коргоого жана сот адилеттигине жетүү укугуна тиешелүү чечимдерин укуктук талдоодо, ошондой эле тармактык талдоо ыкмасын колдонууда турат.

Автор 1998-жылы батыш юриспруденциясында өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө конституционализмдин өнүгүшүн изилдөө үчүн иштелип чыккан трансформациялык конституционализм концепциясын кыскача ачып берген. Трансформациялык конституционализм концепциясынын алкагында Конституцияны жана адам укуктарын чечмелөөгө жана аткарууга аксиологиялык (баалуулук) мамиле жасалат.

Бул изилдөөдө КР ЖС КПнын 25 чечими жана соттук коргоого жана сот адилеттигине жетүү укугуна тиешелүү судьялардын өзгөчө пикирлери иликтенген. Чечимдердин маалыматтары жана судьялардын өзгөчө пикирлери трансформациялык конституционализмдин алгачкы эки элементин чагылдырат.

Тармактык талдоо ыкмасынын негизинде КР ЖС КП чечимдеринин, судьялардын өзгөчө пикирлеринин жана КР мыйзамдарын түз жана кыйыр мүнөздөгү өзгөртүүлөрдүн ортосундагы байланыштар аныкталды.

КР мыйзамдарын талдоо көрсөткөндөй, кодекстердин жана мыйзамдардын айрым укуктук ченемдеринде соттук коргоого жана сот адилеттигине жетүү укугун бузган жоболор бар. Бул укукту ишке ашыруу укуктун үстөмдүгүн камсыз кылуунун жана КР Конституциясында бекитилген укуктук мамлекетти куруунун маанилүү элементи болуп саналат.

Ушуга байланыштуу, КР Конституциялык соту (КР ЖС КП) адилеттүүлүктү калыбына келтирүүдө, жарандардын, юридикалык жактардын соттук коргонууга жана сот адилеттигине жетүү укугун ишке ашырууда маанилүү ролду ойнойт. КР ЖС КП соттук коргоого жана сот адилеттигине жетүү укугуна тиешелүү 25 чечимдин ичинен 15 чечимде (62 %) укук ченеми КР Конституциясына карама-каршы келбейт деп табылган. 9 чечимдерде (38 %) – укук ченеми Конституцияга каршы деп табылган.

КР ЖС КП судьяларынын соттук коргоого жана сот адилеттигине жетүү укугуна тиешелүү чечимдерин жана өзгөчө пикирлерин изилдөө эки жыйынтыкка келүүгө мүмкүндүк берди.

Биринчиден, талашылып жаткан ченем конституциялык эмес деп табылган соттук коргоо укугуна тиешелүү КР ЖС КПнын чечимдери КР жарандык, салык, Административдик-процесстик, жарандык процесстик, Кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарына жана «КР судьяларынын статусу жөнүндө» КР конституциялык Мыйзамына түздөн-түз өзгөртүүлөрдү киргизди.

Экинчиден, судьялардын соттук коргонуу укугуна тиешелүү чечимдеринде чагылдырылган, талашылып жаткан ченем КР Конституциясына карама-каршы келбейт деп таанылган өзгөчө пикирлери КР мыйзамдарынын өзгөрүшүнө да таасирин тийгизди. Судьялардын өзгөчө пикирлери бар КР ЖС КП чечимдерин талдоо кызыктуу тенденцияны көрсөттү. КР ЖС КП судьялары өздөрүнүн өзгөчө пикирлеринде көңүл бурган талашка түшкөн укуктук ченемдер каралган ченемдик-укуктук актылардын жаңы редакцияларында алынып салынган же өзгөртүлгөн. Буга байланыштуу автор бир нече мисал келтирет.

Ошентип, иштин бири боюнча судья Э.Ж. Осконбаев КР ЖС КП чечимине макул болбой, өзгөчө пикирин билдирди. Аргумент катары ал төмөнкүлөрдү көрсөттү: «2-пунктка келсек, бул жерде жазык сот өндүрүшүнүн бардык прин-

циптери таптакыр тебеленет жана сырттан сот өндүрүшүнүн мындай жол берилиши эч нерсе менен акталган эмес. Соттолуучунун келүүсүн камсыз кылуу боюнча айыптоочу тараптын мыйзамдык милдети болгон учурда анын себептери жөнүндө кабарлабастан сотко кайталап келбей коюусу Конституциянын көз карашы боюнча сырттан соттук териштирүүнүн жалпы тыюу салуусунан алып коюуга жол берилген катары бааланышы мүмкүн эмес. Жогоруда баяндалгандардан улам, мыйзам чыгаруучунун көңүлүн бул көйгөйгө системалуу мамиле кылуунун жана жазык иштери боюнча сотко чейинки жана соттук өндүрүштү талаптагыдай укуктук жөнгө салууну камсыз кыла турган Кылмыш-жаза процессуалдык кодекске тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүүнүн зарылдыгына буруу абдан маанилүү деп эсептейм».

КРнын жаңы ЖПКсынын 2021-жылдын 28-октябрындагы № 129 2-бөлүгүнүн 296-беренесинин 2-бөлүгүнүн айыпталуучунун соттук териштирүүгө катышуусун регламенттөөчү пункту төмөнкү редакцияда баяндалды:

«296-берене. Айыпкердин соттук териштирүүгө катышуусу

2. Ишти айыпкер жокто териштирүүгө төмөнкү учурларда жол берилет:

1) айыпкер Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары болсо жана сотко келүүдөн качса;
2) айыпкер далилдерди соттук изилдөө аяктагандан кийин сот заседаниесине келбесе жана келбей коюунун себебин билдирбесе.».

КР ЖС КП судьяларынын өзгөчө пикирлеринде көрсөтүлгөн жоболор бөлүгүндө келтирилген мисалдардын анализи алардын КР мыйзамдарын өнүктүрүүдө маанилүү роль ойной тургандыгын көрсөтүп турат. Ушуга байланыштуу, КР ЖС КП чечимдеринин КР укуктук тутумундагы ролун жана ордун аныктоо маанилүү.

Микродеңгээлде КР ЖС КПнын ар бир өзүнчө чечими жана судьялардын өзгөчө пикирлери КР мыйзамдарынын айрым укуктук ченемдерин өзгөртүү же күчүн жоготту деп табуу аркылуу соттук коргоого жана сот адилеттигине жетүү укугун ишке ашырууну камсыз кылууда олуттуу салым кошууда.

КР ЖС КП чечимдери мезодеңгээлинде соттук коргоого жана сот адилеттигине жетүү укугу жөнүндө КР ЖС КП укуктук позицияларын чагылдырат.

Макродеңгээлде КР ЖС КПнын укуктук позициялары КР Конституциясында бекитилген баалуулуктарды чагылдыруу менен Конституциялык маданияттын жогорулашына өбөлгө түзөт.

Жогоруда баяндалгандарды жыйынтыктап жатып, укук ченемдерин КР Конституциясына карама-каршы келет деп таануу жөнүндө КР ЖС КП чечимдери КР мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө түздөн-түз таасирин тийгизерин белгилеп кетүү керек.

Ошол эле учурда, изилдөө көрсөткөндөй, КР ЖС КП судьяларынын өзгөчө пикирлери да КР мыйзамдарын өркүндөтүүгө олуттуу салым кошууда.

Ушуга байланыштуу Конституцияны жана адам укуктарын чечмелөөгө жана алардын сакталышын камсыз кылууга аксиологиялык (баалуулук) мамилеге өзгөчө көңүл бурган трансформациялык конституционализм концепциясын кол-

донуу Кыргыз Республикасында конституционализмдин өнүгүшүнө оң таасир этүүгө өбөлгө түзмөк.

Жогорудагы изилдөөнүн негизинде бир нече тыянактар жана сунуштар болушу мүмкүн:

1) КР Конституциялык соту соттук коргоого жана сот адилеттигине жетүү укугун ишке ашырууну камсыз кылууда Сөзсүз түрдө негизги ролду ойнойт;
2) КР ЖС КП судьяларынын соттук коргоого жана сот адилеттигине жетүү укугуна тиешелүү чечимдери жана өзгөчө пикирлери КР мыйзамдарынын өзгөрүшүнө натыйжалуу таасир этет;
3) мыйзамдын үстөмдүгү демократиялык жана укуктук мамлекеттин маанилүү баалуулуктарынын бири болуп саналат. Ушуга байланыштуу соттук коргонуу жана сот адилеттигине жетүү укугу да ажыратылгыс укуктук баалуулук болуп саналат;

Трансформациялык конституционализм концепциясын колдонуу конституциялык маданиятты жогорулатуу максатында Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана адам укуктарын чечмелөөгө жана сактоону камсыз кылууга аксиологиялык мамилени колдонууга өбөлгө болмокчу.

«Заманбап демократияда адвокаттын ролу – жарандардын конституциялык сот адилеттигине жетүүсүнө көмөк көрсөтүү» тенмасындагы Борбордук Азиянын жергиликтүү өз алдынча башкаруусу академиясынын директору, ю.и.к., доцент А.А. Курманалиеванын баяндамасы

1991-жылдан тартып Кыргыз Республикасы өз алдынча мамлекет катары калыптана баштаган. Коомдук жана мамлекеттик түзүлүштүн структуралык жана системалуу трансформациясы башталды. Биринчи кезектеги милдеттердин бири конституциялык көзөмөлдү – демократиялык укуктук мамлекеттин маанилүү атрибутун түзүү болду. Анын пайда болушу өлкөнүн Конституциясы, Кыргыз Республикасынын аймагында түздөн-түз колдонулуучу базалык конституциялык-укуктук ченемдерди аны ишке ашырууну камсыз кылуу жана укуктук коргоо зарылдыгы менен тыгыз байланышкан.

Конституциянын үстөмдүгүн тааануу, мамлекет өзүн негизги мыйзамга байланыштуу деп эсептейт, ага баш ийет. Бул демократиялык конституциялык түзүлүштү орнотууга, укуктук мамлекетти курууга умтулуунун ырастоолорунун бири. Кыргыз Республикасы түзүлгөн алгачкы күндөн тартып бийликти бөлүштүрүү принцибинин жана аны жүзөгө ашырууга конституциялык контролдун негизинде укуктук мамлекетти куруунун тыгыз өз ара байланышы байкалат.

Азыркы мезгилде Конституциялык сот өндүрүшү Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги системасында өзгөчө орунду ээлейт. Конституциялык сот өндүрүшү Негизги Мыйзамдын үстөмдүгүн, аны турмушка ырааттуу өткөрүүнү камсыз кылууга багытталган.

Кыргыз Республикасы көз карандысыздык мезгилинде биздин өлкө конституциялык контролдоонун ар кандай ыкмаларын жана формаларын колдонуп келген. Белгилүү бир мезгилдин ичинде Конституциялык сот конституциялык контролдоо органы болгон, андан кийин конституциялык контролдоо функциялары Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына жүктөлгөн.

2021-жылдын апрелинде жаңы Конституциянын кабыл алынышы менен конституциялык көзөмөл конституциялык сот өндүрүшү аркылуу көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу сот бийлигинин жогорку органы катары Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна кайрадан өткөрүлүп берилген.

Баяндамада Конституциялык соттун ыйгарым укуктары жана Конституциялык сотко кайрылуу укугу берилген субъекттер чагылдырылган.

Конституциялык соттун иши жетиштүү формалдаштырылган, ар бир жаран же юридикалык жак туура кайрылууну даярдай албайт жана укуктук позициясын негиздей албайт. Эгерде ал кандайдыр бир ченемдик укуктук акт Конституцияга каршы келет деп эсептесе, демек, анын укуктарына жана мыйзам тарабынан корголуучу кызыкчылыктарына таасир этсе, арыз берүүчү тарапка кесипкөй юристтин катышуусу жарандын соттук коргонуу укугун ишке ашыруунун негизги факторлорунун бири болуп саналат.

Адвокаттык иш жана анын мыйзамдык негиздери адамдын жана жарандын укуктары институту жана алардын конституциялык кепилдиктери менен түздөн-түз байланышкан. Адвокаттык иштин мыйзамдык негиздери жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин, анын ичинде сот адилеттигине жетүү үчүн негизги коргоо укуктарын ишке ашыруунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш. Кыргыз Республикасында квалификациялуу юридикалык жардамды кесипкөй адвокаттар көрсөтүшөт жана бүгүнкү күндө өлкөдө орто эсеп менен 2 миң адамга бир адвокат туура келет.

Адвокаттын катышуусу жарандардын конституциялык контролдоону жүзөгө ашыруу үчүн Конституциялык сотко кайрылуу укугун ишке ашырууга кандайча өбөлгө түзөт?

Арыздын туура жазылышы жана укуктук позициянын негиздемеси адвокаттын кесиптик ишинин предмети болуп саналат. Адвокат, атайын юридикалык билимге ээ, биринчиден, арыздын предметин так түзө алат, экинчиден, арыз ээсинин талаптарын кошо алганда, иш боюнча позицияны ырааттуу жана сабаттуу көрсөтө алат.

2021-жылы Конституциялык сотко жарандардан жана юридикалык жактардан 110 кайрылуу келип түшкөн, алардын ичинен 56 кайрылуу конституциялык сот өндүрүшүнүн предмети болуп калды. Келип түшкөн 110 кайрылуунун 37си боюнча өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама чыгарылган. Белгилей кетүүчү нерсе, мындай пропорция конституциялык контролдоо органынын иш жүргүзүүсүнүн жана иштешинин бүткүл мезгили үчүн салыштырмалуу туруктуу болуп саналат. Алсак, 2020-жылы 66 кайрылуу келип түшкөн, анын ичинен 49 кайрылуу боюнча өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө аныктама чыгарылган. 2019-жылы 93 кайрылуу келип түшкөн, алардын 25и гана каралган.

2021-жылдагы кайрылуулардын анализине ылайык, баш тартуунун себеби көбүнчө кайрылуунун мазмунуна карата Мыйзамдын талаптарын бузуу болуп саналат:

– кайрылуучу тараптын коюлган маселе боюнча укуктук көз карашынын жоктугу жана аны Конституциянын ченемдерине шилтеме берүү менен укуктук негиздөө;

– кайрылууну кароого негиздин жоктугу, ал Мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын, Кыргыз Республикасы үчүн күчүнө кире элек эл аралык келишимдин Конституцияга ылайыктуулугу жөнүндө маселеде аныкталбагандыгы же компетенция жөнүндө талаш-тартыштардагы ыйгарым укуктарга таандыктыгы жөнүндө тараптардын позицияларында карама-каршылык, ошого тете конкреттүү иш жүзүндөгү жана укуктук кырдаалдарга байланыштуу Мыйзам чыгаруу жана/же укук колдонуу процессинде Конституциянын жоболорун түшүнүүдө белгисиздиктин (түшүнүксүздүктүн) болушу болуп саналат.

Көпчүлүк учурларда кайрылуунун субъекттери өкүл аркылуу иш алып барышкан, анткени тиешелүү юридикалык билими жок жаран өзүнүн талаптарын так айта албайт, текшерилүүчү укуктук ченемди таба албайт, аны конституциялык-укуктук жоболор менен байланыштыра албайт.

Адвокат кесиптик юридикалык иштин субъекти катары өзүнүн ишеним артуучусуна пландаштырылган кайрылуунун негиздүүлүгүнүн даражасын жана ал боюнча соттук териштирүүнүн келечегин алдын ала түшүндүрүүгө, сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө иш боюнча укуктук позицияны сабаттуу жана ырааттуу баяндоого, кайрылууга карата формалдуу талаптардын сакталышын камсыз кылууга, иш боюнча материалдарды чогултууга жана изилдөөгө катышууга жөндөмдүү.

5. Тегерек стол: «Конституциялык сот адилеттигинин контекстинде сот бийлиги менен мыйзам чыгаруу бийлигинин өз ара мамилелери»

2022-жылдын 1-ноябрында «Конституциялык сот адилеттигинин контекстинде сот бийлиги менен мыйзам чыгаруу бийлигинин өз ара мамилелери» темадагы тегерек стол өтүп, иш-чарага Конституциялык соттун судьялары жана Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитеттин мүчөлөрү катышты.

Тегерек столдо Конституциялык сот менен Жогорку Кеңештин ортосундагы кызматташтыкты чыңдоо жана мындан ары арттыруу суроолору талкууланды. Мындай иш-чараны өткөрүү коомду конституциялаштырууда, Конституцияны коргоо жана сактоодо, мамлекеттеги мыйзамдуулукту камсыздоодо бийликтин мыйзам чыгаруу жана сот бутактарынын ар биринин ролун өз ара түшүнүүгө жана алардын өз ара тыгыз иштешине өбөлгө түзөт.

«Конституциялык Сот адилеттигинин контекстинде сот жана мыйзам чыгаруу бийлигинин өз ара мамилелери» натыйжалуу тегерек столунда кийинки баяндамалар угулду жана талкууланды:

- Медербек Алиев, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана регламент боюнча комитетинин төрагасы – Конституциянын алкагындагы парламенттин ролу, орду, миссиясы;
- Александру Тэнасе, ЕБ «КР укуктун үстөмдүгү – 2-фаза» программасынын негизги эксперти – Конституциянын эң лигитимдүү чечмелөөчүлөрүнүн бири катары конституциялык көзөмөл;
- Эмиль Осконбаев, КР Конституциялык сотунун төрагасы – Кыргыз Республикасында конституционализмди камсыз кылуунун жогорку формасы катары Конституциялык сот адилеттиги;
- Гуля Кожокулова, Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана КР Жогорку Кеңешинин Регламенти боюнча комитеттин мүчөсү — Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун чечимдерин ишке ашыруунун айрым маселелери;
- Меергуль Бобукеева, КР Конституциялык сотунун судьясы — Конституциялык соттун чечимдери жана алардын мамлекеттик бийлик органдарынын тутумунда Конституциялык маданиятты калыптандырууга тийгизген таасири;
- Алла Спале, Латвиянын юстиция Кеңешинин Катчылыгынын жетекчиси – Латвиядагы Конституциялык соттун чечимдерин аткаруу (онлайн);

- Марат Джаманкулов, КР КС Аппаратынын жетекчиси – Конституциялык соттун чечимдеринин юридикалык күчү жана аларды аткаруунун тартиби.

Иш-чара Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту тарабынан, Евробиримдиктин «Кыргыз Республикасындагы укуктун үстөмдүгү – 2-фаза» программасынын колдоосу менен уюштурулду.

«Конституциянын алкагындагы парламенттин ролу, орду, миссиясы» темасындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укуктук маселелер жана регламент боюнча комитетинин төрагасы М.К. Алиевдин баяндамасы

Баяндамада парламентаризм – бул бүткүл адамзаттын өнүгүшүнүн, жалпы адамзаттык ойдун жыйынтыгы экени белгиленет. Бул демократиялык институт, ал адам менен алгачкы мезгилдерден бери бирге болуп келген. Белгилүү болгондой, азыркы парламенттин мекени Англия деп эсептелет. Бирок, элдик өкүлчүлүктүн органдары аксакалдар кеңеши, элдик жыйындар түрүндө алгачкы жамааттык түзүлүштө эле болгон.

Биздин өлкөдө парламентаризмдин өнүгүү тарыхын шарттуу түрдө үч этапка бөлүүгө болот: совет доруна чейинки, советтик жана постсоветтик мезгилдер. Кыргызстанда Парламентаризм өнүгүүнүн байыркы жана орто кылымдардагы баскычынан толук өткөн жок.

Элдик чогулуштун бир түрү болгон курултайлар кыргыздарда Орусиянын курамына киргенге чейин чоң роль ойногон. Аларда согуш жана тынчтык, башка элдер жана уруулар менен союздаштык жана келишим түзүү маселелери талкууланды.

Автор кыргызстандыктар Орусиянын Мамлекеттик Думасын шайлоого катышканын белгилеген. Ал тургай бир жолу Орусия Думасынын 4-чакырылышына өздөрүнүн өкүлүн депутат кылып шайлашкан. Бул даанышман Кадыр аке Байсариев эле. Андан тышкары кыргыздар 1917-жылы Россиянын уюштуруу чогулушуна депутаттарды шайлоого активдүү катышкан.

Маселен, «Алаш» партиясынан кыргыз талапкерлери областтык аскер губернаторунун жардамчысы-котормочусу Ибрагим Жайнаковдун, Чүйдүн атактуу манапы Дүр Сооронбаевдин, Пишпек уезддик өкмөтүнүн комиссарларынын орун басарларынын, белгилүү мамлекеттик ишмер Абдыкерим Сыдыковдун ысымдары болгон.

Тарыхый жана объективдүү адилеттүүлүк үчүн Советтик Жогорку Кеңешти толук мааниде парламент деп атоого болбойт. Анткени өлкөнүн чыныгы мый-

зам чыгаруу органы КПСС БКнын Саясий бюросу болгон. Жогорку Кеңештин мүчөлөрү формалдуу түрдө депутат статусуна ээ болушкан, Жогорку Кеңеш жылына кеминде эки жолу сессиялык негизде иштеген.

Ал эми Кыргыз ССР Жогорку Советинин акыркы 12-чакырылышы эл арасында легендарлуу парламент деп аталып, андан соң Кыргыз Республикасы деп аталган дүйнөнүн саясий картасында жаңы көз карандысыз мамлекет болгон Жогорку Кеңештин 1-чакырылышы өз ишин баштаган.

Легендарлуу парламент Кыргызстандын мамлекеттик көз карандысыздыгынын саясий-укуктук негиздерин түзгөн бийлик органы катары тарыхта калды, анын тарыхый актылары белгиленди. Мунун баары парламенттин мамлекеттик институттарды жана конституциялык түзүлүштү калыптандыруудагы тарыхый миссиясы өтө жогору экендигин жана аны талашууга мүмкүн эместигин көрсөтүп турат.

Парламенттин – Жогорку Кеңештин негизги ролу эмнеде деген сөздөр колдонулушу мүмкүн: Жогорку Кеңеш – бул мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде көзөмөлдөө функциясын жүзөгө ашыруучу жалпы улуттук шайлануучу орган. Анын негизги милдети – өкүлчүлүк, мыйзам чыгаруу жана контролдоочу үч функцияны ишке ашыруу аркылуу элдин эркин коргоочусу жана өкүлү болуу.

Мыйзам чыгаруу функциясы Жогорку Кеңештин компетенциясынын негизги бөлүгү – бул мыйзамдарды түзүү укугу. Өз өкүлдөрүн тандоо менен эл өкүлчүлүктүү органдарга бийликти ыйгарып, парламент эң жөнөкөй жарандар менен башкаруучулардын кызыкчылыктарынын, жарандар менен мамлекеттик саясаттын ортосундагы, мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлик бутактарынын ортосунда кандайдыр бир ортомчу болуп калат.

Парламенттин көзөмөлдөө функциясы дүйнөнүн дээрлик бардык парламенттерине мүнөздүү, бул функция аткаруу бийлигин тартипке салат, аткаруу бийлигинин ишинин отчеттуулугун жана ачыктыгын камсыз кылат.

Ошол эле учурда Жогорку Кеңештин сот бийлиги менен өз ара аракеттенүүсү соттордун көз карандысыздыгын жана өз алдынчалыгын колдоого, соттор тарабынан укуктун үстөмдүгүн камсыз кылууга, адам укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына багытталган..

«Конституциялык соттун чечимдеринин юридикалык күчү жана аларды аткаруунун тартиби» темасындагы Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун аппарат жетекчиси М.Т. Джаманкуловдун баяндамасы

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын баштапкы редакциясында мыйзам чыгаруучу конституциялык контролдоо органынын чечимдерин аткаруунун конкреттүү механизмдери киргизген эмес жана бул чечимдерди ылайык келтире турган орган так аныкталган эмес. Буга байланыштуу мамлекеттик органдар көп учурда анын чечимдерин ишке ашыруу боюнча маселени бири-бирине жүктөп, ар кандай кокустук кырдаалдар пайда болуп, мунун баары иштин создугушуна алып келген.

2017-жылдын 22-июнунда бул кырдаалдан чыгуу үчүн өлкөнүн парламенти Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын чечимдерин аткаруунун укуктук механизмдерин түзүп, ишке киргизген. Бул жаңычылдыктарга ылайык конституциялык контролдоо органынын расмий сайты анын чечимдерин жарыялоо үчүн расмий булак болуп таанылды. Эгерде Конституциялык палатанын чечими боюнча кандайдыр бир мыйзам актысы же анын түзүмдүк элементи карама-каршы келет деп табылса, же Конституциялык палатанын чечими укуктук жөнгө салуудагы боштуктарды жана күмөндүүлүктөрдү четтетүү зарылчылыгын көрсөтсө, анда Өкмөт 4 айдан кечиктирбестен аны конституциялык контролдоо органынын сайтында жарыялоо менен тиешелүү мыйзам долбоорлорун парламентке киргизе алмак.

Мында аталган мыйзам долбоорлору парламент тарабынан кезексиз тартипте каралууга тийиш болчу. Мындай мыйзам долбоорлору парламент депутаттары тарабынан да демилгелениши мүмкүн.

Бирок, мындай мыйзам чыгаруу тартибинде да мыйзам долбоору парламентте көп жылдар бою каралып келет, бул ченемдик-укуктук актыларды конституциялык контролдоо органынын чечимине ылайык ыкчам жүргүзүүгө өбөлгө түзбөйт жана баарынан мурда укук колдонуу органдарына аларды туура колдонууга жардам бербейт.

Жогорудагы мыйзамдык түзөтүүлөрдү ишке ашырууда Өкмөттүн 2017-жылдын 18-сентябрындагы № 508 токтому менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги аткаруу бийлигинин органы болуп аныкталган, б.а. Жогорку соттун Конституциялык палатасынын чечимдери боюнча ал тиешелүү чечимди иштеп чыгууга тийиш болчу.

Жакында эле Өкмөт Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-мартындагы №153 жаңы токтомун кабыл алды, ага ылайык КР Юстиция Министрлиги Конституциялык соттун чечимдерин аткаруу боюнча мамлекеттик органдардын ишинин координатору катары иштейт.

Ошентип:

– мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу мамлекеттик органдарга жүктөлөт (соттун чечимин аткарууга жооптуу);
– мындай мыйзам долбоорлорун КР Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизүү үчүн конкреттүү мөөнөттөр белгиленген (3 ай);
– Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши мындай мыйзам долбоорлорун кезексиз тартипте карайт;
– Конституциялык соттун чечимдери анын расмий сайтында милдеттүү түрдө жарыялануу тийиш.

Конституционалисттердин айтымында, Конституциялык соттор көбүнчө «терс» мыйзам чыгаруучу катары иштейт (мыйзамдарды жокко чыгарган орган). Парламент «позитивдүү» мыйзам чыгаруучу катары иштейт (мыйзамдарды жаратуучу орган).

Конституциялык юрисдикция органынын актыларын аткаруу боюнча парламент тарабынан зарыл болгон мыйзамдык чараларды көрбөй турушу Конституцияда каралган өзүнүн негизги ыйгарым укуктарын, тактап айтканда мыйзам чыгаруу ыйгарым укуктарын аткарбагандыгына барабар.

Конституцияга каршы келет деп таанылган айрым ченемдик укуктук актыларды мыйзам базасынан алып салуу үчүн парламентте добуш берүү көбүрөөк техникалык маселе болуп саналат, ал мыйзамдарды системалаштырууга тиешелүү жана Конституциялык соттун чечимдеринин таасирин чектөөнүн шарты боло албайт.

Илимий жана башка эмгектердеги Конституциялык соттун чечимдеринин юридикалык күчү бул органдын мамлекеттик органдар системасындагы, ошондой эле сот бийлик органдарынын системасындагы өзгөчө укуктук статусу жана орду менен аныкталат. Конституциялык соттун чечимдеринин негизги касиети алардын милдеттүүлүгүндө турат, бул алардын талашсыздыгын билдирет.

Конституциялык соттун чечими менен кайсы мыйзам болбосун юридикалык күчкө ээ эмес деп табылышы мүмкүн, бирок бир дагы мыйзам Конституциялык соттун акыркы чечимин жокко чыгара албайт.

Юридикалык күчү боюнча Конституциялык соттун чечимдери Конституциянын юридикалык күчүнө теңдеш, анткени Конституциялык соттун чечимдерин мамлекеттик түзүлүштө кандай гана жогорку орунду ээлебесин, кайсы болбосун башка мамлекеттик органдын чечими менен жеңүүгө болбойт.

Ченемдик укуктук актыны же анын бир бөлүгүн конституциялык эмес деп таануу жөнүндө чечимдин юридикалык күчүн ошол эле ченемдик укуктук актыны же анын ошол эле мазмундагы бир бөлүгүн кайра кабыл алуу менен жоюуга болбойт (Кыргыз Республикасынын «Конституциялык соту жөнүндө Конституциялык Мыйзамдын 52-беренесинин 1-бөлүгү).».

2021-жылдын 30-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши сот тутумунун ишмердигине байланыштуу бир катар мыйзам долбоорлорун кабыл алган, анын ичинде «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы Жарлыгы менен бекитилген жана «Эркин Тоо» гезитинн 2021-жылдын 19-ноябрындагы № 136 санында жарыяланган.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 53-беренесине шайкеш Конституциялык соттун чечимдери жана корутундулары ченемдик укуктук актылары кароонун предмети болгон тараптарга, мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана кызмат адамдарына жөнөтүлөт жана мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын расмий басылмаларында, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун Жарчысында», Конституциялык соттун расмий сайтында, ошондой эле зарыл болгон учурда башка басылмаларда жарыяланат.

Эгерде Конституциялык соттун чечими менен ченемдик укуктук акт Конституцияга толук же жарым-жартылай карама-каршы келет деп табылса же Конституциялык соттун чечиминен укуктук жөнгө салуудагы кенемтени жоюу зарылдыгы келип чыкса, КРдин Министрлер кабинети Конституциялык соттун чечими келип чыккан күндөн тартып үч айдан кечиктирбестен КРдин Жогорку Кеңешине көрсөтүлгөн чечимден келип чыккан конституциялык мыйзамдын же мыйзамдын долбоорун киргизет.

Конституциялык соттун чечиминен келип чыккан мыйзам долбоору Жогорку Кеңештин депутаттары же мыйзам чыгаруу демилгесинин башка субъектилери тарабынан демилгелениши мүмкүн.

Мындай долбоор Жогорку Кеңеш тарабынан кезексиз тартипте каралууга жатат. Президент, Министрлер кабинети Конституциялык соттун чечими келип түшкөн күндөн тартып эки айдан кечиктирбестен жаңы ченемдик укуктук актыны кабыл алат же болбосо анын айрым бөлүгүндө Конституциялык эмес деп таанылган ченемдик укуктук актыга өзгөртүүлөрдү киргизет.

Мыйзамга ылайык ченемдик ыйгарым укуктарга ээ болгон мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Конституциялык соттун чечимин алган күндөн тартып эки айдан кечиктирбестен жаңы ченемдик укуктук актыны же конституциялык эмес деп таанылган ченемдик укуктук актыга өзүнчө бөлүгүндө өзгөртүүлөрдү киргизет.

Конституциялык контролдоо органынын чечимдерин аткаруунун алкагында төмөнкүдөй өзгөртүүлөр да каралган:

«Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө» Кыргыз Республикасынын колдонуудагы Мыйзамы:

– Конституциялык палатанын чечимдеринен келип чыккан конституциялык мыйзамдар жана мыйзамдар долбоорлору Конституциялык палатанын чечиминин маанисинен жана мазмунунан гана келип чыккан ченемдерди камтышы керек (55-берененин 15-пункту).

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы:

– Жарандардын жана юридикалык жактардын кызыкчылыктарына тикелей тиешеси болгон ченемдик укуктук актылардын долбоорлору, ошондой эле Конституциялык палатанын чечиминен келип чыккан ченемдик укуктук актылардын долбоорлорунан тышкары ишкердикти жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын долбоорлору ченем жаратуучу органдын расмий сайтына жайгаштыруу аркылуу коомдук талкууга алынууга жатат (22-берененин 1-бөлүгү)

Сот түзүлгөн учурдан тартып (2013-ж.) 2022-жылдын 26-октябрына чейин жалпысынан 124 чечим жана 1 корутунду кабыл алынган, анын ичинен:

– Ченемдик укуктук актыларды Конституцияга каршы келбейт деп таануу жөнүндө чечимдер – 76;
– талашылып жаткан ченемдик укуктук актыларды Конституцияга карама-каршы же жарым-жартылай карама-каршы келет деп таануу жөнүндө чечимдер – 48.

Соттун кароосунун предмети болгон актылар ченем жаратуучу органдар тарабынан берилген маалыматтарды талдоо көрсөткөндөй, 2022-жылдын 1-ноябрына карата 70 чечимдин ичинен, алардын мазмунунан мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылдыгы келип чыгат, Конституциялык соттун 11 чечими аткаруу стадиясында калууда.

Бирок, соттун 11 чечими боюнча:

– 10 мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосунда;
– 1 мыйзам долбоору министрликтер жана ведомстволор менен макулдашуу стадиясында турат.

2020-жылдын 31-декабрына карата 16 чечим аткарылбай турат;

2021-жылдын 31-декабрына карата 21 чечим аткарылбай турат;

2022-жылдын 1-ноябрына карата 11 чечим аткарылуу стадиясында турат.

Конституциялык соттун Регламентинин 126-пунктуна ылайык, жыйынтыктоочу актыларды аткаруунун жүрүшүнө мониторинг жүргүзүү максатында Конституциялык сот актылары кароонун предмети болгон ченем жаратуучу органдарга алардын аткарылышынын абалы жөнүндө суроо-талаптарды жиберет.

Суроо-талапка келип түшкөн маалыматтын жыйынтыгы боюнча Аппарат тарабынан Конституциялык соттун жыйынтык актыларынын аткарылышына талдоо жүргүзүлөт. Конституциялык соттун төрагасы жана Аппарат жетекчиси конституциялык мыйзамдуулуктун жүрүшүн жана Конституциялык соттун актыларын мыйзам чыгаруу органдары тарабынан аткарылышынын натыйжа-

ларын системалуу түрдө карап турушат. Конституциялык соттун актыларын аткаруу боюнча ченем жаратуучу органдар менен өз ара аракеттенүүнү анын аппараты жүзөгө ашырат.

Жарандардын ыңгайлуулугу үчүн биз «Токтом» укуктук маалымат системасы жана Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин укуктук маалыматтын борбордоштурулган банкы менен Конституциялык палатанын (азыркы Конституциялык сот) бардык чечимдерин жайгаштыруу боюнча активдүү иш алып баруудабыз.

Ченемдик укуктук актынын соттун кароосунун предмети болгон ар бир түзүмдүк элементинин астында ал конституциялык эмес деп табылганына же тааныльбаганына карабастан, соттун тиешелүү чечимдерине гипершилтемелер көрсөтүлөт. Бул жарандарга мыйзамдарды ийгиликтүү колдонууга мүмкүндүк берет..

Лариса Викторовна Гутниченко –
Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун экс-судьясы,
Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттиги жогорку мектебинин окутуучусу, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи

«УКУК ЧЕНЕМДЕРИН КОЛДОНУУДА СУДЬЯНЫН ЧЕЧМЕЛӨӨСҮНҮН (ТҮШҮНДҮРМӨ БЕРҮҮНҮН) АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ»

Баарыбызга белгилүү болгондой, укук турмушка ашырылуу үчүн, мыйзам чыгаруучу көздөгөн максаттарга жетишүү үчүн жаратылат. Бул чененмдинандай макстаы болбосо, анда ал аракетсиз ченем деген атка конот. Аракетсиз мыйзамдын барынан жогу жакшы деп рим юристтери дагы айтышкан экен.

Бүгүнкү күндө мыйзам кабыл алуу мыйзам чыгаруу ишиндеги тынымсыз процесс. Ушундан улам, укук колдонуу процессинде төмөнкүдөй кыйынчылык туудурган айрым маселелер бар: мыйзамдардын орунсуздугу, алардын айкын эместиги, алардагы көп сандаган баамдоо иретиндеги түшүнүктөр ж.б. Ушул жагдайларга бардык укук колдонуучулар, анын ичинде соттор да дуушар болот. Мындай учурда мыйзамга түшүндүрмө берүү маселеси, тактап айтканда укук ченеминин мазмунун аныктоо, мыйзам чыгаруучунун анда катылган эркин ачып берүү маселеси келип чыгат. Сот ишинде бул судьянын чечмелөөсү (мындан ары – судьянын чечемелөөсү).

Анын маңызы соттор чечимди кабыл алууда мыйзам жоболорун көпчүлүк учурда мазмуну боюнча ар кыл турмуштук кырдаалдар менен салыштырууда турат.

Бүгүн силер менен судьянын чечмелөөсү боюнча соттук инстанциялардагы көп жылдык соттук тажрыйбам жана юстиция органдарындагы тажрыйбам туурасында пикир бөлүшсөмбү дегем.

Судьянын чечмелөөсү жана соттук түшүндүрмө берүү – мааниси боюнча синоним сөздөр, анткени судьянын чечмелөөсү салттуу түшүнүккө түшүндүрмө берүүнүн эки курамын айкалыштырат – бул конкреттүү иш боюнча соттук че-

чимди кабыл алууда (өкүм чыгарууда) укук ченемин (өзү үчүн) чечмелейт жана (башкалар үчүн) түшүндүрөт.

Соттук чечимдер соттук тушүндүрмө берүү актылары болуп саналат жана алар казуалдык мүнөзгө ээ. Соттун укук ченемдерге түшүндүрмө берүүсү дайымар расмий казуалдык мүнөзгө ээ, анткени ал конкреттүү иш (жарандык, жазык ж.б.) боюнча соттук процесстин субъектилеринин реалдуу укуктарын жана милдеттерин белгилөөгө багытталган жана мамлекеттик орган болгон соттон келип чыгат.

Мисалы, сот никени бузуу боюнча үй-бүлөнү сактоого мүмкүндүк берүү же мүмкүн эместигине, ага байланыштуу жарашууга мөөнөт берүүнүн максатка ылайыктуу же ылайыктуу эместигине укуктук баа берүүгө тийиштүү талаштарды карап жатканда сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча күнүмдүк жумушунун ушул жагына көз чаптырбаса керек. Баланын кызыкчылыктары, ак ниеттүүлүк ж.б.у.с. маселелерге байланыштуу талаштар боюнча дагы ушундай жагдай. Мыйзам ушул сыяктуу маселелердин чечилишин дагы сотко ыйгарат.

